Абдинаби Кадыров



# БАТКЕН ТАРЫХЫ

**Авдинаби Кадыров**

# БАТКЕН ТАРЫХЫ

Баткен аймагынын байыркы доордон соңку жаңы мезгилдин алгачкы жылдарына чейинки жана Баткен районунун 1934-2010-жылдарындагы тарыхы

Фонддун
китепканасына
автордон белек

Ош-2014

УДК 94 (47)
ББК 63.3 (2Ки)
К 13

Баткен мамлекеттик университетинин окумуштуулар Кеңешинин 1913-жылдын 25-декабрындагы №2/4 чечими менен кошумча окуу китеби катары басууга сунушталган.

Редакторлор: Каратаев О.К., – тарых илимдеринин доктору, профессор
Тайиров М.М., – физика-математика илимдеринин доктору, профессор

Рецензенттер: Курманов З.К., – тарых илимдеринин доктору, профессор
Жоробеков Т.Ж., – тарых илимдеринин кандидаты, доцент

**Кадыров Авдинаби**

**К13** **Б А Т К Е Н  Т А Р Ы Х Ы.** Ош - 2014. – 276 б.

**ISBN 978-9967-18-011-6**

Монографияда бир канча тарыхый, илимий, архивдик жана статистикалык материалдардан алынган маалыматтарга таянуу менен Баткен аймагынын байыркы доордон соңку жаңы мезгилдин алгачкы жылдарына чейинки жана Баткен районунун 1934-2010-жылдардагы социалдык-экономикалык өнүгүүсү изилдөөгө алынган.

Эмгек чөлкөм таануу курсу боюнча кошумча окуу куралы катары ЖОЖдордун, коллеждердин студенттерине, жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларына, аспиранттарга, магистрлерге жана жалпы эле Ата мекендин тарыхына кызыккан окурмандарга арналат.

К 0503020911-14
ISBN 978-9967-18-011-6

УДК 94 (47)
ББК 63.3 (2Ки)
©Кадыров А., 2014

# Баш сөз

"Баткен тарыхы" аттуу монография – изилдөөчү тарабынан бир канча илимий-тарыхый жана статистикалык маалыматтардын негизинде терең изилдениш жаралган эмгек. Анда Баткен чөлкөмүнүн тарыхы менен кошо Ата мекендин тарыхынын да актай барактарын толуктаган материалдар берилет. Анткени аймактардын тарыхын изилдебей туруп, Ата мекендин тарыхый жүзүн элестетүүгө мүмкүн эмес.

Баткен чөлкөмү Фергана өрөөнүнүн түштүк батыш тарабында жайгашып, байыркы доорлордон тарта бул аймактагы көптөгөн олуттуу коомдук-саясий, экономикалык окуялардын күбөсү болуп келген.

Алсак б.з. I к. тоо кен өндүрүшү өнүгүп, кен казуу, темир эритүү боюнча атагы чыгып, курал жарактар, кылыч, темир, жез чет өлкөлөргө чейин экспорттолуп турган.

Баткен чөлкөмү Улуу Жибек жолунун бир бөлүгүндө жайгашып, орто кылымдарда кол өнөрчүлүк, соода күчтүү өнүккөн. Бул аймак араб, түрк, кытай, монгол, иран сыяктуу ири этностордун курамында болгон. Натыйжада мындагы этностор арасында көчмөн жана отурукташкан маданият калыптанган.

Кокон хандыгынын жана падышачылык Россиянын курамында болгон мезгилде да, ал өлкөлөрдүн саясий жана экономикалык жактан өнүгүүсүнө таасирин тийгизе алган.

Бул аймак стратегиялык жактан абдан маанилүү болгондуктан, Кеңеш доорунун алгачкы жылдарында, Ферганаңы улуттук жиктештирүү мезгилинде, эгемендүүлүк этабында бир канча саясий окуялардын күбөсү болгон. 1999-2000-жж. эл аралык экстремисттик куралчан топтордун Борбордук Азияга карай басып кирүүсү Баткен окуясы деген ат менен тарыхта калды.

Баткен чөлкөмү Өзбекстан, Тажикстан республикалары менен чектеш жайгашкан, аталган эки республиканын Сох, Шахимардан жана Варух анклавдары орун алган. Бул республикалардын ортосундагы чек ара сызыктары Кеңеш доорунан бери так аныкталбагандыктан, аймакта жер, суу ресурстарына байланышкан улуттар аралык чыр-чатактар улам кайталанып турат.

Илимий эмгекте мына ушул жагдайлар менен кошо Кеңеш доорундагы бир топ олуттуу маселелер – пландуу экономиканын ийгиликтери жана кемчиликтери, коммунисттик коомдун акыркы жылдарындагы абал, эгемендүүлүк мезгилиндеги саясий, экономикалык өзгөрүүлөр кеңири иликтөөгө алынган.

Изилдөөчү тарабынан аталган темага байланыштуу бир топ баалуу материалдар топтолгон жана алар иликтенип, анализденип, илимий айлампага биринчи мертебе киргизилген, бул тарых илими үчүн чоң салымдык болуп эсептелет.

Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов өз ата-бабасын, өз тарыхын билбегендерди манкурт деп атап, манкуртчулуктун коомдогу кесепеттерин таасын чагылдырган. Монография жаш муундарды өз Ата Мекенинин тарыхын үйрөнүүгө, аны сүйүүгө, сактай билүүгө жана коргоого тарбиялай алат. Анткени Ата Мекенинин тарыхын үйрөнүү ар бир жарандын ыйык парзы эмеспи.

**Каратаев О.К.,**

**тарых илимдеринин доктору, профессор**

## Киришүү

Кыргыз эли өз алдынча эгемендүүлүккө жана мамлекеттик көз каранды эместикке ээ болгондон бери өлкөбүздүн коомдук-саясий, чарбалык, маданий турмушунун демократиялык жана укуктук негизи калыптанып, ар бир улут өз тарыхын, маданиятын, салт-санаасын окуп үйрөнүүгө кеңири шарт түзүлдү.

Бул өрөөн аянты боюнча анча кең болбосо да, азиялык борборлордун бири катары көптөгөн кылымдардан бери араб, түрк, кытай, монгол, иран тектүү элдерди жакындаштырып, алардын чарбалык, маданий өнүгүүсүнө таасири тийген. Бул чөлкөмдөгү зороастризм, христиан жана ислам дининин эң ири күчтөрү мезгилинде бири-бири менен кээде каршылашып, кээде турмуш-тиричилик жагдайына ыңгайлашып тынчтыкта жашап келген.

Араб-парсы жана кытай булактарында чагылдырылгандай, бул аймак б.з. I миң жылдыгында кен байлыктары жана кен иштетүү боюнча атагы чыгып, Ферганадан түрк туткундары менен кошо ак кездемелер, курал жарак, кылыч, жез, темир экспорттолгон. Ферғананын темир буюмдары, айрыкча курал жарактар дүйнөнүн булуң-бурчуна ташылып тургандыгы жөнүндөгү тарыхый жазма булактар учурунда окумуштуулар тарабынан тарыхый факт катары кабылданган.

Дүйнөдөгү эң ири саясий күчтөрдүн бул өрөөнгө болгон "кызыгуусу" мурдагы кылымдарда канчалык күчтүү болсо, бүгүнкү күндө да алардын "деми сууй" элек. 1999-2000-жж. Баткен окуясынын себептери да мына ушуга барып такалат. Демек, Ферғананын бул багыттагы орду ар дайым актуалдуу бойдон калууда.

Айрыкча, СССР кулагандан кийин бул аймак этностук карама-каршылыктардан, жер-суу талаштарынан, диндик жана башка тирешүүлөрдөн улам чыр-чатактардын борборуна айланууда. Фергана өрөөнүндө пайда болгон жана болуп жаткан бир топ көйгөйлөрдүн башаты XIX к. аягы XX к. башында болуп өткөн окуяларга барып такалат.

Анткени, ал мезгилде чөлкөмдүн мындан ары этносаясий жактан өнүгүүсүн аныктай турган окуялар болуп өткөн. Орус колонизаторлорунун басып алуусунан кийин Фергана бирдиктүү саясий түзүлүш борборунан ажыраган жана Кеңеш доорунун алгачкы жылдарында эле улуттук секторлорго бөлүнүп, Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан сыяктуу айрым мамлекеттик бөлүктөргө ажырап кеткен.

1924-1927-жылдары Борбордук Азиядагы улуттук-аймактык жиктештирүү жараянында Фергана өрөөнү абдан татаал аймак болгон. Мындан сырткары алиге чейин Фергана өрөөнүндөгү улуттук-аймактык делимитация тажрыйбасы жетишээрлик деңгээлде изилдене элек. Ошол кездеги улуттук-аймактык жиктештирүү жараянында орун алган кемчиликтер андан бери бир кылымга жакын убакыт өткөндүгүнө карабастан, улам кайра курчуп, улуттар арасындагы чыр-чатактардын башаты болуп калууда. Мындай көйгөйлөрдөн биз изилдеп жаткан Баткен аймагы да куру калган эмес.

Баткен аймагынын байыркы тарыхы жана Баткен районунун 1934-2010-жж. социалдык-экономикалык өнүгүүсү азыркыга чейин комплекстүү түрдө изилденбеген бул актуалдуу тема Кыргызстандын тарыхынын конкреттүү бир бөлүгү катары илимий-практикалык мааниге ээ.

Ошондуктан, Баткен районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн комплекстүү изилдөө жана анын тарыхын, маданиятын анализдөө Баткен элинин эле эмес, бүткүл кыргыз элинин тарыхына да тиешелүү. Демек, Кыргызстандын келечек тагдыры аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүшү менен да тыгыз байланыштуу. Ал эми мамлекеттин аймактары ар тараптан өнүксө, өлкөбүз ошончолук күчтүү мамлекет катары өсүп-өнүгөрү айкын.

**Маселенин илимий изилденүү деңгээли.** Баткен аймагы Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө жана Түркстан-Алай тоо кыркаларынын этегинде жайгашкан жана бул өрөөн илгертеден бери эле саякатчылардын, тарыхчылардын ж.б. изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзүнө буруп келген. Баткен аймагы жөнүндөгү алгачкы маалыматтар атактуу дарыгер Абу Али Ибн Синанын эмгектеринде, орто кылымдардагы араб-парс булактарында: Ал Истахринин “Китаб масалик ал-мамалигинде”, Макдисинин “Худуд ал-аламында”, Захириддин Мухаммед Бабурдун “Бабурнамесинде” баяндалган.

Орус саякатчысы А.П.Федченко 1871-жылы Исфара, Варух, Кара-Булак, Сох аймактарында жайгашкан элдердин турмуш-тиричилигин, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн изилдеп, жазып калтырган[1].

---

[1] *Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан. – М., 1950.

Бул саякатчы Баткен аймагын изилдеген европалык биринчи окумуштуу болгон. Ал аймактын өсүмдүктөр жана тирүү жандыктар дүйнөсүн гана изилдебестен, бул аймактагы саясий абалды да иликтеп, мындагы стратегиялык багыттагы жолдорго, ашууларга, сууларга ж.б. объектилерге өтө кылдат байкоо жүргүзгөн.

1880-жылы А.И.Вилькинс Баткендин аймагындагы Кан-и-Гут үңкүрүндө болуп, аны изилдеп чыккан. Бул Кан-и-Гут үңкүрү жөнүндөгү биринчи изилдөө болгон. Ал эми 1896-жылы Түркстандагы археологияны сүйүүчүлөрдүн кружогунун тапшырмасы боюнча М.С.Андреев жана Н.Г.Малицкий Кан-и-Гут үңкүрүн кененирээк изилдеп чыгышкан[1].

Мына ушул мезгилден баштап, европалыктардын бул үңкүргө болгон кызыгуулары улам арта баштаган жана аны изилдөө максатында алар бүгүнкү күнгө чейин байма-бай каттап турушат.

1913-жылы Л.А.Зимин Түркстандагы археологияны сүйүүчүлөрдүн кружогунун отурумунда «Байыркы Сох жөнүндө кыскача тарыхый билдирүү» менен чыккан[2]. Ушул эле жылы В.Н.Вебердин «Түркстан крайынын кен байлыктары» деген китеби чыгып, анда Ош областынын түштүк-батыш бөлүгүндөгү байыркы кен казуулардын тизмеги жарыяланган Ошентип, революцияга чейин бир канча археологиялык эстеликтер изилденип катталган, бирок алардын бирөөсү да адис археологдор тарабынан изилденген эмес.

Фергана өрөөнүндөгү мусулмандык доорго чейинки археологиялык эстеликтерди изилдөө XX кылымдын 30-жылдарынан башталган. 1936-жылы мындай изилдөө иштери Баткен жана Исфара райондорунун аймагында Т.Г.Оболдуева тарабынан жүргүзүлгөн[3].

Ферганалын жана андагы тоолуу жерлердин археологиялык эстеликтерин изилдөө А.Н.Бернштамдын жетекчилиги астындагы экспедиция (1944-1948, 1950-1952, 1956-жж.) тарабынан жүргүзүлгөн[4].

А.Н.Бернштамдын археологиялык эстеликтерди изилдөөсү байыркы Түштүк Кыргызстан аймагында сак маданиятынын жайылтылышы жана Ферганадагы дыйканчылык маданиятынын тоолуу элдердин маданиятына тийгизген таасири күчтүү болгон деп бүтүм чыгарууга мүмкүндүк берет. Буга сак мезгилине таандык Төлөйкөн, Чакмак жана Шарт көрүстөндөрүнөн табылган, Ферганадагы

---

[1] *Андреев М.С.* Местности Туркестана интересные в археологическом отношении. "Среднеазиатский вестник", май 1896., Малицкий Н.Г. Рудник гибели (Пещера "Кан-и-Гут"), ПТКЛА, т. 11. - Ташкент, 1897.
[2] *Зимин Л.А.* Краткая историческая справка о древнем Сохе. ПТКЛА, вып. 18, - Ташкент, 1914. – С. 21-23.
[3] *Латынин Б.А., Оболдуева Т.Г.* Исфаринские курганы (к вопросу о системе хозяйства древней Ферганы). КСИИМК, 76, 1959.
[4] *Бернштам А.Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. т. 1, – Б., 1997.

дыйканчылыкка тиешелүү колдо жасалган сапал (чопо) буюмдары далил боло алат.

1952-жылы Эйлатан шаарчасындагы кайра казуулардан табылган жаңы буюмдар Ферганадагы колдо жасалып, коозделгон сапал буюмдарынан экендигин далилдеген. А.Н.Бернштамдын жетекчилигинде жүргүзүлгөн изилдөө иштери Эйлатандан табылган архаикалык сапал буюмдардын мезгилин аныктоого жана тактоого мүмкүнчүлүк берген.

А.Н.Бернштам Ферганынын Кушан жана Даван мамлекеттеринин тарыхын, маданиятын, чарбасын жана башка маселелерин изилдеген. Ал I миң жылдыктын аягында жана б.з. I кылымында Ферганадагы маданияттын гүлдөп-өнүгүшү кул ээлөөчүлүк мамилелердин өнүгүшүнүн таасиринде болгондугун аныктаган жана ал аймактагы көчмөн уруулар: усундар, кушандар жана гунндар менен өз ара байланышынын проблемаларын изилдеген.

А.Н.Бернштамдын Алай өрөөнүндөгү жана Боркорбоздогу археологиялык эстеликтерди изилдөөлөрү жана илимий корутундулары ушул маселеге кызыккан айрым окумуштуулардын б.з.ч. I кылымдагы Ферганынын тоо этектеринде жашаган байыркы малчылардын маданиятын изилдөөлөрүнө чоң салым кошкон[1].

Тянь-Шанда гунндардын эки кылымга жакын бийлик жүргүзүүсү (б.з.ч.50-жж.-б.з.130-жж.) жана алардын бийлигинин Ферганага, Ташкентке карай кеңейиши, көчмөн-түрк маданиятынын калыптанышына, Орто Азиядагы европеиддик элдердин монголоиддик мүнөздөгү расага өтүүсүн шарттаган. Бул Орто Азиядагы түрк тилдүү, айрыкча көчмөн элдердин антропологиялык жана этногенездик жактан калыптануу доору болгон. Таластагы Кеңкол көрүстөнүндөгү табылгалар Жети-Сууга гунндардын келиши менен алардын жергиликтүү элдерге аралашуусун ырастайт[2].

Таластан сырткары мындай типтеги көрүстөндөр Борбордук Тянь-Шанда, Арпада, Жумгал өрөөнүндөгү Кыз-Арт ашуусунда кездешет. Ферганадагы (Сох, Исфара, Ширин-Сай) катакомбалык типтеги маданияттын калыптануусу да мына ушуга байланыштуу[3].

Көчмөндөр Орто Азиядагы отурукташкан дыйканчылык борборлорунун айланасына мурдатан эле байыр алышкан. Коло доорунун башталышынан (б.з.ч. II миң жылдык) юечжейлерге чейин эле (б.з. II к.) алар отурукташкан дыйканчылык оазистерине коңшулаш

---

[1] *Бернштам А.Н.* Очерк истории гуннов. Л., – 1951. – С. 35-39.

[2] *Бернштам А.Н.* Кенколский могильник. – Л., 1940.

[3] *Ошонуку.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. т. 2, – Б., 1997

болуп келгендиги маалым. Алар М.Э.Воронцтин, В.И.Спришевскийдин, Чусттагы Б.А.Литвинскийдин, Варухтагы А.И.Тереножкинанын, Бургулюктагы жана Самарканддагы . М.М.Дъяконованын, Кафирнигандагы А.Н.Бернштамдын, Ферганадагы В.А.Шишкинанын, О.В.Обельченконун Бухара оазисиндеги (Кую-Мазар жана Лявандак) казууларында аныкталган[1].

Негизинен бири-бирине жакын көрүстөндөрдөгү (Өтүкчү айылы) катакомбалык казуулардан табылган сапал буюмдар Исфара өрөөнүндөгү (Ляккан тепе) сапал даярдоочу борборго тиешелүү болгон.

Көчмөндөрдүн тарыхын отурукташкан дыйканчылык элдеринин тарыхысыз же отурукташкан дыйканчылык элдердин тарыхын көчмөндөрдүн тарыхысыз изилдөө мүмкүн эмес. Ошондуктан, кыргыздардын ата-бабалары Фергана менен, казактардын ата-бабалары Сыр-Дарыя жана Хорезм менен, түркмөндөр Парфия, өзбектер Согду менен тыгыз байланышта болгондугу эске алынууга тийиш.

Ю.Д.Баруздин 1954-1959-жж. Кара-Булак көрүстөнүндөгү 135 мүрзөнү ачып изилдеп, б.з. I к. тиешелүү көчмөн элдердин маданиятына таандык уникалдык маанидеги материалдарды тапкан[2]. Мунун өзү байыркы кыргыз элинин жана Баткен аймагынын карт тарыхын толуктаган маанилүү изилдөөлөрдүн эң мыктысы болуп калды.

Ушул эле мезгилде Б.А.Литвинский Исфара өрөөнүнөн 300гө жакын мүрзөнү изилдеп чыккан[3].

1956-1958-жж. Ю.А.Заднепровскийдин жетекчилигинде Түштүк кыргыз отряды Ош областынын батыш жагындагы аймакта казуу иштерин жүргүзүшкөн. Алар 1959-1960-жж. Баткен-Лейлек аймагын изилдешкен[4] жана беш жыл ичинде (1954-1958-жж.) Кара-Дарыя, Яссы, Кара-Кулжа, Тар-Алайку дарыяларынын жээктериндеги, Өзгөн, Мырза-Аке, Кара-Кулжа, Эски-Ноокат, Баткен жана Лейлек райондорундагы археологиялык эстеликтерди аныктаган. Г.А.Брыкина тарабынан орто кылымдардагы Кара-Булак шаарчасын изилдөө улантылган [5].

Изилдөөгө б.з.ч. I миң жылдыктын аягынан – б.з. XIV-XVI кк. чейинки мезгилдеги 70 тен ашуун жайлар камтылган жана көптөгөн материалдар чогултулган. Айрым шаарчалардын пландары түзүлгөн, сүрөттөрү тартылган, мындан тышкары 80 ге жакын көрүстөндөр жана

---

[1] *Бернштам А.Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. т. 2. – Б., 1997 – 512-б.

[2] *Баруздин Ю.Д., Брыкина Г.А.* Археологические памятники Баткена и Ляйляка – Ф., 1962.

[3] *Давидович Е.А., Литвинский Б.А.* Археологический очерк Исфаринского района. – Д., 1958.

[4] *Заднепровский Ю.А.* Археологические памятники южных районов Ошской области. – Ф., 1960.

[5] *Брыкина Г.А* Юго-Западная Фергана в первой половины I тысячилетия нашей эры. – М., 1982.

коргондор аныкталган. Ош областынын түштүк бөлүгүндөгү археологиялык эстеликтердин картасы түзүлгөн[1].

Баткен аймагы жөнүндө Кокон хандыгын изилдешкен орус авторлору В.Вельяминова-Зернов «Сведения о Кокандском ханстве», А.Кун «Очерки Кокандского ханства», В.Наливкин «Краткая история Кокандского ханства», А.Л.Троицкая «Каталог архива Кокандских ханов», А.П. Хорошкин «Очерки Коканда. Отрывки из дневника в Коканде», А.Федченко «Из Коканда» деген эмгектеринде Кокон хандыгынын, анын ичинде Баткен жергесинин жашоочуларынын саясий-согуштук, социалдык-экономикалык, маданий жактан өнүгүүлөрүн, сооданын жана өнөр жайдын өнүгүшү, калктын саны, жашоо денгээли жана башка турмуш-тиричиликтери жөнүндө негизги маалыматтарды чагылдырышкан.

XVIII-XIX кк. Фергана авторлору Мухаммед Хаким хандын «Мунтахаб-ат-Таварихи», Мулла Нийаз Мухаммед Хокандинин «Тарих-и-Шахрухиси», Зиябиддин Максымдын «Фаргана хандарынын тарыхы» аттуу эмгектеринде Кокон ордосун бийлегендердин тарыхы жана ошол мезгилдерде болуп өткөн окуялар туурасында баяндалган.

Кокон тарыхын изилдешкен кыргыз тарыхчылары К.Усенбаев «Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Коканского ханства», А.Хасанов «Взаимоотношения киргизов с Коканским ханством и Россией в 50-70-е гг. XIX в.», Т.Кененсариев «Кыргызстандын Россияга каратылышы» деген эмгектеринде кыргыздар жана Кокон хандыгы жөнүндөгү далилдүү маалыматтар менен кошо падышачылык Россиянын баскынчылык, согуштук саясаты, жергиликтүү элдерге жасаган мамилеси ж.б. жөнүндөгү материалдар берилген.

Баткен аймагы Кокон хандыгынын курамында болуп, бул аймактын эли дээрлик анын башталышынан аягына чейин хандыктын саясий, башкаруу, согуштук, чарбалык жана башка ар кандай иштерине активдүү катышып турган. Бул аймакта болуп өткөн ар кандай окуялар хандыктын тарыхы менен тыгыз байланышып, ал эми айрым инсандар кээ бир тарыхый окуялардын уюштуруучусу жана жетекчиси болгон. Ошондуктан Кокон хандыгынын тарыхын Түштүк Кыргызстанда жашаган кыргыздардын тарыхысыз изилдөө, же Түштүк Кыргызстандын тарыхын Кокон хандыгынын тарыхысыз изилдөө мүмкүн эмес.

---

[1] *Заднепровский Ю.А.* Земледельческие поселения Ферганы и южной Киргизии (период позней бронзы и железо).Материалы второго совещания археологов и этнографов Средней Азии. – МЛ., 1950. – С. 150-157.

Кеңеш доорунун мезгилинде аймактардын эле эмес, майда улуттардын тарыхын изилдөөгө да маани берилген эмес. Коммунисттик идеологиянын өңүтүнөн алып караганда бул маселеге кызыккан окумуштууларга "улутчул", "панисламист", "буржуазиялык көз караштa" деп айып тагылып, алар кысымчылык, куугунтукка алынып, түрмөгө камалган. Ошондуктан, кыргыздардын Улуу Октябрь революциясына чейинки тарыхы, маданияты жокко чыгарылып, жаап-жашырылып келген. Улуу Октябрь революциясынан кийин гана көпчүлүк майда улуттардын жазуусу, маданияты пайда болуп, алар эскичиликтен кутулуп, жаңыча жашоонун советтик образында өнүгө баштаган деген коммунисттик идеология өкүм сүргөн. Албетте, муну таптакыр туура эмес деп тануугa болбойт, бирок бир жактуу деп айтууга негиз бар.

Ал эми биздин изилдөөбүздүн негизги объектиси болгон Баткен районунун тарыхы буга чейин изилденбегендиги өкүнүчтүү. Мисалга алсак, дүйнөдө калк жыш жайгашкан жана көп улуттуу райондордун бири болгон Фергана өрөөнүндөгү улуттук-аймактык жиктештирүү жараянын А.Койчиев изилдеген[1].

Окумуштуунун бул эмгегинде Ферганaнын улуттук-аймактык жиктештирүү мезгилиндеги объективдүү жана субъективдүү себептер таасын талданып, Фергана өрөөнүндө, анын ичинде Баткен аймагына тиешелүү чек аралык бөлүшүүлөр жана тактоолор, анын натыйжасында бул аймакта чет өлкөлүк анклавтардын пайда болушунун себептери, бир улуттун өкүлдөрүнүн башка мамлекеттердин курамында калышы изилденип, тарыхый фактылар менен далилденген.

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги кыйынчылыктар, оорукталы күжүрмөн эмгек, согуш фонддоруна, блокадада калган жашоочуларга жөнөтүлгөн жардамдар жөнүндө ар кандай эмгектер жарыяланган. Улуу Жеңиштин 60 жылдыгына карата 1941-1945-жылдары гитлердик баскынчыларга жана япондук милитаристтерге каршы Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон жана дайынсыз жоголуп кеткен Баткен областынын жоокерлери жөнүндө «Эскерүү китеби» жарык көрдү[2]. Бул эмгектен фронт майданында курман болгон жана дайынсыз жок болуп кеткен жоокерлердин аты-жөнүн, туулган жылын, кимдигин, кайсыл жерде жок болгондугун жана алардын жалпы санын изилдөөгө толук мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалын чагылдырган эмгектерде, чөлкөмдөрдүн абалын үстүрттөн баяндаган маалыматтар

---

[1] *Койчиев А.* Национально-территориальное размежевание в Ферганской долине (1924-1927 гг). – Б., 2001

[2] Республикалык "Эскерүү китеби" (1941-1945) Баткен облусу. – Б., 2009.

бар. Эгемендүүлүктүн шартында, мурда ар түрдүү чектөөлөр менен иштеп келген кыргызстандык окумуштуулар илимий маселелерди догматикалык бир жактуу кароодон акырындап алыстап, дүйнөлүк өнүгүүнүн алдыңкы тажрыйбаларына таянып, маселелерди чыгармачылык менен объективдүү изилдөөгө умтула баштады.

Аталган проблеманы изилдөөчүлөр жалпы эле Кыргызстанда радикалдуу жер реформасынын ишке ашырылышын, жаңы социалдык саясаттын калыптанышын, жакырчылыкты жоюу маселелерин, билим берүү жана саламаттык сактоо тармактарын реформалоо иштерин изилдөөгө багыт алышууда.

А.Асанканов, А.Алишова, А.Акунов, С.Данияров, Ж.Жунушалиев, К.Каракеев, А.Курбанова, О.Осмонов, Т.Ожукеева, Ж.Малабаев, Т.Омукеевалардын эмгектеринде Кыргызстандын айыл-кыштактарынын, анын ичинен Баткен аймагынын социалдык-экономикалык турмушун чагылдырган маалыматтар бар. Коомдук аң-сезимдин, жалпы эле руханий маданияттын абалы А.Брудный, А.Какеев жана Э.Чотбаева сыяктуу философтордун, Б.Бейшенов, К.Бектурганов, Б.Бөкөнбаев, А.Донoнбаев, К.Исаев, Т.Ташибеков сыяктуу саясат таануучулардын жана социологдордун эмгектеринде учкай каралат.

Агрардык сектордун экономикасынын чакан жана орто ишкердиктин рынок шартында өнүгүшүнүн проблемалары К.Абдималиков, К.Алиев, Т.Койчуманов, П.Купуев, Т.Койчуев, З.Кудабаев, М.Балбаков, К.Идинов, К.Бектурганов, Ж.Лайлиев, А.Орузбаев, С.Мусакожоев, О.Мусабеков ж.б. изилдөөчүлөр тарабынан экономикалык системаны модернизациялоонун жана экономикалык реформаларды жүргүзүүнүн контекстинде каралат.

Изилденип жаткан маселеге эң жакынырaак суроолор Ө.Осмоновдун архивдик, статистикалык маалыматтардын, социологиялык иликтөөлөрдүн негизинде Кыргызстандын 1966-1985-жж. айыл-чарбасынын абалын жана айылдын социалдык турмушун комплекстүү түрдө иликтеген монографиясында[1], Б.Жаманкуловдун Кыргызстандагы айыл турмушунун бардык жактарын комплекстүү өзгөртүү маселелерин камтыган эмгектеринде чагылдырылган[2].

У.Чотоновдун эмгегинде Кыргыз мамлекеттүүлүк түзүлүшүндөгү саясий системанын өзгөрүүсү, кайра жаралуу жолдору, эгемендүүлүктүн алгачкы баскычынын (1991-1995-жж) маселелери иликтенген[3].

---

[1] *Осмонов Ө.Ж.* Кыргызстандын айыл чарбасы жана айыл кыштактардын социалдык турмушу. – Б., 1994
[2] *Джаманкулов Б.* Социально-экономическое развитие села. – Ф., 1985.
[3] *Чотонов У.* Суверенный Кыргызстан: выбор исторического пути. - Б., 1995.

А.Загиров тарыхчылардан биринчи болуп архивдик материалдарды, статистикалык маалыматтарды пайдаланып XX к. 90-жж. айылдардын социалдык-экономикалык өнүгүшүн изилдеп чыккан. Эмгекте айыл чарбасынын рынок мамилесине өтүүсүнүн шарттары жеткиликтүү фактылар менен көрсөтүлгөн, билим берүүнүн абалы, айыл калкынын жашоо турмушу жана айылдагы жакырчылыкты жоюунун аракеттери изилденген[1].

А.Маматов өзүнүн диссертациясында 1992-2002-жж. Кыргызстандагы социалдык чөйрөнү модернизациялоонун негизги багыттарына, Кыргызстандагы экономикалык факторлорго, өткөөл доордогу мамлекеттин социалдык саясатынын приоритеттүү багыттарына, маданий билим берүүчүлүк чөйрөдөгү инновациялык процесстерге изилдөө жүргүзгөн[2].

Кыргызстан калкынын социалдык турмушунун маанилүү көрсөткүчү болгон калктын билимдик, кесиптик-техникалык деңгээлин изилдөөгө окумуштуу тарыхчылар салым кошууда. Өлкөбүздөгү билим берүү тармагынын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялануу проблемасына арналган кандидаттык диссертациясында алгачкылардан болуп Н.У.Курбанова илимий изилдөө жүргүзгөн[3]. К.Мусабаева 1985-2005-жж. айылдык интеллигенциянын коомдогу ордун, айыл калкынын социалдык структурасында интелигенциянын ролун, айыл чарбасы үчүн адистерди даярдоонун өсүү динамикасын, айыл интеллигенциясынын өндүрүштөгү ишкердүүлүгүн иликтеп, изилдеген[4].

Ошентип, аталган талдоолордон Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн айрым маселелерин изилдөө ишине илимий кызматкерлерибиз, тарыхчыларыбыз тарабынан олуттуу салым кошулгандыгы байкалат. Ошентсе да азыркыга чейин Баткен районунун Кеңеш доорундагы социалдык-экономикалык өнүгүшү комплекстүү илимий изилдөөнүн обьектиси катары каралбай келди.

Жогорудагы аталган жагдай Баткен районунун байыркы, орто жана жаңы кылымдардагы, Кеңеш доорундагы жана эгемендүүлүк мезгилиндеги социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн маселелерин терең иликтөө зарылдыгын шарттап турат. Басып өткөн жолду жыйынтыктап комплекстүү түрдө баалоо, кризистик абалды талдап, андан чыгуунун

---

[1] *Загиров А.* Социально-экономическое состояние села Кыргызстана в 90-е годы XX века: Дис. ...канд. ист наук. – Каракол, 2005.

[2] *Маматов А.* Основные направления модернизации социальной сферы (1992-2002 гг.) Дис. ...канд. ист наук. – Б., 2005.

[3] *Курбанова Н.У.* Интеграция Кыргызстана в мировое образовательное пространство: Автореф. Дис. ...канд. ист. наук. – Б., 2001.

[4] *Мусабаева К.* Сельская интеллигенция Кыргызстана (1985-2005 гг.): Дис. ... канд. ист. наук. – Б., 2007.

жолдорун издөө райондун мындан ары алдыга өнүгүүсү үчүн олуттуу мааниге ээ. Өткөн мезгилдин оң да, терс да тажрыйбасын талдап, ага илимий изилдөө жүргүзүү өзгөчө баалуу.

Ошондуктан, бул эмгек жалпы окурмандар арасында кызыгууну гана жаратпастан, райондун мындан аркы социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн кандайдыр бир деңгээлде өбөлгө боло алат деп ойлойбуз. Анткени, бардык жетишкендиктердин жана кемчиликтердин себептерин жана жыйынтыктарын тарых гана аныктап, өз ордуна коёт эмеспи.

Илимий иштин негизин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик борбордук архивинен алынган материалдар, алардын көчүрмөлөрү, саясий документтердин, Борбордук, Ош жана Баткен областтык мамлекеттик архивдеринен, статистикалык жыйнактардан, райондук мамлекеттик администрациянын, райондук мамлекеттик каттоо, райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн маалыматтарынан, райондун тарыхы, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсү жана башка жөнүндө мезгилдүү басма сөздө жарыяланган, интернет сайттардан, массалык маалымат каражаттарынан алынган материалдар түздү.

# I бап. БАТКЕН АЙМАГЫ БАЙЫРКЫ, ОРТО ЖАНА ЖАҢЫ КЫЛЫМДАРДА

## 1.1. Археологиялык жана тарыхый эстеликтер

Баткен аймагындагы археологиялык изилдөөлөр негизинен 1950-жылдарга туура келет. Ю.Заднепровский жетекчилик кылган Түштүк кыргыз археологиялык отряды Ош областынын батыш жагындагы аймакта казуу иштери менен кошо Баткен аймагын да изилдеген. Ошол эле мезгилде археолог Ю.Д.Баруздин Кара-Булак көрүстөнүндө изилдөө иштерин жүргүзгөн.

Ю.Заднепровский жетекчилик кылган Түштүк кыргыз археологиялык отряды Баткен-Лейлек аймагындагы түштүк тилкелердеги:

-Исфана (Ак-Суу – Кожо-Бакырган дарыяларынын аралыгы)

-Чарку – Лейлек (Кожо-Бакырган – Исфара дарыяларынын аралыгы)

-Баткен (Исфара – Сох дарыяларынын аралыгы)

-Айдаркен жана Охна (Сох – Шахимардан дарыяларынын аралыктары) аймактарын 1954-1958-жж. изилдеген.

Алар бул аймактагы Шалды-Балды, Кара-Камар, Исфана, Кара-Булак, Тогуз-Булак, Айбике, Белес-Мазар, Ак-Терек, Кара-Суу, Кара-Мойнок, Рабат, Кан-и-Гут, Гарм, Суу-Башы, Кара-Токой, Таян, Кыштут, Кан, Сымап, Айдаркен, Охна ж.б. жерлердеги дөбөлөргө, көрүстөндөргө археологиялык изилдөө жүргүзгөн.

Бул изилдөөнүн натыйжасында б.з.ч. I миң жылдыктын аягынан XIV-XVI кк. чейинки мезгилди камтыган 70 тен ашуун конуш жайлар изилденген. Мындан тышкары 80ге жакын көрүстөндөр жана жеке коргондор аныкталган.

Бул жердеги археологиялык казуулардын натыйжасында мындан бир топ жаңы табылгалар аныкталып алар бул аймактын тарыхый өнүгүү жараянын, анда жашаган калктын турмуш-тиричилигин жана маданий өнүгүүсүн аныктоого шарт түзүп, Баткен аймагынын тарыхы жаңы барактар менен толукталды.

Бул изилдөөлөрдүн натыйжасында райондун аймагындагы Ак-Дөбө, Баткен I, Баткен II, Гарм, Кан, Кан-и-Гут, Кара-Бел, Кара-Булак, Каракчы, Кара-Токой, Көк-Таш, Кыштут, Муг-Көрүстөн, Рабат, Суу-Башы, Сымап, Таян, Тегирмен-Башы, Туура-Таш көрүстөндөрүнөн баалуу табылгалар алынып, бул аймактын тарыхы изилдөөгө алынды жана жаңы материалдар менен толукталды.

**Кара-Булак көрүстөнү.** Райондун аймагындагы эң байыркы жана изилдөөдө бир топ жаңы табылгалар табылган көрүстөндөрдүн бири. Көрүстөн б.з. II-IV кылымдарга таандык. Байыркы көчмөн урууларга тиешелүү болгон бул көрүстөндү жергиликтүү эл "мыктын гөрү" деп аташат. Бул көрүстөндү археолог Ю.Д.Баруздин 1954-жылы ачкан. Ал бул аймактагы ири көрүстөндөрдөн болуп, 900 дөн ашык мүрзөдөн жана таш корумчалардан турат. Алар – казанактуу жарма жана төрт бурчтуу жөнөкөй көрлөр. Жарма көрлөргө коюлган өлүктөрдү баштарына саман же арча бүчүрлөрүнөн "жаздык" жаздап, арча табытка салып көмүшкөн. Мындай арча табытка салып көмүү ыкмасы байыркы көчмөн урууларга таандык болгон. Кара-Булак көрүстөнүндө арча табытта сакталган кыздын сөөгү азыр Борбордук тарых музейинде баалуу табылга катары сакталып турат. Канча кылым өткөндүгүнө карабастан, ал жакшы сакталган.



Бул көрүстөндөн индиялык бийчи кыздын колодон жасалган статуэткасы табылып, ал азыркы учурда Санкт-Петербургдагы Эрмитажда сейрек кездешүүчү экспонаттардын катарынан орун алган. Ошондой эле мындан табылган буюмдар: кайыштан өтө чеберчилик менен токулган баштыктар, жыгач столчолор, идиш-аяктар, ийик, тамак-аш, жаңгак, бадам, алмуруттун сөөктөрү, нан, кытайлык өндүрүштүн ар түрдүү жибек кездемелери, жүндөн өздөрү токуган кездемелер, мончоктор, адамдын колодон жасалган жасаттары, коло күзгүлөр, жебелер, шамшарлар, жаалар ж.б. Алардын баалуулары ошол кездеги археологдор, изилдөөчүлөр менен кошо Москва жана Санкт-Петербург шаарларына алынып кеткен. Ал эми алардан калгандары Бишкектеги борбордук тарых музейинде, Ош шаарындагы музейде сакталууда.

Кара-Булак көрүстөнүнөн табылган табылгалар биринчиден, бул аймакта калктын жыш отурукташкандыгын далилдесе, экинчиден, мында кол өнөрчүлүктүн өнүккөндүгүнөн кабар берет, анткени кайыштан токулган баштыктар, жүндөн токулган кездемелер, жыгач

столчолор, жебелер, шамшарлар, жаалар жыгач, темир иштетүүчүлүк менен кошо кайышты иштетүү, жүндөн кездеме токуу кол өнөрчүлүгүнүн өнүккөндүгүн далилдейт.



Улуу Жибек жолунун негизги бир бөлүгүндө жайгашкан көрүстөн, анын конструкциясы жана андан табылган буюмдар жергиликтүү калктын III-IV к. Чыгыш Түркстан, Согди, Иран, Индия менен активдүү байланышта болгондугун көрсөтөт. Ошол учурдагы эл Кытайдан келген коло күзгүлөрдү жана жибек кездемелерди сатып алышкан. Кездемелерди "көйнөк" түрүндө керектешип, өлгөндөрдүн беттерине жабышкан. Кара-Булактагы материалдардын арасынан эки токулма тибиндеги, эки сайма тибиндеги кездеме табылган.

Кездемелердин арасынан токулма тибиндеги материалдардын табылышы кол өнөрчүлүк өнүгүп, ушул аймактарда колдон кездеме токуу иши өнүккөндүгүнөн кабар берет. Ал эми кытай күзгүлөрү Варух, Кара-Жар, Ширин-Сай ж.б. көрүстөндөрдөн да табылган. Сынык күзгүнү көрүстөнгө коюу салты Төмөнкү Поволжьедеги сармат өлүк көмүү салтында кеңири кездешет деп, Кытай маданиятынын Орто Азияга тийгизген таасири жөнүндө Е.Б.Баринова илимий негизде тастыктаган[1].

Кара-Булак көрүстөнүнөн казылып алынган материалдар көчмөн элдердин маданиятынын жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн, алардын III-IV кылымдарда коңшу өлкөлөр менен тыгыз карым-катнашта болгондугун далилдейт.



Бул тарыхый далилдер ошол доордо дыйканчылык, мал чарбачылык менен кошо өнөр жайы анын ичинде кен казуу иштери өнүккөндүгүнөн кабар берип, элдер мына ушул аймактарга көчүп келип отурукташкандыгын айгинелейт.

[1] *Баринова Е.Б.* Китайское влияние материальную культуры земледельческих государств Средней Азии II в д.н.э. нач. XIII в н.э. Интернет сайт www hymanites. ru/db 44568.

Бул жөнүндө: - Фергананын түздүктөрүнөн келген элдер Кожо-Бакырган-Сай, Исфана, Баткен өрөөндөрүнө (аймак) жайланышкан[1], - деп жазат Г.А.Брыкина өз эмгегинде.

Жогорудагы тарыхый булактарда белгиленгендей бул аймактан Улуу Жибек жолунун бир каттамы өткөн, жол бойлоруна кербен сарайлар курулган. Бул аймактарда калк жыш жайгашкандыктан, кен казуу, кол өнөрчүлүк менен кошо соода иштери да өнүккөн.

**Туура-Таш көрүстөнү.** Баткен шаары менен Бужум кыштагынын ортосундагы Туура-Таш бийик эмес тоосунун айланасында 25 гектарга жакын аймакты ээлеген көрүстөндөр. Бул көрүстөн жайда 1500дөн ашык коргондуу дөбөчөлөр (көрлөр) жайгашкан. Көрлөр иретсиз, аралаш жайгашып, алардын диаметри 2 ден 18 метрге чейин, бийиктиги 15 см.ден 2 м.ге чейин. Эки жолку изилдөөдө мындагы көрлөрдөн 42 си ачылып, изилденген.

Бул мүрзөлөрдөн чопо гөзөлөр, чопо идиш-аяктар, күзгүлөр, темир бычактар, темир тоголор, темир шакектер, жаанын учтары темир жана айнектен жасалган аялдардын тагынчактары, сыргалар, мончоктор, кайрак таштар, малдын сөөктөрү табылган.

Туура-Таш көрүстөнүндөгү көрлөр баары бирдей катакомбалык же казанактуу, алардын чуңкурлары түндүктөн-түштүккө же түндүк-батыштан – түштүк-чыгышка карай жайгашкан, тереңдиги 3,5 м.ге чейин. Казанагы менен чуңкурдун ортосу таш, кирпич же гувалак менен тосулган. Мындай типте жайгашкан мүрзөлөр Бухара оазисинде, Төмөнкү Поволжьеде кездешет.

Ал эми №19-коргондон гипстен жасалган статуэтка табылган. Анын кашы, көзү, мурду жана ээги темир менен сызылып белгиленген, денесиндеги башка бөлүктөрү жок, арты жарым айлана түрүндө, башында жана бет бөлүгүндө кара боёктун сызыктары сакталган, бийиктиги 9,5, туурасы 4, калыңдыгы 3 см. Мындай миниатюралык "таш аялдын" бул мүрзөдөн табылышы катакомбалык, казанактуу көрлөрдүн арасында сейрек кездешүүчү окшоштук болуп саналат. Кеңири белгилүү миниатюралык "таш аялдын" жасаты 1903-жылы Бахмут дарыясынын боюнда В.А.Городцов тарабынан табылган б.з. II-III кк. таандык сармат эстеликтерине таандык. Мындай миниатюралык таш эстеликтер Варух, Шура-Башат көрүстөндөрүнөн, аялдардын жана эркектердин коло "жасаттары" Кара-Булактагы көрүстөндөрдөн да табылган. Изилдөөчү К.Ф Смирнов аны аял кудайларга сыйынуунун белгиси катары карайт.

---

[1] *Брыкина Г.А.* Юго-Западная Фергана в первой половины I тысячилетия нашей эры. – М., 1982. – С. 10

**Көк-Таш көрүстөнү.** Баткенден 3,5 км. аралыкта Көк-Таш тоосунун алдындагы коктуда жайгашкан. Болжол менен 300 коргончодон турат. Бул көрүстөндөгү казуулардан табылган буюмдар жана андагы өлүк көмүү салты жана мезгили Туура-Таш көрүстөнүнөн эч айырмаланбайт.

Казанактуу жарма жана төрт бурчтук жөнөкөй көрлөрдөн табылган буюмдук булактар дыйканчылык менен шугурланышкан жергиликтүү элдердин маданияты керамика буюмдарын жасоо менен айкалышкандыгын далилдейт. Фергана өрөөнүндөгү дыйканчылык менен жашаган элдердин казанактуу жарма жана төрт бурчтук көрлөрдөгү буюмдук эстеликтери – сапал буюмдарына С.Сорокин атайын изилдөө жүргүзгөн.

Жука, кызыл түстөгү керамика буюмдары дыйканчылык менен тиричилик кылган элдердин маданиятына таандык болуп, алар көрүстөндөрдөн аз санда табылып, Ферғананын кол өнөрчүлүк борборлорунан соода-сатык жолу менен келгендигин далилдейт.

Ал эми мындан калыңыраак, жабыштыруу ыкмасы менен жасалып, ылайдын курамы жана бышырылышы менен айырмаланган керамика буюмдары жергиликтүү элдерге таандык.

Бул керамика буюмдары мал баккан чет жакадагы элдердин, Ферғананын кол өнөрчүлүк борборлору менен соода жана башка мамилелер аркылуу байланышта болгондугун далилдейт.

Ал эми орто кылымдарга таандык жайлардан (Кара-Булак, Рабат, Булак-Башы) табылган кызыл керамика идиштеринен Кушан салтынын калдыктарын көрүүгө болот. Мындан изилдөөчүлөр Усрушана менен Ферғананын бүткүл изилдөө мезгилине тиешелүү материалдык маданиятынын жалпылыгын байкашкан. Бул алардын кошуналыгы эле эмес, соода жана маданий алакалары, ошондой эле бул эки аймактын бир мамлекеттин курамында – б.з. I миң жылдыктын орто ченинде Усуршана менен Фергана Батыш-Түрк каганатынын, андан кийин Саманиддер жана Караханид мамлекетинин курамында болгондугун айгинелейт[1].

Ошол эле изилдөөдө райондун аймагындагы Ак-Дөбө, Баткен I, Баткен II, Гарм, Кан, Кан-и-Гут, Кара-Бел, Кара-Булак, Каракчы, Кара-Токой, Көк-Таш, Кыштут, Муг-Көрүстөн, Рабат, Суу-Башы, Сымап, Таян, Тегирмен-Башы, Туура-Таш тургун жайларындагы археологиялык казуулардан табылган мына ушундай эле табылгалар изилденип, жогорудагы фактыларды дагы бир ирет тастыктаган.

---

[1] *Баруздин Ю.Д.* Археологические памятники Баткена и Ляйляка. – Ф., 1962. – С. 127.

Бул аймактагы 10 го жакын б.з.ч. I миң жылдыктын аягы, б.з. I к. таандык археологиялык казуулардан аралаш рассалык типтеги баш сөөктөр табылган. Антропологиялык материалдар бул мезгилде моноголоиддик расадагы калктын бул аймакка кеңири жайылгандыгын далилдеген.

Бул жердеги археологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча айрым изилдөөчүлөр I миң жылдыктын аягына чейин казанактуу жарма жана төрт бурчтук жөнөкөй көрүстөндөгү өлүк көмүүлөр болгон эмес. Булар Орто Азияга башка жактан келгендер болуу керек деген ойду айтышкан. Бул көз карашка А.Н.Бернштам да кошулуп, мындай көрүстөндөрдүн көп аймактарда кезиккендигинен Орто Азияга б.з. I кылымында гунн урууларынын келиши менен байланыштуу деп эсептеген[1]. Буга факт катары айрым көрүстөндөрдөн монголоиддик расага жакын аралаш типтеги белгилерди көрсөтүшкөн.

Бул ойду Ю.Д.Баруздин да ырастап, Кара-Булактагы көрүстөндөргө көмүлгөндөрдүн көпчүлүгү европеид расасында болгон. Ошондой эле Кара-Булак, Маша, Кызыл-Туу, Кургак, Ширин-Сайдагы беш көрүстөндө монголоиддик белгидеги аралаш типтеги өкүлдөр көмүлгөн деп белгилеген[2].

Ал эми экинчи топтогулар мындай көрүстөндөрдү сармат эстеликтерине жакындаштырып, Орто Азия, Уралдан жана ага жакын райондордон көчүп келишип, алардын материалдык маданияты жергиликтүү уруулар менен аралашып, жергиликтүү маданиятты түзүшкөн деген пикирди айтышкан[3].

Изилдөөчү С.С.Сорокин өз эмгегинде экинчи топтогулардын пикирине кошулуп, Орто Азияда жаңыдан жаралган эстелик деп атап, А.Бернштамдын гунндардын келишине байланыштуу деген пикирин четке каккан, бирок казанактуу жарма жана төрт бурчтук жөнөкөй түрүндөгү көрүстөндөрдүн келип чыгышы ачык бойдон калган.

Мындай биринчи мезгилге таандык көрүстөндөрдөгү жазуулардан кытай буюмдары (коло күзгүлөр, тыйындар, жибек) сармат маданияты таралган аймактардагы түштүктөн жана түштүк батыштан – индиялык коло статуэткалар, египеттик буюмдар кездешет. Бул Ферганадагы көчмөн уруулардын кең аймактагы маданий жана соода байланышын далилдеп, кийинки мезгилдерде мындай байланыштар токтоп калгандыгын көрсөтөт.

---

[1] *А.Н. Бернштам.* Кенькольский могильник. – ЛБ., 1940. – С. 190-193.

[2] *Баруздин Ю.Д.* Кара-Булакский могильник (Раскопки 1955 г.) ТИИ АН Кирг. ССР, вып. 3, 1957.

[3] *Обельченко О.В.* Кую-Мазарский и Лявандакские могольники-памятники древней культуры Бухарского оазиса. – Т., 1954 – С. 16.

Баткен өрөөнүндөгү көрүстөндөрдү, коргондорду жана башка эстеликтерди изилдөөнүн жыйынтыгы жергиликтүү маданияттын башка уруулар менен айкалышын далилдейт. Бул аймакка башка жактан келишкен айрым топтор жергиликтүү этникалык чөйрөгө өздөрүнүн материалдык маданиятынын айрым үлгүлөрү менен таасир этишкен. Муну менен Борбордук Азияга сармат элдеринин айрым топторунун өкүлдөрү келишкен деген ой жоруулардын бир топ чындыкка жакын экендигин баамдоого болот. Элдердин этникалык жакындыгын күбөлөндүргөн катакомбалык эстеликтер менен көрүстөндөрдөгү маданияттын жалпылыгы жана тыгыз байланышы анын далили болуп саналат.

Ош областынын түштүк райондорунун аймагындагы археологиялык эстеликтерди изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча Ю. Заднепровский Фергана өрөөнүндөгү маданияттын тарыхынын этаптарын чагылдыруу үчүн төмөнкүдөй мезгилдерге бөлүштүргөн:

-Эйлатан-шурабашат мезгили (б.з.ч V-IV кк. – б.з.ч. I к.) – Шарт, Чакмак Төлөйкөн;

-Мархамат (б.з.ч II-I кк. – б.з.ч. III к.) – Кара-Булак, Жангаил, Кайрагач;

-Касан (б.з.III – VI-VII кк.) – Кукалда[1].

Ош областынын түштүк райондорунун аймагында тургун жайлар эйлатан-шурабашат мезгилинде тоо этектериндеги аймактарда дыйканчылыктын кеңири өнүккөндүгүн далилдейт.

Дыйканчылыктын гүлдөп, өнүгүү мезгили мал чарбачылыгы менен алектенген көчмөн уруулардын казанактуу жарма жана төрт бурчтуу жөнөкөй көрүстөндөрүнүн кеңири жайылган мезгилине туш келет. Археологиялык далилдөөлөр боюнча жана Даван падышачылыгы жөнүндөгү кытай булактарындагы маалыматта бул аймакта калктын тыгыз жайгашуусунан жана чарба жүргүзүү маданияты бир деңгээлде өнүккөндүгүнөн кабар берет. Мындай гүлдөп-өсүүнүн негизги себеби: таптык, кул элөөчүлүк мамилелердин өнүгүшү деп көрсөтүлөт. Демек, бул аймакта адамзат өнүгүүсүнүн коомдук-экономикалык формациясынын негизги бир бөлүгү болгон кул ээлөөчүлүк түзүлүш өкүм сүргөн.

Кошумча материалдар байыркы Орто Азия аймагы да б.з. III-IV кылымындагы кул ээлөөчүлүк түзүлүштүн жалпы кыйроо мезгилине туш келип, бул аймакта маданияттын жана өнүгүүнүн төмөндөп

---

[1] *Заднепровский Ю.* Археологические памятники южных районов Ошской области. – Ф., 1960. – С. 169.

кеткендигин далилдейт. Бул мезгилде тургун жайлар кыскарып, кол өнөрчүлүк начарлаган.

Бул өрөөн б.з.ч. доорлордон тарта ахменийлердин, гректердин, перстердин, арабдардын, түрктөрдүн жана кытайлардын мамлекеттүүлүгүн баштарынан өткөрүшкөн, алардын динин, салтын, маданиятын кабыл алышкан (археологиялык, тарыхый эстеликтер, топонимикалык аталыштар азыркыга дейре сакталуу). Анын натыйжасында X к. чегинде мусулман дининдеги орто азиялык жалпы маданиятка ээ болуу менен саясий жана экономикалык жактан негизги борбор катары таанылган.

Жогорудагы археологиялык жана башка тарыхый эстеликтер Баткен аймагында б.з.ч. жана б.з. алгачкы кылымдарында кен казуу, темир эритүү өнүккөндүгүн, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, соода жана көчмөн маданият калыптангандыгын, бул чөлкөм саясий, экономикалык борборлордун катарында болгондугун далилдейт.


**Кан-и-Гут кени.** Баткен чөлкөмү орто кылымдарда Жейхун (Аму дарыя), Сейхун (Сыр дарыя) дарыяларынын аралыгында жайгашкан Мавереннахр өлкөсүнүн курамында болгон. Орто кылымдардагы саякатчылар бул аймакта байыркы мезгилдерден бери тоо-кен байлыктарынын өтө көп экендиги жөнүндө далай ирет жазышкан. “Баткен” деген сөз да байыркы иран-парс тилинен которгондо, “кендин шамалы”, “кендүү жер” деп чечмеленген.

Араб-парсы жана кытай булактарында чагылдырылгандай, бул аймак б.з. I к. кен байлыктары жана кен иштетүү боюнча атагы чыгып, Ферганадан түрк туткундары менен кошо ак кездемелер, курал-жарак, кылыч, жез, темир сыртка чыгарылып, Ферғананын темир буюмдары, айрыкча курал-жарактар Багдадка чейин сатылып турган.

Б.з. I к. Баткен аймагындагы атагы чыккан Кан-и-Гут кени жөнүндө алгачкы маалымат атактуу дарыгер Абу Али Ибн Синанын эмгектеринде кездешет. Анда: “Акылмандар бардык алтындарын жана асыл таштарын дүйнөнүн ар кайсы жерлерине жашырышкан, ага ээлик кылуу оңой эмес. Мисалы Мавереннахр өлкөсүндө шаар бар, тоолордун арасында жайгашкан, Исфара деп аталган. Анын аймагында Гут деген аталыштагы жай бар. Акылмандар казынасын ошол жерге жашырышкан жана ага каргышты кошо калтырышкан. Бул жөнүндө жазууга жана айтууга так сан жок[1]”.

---

[1] *Дудашвили С.* Пещера Кан-и-Гут. Интернет сайт: http:// kani- gut.narod. ru/


КАН-И-ГУТ
ГЛАВНЫЙ ВХОД
ХОЛЛ
СВЕТЛЫЙ ГРОТ
ГРОТ С РОДНИКОМ
ДНО ВТОРОЙ ПРОПАСТИ
ДНО ПЕРВОЙ ПРОПАСТИ
ПЛАН
КОНИЧЕСКИЙ ГРОТ
ЛАБИРИНТ ЛЕВОГО ХОДА
ТЕЛЕФОННЫЙ ГРОТ
МЫШИНЫЙ ГРОТ
СТОЛОВЫЙ ГРОТ
ГРОТ С ВЕРБЛЮДОМ
БОЛЬШОЙ ГРОТ
РАЗРЕЗ ПО ЛИНИИ А-Б
ПЕРВАЯ ПРОПАСТ
ВТОРАЯ ПРОПАСТЬ
Эта компиляция, составленная мною на базе различных материалов в 1980г.
В. Михайлев
03.02.2006г.

Мындан жыйырма кылым мурда бул аймакта кен казуу иши өнүгүп, мындан асыл таштар, баалуу кен байлыктары алынып тургандыгы жөнүндө айтылуу дарыгердин эскерүүсүнө караганда, бул аймакта кен казуу иши жалпыга маалым болгон.

Ал эми дагы бир популярдуу тарыхый булакта: "...археологиялык казуулар I-V к. бул жерде чарбалык жана маданий жогорулоо болуп, көптөгөн жаңы шаарлар жана кыштактар пайда болгондугун, сымап (азыркы Хайдаркан шаарында), алтын (Касансай суусунун жогорку жагында), бирюза (азыркы Баткен районундагы Самаркандек айылында) кендерин жана башка пайдалуу казылмаларды казып алуу кеңейгендигин айтууга мүмкүнчүлүк берет[1]", – деп жазылып, жогорку фактылардын төгүн эмес экендигин далилдейт.

Б.з. I-к. сымап, алтын, бирюза казылып алынып турганына караганда бул чөлкөмдө кен байлыктарын казып алуу жана иштетүү бир топ жогорку деңгээлде өнүккөн жана аны натыйжалуу пайдаланышкан.

Бул кен Баткен районундагы Самаркандек кыштагынан 18 км. түндүк-батыш тарабында Майдан-Тоо этегиндеги Шадымир коктусундагы суусуз, бадалсыз какыр адырда жайгашкан. Сыртынан караган көзгө ал үңкүр табигый жактан башка үңкүрлөрдөн эч кандай айырмачылыгы жок. Бирок нечендеген кылым сырларын өз ичине каткан бул "барса-келбес үңкүрдүн" табышмактуу сырларынын жандырмагы алиге дейре табылбай келүүдө. Бул үңкүрдүн узундугун алиге чейин эч бир изилдөөчү тактай албай, бирөөсү 30 километр дешсе, дагы бири 300 километр деп болжоп, жер астындагы кереметтүү көрүнүштөрдү, бир нече кызыл түстүү көлдөрдү жана табигый карстык үңкүрдүн кубулуштары менен кошо адамзаттын колу менен жаралган укмуштар жөнүндө жазышкан.

Канчалаган казына издөөчүлөр бул үңкүргө байлык издеп келишип, түбөлүк ушул жерде калышкан болсо, дагы канчалаган пенделерди зордоп, алып келип иштетишкен. Аларды кайра чыгарышпай өмүрүнүн акыр аягына чейин иштетишкендиктен жана мындан качып чыгууга да ачык жол болбогондуктан, ал кен "өлүм кени" (Кан-и-Гут) деп аталган. Адамдар мурдатан эле бул эң сырдуу, эң легендарлуу кенден күмүш, сурьма, цинк, коргошун казып алып турушкан. Жер астындагы жумуштун оордугу жана ар кандай уулуу заттардын таасири да мындагы жумушчулардын өмүрүн мезгилинен мурда кыскартып турган. Алардын сөөктөрүн да жер астындагы кен казылып алынган кудук-чуңкурларга көмүп салышкан.

---

[1] Биздин Кыргызстан: популярдуу тарыхый энциклопедия. – Б., 2004. – 56-б.

Байыркы жана орто кылымдардан бери айтылуу бейишке тете Фергана өрөөнүнүн жер бетиндеги эле байлыктары эмес, демек жер астындагы баалуу кен байлыктары да канчалаган пенделердин көзүн сызартып кызыктырган.

Нечен кылымдардан бери бул кен, байлыкка сугун арткан канчалаган падышаларды согуштуруп, канчалаган пенделердин канына завын болгон болсо, акыркы жүз жылдан ашык мезгилден бери дагы эчендеген изилдөөчүлөрдүн башын маң кылып, "өлүм кени" же "барса-келбес" деген атка конуп, нечендеген пенделер байлык издеп, ошол байлыкка кошулуп, сөөктөрү түбөлүк ошол жерде калган бул табышмактуу үңкүрдүн чечилбес сыры эмнеде?

Бул үңкүр-кенге кирүүчү негизги жол кадимки эле үңкүрдүн ичинен башталат жана сыртынан караганда жана ички түзүлүштөрү да башка табигый үңкүрлөрдөн эч айырмаланбайт.

Байыркы казуулар, карстык катмар жана үңкөр бири-бири менен тыгыз байланышып, алар бири-бирине жабышып калгандыктан, биринчиси кай жерден аяктап, экинчиси кай жерден башталарын ажыратуу кыйын.

Бир жагынан табигый үңкүрдөн мындай баалуу кендин казылышы таң калууну жаратса, экинчи жагынан кол менен жүргүзүлгөн казуу иштери ага шайкеш келип, экөөнү айырмалоо көптөгөн изилдөөчүлөрдүн башын катырган. Ошондуктан изилдөөчү В.Цибанов: "Бул жөнөкөй эле карстык үңкүр эмес, кен менен үңкүрдүн гибриди[1]", – деп атаган.

Бул үңкүрдүн мурдагы жергиликтүү аталышы Заук-Кур деп аталып, кийинки Кан-и-Гут (Өлүм кени) деп аталышы Кокон ханы Кудаяр менен байланышкан. 1850-жылы үңкүргө бир канча жумушчу менен кокондук корбашы келип, үңкүрдүн оозундагы ага түшүнүксүз тилдеги жазууну көргөн. Кийин үңкүрдүн оозу талкаланып, жазуу жок болгон.

Мына ушул мезгилдерде Кан-и-Гут үңкүрүндөгү "укмуштуу" байлыктар, эл арасында аңызга, легендага айланган.

Доорону жүрүп турган кезде Кудаяр хан күнөөлүүлөрдүн жазасын ушул кенде өтөөгө, айрым оор жазага туш болгондорду өмүр бою иштетүүгө, хандыктагы айрым өзүнө жакпаган кызматкерлерин мына ушул кендеги "укмуштуу байлыктарды" алып келүүгө мажбурлаган. Хандыктагы кызматкерлер казына байлыктарынан же казына жөнүндө жаңы билдирүүлөрдү алып келе алышпаса, аларды өлүмгө буйруган же кайрадан жер астындагы казынаны таап келүүгө жөнөтүшкөн.

---

[1] *Цибанов В.* Вспоминания Кан-и-Гут Интернет сайт: http:// kani-gut.narod. ru

Ошондуктан алар өлүмдөн аман калуу үчүн казынадагы укмуштуу байлыктарды легендага айландырышып айтып келишкен. Уктап жаткан алмаз көздүү төө, жапжашыл өсүмдүктөр, кызыл суу көлү, күмүш кирпичтерден тургузулган дубалдар, коркунучтуу дөөлөр ж.б. жөнүндөгү аңыздар мына ушул жагдайлардан айтылып, ал Мавереннахрдагы укмуштуу казынаны табууга көпчүлүктүн кызыгуусун арттырган.

1976-жана 1984-жылы изилдөчү В.Плоских бул үңкүрдү изилдеп: "Калдыктардын арасынан төрт бурчтук формасындагы ройдж ("жүрүүчү" монета) деген жазуусу бар 23 даана ферганалык монетанын табылышы XVIII кылымдын аягында XIX кылымдын башында кокондуктардын кен казууну улантышкандыгын далилдейт," – деп бул фактыны ырастаган[1].

Бул ажайып үңкүрдүн ички түзүлүшүн билүүгө жана анын сырларын ачууга, адамзаттын акыл дараметы жетпей тургандай өңдөнгөн табышмактарына изилдөөчүлөр Н.Малицкий, М.Андреев, Г.Максимов, А.Соседко, С.Дудашвили, В.Цибанов жана башкалар кызыгышкан.

1881-жылы Кан-и-Гутка биринчи жолу изилдөөчү А.И.Вилькинс келип, анын жогорку катмарын карап чыккан. 1896-жылы археологияны сүйүүчүлөрдүн Түркстан кружогунун тапшыруусу боюнча "Өлүм кенине" изилдөөчүлөр Н.Г.Малицкий менен М.С.Андреев келишет. Аларда болгону бир аркан, бир канча шам, кол чырак, күрөк жана теше болгон. Жергиликтүү малчылардын жол баштоосу менен алар биринчи жолу үңкүрдүн ичине киришкен. Үңкүрдүн ичинде тез эле адашып кетүү, кайра чыгуунун кыйындыгы, коркунучтуулугу жөнүндө изилдөөчүлөргө жергиликтүү малчылар айтышкан. Үңкүрдө казына катылгандыгын, аны сыйкырдуу күч коргоп тургандыгын, ага түшкөн беш адам өлүп, алардын сөөктөрү алиге дейре ал жакта жаткандыгы жөнүндө да билдиришкен.

Бул изилдөөчүлөр Кан-и-Гуттун жер астындагы системасынын кире бериш "айванынан" ары өтө алышкан эмес жана ал кезде жер астындагы кыйма-чийме лабиринттердин канчага созуларын да эч ким боолгой албаган. Алар миң жылдан ашык мезгил бою иштеп турган бул кенде күнүнө бир метрден казылганда деле, жер астындагы "жол" 300 км.ден кем болбосо керек деп болжошкон.

1920-жылы бул үңкүргө жергиликтүү басмачылардын тобу жашынышкан. Мына ушуга байланыштуу Түркстан Республикасынын

---

[1] *Плоских В.М.* Пояснительная записка к паспорту памятнике всесоюзного значения "Рудник Кан-и-Гут" Интернет сайт: http:// kani-gut.narod.ru/

өкмөтү Р.И.Бокиянын демилгеси боюнча комплекстүү Кан-и-Гут экспедициясын уюштуруу долбоорун бекиткен.

Долбоордун негизинде Кан-и-Гутка геологдордун биринчи экспедициясы жөнөтүлгөн. Анын курамына метерология, зоология (анын ичинде энтомология), ботаника, геология жана археология боюнча адистер кирген. Инженер И.Беловдун 20 күндүк ишинин натыйжасында үңкүрдүн башкы кирүү жолунун жана негизги аянттарынын жайгашуу планы тартылган. Үңкүрдөгү биринчи чуңкурдун тереңдиги 43 метр, анын узундугу 49 метр экендиги аныкталган. Андан да таң калыштуусу экинчи чуңкурдун чыгыш жагындагы жол өтө татаал, көп фигуралуу коридорлор, үңкүрдүн ичиндеги үңкүрлөр аркылуу жүрүп отуруп, негизги үңкүрдөн түштүк-батышка карай 600 метрден кийин сыртка алып чыгары аныкталган. Башкача айтканда үңкүрдүн сыртка чыгуу жолу ачылган. И.Белов тарабынан түшүрүлгөн бул план үңкүрдүн жер астындагы системалык жайгашуусун так чагылдырган жалгыз план болуп саналат. Пландагы сансыз өткөөлдөр, "залдар жана эңкейиштердеги" аталыштар курч окуялуу чыгарманы эске салат: "Кызыл суу бассейни", "Скелеттер залы", "Таң калуу көпүрөсү", "Экинчи туңгуюктун түбү", "Төө үңкүрү", "Ажыдаардын жолу[1]"...

И.Беловдун бул изилдөөсү биринчи жолку изилдөө болгондугуна карабастан, ал үңкүр-кенди изилдөөлөрдүн тарыхындагы абдан маанилүүсү болгон. Анткени, үңкүрдүн жер астындагы систематикалык жайгашуусу абдан так түшүрүлгөн, ал тарабынан аталган аталыштар, кийинкилер тарабынан толук кабылданган жана бүгүнкү күнгө чейин алар маанисин жоготпостон, кайра күн өткөн сайын анын табышмактуу сырынын кайра жаңы-жаңы барактары ачылууда.

Бул изилдөөдө инженер И.Бездека тарабынан кен казуу иштеринде пайдалануучу жыгач пааналар табылган жана кен казуучу төрт кырдуу аспаптын кен боорлорундагы издери аныкталган. Демек, мындагы кен казуу жумуштары негизинен кол күчү менен аткарылган.

Кан-и-Гутту Е.Алексеева Орто Азияга экспедиция даярдаган учурда изилдеген. Үңкүр-кен жөнүндө "Россия геология коомунун Түркстан филиалынын кабарларында" статья жарыяланган. Анда: "Мен үңкүрдүн схематикалык планынын көчүрмөсүн көрүп, канчалаган ой-пикирлердин алдында ал эч нерсеге турбастыгын сездим. Жер алдындагы залдардын, баш айлантуучу жолдордун лабиринти планда да, тик жүрүштөрдү чагылдырууда да өтө окшош. Схемадагы белгилер каракчылык

---

[1] *Максимов Г.М.* Кан-и-Гут-Миф и реальность. Интернет сайт: http:// kani-gut narod ru/

романтикага негизделип, төмөнкүдөй аталган: №1-скелет, №2-скелет, Ажыдаардын лабиринти, Таң калуу көпүрөсү, Кызыл суу бассейни, Төө үңкүрү, Биринчи тунгуюктун түбү, Экинчи тунгуюктун түбү, ж.б" – деп жазылган[1].

Бул аталыштар өзү эле мында адамзаттын нечен кылымдардагы оор тагдырларынын издери жаткандыгын кабарлайт. Ал фразалар изилдөөчүнү таң калтырган жана бул аталыштар жалпы изилдөөчүлөргө таандык катары кабылданган.

Өткөн жүз жылдыктын 20-жылдарындагы бул изилдөө сырдуу үңкүрдүн тарыхында жаңы барактарды ачкан. Ошол изилдөөдө М.Масон жана Б.Литвинский сыяктуу көрүнүктүү археологдор Борбордук Азиянын тарыхында кен байлыктарын казуунун көлөмү жана мезгили боюнча Кан-и-Гутка тең келе турган теңдеш жок деп аныкташкан.

Дагы бир изилдөөчү Г.Максимов: "Кан-и-Гут чындыгында уникалдуу сполеообьект, ал мурдагы СССРдин аймагындагы мындай объектилердин жападан-жалгызы десек болот. Ага жакын болгон Төө-Моюн өрөөнүндөгү Ферсмандын үңкүрү Кан-и-Гуттан бардык параметрлери: көлөмү, тарыхы, мезгили, породасынын курамынын ар түрдүүлүгү д.у.с. боюнча бир топ артта"[2], – деп белгилеген.

Демек, бул ири үңкүр-кен жападан-жалгыз болуп, мурдагы СССРдин аймагында мындай ири кен казуунун болбогондугун айгинелесе, экинчиден, бул аймак кен казуу боюнча башкалардан бир топ мурда өнүккөндүгүн маалымдайт



Кан-и-Гуттун башкы үңкүрү

---

[1] *Дудашвили С.* Пешера Кан-и-Гут. . Интернет сайт: http:// kani- gut.narod. ru

[2] *Максимов Г.М.* Кан-и-Гут-Миф и реальность. Интернет сайт: http:// kani-gut.narod. ru/

1972-жылы уюшулган биринчи спелеологиялык экспедиция бул сырдуу үңкүрдүн сырын ачууда белгилүү кадам жасаган. Тилекке каршы, убакыттын тардыгынан спелеологдор үңкүрдүн топографиялык жайгашуусун так түшүрө алышкан эмес. Алар үңкүрдүн жолдору 30 км.ден ашык деп эсептешкен. Чоң залдар жана түпсүз чуңкурлар табигый, алар карстык жараян менен байланыштуу деген божомолду ырасташкан. Үңкүрдө кезеги менен ар түрдүү жараяндар "аракеттенген". Биринчи гидротермокарстык катмар пайда болуп, толук же жарым-жартылай ар түрдүү курамдагы кен минералдары менен толукталган, андан кийин суук карстык суу катмарлары пайда болгон. Андан кийин ал жерге адамзат барып, байыркы үңкүрдү кенден тазалап, алгачкы формасын калыптандырган, андан кийин ал жерлерди кайрадан кен таштандылары менен толтурушкан.

Борбордук Азиядагы кен казуу иштерин адистер таш дооруна таандык деп эсептешет. Биздин ата-бабаларыбыз ар түрдүү, баалуу металлдарды казып алууда жеңил жана кынтыксыз ыкманы колдонушуп, аны жогорку чеберчиликте өркүндөтүшкөн. Алардын бул ыкмалары бүгүнкү изилдөөчүлөрдү таң калтырат. Изилдөөчүлөрдүн бир тобу кен казуу иштеринде балка, чукулдуктарды пайдаланышкан деп аныкташса, экинчилери, бул гипотеза абдан туура, логикалуу, бирок адамдын колу чыканагына чейин батпай турган тар өткөөлдөрдү кантип казышкан, ошондуктан бул гипотеза дагы да изилденүүгө тийиш дешет.

Дагы бир таң калыштуу жагдай, алгачкы кен казуучулар кандай усулдарды колдонушкандыгы белгисиз. Анткени орто кылымдарга чейин тоо кен иштери боюнча бир да окуу китеби же колдонмо болгон эмес.

Мында кен казуу иштери VI к.дан XI к. башталышына чейин үзгүлтүксүз жүргүзүлүп, андан коргошун жана темир казылып алынып турган, ал жөнүндө тарыхый булактарда так чагылдырылган.

Мына ушул фактылар эле бул кенде 500 жыл бою үзгүлтүксүз коргошун жана темир казылып алынып тургандыгын далилдейт, бул аймакта беш кылым бою темир казылып алынгандыктан, аны иштетүүдө бир топ деңгээлде тажрыйба топтолгон, андан буюм-тайымдар, курал-жарактар жасалган. алар чет өлкөлөргө чейин сатылып турган.

Бул жөнүндө 930-933-жылдары жазылган Ал-Истахрининин "Китаб масалик ал-мамалик" аттуу эмгегинде: "Мерсмен аймагында жакшы темир буюмдар жасалат. Темирди Ферганадан казып алышат. Мерсменде базар күн болот, тегеректеги аймактардын эли бүт ушул

жерге чогулат, бул айына бир жолу болот[1]", – деп белгиленген. Мында, бул сөз бир гана Кан-и-Гутка гана таандык деп да айтууга болбойт, анткени Ферғананын башка аймактарында да темир кендери көп болуп, алардын негизгилеринин бири Кан-и-Гут болгон.

Демек, айына бир жолу болуучу базарда темир буюмдары соодаланып, ал жерден башка өлкөлөргө, айрыкча курал-жарактар Багдадка чейин ташылып тургандыгына караганда алар жогорку чеберчиликте жасалгаланган, анын натыйжасында бул аймакта кол өнөрчүлүк жана соода өнүккөн. Демек, бул аймак орто кылымдардагы өнүккөн аймактардын катарында жана Улуу жибек жолунун бир бөлүгүндө болгон деп бүтүм чыгарууга болот.

Кыргыз ССРинин тиешелүү уюмдарынын Кан-и-Гуттагы геологиялык изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы боюнча: "Үңкүр бир нече ярустуу системада жер астындагы өткөөлдөрдө жайгашып, болжолу 30 га жакын камерадан турат. Алардын эң ирисинин өлчөмү 68 Х 29 м. жалпы системанын көлөмү 100 000 куб. м. Көпчүлүк өткөөлдөр али урандылардан тазаланбагандыктан, бул цифралар али толук аныктала элек. Үңкүргө кирүүчү үч жол аныкталды, төртүнчүсү да болуу керек, биринчи жана экинчи кирүүнүн аралыгы 1 километрге жакын[2]".

Мындай ири өлчөмдөгү камералар жана залдар табигыйбы же колдо жасалганбы деген суроолорго изилдөөчүлөр али так жооп табыша элек.

Алар изилдөөчү Н.Маллицкийдин Кан-и-Гуттагы ири "залдар" жана бир катар "түпсүз туңгуюктар" табигый түрдө жана алардын пайда болушу карстык түзүлүш менен байланыштуу деген пикирине кошулушкан.

Башка изилдөөчүлөр да көпчүлүк өткөөлдөр кийинки кен казуучулардын таштандылары жана урандылар менен толуп калгандыктан, алардын өлчөмүн так аныктоо кыйын экендигин ырасташкан.

"Башкы үңкүр алыстан көрүнүп турат, биз кирүүнүн тогуз жолун таптык, анын ичинен үчөө жасалма жана бирөөсү табигый кудук", – деп белгилеген изилдөөчү В.Цибанов. Кийинки изилдөөчүлөр тарабынын бул кирүү жолдорунун табылышы чоң ачылыш болгон, бирок буга чейинки изилдөөчүлөр табигый кудукту ага кирүүчү жол деп күмөн да санашкан эмес.

В.Цибанов: "Жер астындагы боштукту далилдеген суук шамал чуңкурдун оозунан чыгып турат. Үңкүрдөгү жүрүүнүн жалпы узундугу (чыгуу жолун кошбогондо) бир маалымат боюнча 20 км.ге жакын,

---
[1] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары. – Б., 2002. – 43-б
[2] *Массон М.Е.* Рудник Погибели. Интернет сайт: http:// kani-gut.narod. ru

башка маалыматта 80 км. тереңдиги төмөнкү үңкүрдөн 150 метр, түбүндө суу бар[1]".

Жер астындагы шахтанын өткөөл жолдору көп ярустуу болуп, горизонталдык жана вертикалдык багыттарда кеткендиктен, анын баарына эле изилдөөчөлар бара алышкан эмес, ал эми тик ылдый кеткен чуңкурлардын айрымдарына таш ыргытуу менен гана чектелишип, анын астында суу бар экендигин аныкташкан. Мына ушундай ар бир изилдөөчүнүн үңкүрдөгү ички жүрүүлөрдүн узундугу жөнүндөгү маалыматтары ар түрдүү. Дагы бир белгилей кетүүчү жагдай, бир да изилдөөдө үңкүрдү толугу менен кыдырып чыгышып, анын жайгашуу планын жалпылап түшүрө алышпаганында. Анын негизги себеби: баарын толук кыдырып чыгууга үлгүрүшпөгөн, экинчиден, баш айлантма лабиринттерди толук анализдөөгө мүмкүнчүлүктүн жоктугу, үчүнчүдөн, жер астында көп мезгил боло албастык болгон.

Көпчүлүк изилдөөчүлөр: "Кайсы жолду тандабагын, аны менен төмөн карай жүрсөң, же кайсы лабиринт аркылуу жүрүп олтурсаң да, ал акырында "Төө үңкүрүнө" алып барат[2]", – деп белгилешкен. Изилдөөчүлөрдүн белгилөөсү боюнча бул үңкүрдө төө сыяктуу бийиктиги беш метр же андан да бийигирээк дөбө бар. Уктап жаткан алмаз көздүү төө жөнүндөгү орто кылымдардагы легенда мына ушул жерге таандык. Бул кең жана татаал конфигурациялуу зал, муну биринчи көргөн ар кандай адам бул залдын ушул даңктуу айбанатка таандык экендигин жазбай билет. Бул залга канча жол келип, канча жол кетерин тактоого мүмкүн эмес, анын себеби: биринчиден, көптүгү болсо, экинчиден, көп ярустуулугу жана баш айлантмалыгы болгон.

Үңкүрдүн географиялык жайгашуусу жөнүндө изилдөөчү А.Ф.Соседко: "Үңкүргө карай негизги жол чоң дализден башталат, анын узундугу 21 м. туурасы 10 м. Дализден чоң залга өтөт, андан оңго жана солго карай бир нече туңгуюк жолдор бар. Жол залдан ары карай анча чоң эмес камераларга алып барат. Залдан жол таап чыгуу үчүн арткы дубал аркылуу 4 м. көтөрүлүү керек. Анча чоң эмес үңкүрлөрдүн боору менен 14 м. жүргөндөн кийин бийиктиги 12 м. болгон шыбында "терезеси" бар Жарык үңкүргө келебиз[3]".

Кууш жолдордон кийин булак суусу бар бийик үңкүр башталат, туюк жолдордун биринде таза суулуу булак бар. Булактуу үңкүргө

---

[1] *Цибанов В.* Вспоминания Кан-и-Гут. Интернет сайт: http:// kani-gut.narod. ru

[2] *Максимов Г.М.* Кан-и-Гут. Миф и реальность. Интернет сайт: http:// kani-gut.narod. ru/

[3] *Соседко А.Ф.* Кон-и-Гут. Интернет сайт: http:// kani-gut.narod. ru/

чейин багытты түштүк-батышка карай 250 градуска буруу керек, булактуу үңкүр түндүк-батышка карай 350 градус багытта турат. Бул үңкүрдүн түндүк жагынан жел согуп туруучу тешик аркылуу чыгып, начар эңкейиш аркылуу биринчи туңгуюктун үстүндөгү асканын балконуна барабыз. Мындан биринчи туңгуюктун түбүнө 40 м. ашык терендикке түшүү керек. Бул эңкейиш татаал, аркан тепкич айланып тургандыктан, жарык кылууга мүмкүнчүлүк жок, ошондуктан, кол чыракты жамбашка тоскоол болбогондой кылып байлоо керек, мында учураган карниздерден эпчилдик жана чыдамкайлык менен өтүү зарыл.

Биринчи туңгуюктун бийиктиги 43, узундугу 49, туурасы 19м. Туңгуюктун түбү тегиз эмес, чоң таштар жана майда таштандылар менен толуп калган. Мындан эгерде чыгышка карай жаракага туура жүрсөң кууш, өтө баш айлантма, бир канча туюк жолдорго кабыласың.

Бул баяндан улам кендин географиялык жайгашуусун, кендин канчалык деңгээлде иштетелгиндигин жана кенди изилдөө үчүн жолдун татаалдыгы өзү эле бир топ машакат экендигин сезүүгө болот. Бир туңгуюктун өзү эле ушунча машакат болгондугун эске алганда, мындай туңгуюктар, залдар, үңкүрлөр, өткөөлдөрдүн дагы канчалаганы турат.

Кан-и-Гутту геологиялык экспедиция да бир нече жолу изилдеп чыккан. 1933-жылы геолог А.Соседко үңкүрдө жана анын айланасында жаңы табылгаларды тапкан. Башкы үңкүрдөн түштүккө карай кеткен Занкур-Сайдан орто кылымдарга таандык кенчилердин тургун жайы жана VIII-XI к. башталышына таандык керамика буюмдарынын калдыктарын аныктаган. Мындай табылгалар ушул эле сайдын 300-400 м. түштүк карама-каршы жагында учураган. Бул жерлерден руданын калдыктары, башкы үңкүрдөн 40 м. аралыкта темир эритүүчү меш табылган.

Ал табылгалар бул аймакта кенчилердин тургун жайы болгондугун аныктоо менен, кол өнөрчүлүк да өнүккөндүгүн далилдейт. Бирок, дагы бир таң калыштуу нерсе темир эритүүчү мештери кандай болгон, бул мештерде руданы канчалык жогорку температурада, кандай ыкма менен эритишкен, ага эмнени колдонушканы али белгисиз бойдон калууда.

Мынчалык ири кенде мындай ири масштабдуу кен казуу иштеринин жүрүшү, албетте, көп жумушчу күчүн талап кылган. Андан тышкары кен аймагына жакын жерде темирлерди эритүүгө, алардан буюмдарды жасоого да көп жумушчу күчү керектелген. Биздин оюбузча, тарыхый маалыматтар боюнча караганда байыркы кылымдарда кен казуу иштерине жалаң гана кулдарды пайдалангандыгын эске алсак, бул кенди казуунун башталышы кул ээлөөчүлүк коомго таандык болуу керек.

Анткени, Ал-Истахринин "Китаб масалик ал-мамалик" аттуу эмгегинде: "Кулдарга келе турган болсок, алар тегеректеги түрктөрдөн келет, алар ушунчалык көп болгондуктан, Мавераннахрдын жашоочуларынын керектөөсүнөн ашып түшөт. Аларды (кулдарды) ар кайсы өлкөлөргө алып кетишет. Чыгышта аларга тең келе турган кулдар жок[1]",-- деп белгиленген.

Мындан Мавераннахр өлкөсүндөгү кул базарлары байыркы Греция мамлекетиндеги "жандуу базарлар" сыяктуу болгон деп салыштырууга болот, анткени байыркы кул ээлөөчүлүк доордогу Греция, Рим мамлекеттери кулдардын күчү менен өнүгүп, алдыңкы маданиятка, илим-билимге жетишип, ал жетишкендиктер андан дүйнөнүн башка өлкөлөрүнө тарабады беле. Демек, Мавераннахр өлкөсү да ошол мезгилде илим-билими, маданияты өнүккөн, дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттери менен соода байланышын түзгөн мамлекеттердин катарында болгон.

Изилдөөчү К.Парменов Кан-и-Гуттан 13 км. батыш тарапта жана Мадыген кыштагынан 3 км. батышта Ырыс-Сайдын 250-300 м. аягында рудаларды ири өлчөмдө эритүүчү жайды тапкан. Руда эритүүчү мештердин чуңкурлары, рудалардын шлактары жана калдыктары ээлеген аянт эки гектарга жакын болгон.

Демек, бул кенден казылган ири өлчөмдөгү рудалар ушул эле аймактарда эритилип турган деген тыянак чыгарууга болот, бирок бул бүтүм атайын уюмдар тарабынан иликтенип, толук жыйынтык чыга элек. Ал эми бул рудалар канчалык өлчөмдө, кантип эритилген; кантип иштетилген жана кайда жөнөтүлүп турган деген суроолор али ачык бойдон калууда.

Кан-и-Гутта кен казуу иштери СССРдин мезгилинде 1947-48-жж. кайрадан жандандырылган. Ал үч горизontто заманбап усулдар менен казылып алынып, рудасы Казакстандын Чимкент шаарына ташылып иштетилген. Мына ушул мезгилде Кан-и-Гут кени жарым металлдарды экономикалык жактан эң ыңгайлуу өндүрүүчү объект катары бааланып, андагы бир тонна рудадан 0,3 төн 15 кг.га чейин күмүш алынган[2].

Шадымир коктусу тез эле жанданып, ал жер кенчилердин шаарчасына айлана баштаган. Ал шаарча Кулан шаар тибиндеги кеңеши деген макамга ээ болуп, анда 300 гө жакын үй-бүлө катталган. Электр энергиясы жеткирилип, мектеп, бала бакча, клуб, медпункт, соода түйүнү, ашкана, жумушчулар үчүн кызматтык үйлөр курулган. 1953-

---

[1] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы. - Б., 2002. – 28-б.
[2] *Максимов Г.М.* Кан-и-Гут-Миф и реальность. Интернет сайт: http:// kani-gut.narod. ru/

жылдын 1-январына карата бул кенде жалпы 524 жумушчу: 360 өндүрүштөгү, 58 инженердик-техникалык, 16 орто звенодогулар иштеген. Цифралар көрсөтүп тургандай, бул кен ошол мезгилдеги ири өнөр жай ишканаларынан болгон. 1955-жылы мартта шаар тибиндеги кеңештин 5-чакырылышындагы шайлоодо жергиликтүү кеңешке 15 депутат шайланган. Ал депутаттардын курамында 5 түпкүлүктүү калктын, 7 славян улутунун, 3 башка улуттардын өкүлдөрү болгон.

Баткен районунун жетекчилиги Кан-и-Гут кенинин иштей баштaшы жана Чоң-Гарадагы нефть чалгындоо жумуштарынын жүрүшү менен биздин район өнөр жайлуу районго айлана баштады деп белгилеген.

Бирок, жер астындагы суунун деңгээлинин чукул көтөрүлүп кетишинин натыйжасында 1955-жылдары иш токтоп калган. Канчалык аракет кылышкан менен жер астындагы суунун деңгээлин төмөндөтө алышкан эмес.

Байыркы доорлордо миң жылдап иштетишкен бул кенди өнүккөн коммунисттик коомдун, өнүккөн технологиянын заманында он жылга да жеткирип иштете алышбагандыгы, биринчиден, таң калтырса, экинчиден, алар руданы гана ташып кетишип, аны Казакстанда иштетишкен. Ал эми, биздин оюбузча, чалгындоо иштеринин начардыгынан жер астындагы суунун деңгээли көтөрүлүп кеткен, же аны токтотуу, же жаңы шахталарды ачуу жагы да колдон келген эмес. Болбосо жогоруда белгиленгендей, экономикалык жактан эң ыңгайлуу объектиден күмүш жана башка баалуу байлыктарды казып алуу иши токтотулбаса керек эле...

Кан-и-Гут үңкүрүнүн ички аймагында рудалык бөлүкчөлөр жана рудалык линзалар кездешет, ал рудалар сулфиддик руда жана кычкыл руда болуп эки типке бөлүнөт. Бул эки руда өтмө формасында бири-бири менен байланышып турат. Сулфиддик руда өз ичине: марказит, галенит, сфалерит, вурпит, тетраэдрит, пирит, күмүштүк сульфоантимонитин, доломит, кальцит, кварц, баритти камтыйт. Минералдардын бөлүнүү катарлары боюнча: карбонат-пирит-сфалерит-тетраэдрит-галенит-марказит-кальцит. Сулфиддик руданын кычкылдануусунун негизинде күрөң темир рудасы пайда болгон. Бул руда Кан-и-Гутта экинчилик руда болуп саналат. Анын минералдык курамы: гематит, пиролюзит, лимонит, манганит, полианит, гидрогематит, псиломелан, күмүш, молибденит, коргошун жана темирдин күкүмдөрү. Минералдардан гипс, карбонат, кварц, темир жана марганецтин кычкылы кездешет.

Руданын кычкылдануусунун өзгөчөлүгү ал үңкүрдүн горизонтунун эң терең катмарында, б.а. күндүзгү катмардан да 100 м. төмөн кездешкендигин белгилешкен.

Кан-и-Гуттун рудасынын химиялык анализи төмөнкүдөй жыйынтык берет: (% менен)

**Таблица № 1**[1]

| Аталышы | Элемент | Сульфиддик руда | Кычкыл руда |
|---|---|---|---|
| Марганец | Mn | 2,82 | 40,74 |
| Темир | Fe | 22,63 | 24,56 |
| Коргошун | Pb | 4,75; 6,7 | 4,18 |
| Цинк | Zn | 1,11 | 1,20 |
| Күмүш | Ag | 0,008;0,015 | ? салмагы 50 г. алынды |
| Алтын | Au | табылган жок | табылган жок |
| Фосфор | P | " | изи бар |
| Магний | Mg | " | - |
| Мышяк | As | сапаттык өлчөмдө бар | бар |
| Сурма | Sb | 0,28 | - |
| Жез | Cu | - | табылган жок |
| Күкүрт | S | 0,05 | - |
| Калай | Sn | - | изи бар |
| Спектрографиялык, калайдан башка, молибден табылды. | | | |

1914-ж. А.А.Черновдун жетекчилигиндеги экспедиция үңкүрдөгү шамалдын жүрүп турусунан анда нымдуулук бар деп айтууга мүмкүн эместигин белгилеген.

Кеңеш доорунда бул үңкүргө жылына жок дегенде бир жолу спелеотуристтер жана геологдор келип турушкан. Акыркы кездерде 2009-жылы мартта Москвадан 6, алар менен кошо Бишкектен 3 изилдөөчү келип кеткендигин эсепке албаганда, алардын келүүсү акыркы жылдарда бир топ басаңдап калган.

Кан-и-Гутта болгон ар бир адамга гиганттык үңкүрлөр, тарыхтын мөөрлөрү, минералдык кубулуштар баары эсти тандыра турган таасир калтырат.

[1] *Соседко А.Ф.* Кон-и-Гут. Интернет сайт: http://kani-gut.narod.ru/

Ага барган ар бир адам төмөнкүлөрдү эске алууга тийиш:

– үңкүрдөгү негизги коркунуч уулуу чаң, ошондуктан респираторсуз кирүү коркунучтуу;

– үңкүргө баруучу ыңгайлуу мезгил – кыш, себеби: бул мезгилде уулуу курт-кумурскалар болбойт, (мында жарганаттар көп, алардын үч түрү бар, алар кышында да чээнге киришпейт), сыртта канчалык суук болгон менен үңкүрдө температура 10-15 градустан төмөн болбойт;

– ичүүчү суу алып түшкөн оң, сыртта суу жок, башкы кирүүчү үңкүр менен №3 кудуктун ортосунда (жер астында) ичүүгө жарактуу көлмө бар, бирок үңкүрдөгү минералдык заттардын (сурьма, мышьяк ж.б.) уусу көлгө таасир этиши мүмкүн;

– айрым өткөөлдөр урандылар менен толуп калгандыктан, шыптын астынан өтүүгө туура келет, анда өтө этияттанбаса урандылар көчүп кетиши мүмкүн;

– айрым кудуктардын чети байкалбагандыктан, ага жакын баруу коркунучтуу;

– жыгач жана темир тепкичтерден өткөндө кошумча камсыздандыруу керек;

– экинчи жана үчүнчү горизонттун ортосундагы кудуктардын арасынан спелеологикалык жабдыктардын жардамы менен гана өтүү керек;

– бул аймак сейсмикалык жактан активдүү, бирок үңкүр дайыма бекем абалда, изилдөөчүлөр үңкүрдө уктап жатышканда, бул райондо 3-4 баллдык жер титирөө болгондугун сезишкен эмес;

– базаны нөлдүк горизонттогу өткөөлгө жайгаштырган оң болот, ал жогору карай №9 чыгуу жолу менен "Төө үңкүрүнө" алып барат. Бул жер коркунучсуз, бирок жергиликтүүлөр бул үңкүргө таптакыр киришпейт, анда "шайтан бар" дешет.

Жергиликтүү кыргыздар XVIII к. мындан руда алышып, коргошундан ок жасап турушкандыгы жөнүндө маалымат бар, бирок изилдөөчүлөр азыркы жергиликтүүлөрдөн сурамжылоо жүргүзүшкөндө алар бул кен жөнүндө дээрлик эчтеме айта алышкан эмес.

Үңкүрдү изилдөөчүлөр 4 этапта:

1.1914-1920-жж. Пайдалуу табылгаларды табуу максатында;

2.1920-1942-жж. Үңкүрдүн ички геологиялык, топографиялык абалын, казына издөөчүлөрдүн сөөктөрүнүн калдыктарын аныктоо;

3.1942-1955-жж. Согуштук максатка пайдалануу үчүн;

4.1955-2009-жж. Спелеологдор тарыхый үңкүр-кен катары изилдешкен.

Биринчи этапта изилдөөчүлөр баяндоо менен гана чектелишкен болсо, экинчи этабында анын ички геологиялык жана топографиялык абалы анализденип, казына издөөчүлөрдүн сөөктөрүнүн калдыктары аныкталган. Үчүнчү этапта согуштук максатка пайдалануу үчүн изилденип, анын натыйжасында 1949-1952-жж. кен казуу иши кайрадан жандандырылган. Ал кайрадан токтоп калгандан кийин гана төртүнчү этапта адистер тарабынан изилдене баштаган. Бирок бул мезгилдерде бир нече жолу изилденгенине карабастан, толук изилденбеген жана анын сырларын бир да изилдөөчү толук чечмелей албаган.

Кан-и-Гут табигый жана адамзаттын колу менен жасалган өзгөчө табигый-тарыхый феномен экендигине карабастан, алиге чейин өтө аз изилденген объект. Мындагы ар бир жаңы изилдөөлөр анын айланасындагы табышмактуу сырлардын, алардын жандырмагын чечпестен, кайра жаңы-жаңы суроолорду жаратууда.

В.Галактионов жетектеген топтун Батыш Тянь-Шанга жасаган экспедициясы тууралу отчетунда: "Кан-и-Гут үңкүрү абдан татаал, кээ бир жерлери өтө коркунучтуу. Ошого карабастан, ал өтө кызыктуу. Мындан ары аны изилдөөнү улантуу зарыл[1]",– деп белгилеген.

Болжол менен Кан-и-Гут үңкүрү биздин station эранын башталышында эле баалуу кен казуу иштери башталып, ал дээрлик 500 жыл бою үзгүлтүксүз иштеп турган. Андан кийинки кездерде да (кокондуктардын мезгилинде, СССРдин тушунда) кен казуу иштери улантылган. Анын натыйжасында темирди эритүү жана иштетүү, кол өнөрчүлүк, соода алакалары бир топ өнүгүп, ал аймактын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этип, калк жыш отурукташып, бир топ айыл-кыштактар пайда болгон.

Кан-и-Гут аймагында кен казуу ишинин, темир иштетүүнүн өнүгүшүнүн натыйжасында Ферганanын кадыр-баркы бир топ жогору болгон. Мына ошондуктан бул аймактагы жер бетиндеги байлыктар эле эмес, жер алдындагы байлыктар да көптөгөн "тышкы күчтөрдүн" кызыгуусун улам арттырып турган.

Жыйынтыктап айтканда бул объектти комплекстүү изилдөө, ага толук курамдагы (геология, метерология, археология, биология, тарых ж.б.) адистерди катыштыруу, анын негизинде бул кенди жандандыруу боюнча мамлекеттик деңгээлде маселе көтөрүү жана бул табигый-тарыхый комплексти эл аралык туризмдин базасына айландыруу бүгүнкү күндүн негизги милдети деп эсептейбиз.

---

[1] Отчет об экспедиции в Западный Тянь-Шань группы под руководством В.Галактионова. Москва –1965.

Интернет сайт: http // kani-gut.narod. ru/

Кан-и-Гут кени менен мезгилдеш Баткен районундагы дагы бир кенчилердин тургун жайы – **Рабат.** Изилдөөчүлөрдүн маалыматы боюнча ал биздин замандын I кылымына таандык кен казуучулардын тургун жайы болгон. Ал Рабат кыштагынын түштүк тарабында үч дөбөдөн турат. Үстүнкү катмарында калыңдыгы 1 метрдей шлак жатат. Тургун жайдан металл жана руда эритилүүчү меш, ошондой эле металл куур жана карапалар табылган[1].

Бул дата ошол мезгилде Кан-и-Гут кени менен бир мезгилде болгондугунан кабар берип, мында темир эритүү иши кеңири жүргүзүлгөндүгүн айгинелейт. Бул аймакта ташталган шлактар, чала эритилген руданын калдыктары, куурлардын, карапалардын сыныктары ага толук далил боло алат. Бирок, бул жердеги чала эритилген руданын калдыктарынан бул аймакта мындай руданын жоктугу таң калтырат, бул аймакта руда казылып алынган бир да шахта же анын калдыктары кездешпейт. Эгерде руданы башка жактан ташып келген болуу керек деген жоромолго таянсак, анда ал руданы ташып келүүнүн кандай зарылдыгы болгон деген суроо да жаралбай койбойт. Археологдор тарабынан өткөн кылымдын 50-жылдарында аталган үч дөбөнүн бирөөсү изилденип, мында б.з. I кылымдарында кен казуу иши болгондугун аныкташкан. Демек, Рабаттагы кен иштетүү Кан-и-Гут кени менен бир мезгилдерде болгон.

Мындай байыркы доордогу кен казуу жумуштары Дара капчыгайында, Лейлек, Сох аймактарында болгондугун андагы археологиялык изилдөөлөр аныктаган жана орто кылымдардагы тарыхый булактарда да чагылдырылган. Андагы кен казуу жумуштарынын калдыктары азыркы кезге чейин сакталып калган.


Демек, Кан-и-Гут кени биздин эранын башталышындагы кен казуу жана иштетүү боюнча жалгыз эле ишкана болбостон, аны менен кошо бул аймакта кен казуучу бир канча ишканалар болуп, тоо-кен өндүрүшү жогорку деңгээлде өнүккөн деп бүтүм чыгарууга болот.

**Кан чеби.** Кан чеби – райондун аймагындагы тоолуу, кууш капчыгайда, дарыяны бойлой кеткен жол боюндагы дөңсөө жерди атайын тегиздеп, бул чептен капчыгайдын дээрлик башынан аягына чейин жана Кожо-Ашкан тарапты да толук көзөмөлдөп турууга ыңгайлашкан жерге, сууну бир топ ылдыйдан кол менен ташып, бир канча жумушчу күчү менен салынгандыгы бир көргөн көзгө дайын болуп турат. Ал жөнүндө тарыхый маалыматтарда: "Кокон хандыгынын чеби. XVIII кылымдын аягы, XIX кылымдын орто ченинде кытайдын чек арасына жакын бийик дөңсөөгө тургузулган. Сакталып калган

[1] КСЭ. 3-т. – Ф., 1978. – 303-б.

дубалдарынын бийиктиги 2-2,7 метрге, (алгачкы бийиктиги 3,2 м.) туурасы 1 метрге жетет. Бажыкана анын айланасындагы көчмөн калктан зекет чогултуучу жер катары кызмат кылган. Анда Кокон хандыгына каршы кыргыздардын көтөрүлүштөрүн басуу үчүн гарнизон турган. Кыргызстан Россияга кошулгандан кийин бул чеп пайдаланылбай калган[1]",– деп кыскача гана жазылган. Бул учкай гана берилген маалыматтан тышкары бул чеп жөнүндө башка далилдүү маалыматтар жокко эсе. Бир да окумуштуу же атайын адис бул чепти атайын изилдөөгө алган эмес.

Чептин негизгиси – жогорку бөлүгү 4,9 гектар аянтты ээлейт. Ал эми экинчи коргон 1 гектар аянтты тегерете курчаган. Эки коргон тең пакса менен урулуп, бурчтарында, көрүнөө жерлеринде цилиндр формасындагы имараттар – кароолканалар, кызмат бөлмөлөрү курулган. Эки коргондун бири-бирине өтмө жолу да курчоо аркылуу туташкан. Дубалдын 1-1,5 метр бийиктигинде мылтык учу эркин баткандай көзөнөктөр жайгашкан.



Элдин айтымында бул чеп Кокон хандыгынын акыркы бийлөөчүлөрүнүн бири Кудаяр ханга таандык деп айтылат, бирок жергиликтүү тургундар Кудаяр хандын бул чепти курууга келбегендигин, аны анын бир аялы курдурган имиш деген гана айтым

[1] *Урстанбеков Б. Чороев Т.* Кыргыз тарыхы: Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф., 1990. – 72-б.

бар экендигин айтышат. Кандай болгон учурда да бул чептин атайын коргонуу үчүн курулгандыгын ал курулуштун өзгөчөлүгү жана жайгашкан орду толук далилдеп турат. Ошондой эле бул тоо арасындагы албууттанган дарыяны бойлой кеткен жалгыз аяк жол – бир топ татаал жана кооптуу болгондугуна карабастан, Фергана өрөөнүнүн түштүк-чыгыш тарабын жана Баткен, Сох аймактарын Бухаранын байыркы «чыгыш» провинциясы болгон Каратегин менен байланыштыруучу, андан ары Афганистан, Иран, Пакистан, Индия тарапка алып баруучу жападан жалгыз гана жол болгон.

Бул жол байыркы доорлордон тарта эле стратегиялык жактан абдан маанилүү болгон. Анткени 1494-жылы Захириддин Мухаммед Бабур Мухаммед Шейбани хандан жеңилип, куугунтукталып келе жатканда, Кыштут аймагында бир кыш кыштап, ашуунун ачылышын күтүп, жайында ашуу ачылгандан кийин мына ушул жол аркылуу Гератка өтүп кеткен. Эгерде мындан башка жол болгондо Захириддин Мухаммед Бабур өзү жазгандай жарым жылдан ашуун убакыт кыйынчылыктарга дуушар болбостон кетип калмак болчу.

Мына ушул аймакка 1871-жылы жайында келген орус окумуштуусу жана саякатчы А.П.Федченко да кызыккан. Ал өзүнүн эмгегинде Сох дарыясынын куймаларын түшүрүп: Бул аймактагы чоң ашуулар – Дөгмөн, Ормузан, Акташ, Даван, Каракыя, Зардалы, Икенжи, Көксыяз, Топхана, Ноожайлак, Ак-Терек деп атап, Сохтон мына ушул багыт менен Каратегинге кетүүчү жол татаал болгондугуна карабастан, эң кыска[1]",– деп көрсөткөн.

Ошентип, бул чептин Кудаяр ханга таандык же таандык эмес экендигин ырастаган далилдер бир да тарыхый булактарда чагылдырылбаган. Акыркы кезде жарык көргөн Зиябидин Максымдын "Фергана хандарынын тарыхы" аттуу эмгегинде да Кудаяр хандын дээрлик бүткүл ишмердүүлүгү камтылгандыгына карабастан, бул чеп жөнүндө бир да билдирүү жок.

Экинчиден, Кудаяр хан бийлик тактысында олтурган мезгилде, Баткен аймагына мындай чепти куруунун зарылдыгы болгон эмес, анткени Баткен аймагы Кокон хандыгы түптөлгөн мезгилдерде анын курамына алгачкылардан болуп кирген. Ал эми Кокон хандыгы өз ээликтерин Түндүк Кыргызстанга карай 1820-1830-жж. кеңейтип, Талас, Чүй, Ысык-Көл, Нарын аймактарын өз ээлигине караткан учурда, ал жерлерге өз чептерин курган болчу.

Үчүнчүдөн, Кудаяр хандын Кокон хандыгын башкаруу мезгили аймактарды кеңейтүү эмес, ички карама-каршылыктар, Бухара эмирлиги


---

[1] *Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан – М., 1950. – С. 301.

жана орус аскерлери менен салгылашуу жана өз бийлигин кандай жол менен болсо да сактап калуу болгон. Ошондуктан, анын хандык мезгилинде мындай чептерди курууга чолосу да тийбеген жана зарылдыгы да болгон эмес.

Төртүнчүдөн, жогорудагы тарыхый булакта Кытайдын чек арасына жакын бийик дөңсөөгө тургузулган деп бир аз туура эмес жазылган, анткени мындан Кытайдын чек арасы бир топ алыс жана бул жол Кытайга эмес, жогоруда биз белгилегендей Афганистан, Иран, Пакистан андан ары Индияга бара турган жол болгон. Ошондой эле бул чепти айланасындагы көчмөн калктан зекет чогултуучу жер катары кызмат кылган деп белгиленгени да бир аз чындыкка туура келбейт. Зекет чогултуучу жер катары мындай чептин бул аймакка зарылдыгы деле болгон эмес, анткени 1850-жж. бул аймакта элдер сейрек жайланышкан жана бул чеп зекет жыйноого ыңгайлашкан эместиги ачык-айкын болуп турат.

Кандай болгон учурда да Фергана өрөөнүнүн түштүк-чыгыш тарабынан Каратегин, андан ары Афганистан, Иран, Пакистан, Индияга чейин баруучу маанилүү, жападан жалгыз гана жол болгондуктан, бул чептин коргонуу жана көзөмөлдөө максатында курулгандыгын эч ким



танбайт. Аны кийинки учурда Зардалы кыштагынын алдынан табылган Туп-Хананын (курал-жарак кампасынын) болушу да бул аймакта коргонуу бекетинин болгондугун дагы бир ирет ырастайт. Демек, мына ушул ашуунун ары жагынан душмандардын кол салуу коркунучу бар болгондуктан, ушул чепти куруу зарылдыгы келип чыккан болуу керек.

Тарыхый окуялар улам кайталанып тургандай, бул ашуу аркылуу душмандардын кол салуусу 1999-2000-жж. Баткен окуясында дагы бир ирет далилденди. 1999-2000-жж. "сакалдуу согушчандар" дал мына ушул ашуу аркылуу Зардалы кыштагына келип жайгашышып, мына ушул чепке күзөтчүлөрүн коюшуп, аны күзөт бекети катары да

пайдаланышкан. Ошондуктан, бул чептин стратегиялык мааниси азыркы учурда да абдан актуалдуу.

Бул чептин кайсы заманда, ким тарабынан тургузулгандыгын далилдөөчү булактар жок болгондуктан, ал жөнүндө толук бүтүм чыгаруу али эрте.

Ал эми Кыргызстандын түштүк аймагында мындай чептер Ош облусунун Алай аймагындагы Эркечтам чеби. Ал 1885-жылы курулуп, Чыгыш Түркстандан Ферганага кеткен жолдо Кызылсуу дарыясынын боюна жайгашып, кербендерди текшерүүчү бажыкана кызматын аткарган жана анда чек арачылар да турган. Ошондой эле Дароот-Коргон чеби, 1821-жылы Кокон хандыгынын доорунда курулуп, ал Алай аймагында хандык бийликтин аскердик-акимдик таяныч түйүнү болгон.

Ал эми мындай чептерди куруу байыркы доорлордон тарта белгилүү болгон. Атап айтсак, Александр Македонскийдин аскерлери б.з.ч. 327-ж. Ферғананын батыш чегине чейин басып келишкен учурда Сыр-Дарыянын боюна Эсхата Александрия (Четки Александрия) чебин курушат. Азыркы Кожент шаарынын аймагындагы Александр Македонскийдин мындан 24 кылым мурда курган чебинин айрым бөлүктөрү азыркыга чейин жакшы сакталган жана ал жерлерге тарыхый музейлер, маданий жайлар уюштурулуп, бүгүнкү күндө туристтердин кызыккан жайына айланган.

Чеп жайгашкан Дара капчыгайы бир кездерде гүлдөп, өсүп-өнүгүү доорун өткөргөн: бул аймакта кен казуу иштери өнүгүп, ал мезгилдерде мында элдер жыш жайгашкан, аймактагы Кан-и-Гут, Рабат кендериндеги кен казуу жумуштары менен бир мезгилдерде, тагыраак айтканда б.з. 1 к. таандык болуу керек. Анткени бул капчыгайдагы (Кан, Сары-Талаа айылдары, Алтын-Жылга кени, Сымап кени, ж.б.) эски шахталардын калдыктары кен казуу иштеринин өнүккөндүгүнөн кабар берет. Мисалы: Кан кыштагынын түштүк тарабында шлактын калдыктары сакталган. СССР Илимдер Академиясынын Археологиялык технологиялар лабораториясынын анализи боюнча мындан темир эритилип алынгандыгы такталып, анын шлактарында дагы эле темирдин калдыктарынын көп экендиги аныкталган[1]. Кан айылынын аталышы да, өзү айтып тургандай ушул кен байлыктарына байланыштуу экендигин эч ким танбайт. Ошондой эле бул капчыгайдын баш жагынан сымап казып алынып тургандыгын андагы аталыштар, сымап кенинин шахталары, калдыктары жана кийинки изилдөөлөр толук далилдеген.

---

[1] *Заднепровский Ю.* Археологические памятники южных районов Ошской области – Ф., 1960 – С. 159.

Демек, Баткен аймагы менен кошо Дара капчыгайында да темирди казып алуу жана иштетүү доорунун өнүккөн мезгили болгондугу тарыхый чындык.

Экинчиден, бул капчыгайдагы байыркы иран-парс тилиндеги топонимикалык аталыштар: Дара, Дашти-Калан, Зардалы, Кан, Кистут, Обгол, Палал, Роут ж.б. сакталып калган. Бул аталыштар Фергананын түндүк тарабы түрктүк, түштүк тарабы ирандык-ферганалык болуп бөлүнгөн VII кылымдарда ушул өрөөндүн гүлдөп-өсүү дооруна туш болгон, себеби, ошол доорлордо мамлекеттик иш кагаздары жана жазуу жумуштары иран-парс жана түрк тилдеринде жүргүзүлүп турган.

Дара капчыгайындагы жогорудагы аталыштар биринчиден, калктуу конуштардын байыркылыгын далилдесе, экинчиден, алардын ошол кездеги коомдогу ордун аныктаган, анткени ошол кездеги мамлекеттик эреже боюнча бул аймактагы дээрлик бардык айыл-кыштактарга иран-парс аталыштары берилип, ал топонимикалык аталыштар ушул кезге чейин толук сакталып келген. Мына ушунун өзү эле бул аймактын орто кылымдардан берки коомдогу ордунун канчалык маанилүү экендигин толук тастыктап турат.

Бул аймактын коомдогу ордунун бир топ маанилүү болгондугуна байланыштуу, аны чет душмандардан коргонуу багытында курулган Кан чебинин тарыхын толук изилдөө жана анын алкагында катылып жаткан бир канча тарыхый сырларды чечмелеп, аны келечек муундарга калтыруучу мезгил да анчалык алыс эмес чыгар.

Азыркы учурда чептин ички аянтына Кан кыштагында жашаган калктын демилгеси менен атайын арык казылып, суу келтирилип, мөмө-жемиш бактары тигилген. Бул чептин келечекте туристтердин кызыктуу жайына айланарына жана анын кылымдарды карыткан тарыхый сырларынын ачылышына шек жок.

**Рабат – кербен сарайы.** Рабат – чек араларда, соода жолдорунда курулуп, эс алып баш калкалоочу жай, кербен сарай катарында кызмат кылуучу жай[1].

Жайгашкан орду да, аталышы да далилдеп тургандай бул имарат орто кылымдардагы Улуу Жибек жолунун боюндагы кербен сарай болгондугу талашсыз. Анткени бул аймактагы чексиз талаада кербендер, жолоочулар үчүн баш калкалап, эс алуучу жай зарыл болгон.

Муну В.А.Радкевич "Великий шелковый путь" деген эмгегинде минтип далилдейт: Дарыялар жээгинде, кудук, булактары бар аймактарда кербен сарайлар (чакан калаалар) курулган. Бул жерде кербендер, жолоочулар алыс жолдон чаалыкканда, эс алууга токтоп, төө

[1] *Исаев Д.* Жер-суу аттарынын сыры. – Ф., 1977. – 76-б.

унааларын эс алдырып, суу идиштерин толуктоого жана талаа каракчыларынан коргонууга мүмкүн эле[1].

Орто кылымдарда чыгышты (Кытайдан баштап) батыш менен байланыштырган эл аралык Улуу Жибек жолунун бир кичине бөлүгү Фергана өрөөнүндөгү ушул аймак аркылуу өткөндүгү талашсыз. Ал жол Кытай – Ош – Андижан – Маргалан – Исфара – Рават – Лейлек – Исфана – Ак-Суу – Оро-Төбө аркылуу Самарканд, андан ары Бухарага өтүп кеткен.

Төмөнкү аймактагы жол Исфара – Канибадам – Кожент аркылуу, андан ары уланып кеткен болсо, жогорку аймактагы жол жогоруда көрсөтүлгөн каттам боюнча өткөн. Анткени жайдын асык аптабында, Кожент менен Канибадамдын чөлдүү талаасында жүрүү бир топ кыйын болгондуктан, кербендер ушул жол менен катташкан.

Бул имарат жалан бышкан кирпичтен курулуп, чоң зал жана үч-төрт бөлмөдөн турган. Үстү да купол формасында кирпич менен жабылган. Бул имарат ыйык жер катары жергиликтүү элдер тарабынан Улуу Ата мекендик согуш жылдарына чейин кол тийбестен жакшы сакталган. Согуш жылдарында Самаркандек айылында пахта кургатуучу жайдын астына төшөйбүз дешип, райондук аткаруу комитетинин ошол кездеги жетекчилери Баткен аймагындагы мындай жападан-жалгыз архитектуралык эстеликти буздуртуп, кирпичтерин ташып кетишкен. Ал имараттын кирпичтери абдан сапаттуу жана өзгөчө болгондуктан, анын калдыктары азыркы кезге чейин бузулбай сакталган. “Орто кылымдардагы Улуу Жибек жолунан кабар берген бул имараттын сүрөтү Ленинградда бар, мен аны калыбына келтирем”... – деп айткан экен маркум академик Ю.Заднепровский бир кезде. Ал эми жергиликтүү элдер азыркыга чейин бул имараттын калдыктарына да тийишпей, ыйык жер катары аздектешет.

Биз жогоруда Рабат – б.з. 1-кылымында кен казуучулардын тургун жайы болгондугун белгиледик. Демек бул аймак да ошол мезгилдерде кен иштетүү доору менен өнүккөн мамлекеттердин курамында болгон деп божомолдоого болот.

Анткени, Рабат өрөөнүнүн талаалары тегизделип, пал-пал кылынып, Кара-Мойноктогу 12-15 км. аралыктан кырлар аркылуу казылган арыктан суу келтирилип, ал Рабаттагы булакка кошулуп, андан күнгөй, Коросон, Каракчы өрөөндөрүнө чейин жеткирилген. Ал арыктардын көпчүлүк бөлүктөрү алиге дейре өз нугунда сакталууда. Алар айрым үй ордундай жерди да тегиздешип, кээ бир кыр боорлорундагы жерлерге да

---

[1] *Радкевич В.А.* Великий шелковый путь. – М., 1990. – С. 74.

эгин айдашкан. Демек, ошол мезгилде мында калк жыш жайгашып, дыйканчылык кеңири өнүгүп, айдоо жерлер өздөштүрүлгөн.

Ал жөнүндө эл оозунда: "Мында мык деген эл жашап, алар алакандай жерди да калтырбастан, тегиздеп, эгин айдап турушкан, айрым кыр боорлорундагы жерлерди иштетишкен. Алардын миң кош ала өгүзү болгон экен, эли бир күн да иштебей тура алган эмес, алар иштебей калган күндөрү колдору шишип кегчү экен", – деген сөз калган. Алардан калган мүрзөлөрдү жергиликтүүлөр алиге дейре "Мыктын гөрү" дешип, алардын сөөктөрүнүн көпчүлүгү арча табытка салынып көмүлгөн деп айтышат. Мындай көрүстөндөр Баткен аймагында жана Фергана өрөөнүнүн көп жерлеринде кездешет.

Кийин мындагы кыштак ошол орто кылымдардагы кербен сарайдын аталышы менен аталып калган.

Ошентип, Баткен районунун аймагындагы археологиялык жана тарыхый эстеликтер бул аймактын бир канча доорлорду башынан өткөргөндүгүн далилдеп турат.

## 1.2. Баткен аймагы байыркы жана орто кылымдарда

Баткен аймагынын тарыхы тарыхый булактардагы жана башка маалыматтарга караганда байыркы доорлордон башталат. Маселен, Кыргызстандын аймагынан табылган эң жөнөкөй таш куралдары б.з.ч. 800-500 миң жылдыктарга таандык. Алар Борбордук Теңир-Тоодо Он-Арча суусунун жээгинен, Ысык-Көлдө Балыкчы шаарына жакын жерден, Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасындагы Кожо-Бакырган-Сайдан табылган.

Кожо-Бакырган-Сай суусунун жээгинен табылган алгачкы адамдардын таштан жасалган эмгек куралдары мындагы адамдар эрте палеолит доорунда отту пайдаланганынан кабар берет. Табийгаттын татаал шарттарында, куралдардын жөнөкөйлүгүнөн улам адамдар жырткыч жаныбарлардан коргонуу жана ири жаныбарларга аңчылык кылуу үчүн адам үйүрү деп аталган майда топторго биригип жашашкан. Бул жер азыркы Баткен, Лейлек аймагындагы эң байыркы эстеликтер табылган аймак болуп саналат жана ошонусу менен да баалуу.

Кожо-Бакырган-Сай суусунун жээгинен ар кандай нерселерди: кесүү үчүн ыңгайлаштырылган, учу курчутулуп тегерек түрүндө жасалган галька-таш куралдар табылган. Бул сыяктуу таш куралдарды археологиялык адабиятта "галькалык-чопперлер" деп аташат.

Ушундай эле чопперлерди 1953-жылы А.П.Окладников Нарындагы Он-Арча суусунун жээгинен да тапкан. Булар ошол кезде Орто Азия боюнча алгачкы табылга болгон. Алгачкы адамдар жашаган дүйнөнүн

башка бөлүктөрүндөгү галькалык куралдар эң байыркы маданият – галькалык маданиятты мүнөздөйт. Булар байыркы Индиянын Соан-Палеолит маданиятына жакын. Бул окшоштук байыркы элдердин тарыхый басып өткөн жолдорунун жалпылыгын, биздин аймакта да эң байыркы адам жана маданият дүйнөнүн башка байыркы өнүккөн өлкөлөрү менен бир мезгилде пайда болгондугун айгинелейт. Ал кезде табигый шарт адамдардын жашоосу үчүн ыңгайлуу болгон. Климат нымдуу келип, абанын температурасы азыркыдай жогору көтөрүлгөн эмес.

Демек, Баткен аймагында б.з.ч. 800-500 миң жылдык мезгилдерде эң жөнөкөй таш куралдарын колдонгон алгачкы адамдардын тобу жашагандыгын эске алсак, анда бул аймак адамзат цивилизациясынын алгачкы доору менен мезгилдеш деп бүтүм чыгарууга болот. Алгачкы адамдар тобу жашоого эң ыңгайлуу жайларды тандап жашашкандыктан, Баткен аймагы да байыркы доорлордон бери карай адамзат үчүн эң ыңгайлуу жайлардан болгон. Мындай жайлар ошол мезгилдерде Кыргызстандын аймагында эсептелүү гана болгон.

**Кожо-Гор**догу жүз миңдеген жылдардан бери жер астынан чыгып жаткан булактын жанынан "мустьер дооруна" таандык таш куралдар табылган.

Ал эми Кожо-Гордон мындан 40-10 миң жыл мурда соңку палеолит мезгилине таандык таш куралдардын табылышы ошол кездеги адамдардын жашоо үчүн болгон күрөшүн жана алгачкы кол өнөрчүлүктүн пайда болушун айгинелейт.

Бул мезгилде азыркы адамдар жашоо шартын өзгөртүшүп, тоо-капчыгайлардан, суу жээктеринен тегиздиктерге түшүп жашай башташкан. Бул доордо адамдар жер кепе, чайла, жертөлө куруп, отту пайдаланып, катуу чакмак таштардан эмгек куралдарын жасоону үйрөнүшкөн.

Аталган мезгилде адамдар үйүр-үйүр болуп күн кечиришкен. Соңку палеолит доорунун акырында адамдардын урууулук бирикмелери түзүлгөн. Бул мезгил энелик урууусунун түзүлүшү болгон. Диний ишенимдердин алгачкы белгилери пайда боло баштаган. Мына ушундай тарыхый жараян Борбордук Азиянын башка бөлүктөрүндөй эле Баткен аймагында да жүргөн.

Бул тарыхый фактылар Баткен районунун Ак-Сай аймагындагы Кожо-Гор үңкүрүнүн айланасында адамзаттын өнүгүүсүнүн соңку палеолит мезгилинде мындан 40-10 миң жылдар мурда искусствону түшүнгөн, дүйнөгө болгон көз карашы бар адамдардын жашоосу болгондугун далилдейт.

Андан кийинки доорлордо деле Баткен аймагында адамзаттын жашоосу, күндөлүк тиричилиги үзүлбөй уланып келе жаткандыгы бир канча тарыхый булактарда чагылдырылган.

Баткен аймагы жайгашкан Фергана өрөөнү байыркы доорлордон эле Борбордук Азияда өткөн бардык саясий окуялардын чордонунда болуп келген.

Ахеменийлердин падышасы Кир II б.з.ч. IV к. 30-жылдарында **Усрушананы** басып алып, түндүк-чыгыш чебин бекемдөө максатында Сыр-Дарыянын бассейнине жети чеп салдырган, кийинчерээк алар шаарга айланган. Белгилей кетүүчү жагдай Усрушана жана Фергана байыркы мамлекеттер болуп, Баткен районунун аймагы байыркы Фергананын бир рустагынын курамында болгон, ал эми Лейлек району Усрушананын курамында болуп, анын чыгыш бөлүгүндө жайгашкан жана Фергананын Исфара рустагы менен чектешип турган.

Александр Македонскийдин аскерлери б.з.ч. 327-ж. Фергананын батыш чегине чейин басып келишип, Усрушананы каратышат жана Эсхата Александрия (Четки Александрия) шаарын курушат.

Александр Македонскийдин жоокерлери бул аймакта жаздан-кышка чейин турушуп, түштүк Кыргызстан аймагын түрө кыдырышып, бул жердин абасынын, суусунун тазалыгына, жеринин коздугуна, мөмө-жемиштеринин молдугуна суктанышып, Арсланбабдын жаңгак жемиштеринен алып кетишкендиктери жөнүндө тарыхый булактарда жетишерлик жазылган.

Б.з.ч. 312-жылдан баштап Усрушана Селевкид мамлекетинин, б.з.ч. 250-жылдан баштап Грек-Бактрия падышачылыгынын курамында болот. Б.з.ч. II к. орто ченинде Давандын, б.з. I к. баштап Кушан империясынын курамында болот. Б.з. IV к. аягында – V к. башталышында Кушан мамлекетинин кулашы менен Усрушана бөлүнүп, ошол мезгилден баштап кытай булактарында өз алдынча мамлекет катары эскериле баштаган. Б.з. V к. аягында Усрушана Эфталит мамлекетинин курамына кирген. Эфталит мамлекети VI к. ортосунда түрктөр тарабынан кулатылган. VII к.дын аягында түзүлгөн Батыш-Түрк каганаты бүткүл Орто Азияны анын ичинде Усрушананы да өзүнө караткан. VIII к. башынан Усрушана араб баскынчыларына каршы каттуу күрөш жүргүзөт жана 822-жылы алардын араб халифатына баш ийүүсү менен аяктайт. Бул мезгилден баштап араб авторлору жазгандай Усрушана Тахирид мамлекетинин курамына кирет. Усрушана IX к. баштап Саманиддердин, XI к. баштап Караханиддердин курамына кирет.

Ошол мезгилдеги дин жана маданият жөнүндө бизге жеткен маалыматтар боюнча ферганалыктар жөнөкөйлүгү, тактыгы менен

айырмаланышып, буюмдарында жана жасалгаларында ашыкча кооздуктар болгон эмес. Аларда шамандык айрым жөрөлгөлөр сакталган. Алар Сох районундагы Сары-Коргон шаарчасындагы зороастрийлик көрүстөндөгү казуулардан алынган далилдер боюнча отко сыйынышкан. 1899-жылы Сохтон табылган жыландын сүрөтү да зороастрийлик ишенимди дагы бир ирет далилдейт[1].

Демек, бул аймактын жашоочулары шамандык, зороастрийлик ишенимди эбак эле кабыл алышкан. Диндик ишеним адамзат өнүгүүсүнүн баскычында – коомду таануусуна, табийгаттын сырларына баш ийүүсүнө, искусствонун пайда болушуна жана өнүгүүсүнө кандайдыр бир деңгээлде таасир эткен жана адамзаттын табийгатка аяр мамиле кылуусуна үндөгөн.

Б.з.ч. IV-II кк. Фергана өрөөнү байыркы Даван мамлекетинин доорунда бир нече жүз миңдеген жашоочусу бар 70 ке жакын чоң жана кичи шаарлардан турган[2] жана калк жыш жайгашкан, өнүккөн аймактардын катарында болгон.

Бүткүл өрөөн б.з.ч. I миң жылдыкта Даван мамлекетинин курамында болуп, бул аймакта көчмөн сак-усун уруулары чоң роль ойногон жана алар толук кандуу бийлик жүргүзүп турушкан.

Кытайдын баскынчылык жортуулдарынын натыйжасында б.з.ч. I к. Орто Азиянын саясий картасынан Даван мамлекети өчүп, анын ордуна жаңы Кушан мамлекети пайда болот.

Кушан салтынын калдыктарын орто кылымдардагы тургун жайлардан (Кара-Булак, Рабат, Булак-Башы) табылган кызыл керамика идиштеринен көрүүгө болот. Усуршана менен Ферганaнын бүткүл изилдөө мезгилине таандык материалдык маданиятынын жалпылыгы байкалган. Бул алардын кошуналары эле эмес, соода жана маданий алакалары, ошондой эле бул эки аймактын бир мамлекеттин курамында – б.з. I миң жылдыктын орто ченинде Усрушана менен Фергана Батыш-Түрк каганатынын, андан кийин Саманиддердин, Караханид мамлекетинин курамында болгон[3].

Усрушана менен Ферганaнын жашоочулары ошол доордо чарбалык эле эмес, соода, маданий алакалары боюнча да тыгыз байланышта болгон. Кара-Булак, Рабат, Булак-Башы тургун жайларынан табылган кызыл керамика идиштери б.з. I миң жылдыктарында бул аймакта кол өнөрчүлүктүн жогорку деңгээлде өнүгүшүнүн далили боло алат.

---

[1] *Бернштам А.Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана т I, – Б., 1997. – С 261.

[2] *Осмонов Ө., Асанканов А.* Кыргызстан тарыхы. – Б., 2003. – 54-б.

[3] *Барудзин Ю.Д., Брыкина Г.А.* Археологические памятники Баткена и Ляйляка. – Ф., 1962. – С. 127.

Фергана өрөөнү кушан мезгилинде "автономия" экендигине карабастан, жалпы орто азиялык тарыхый жараянга аралашкан. Буга орто азиялык кол өнөрчүлүк, карапа жасоо, зороастриялык дин, архитектуранын айрым үлгүлөрү күбө болот. Бул мезгилдин Фергана үчүн дагы бир өзгөчөлүгү: бул өрөөндүн айланасына көчмөн уруулардын, гунндардын жайгашуусу өкүм сүргөн. Гунн доорунун эстеликтери Фергананын түндүгүндө Афлатунда, Исфаранын түштүгүндө, Ширин-Сайдын батышында, Фархад ГЭСине жакын жерлерден табылган[1]. Ширин-Сай көрүстөнүнөн табылган буюмдар көчмөн гунндардын маданияты жергиликтүү ферганалык жана ташкенттик маданият менен аралашкандыгын далилдейт.

Бул мезгилде өнүгүүнүн негизин мал чарбачылыгы (төө, жылкы, кой), дыйканчылык, пахта өстүрүү жана кол өнөрчүлүк (кездеме токуу, карапа жасоо) түзгөн. Кушандык маданият орто кылымдардагы Фергана маданиятынын башаты болгон.

Б.з. I к. баштап Баткен чөлкөмүндө тоо-кен өндүрүшүнүн өнүккөндүгү жана мындан чыгарылган темир, жез жана курал-жарактар чет өлкөлөргө чейин экспорттолуп тургандыгы жөнүндө биз жогоруда баяндадык. Баткен чөлкөмүндө тоо-кен өндүрүшү бир гана Кан-и-Гутка таандык эмес, анткени бул чөлкөмдөгү Баткендин Дара, Лейлектин Өзгөрүш капчыгайларында, Айдаркенде мындай эски кен шахталарынын калдыктары ондоп саналат. Мисалы: Лейлек районунун Катыраң аймагында темир усталардын пири аталган Дөөтү бабанын ыйык жайы бар. Бул аталыш ушул жерде да тоо-кен өндүрүшү менен бирге темир иштетүүнүн өнүккөндүгүнөн кабар берет. Бул аймактарда илгертен эле бир нече кен казуу жумуштарынын болгондугун археологиялык казуулар толук далилдеген.

Кытай тарыхый булактары боюнча VII к. орто ченинде Ферганага түрктөрдүн басып кирүүсү башталат. VIII к. башында Тан бийлигинин (Кытай) Чыгыш Түркстандагы жана Тибеттеги экспанциясы күч алып, Орто Азияга карай жыла баштайт.

627-649-жж. уруусу боюнча түрк Ашина Ферганнын түндүк бөлүгүн басып алат жана Гесай (Касан) шаарына башкаруучу кылып уулу Ебочжини дайындайт. Бул мезгилде Ферганада "кош бийлик" өкүм сүрөт. Түштүктө Хумын (Кумыр?) шаарында байыркы Фергана династиясынын башкаруучусу Аляошен, ал эми түндүктө түрктөр өкүм жүргүзө башташат. 659-жылы түрктөр Ферганандагы бийлигинен убактылуу кол жуушат. Гесай шаарына караштуу аймак гунндарга

---

[1] *Бернштам А.Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. т. 1, – Б., 1997. – С. 257.

чейинки байыркы аталышы боюнча Хюсюн наамын алат. Бул "кош бийлик" VII к. кытай булактары боюнча (Хой Чаонун 726-ж. саякаты) Сыр-Дарыянын түндүк жагы түрктөрдүн бийлигинде, ал эми түштүгү арабдарга көз каранды болуп калат. Натыйжада Фергана эки бөлүккө: түрктүк жана иран-ферганалык болуп бөлүнүп. Хумын шаарын түштүк Ферганадан издөөнүн кажети жок болуп калат[1].

Биздин оюбузча Түштүк Фергана аймагындагы байыркы иран-парс тилдериндеги топонимикалык аталыштар мына ушул мезгилдерге таандык болуу керек.

Фергананын төбөлдөрү араб баскынчыларына катуу каршылык көрсөтүшкөн. Кутейб Муслимдин биринчи баскынчылык жортуулдарынан (хижра жыл эсеби боюнча 94-жылы /712-713-жж.) өлкөнү толук караткангa чейин жүз жылдан ашкан. 96/715-жылы Кутейб Муслим Ферганада Сулейман халифке каршы чыгып, өз жоокерлери тарабынан өлтүрүлгөн. Анын күмбөзү Нершахтын билдирүүсү боюнчаКах айылында, а Жамал Каршыныкы боюнча Кулидж айылында (бул эки аталыш бири-биринен кескин айырмаланып, күмөн санатат). Мурда Ош, азыр Анжиян уездине караштуу Жалал-Кудук волостундагы "Кутейб шейх имамдын" күмбөзүн көрсөтүшөт, бирок ал ушул кезге чейин бир да жерде жазылган да, айтылган да эмес. Арабдардын пикири боюнча, бул жер азыр Кытайда[2].

Албетте, баскынчыларга каршы чыгуу ар бир элдин атуулдук милдети, Кутейб Муслимдин жетекчилигиндеги арабдардын жүз жылдан ашуун баскынчылык аракетине каршы күрөш Фергана элинин мекенчилдигин, эрдигин жана туруктуулугун көрсөткөн.

Кутейб Ферганага (болжолу хижранын 94-жылы) Исам б. Абдаллах ал-Бахимини калтырат. Ушуга байланыштуу Исам аталыштагы капчыгай Табари боюнча Ферганадан Кашкарга чейинки жолдо, а башка боюнча Исфаранын рустагында деп айтылат. Кутейбдин өлүмүнөн кийин арабдар Ферганадан куулуп чыгарылган. Анткени Фергананын башкаруучусу 103/722-ж. «Исам капчыгайын» Согдиден көчүп келгендерге сунуш кылган. Бирок бир да тарыхый булактарда арабдардын жеңилгендиги жана куулуп чыгарылгандыгы жөнүндө чагылдырылбаган[3].

Бул тарыхый эмгекте көрсөтүлгөн Исам капчыгайы андагы экинчи вариант боюнча Исфаранын рустагында болсо, анда ал капчыгай

---

[1] *Бернштам А.Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. т. 1, – Б., 1997. – С. 259.
[2] *Бартольд В.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. – Б., 1996. – С. 204.
[3] *Аты аталган эмгек.* – 355-б.

албетте, Баткен аймагындагы тоолуу капчыгайлардын биреэсү болот, анткени, Исфара аймагында мындан башка тоолуу капчыгай жок.

Ал эми башка эмгекте: "712-722-жж. Фергана падышасы Согдиден көчүп келгендерге Исфара аймагынан жер берген[1]"–деп көрсөтүлгөн.

Эгерде бул фактыга таянсак, Сох жана Варух капчыгайларында тажиктер жашашат. Бул эки аймак тең дарыя боюнда, капчыгайда жайгашкан. Ал эми Исфара аймагындагы түздүктөргө калк мурдатан эле жайгашкан. Экинчиден, жогоруда белгиленгендей согдиликтерге капчыгай сунуш кылынган болуу керек. Үчүнчүдөн, согди маданиятынын калдыктары Сохтогу Муг-Курган көрүстөнүнөн табылгандыгына караганда, Сох капчыгайы болуу керек деп тыянак чыгарууга болот.

Варухта жана Сохто жашаган тажиктер Исфарада жашаган тажиктерден антропологиялык түзүлүшү жана салт-санаасы боюнча да бир топ эле айырмаланышат.

Ак-Сай капчыгайында үч түрдүү: мусулман, сасано-персид жана



«грек» (руми) тагыраак айтканда христиандык-сириялык жыл эсеби боюнча 1041-жылдын 29-декабрындагы караханиддик мезгилдеги араб жазуусу сакталган. Бул жазуу Али-Саид-хандын уулу, Наср Эмирдин небереси «даңктуу тегин», Исфаранын башкаруучусу караханид Муизз-ад-Дауля Арслан тегин Абу-л-Фазл ал Аббастын мезгилине таандык. Бул жазуу 1950-жылы изилденип монголдук, караханиддик мезгилдерге чейинки т.а. көчмөн уруулар арасында исламды массалык жайылтуу учуруна таандык экендиги аныкталган[2]. Мындан башка да бул аймактарда, тоолордо ташка жазылган бир канча араб жазуулары кездешет, бирок алар али изилдене элек.

Жогорудагы фактылар бул аймактарда арабдардын баскынчылык жортуулдарына каршы айыгышкан каршылыктардын болгондугун

---

[1] *Бернштам А.Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. т.1, – Б., 1997, – С. 261.

[2] *Бернштам А.Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. т.1, – Б., 1997, – С. 406.

далилдейт жана Ак-Сай капчыгайындагы жазуу да кандайдыр бир маанилүү окуяга байланыштуу жазылса керек деп тыянак чыгарууга болот.

Жогорудагы тарыхый булактар жана таштагы тарыхый жазуулар ырастагандай, Фергана өрөөнүндө, анын алкагында Баткен жергесинде араб баскынчыларына каршы жүз жылдан ашык мезгил катуу каршылык көрсөтүлгөн. Бул алардын эрдигин, кайраттуулугун жана мекенчилдигин далилдеген. Бирок арабдардын басып алууларынан кийин бул аймактын жашоочуларына мусулманчылыктын шарияттары менен кошо ислам маданияты таасир эткен. Этносуна, тегине ж.б. өзгөчөлүктөрүнө карабастан, бардык пенделер кудайдын алдында бирдей деген шариаттын жол-жоболору жайылтылган. Биреөнүн акысына кыянатчылык кылбоо, бей-бечараларга кайрымдуулук кылуу, соопчулук иштерди аткаруу, балдарды туура жолго тарбиялоо, жаман, ыплас иштерден оолак болуу, дене бойду асыроо, рухий дүйнөнү таза сактоо, пакизалык, жер жүзүндөгү бардык жандыктарды асыроо, ыксыз чыгымдарга жол бербөө сыяктуу эрежелер бүгүнкү күнгө чейин жашап келе жаткандыгы анын далили болуп саналат. Фергана өрөөнүндө жана Баткен жергесинде ислам дини жайыла баштаган жана ошол доордо орто азиялык жалпы маданият алгачкы жолу мына ушул өрөөндө калыптанган. Жергиликтүү шартка ыңгайлашкан ислам маданияты акырындап Борбордук Азияга тарай баштаган.

Тарыхый булактарда жазылгандай Фергана IX-X кк. борбору Бухара шаары болгон Орто Азиядагы Саманиддер мамлекетинин курамында болгон. Бул мезгилде саманиддер династиясынын негиздөөчүсү Исмаил б.Ахмеддин (829-ж. туулган) мекени катары Фергана624 исламдаштыруу доору өкүм сүрөт. Натыйжада X к. чегинде Фергана саманиддик өлкөнүн бир бөлүгү катары мусулман динидеги орто азиялык жалпы маданиятка ээ болуп, экономикалык жактан негизги борбор катары таанылган.

Бул мезгилде Сох жана Некад (Ноокат) аймактарында кен казуу өндүрүшү кеңири өнүккөн. Мында сымап (Сох), алтын жана күмүш (Некад), нашатырь, асбест, бирюза, темир, жез жана коргошун (Несай областы) өндүрүлгөн.

Орто кылымдардагы араб-парс булактарында, тагыраак айтканда, Ал-Истахринин "Китаб масалик ал-мамалик" аттуу эмгегинде бул фактылар дагы бир ирет тастыкталат:

"...Бүтүндөй Мавереннахрда Ферганаыкындай кеңири айыл-кыштактар жок. Мында узуну да, туурасы да бир фарсах[1] келген кыштактар бар, адамдар менен унаалар жана айдоо аянттары көп.

Фергананын аймактары мындай: Төмөнкү Нися, Жогорку Нися, Асбара (Исфара), Некад, Миан-Рудан, Жидгил, Урест, Бесафар, Ашт. Ферганынын биринчи аймагы – Жогорку Нися, анткени Ходжентке бараткандар аны менен өтөт; бул аймактын шаарлары: Ванкет, Сох, Хоканд, Риштан.

Төмөнкү Нисянын шаарлары: Маргинан, Зендерамш, Нежренг, Устиканг, Андукан. Бул жакта тоолуу жерлер да, талаалар да бар.

Асбара (Исфара) түздүктө жана тоолордо жайгашкан; анын шаарлары: Тамахус, Бамкахус, Сох өзүнчө жаткан шаар. Аувал – шаардын аты жана анын жанында бүтүндөй бир аймак бар. Ош менен чек аралаш Медва деген шаар бар. Узгенд шаардын аты жана Узгенд аймагында башка шаар жок.

Ферганынын чегинде Некад жана Ахсикет аймактарында алтын жана күмүш кендери бар. Сымап Сох тоолорунан казылып алынат, ал эми Төмөнкү Нися аймагында чайырдын кени бар. Асбара тоолорунда нефтинин кени бар дешет. Бирюзанын, жездин, коргошундун жана темирдин кендери – булардын баары Ферганада. Мен көмүргө окшоп күйөт деп айткан таштар да ушул тоолордо. Ал күйүп бүткөн соң анын күлүн сууга салып, кир жууганда самын катары колдонушат. Мындан тышкары бул тоолордо жарымы кызыл, жарымы сары, жашыл жана ак таштар бар. Түркестандан Узгендге чейин нашатыр тузунун кендери кезигет жана аны мен жогоруда айткан Буттем тоолорундагыдай кылып алышат[2]".

Орто кылымдардагы белгилүү саякатчынын бул географиялык эмгегинде баяндалгандай, Мавереннахр өлкөсү Ферганада айыл-кыштактары, адам саны, унаасы жана айдоо аянттары боюнча алдыңкы орунда турган. Ал ошол кезде эле Фергана аймагын жогорку жана төмөнкү деп, эки аймакка бөлүп көрсөткөн. Мында биз изилдеп жаткан аймакка тиешелүү Сохтогу сымап, Исфара аймагындагы нефть, жез, коргошун жана темир кендери да баяндалып, көмүргө окшоп күйө турган жана жарымы кызыл, жарымы сары, жашыл жана ак таштар жөнүндө да эскерген жана нашатыр тузун буулантуу жолу менен ала тургандыгы жөнүндө жазган.

IX кылымга тиешелүү автору белгисиз "Худуд ал-Аламда": "Ферганадагы областтардын курамы – Ферганын түштүгү аркылуу

---

[1] Фарсанг, фарсах – перстердин узундук чен бирдиги. Болжол менен 6-7 км.ге барабар.
[2] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары. – Б., 2002, 1-к. – 42-49-б.

Кожентten Ошко чейинки жолдо Кенд (Канибадам), Сох, Риштан, Зандерамш, жана Кува шаарлары бар.

Түштүк Ферганaнын тоолуу бөлүгүндө Кенд-Кува жана Төмөнкү Несай (Маргинан, Андукан) шаар аралык кербен жолдоруна үчүнчү катар жайгашкан тоолуу аймактар: 1) көмүр кени менен атагы чыккан – Испара, Тамахуш жана Бамкахуш шаарлары менен Сохтон 5 фарсах, 2) Аувал Оштон 10 фарсах, Маргинандын түштүгүндө жана 3) Некад (Наукат) Мискан шаары менен Кувадан 7 фарсах.

Сох тоодо, Бутман менен Ферганaнын чек арасында, анын тегерегинде 60 кыштак бар[1]",– деп жазып, ал-Истахринин жогоруда баяндагандарынын төгүн эместигин далилдеп, алардын аралыктарын да так көрсөткөн жана Сохтун тегерегинде 60 кыштак бар деп, бул аймакта да калк жыш жайгашкандыгын белгилеген.

Фергана саманиддердин доорунда экономикалык жана маданий жактан жогорулоо мезгилине туш келген болсо, ал эми караханиддик мезгилде негизги саясий борборго айланган. Караханиддик мезгилде б.а. X к. баштап түрктөр Ферганада өз бийлигин кайрадан бекемдешип, Өзгөндү экинчи ордо шаарга айландырышат. Өзгөн шаары ошол кездеги тарыхый булактарда Мавереннахрдын бардык башкаруучуларынын резиденциясы катары аталса, кийин жергиликтүү башкаруучулардын резиденциясы катары атала баштаган[2].

Ордо шаар жана резиденция катары аталгандыгына караганда Өзгөн шаары ошол мезгилде өнүккөн жана стратегиялык жактан да маанилүү болгон.

Монгол доорунда Орто Азиянын башкаруучулары Чагатайдын атынан эмес, Гурхандын (улуу хандын) атынан башкарып турган, 1238-39-жж. Мавереннахрдын башкаруучусу, теги хорезмдик Гурхан тарабынан дайындалган Махмуд Ялавачтын резиденциясы Кожентте болгон.

Жыйынтыктап айтканда Фергана өрөөнү караханиддик доордо калыптануу мезгилин баштан өткөргөн. Караханиддер XI-XII кк. жана андан кийинки жүз жылдыктарда ферганалык калктын Мавереннахрдын жашоочулары менен аралашуусуна, түрктөшүүсүнө, натыйжада орто азиялык жалпы типтеги элдин калыптануусуна таасир эткен. Мына ушул мезгилден баштап, ферганалык типтеги жалпы маданият калыптанып, бул өрөөндөгү мурдагы жана кийинки ар кандай этностогу элдердин жалпылашуусунан орто азиялык типтеги жалпы эл калыптанган.

---

[1] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары. – Б., 2002. – 68-б.

[2] *Бартольд В.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. – Б., 1996. - С. 359.

Ошентип, Баткен аймагы орто кылымдарда ордо шаарлар Өзгөн жана Кожентгин ортосунда жайгашкан жана мындан ары Самарканд, Бухара шаарлары, андан ары Россия, Европага бара турган Улуу жибек жолунун боюнда жайгашкандыктан, мындагы саясий, соода, чарбалык ж.б. маселелерден четте калган эмес.

## 1.3. Баткен аймагы Кокон хандыгынын жана Падышачылык Россиянын тушунда

Баткен аймагы байыркы доорлордон бери карай Фергана өрөөнүндөгү ар кандай окуялардын чордонунда болуп келген. XVIII к. башынан тартып бул аймак Кокон хандыгынын курамында болгон. Андагы ар кандай саясий, тарыхый окуялар мына ушул аймактарда болуп өткөн. Ошондуктан, Баткен аймагынын тарыхы Кокон хандыгынын тарыхы менен тыгыз байланыштуу.

**Кокон хандыгы** миң уруусунан чыккан Шахрук бий тарабынан негизделип, 1709-жылдан өз алдынча ээлик жүргүзө баштаган. Жаңы мамлекет түздөн-түз Кокон, Исфара жана Маргалаңдын аймактарын камтыган. Хандыктын калкын көчмөн жана отурукташкан өзбек, тажик, кыпчак жана кыргыз уруулары түзгөн.

Кокон хандыгы Алим хандын (1800-1809), Омар (1809-1822), Мухаммед али (Мадали, 1822-1842), хандарынын тушунда саясий жактан өнүгүп, аймактык жактан кеңейген. Ташкент, Кожент, Каратегин, Дарваз, Куляб, Алай каратылган. Ак-Мечит (Кызыл-Ордо), Аулие-Ата (Жамбул), Пишпек чептери курулуп, хандыктын аймагы дагы да кеңейтилген. Кокон аймагындагы ири шаарларда кустардык – кол өнөрчүлүк, негизинен жибек жана пахтадан кездеме токуу өнүгүп, аны сыртка чыгарып сатышкан. Айыл чарбасында негизинен пахта жана күрүч өстүрүлгөн.

Кокон хандыгынын административдик-аймактык бөлүнүшү боюнча орус тарыхый булактарында да чагылдырылган. А.Кундун изилдөөсү боюнча хандык 15 бектикке жана 6 саркарликка (Асаке, Маргилан, Балыкчы, Ош, Сох жана Касан) бөлүнгөн[1].

Мындан Баткен аймагы Сох саркарлигине карагандыгы маалым жана бул аймак хандыктагы негизги саркарликтардин бири болгон.

Орус окумуштуусу В.Наливкин Кокон хандыгынын кыскача тарыхында: "Негизги калктуу пункттар катары: Аксыкент, Касан, Андижан, Узгент, Ош, Маргелан, Исфара, Варух, Канибадам жана Кожент аталган. Булардан тышкары аталышы боюнча белгилүүлөр:

---

[1] *Кунь А.* Очерк Кокандского ханства. Изв. РГО. -Т.12. Отд.2. СПб., 1876. – С. 7.

Өзгөн, Сох, Лейлек жана Касан. Булар анча чоң деле, анча белгилүү деле эмес шаарлар[1]",– деп көрсөтүлгөн.

Мындан хандыктагы чоң жана кичи шаарларды толук айырмалоого болот, демек Исфара, Варух, Кожент башкы шаарлардан, ал эми Сох жана Лейлек ошол кездеги кичи шаарлардын катарында болгон.

Кокон хандыгы өзүнүн эки кылымга жакын мезгилинин ичинде ички жана тышкы саясий жагынан да өз алдынча мамлекет катары таанылган. Өзүнүн жарандарын мамлекеттин шартында жашоого, мамлекеттик мыйзамдарга баш ийүүгө жана аны аткарууга, салыктарды төлөп турууга үйрөткөн. Хандыктын мамлекеттик түзүлүшү жана анын иш кагаздары да белгилүү бир тартипте болгон.

А.Кундун изилдөөсү боюнча хандыктын башкаруу системасы жөнөкөй эле болгон. Мисалы: шаарларда **корбашы** – полицейлик көзөмөл жүргүзүүчү, **миршаб** – полициянын жетекчиси, **амин** – салык жыйноочулар, **мырза башы** – жазуу иштери боюнча башчы, **казы** – сот иштерин жүргүзүшкөн. Алар бектер тарабынан хандын жарлыгы менен дайындалышкан. Шаарлардан сырткары бир нече айылдарга бир казы дайындалган. Ал деле хандыктын аймагындагы шаарлар жана кыштактардан салыктын жыйналышы боюнча маалымат топтоп турган. Салыктар: **хараж** – дыйканчылыктан өндүрүлгөн түшүмдүн ондон бир бөлүгү, **танап** – жер салыгы, **зекет** – соода төлөмү болгон.

"Кокон хандыгындагы эки миллион калк – өзбектер, кыргыздар, кара-калпактар жана тажиктер негизинен Кокон, Маргилан, Андижан, Ош, Наманган ж.б. шаарларда жашашат. ...Отурукташкан элдер жер айдашат, фабрикаларда иштешет, көчмөндөр мал багышат жана Россия, Кашкар жана Бухара менен соода кылышат. Кокон хандыгындагы элдер негизинен хараж, танап, зекет салыктарын төлөшөт[2]",– деп жазган орус автору А.П. Хорошкин «Очерки Кокана. Отрывки из дневника в Кокане» деген эмгегинде.

Мындан бизге маалым болгондой Кокон хандыгынын аймагында жашаган бардык элдер анын ичинен Баткен аймагынын жашоочулары да негизинен мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен күн көргөн. Исфара, Сох аймактарынын суулуу жерлеринде жашаган калктар Кокон хандыгынын мезгилинде дыйканчылык менен көбүрөөк шугурланыша башташкан.

А.А.Троицкийдин изилдөөсү боюнча Кокон хандыгындагы иш кагаздары төмөнкүдөй болгон:

---

[1] *Наливкин В.* Краткая история Кокандского ханства. – Т., 1973. – С. 6.

[2] *Хорошкин А.П.* Очерки Кокана. Отрывки из дневника в Кокане. Сборник статьей касающихся Туркестанского края. Отд. Оттиск. – СПб., 1876. – С. 43.

**Инайатнаама** – кызмат адамдарына тиешелүү билдирүү грамотасы;

**Мубаракнаама, мархаматнаама** – бактылуу грамота, ырайымдуулук грамотасы – хандын, анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана алардын ишенимдүү адамдарынын буйруктары;

**Патта – «чек», «талон»** – хандын канцеляриясынан жергиликтүү, айылдык администрацияларга жөнөтүлүүчү финансылык-каржы документтери, аларды күбөлөндүрүүчү атайын токтомдор;

**Патта – и расид** – тил кат, акча алгандыгы жөнүндө квитанция;

**Дафтар** – реестр, салык жыйноочулардын отчету;

**Жам дафтар** – танап жана хараждан түшкөн салыктардын, алардын сарпталышынын жана калдыгынын жыйынтыгы;

**Намгуй, руйхат** – зекет төлөөчүлөрдүн тизмеси;

**Ариза, арз** – төмөнкүлөрдүн жогорку бийликтерге оозеки жана жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрү, суранычтары, өтүнүчтөрү;

**Хатт, ракима, рука, китабат, мактуб** – чарбачылык маселелерндеги иш кагаздары;

**Кызматтык билдирүүлөр, жоопторжана каттар**[1].

Жогорудагы Кокон хандыгына тиешелүү документалдык тарыхый булактар ошол кездеги хандыктын аймагындагы бардык элдерге тиешелүү болгон. Ал мезгилдеги жалпы калктын көпчүлүгүнүн сабатсыз болгондугуна карабастан, хандык жогорудагы иш кагаздары менен ошол мезгилдин талабына ылайык хандын жарлыктарын, бардык ички кыймылдарын, акча каражаттарын, арыз, даттануууларын кагаз аркылуу күбөлөндүрүп, мыйзамдаштырып турган.

Ошол кездеги дафтардан алынган маалымат боюнча, хандыктын аймагында төмөнкүдөй салыктар: дан өсүмдүктөрүнөн (күрүч, буудай, жүгөрү, зыгыр, беде, пахта, апийим, сабиз, пилла), базардан (таразадан, соода орунунан (так жайы), далдалчылыктан), сарайларды ижарага берүүдөн ж.б. алынган. Ошондой эле документалдуу булактарда хараждан алынган салыктар жөнүндө да баяндалган.

Зекеттен жана элдин жалпы мүлкүнөн хандын казынасына түшүүчү кирешелер жөнүндөгү билдирүүлөр кызыгууну жаратпай койбойт. Орус изилдөөчүлөрү билдиргендей айрым шаарлар жана аймактар төмөнкүдөй суммада зекет төлөшкөн: Кокон – 108 500 рубль, Ош – 19 000, Андижан – 15 000, Наманган – 17 000, Булак-Башы – 15 000, Арбан – 19 000, Өзгөн – 4 000 рубль ж.б. хандык боюнча 197 500 рубль чогултулган. 1875-жылы Ош шаарынан хан казынасына 340 500 тенге

---

[1] *Троицкая А.Л.* Каталог архива Кокандских ханов. XIX в. – М., 1968. – С. 7-12.

зекет төлөнгөн[1]. Бул ошол кезде олуттуу киреше болгон жана буга нараазы болгон калк ханга каршы жалпы көтөрүлүшкө чыккан учурлар болгон.

Кокон хандыгынындагы жашоочу карапайым калктын хандарга болгон негизги нараазычылыгы – салыктын түрүнүн жана суммасынын көптүгү болгон. Жалпы жыйырмага жакын салыктын түрү болуп, жада калса талаадан терилген тезекке да салык салынган. Буга нараазы болгон калктын хандыкка каршы жалпы көтөрүлүштөрү бат-бат кайталанып турган.

Кокон хандарына каршы жалпы элдик нараазычылыктардын жана көтөрүлүштөрдүн натыйжасында Бухара эмири Насрулла 1839-жана 1841-42-жылдары Кокон хандыгына каршы жортуул жасап, Ташкент жана Кожент шаарларын басып алып, Коконго Бухаранын өкүлү дайындалган. Нүзүп баштаган кыргыздардын көтөрүлүшү ферганалыктардын колдоосуна ээ болуп, Насрулланы Кокондон кууп чыгышып, Ташкент жана Кожентти кайра каратышып, Шир-Алини (1842-45-жж.) хан көтөрүшкөн. XIX к. орто ченинен баштап, орус падышачылыгынын Орто Азияны басып алуусу башталат. Орус аскерлери 1865-жылы 17-майда Ташкентти, 1866-жылы 24-майда Кожентти басып алышат. Бир канча жеринен ажыраган Кокондун башкаруучусу Кудаяр-хан элден жыйналуучу салыктарды көбөйтөт. Бул жалпы элдин нараазычылыгын жаратып, 1873-1876-жж. жалпы элдик көтөрүлүшкө алып келет.

Фергана элетинде 1871-72-жылдары болуп өткөн чаржайыт толкундоолордон айырмаланган нукура элдик көтөрүлүш 1873-жылы башталган. Ал кыймыл үч жылга созулуп, Фергана өрөөнүн албырттаган жалын каптаган жана мамлекет катары Кокон хандыгынын жоюлушуна алып келген. Фергана тургундарынын 1873-76-жылдардагы бул зор кыймылы тарыхта “элдик кыймыл”, ”Кокон көтөрүлүшү”, “Полот хандын көтөрүлүшү” деген аттар менен белгилүү.

Бул көтөрүлүш Баткен, Лейлек чөлкөмдөрүнө да тарап, ага элдин башында турган атактуу адамдар жетекчилик кылышкан. Зекетчилердин ченден чыккан ашкере зөөкүрлүгүнө каршы караламан калктын көтөрүлүшү 1871-жылы жазында Сох кыргыздарында болуп өткөн. Тарыхый булактардагы маалыматтарга караганда Сох чөлкөмүндө кыргыздардын төмөнкү ичкилик уруулары көчүп жүрүшкөн: Исфара суусунун баш жагында кыпчактар: баш бийи Айтмамбет бий, (А.П.Федченко ал бийден сох кыргыздары жөнүндө

[1] *Кун А.* Очерк Кокандского ханства. Изв. РГО. – Т. 12. Отд. 2. СПб., 1876. – С. 119-123

маалымат алган); 1871-жылы Кишемиш өзөнүндө: Жиптик, Чичикти, Берк-Суу, Кишемиш, Каракол, Манатай, Мамак, Сух-Сурлук, Каллаваз, Чаарташ жайлоолорунда Абдрахман эшик агасы баштаган токмок уруусу, Сохтун оң жээгинде: Ак-Секирик, Роут, Палал, Кызыл-Чимкент, Сешик, Кызыл-Ордо, Кыштут жайлоолорунда нойгуттар (бийлери: Аккулу бий, Касым бий. Мадали жүз башы), алардын чыгыш жагында бостон уруусу (бийи – Жаныкул бий), жоокесек уруусу (бийи – Молдо Шамурза) болгон[1].

1873-жылы көтөрүлүштүн дагы бир очогу Лейлек чөлкөмү болгон. Кыймылдын жетекчиси Мамырбай Баткен-Лейлек тараптагы көтөрүлүшчүлөр менен байланышып турса да, өз алдынча аракеттенген. Кожент уездинин башчысына 1873-жылы лейлектик көтөрүлүшчүлөрдүн жазган катында: "Хан шариатты буза баштады. Биз ошондуктан адилетсиздикти көтөрө албай, зекетчилерди талап-тонодук. Кудаяр бизге аскерин жиберди эле, биз жайыттарды таштап, тоого качып кеттик. Бирок хандын аскер башчысы 270 кишини туткунга түшүрүп, Асаке шаарына алып келип, хандын буйругу менен казыкка олтургузду. Ошондуктан биз чогулдук да, ханды биздин душманыбыз деп жарыяладык[2]",-деп жазган. Ошентип жалпы элдик көтөрүлүш барган сайын кулач жая баштайт.

Кожент кыргыздары ошол эле учурда Токмок уэздинин кыргыздары менен да байланышып, алар Шабдан Жантай уулу менен кат алышып турушкан.

М.Д.Скобелевдин Г.А.Колпаковскийге 1973-жылы 9-июнь күнү жазган билдирүүсүндө ошол мезгилдеги тоо арасындагы жана элеттеги кырдаал мындайча сүрөттөлөт: "Кокон хандыгындагы тынчыбаган калк көбүнчө түштүк-чыгыш тоо этектериндеги элеттерде, Өзгөн, Гүлчө, Үч-Коргон, Сох, Исфара тизиминде жайгашкан. Бул чөлкөмдөрдүн ичинен кара-кыргыздар Оштун тегерегинде өтө жыш жашайт. Эки-Суу арасындагы, Наманган бөлүмүндөгү, Кокондон түштүктөгү Чимион, Кожент уезддериндеги кыргыздар коркунучту туудурбайт. Фергана өрөөнүнүн Өзгөндөн Үч-Коргон, Шаймардан, Исфарага чейинки чыгыш жана түштүк-чыгыш тилкени туруктаган кыргыздардын жайлоолору кенен, эли калың жана өздөрү бай турушат, ошондуктан аларда баш ийбөөчүлүк, тартипсиздик көбүрөөк. Бул кыргыздардын ишенгени Алай тоолору. Ошондуктан мындай ишенимди жок кылуу зарыл[3]". Орус

---

[1] *Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан. - М., 1950. – С. 392.
[2] *Кененсариев Т.* Кыргызстандын Орусияга каратылышы. – Б., 1997. – 196-б.

[3] *Терентьев М.А.* История завоевания Средней Азии. –Т. 1-3. – СПб., 1906.

генералынын расмий билдирүүсү боюнча негизги коркунуч тоолук кыргыздар тараптан болгон жана Үч-Коргон, Шаймардан, Исфарага чейинки кыргыздардан чочулап, бул чөлкөмдө элдин калың жайгашкандыгын, алардын бай жана кенен жашашкандыктарын белгилеген.

Чимион уездинин башчысы капитан Ляшевскийдин маалыматы боюнча Абдыкерим бектин кошуну Суу-Башы өрөөнүнүн батыш тарабындагы Сох дарыясына жакын жайланышып, анын курамында 400дөй киши болгон. Жетекчилери кыргыздардын абаат уруусунун бийи Орозаалы, коженттик кыргыз Каракозу, тажиктерден исфаралык Хабиб-Эшен жана өзбектерден кокондук Калма-Юнус болушкан[1].

Абдыкерим бектин бул тобунан башка лейлектик кыргыздардан да өз алдынча топ түзүлгөн. Анын жетекчилери кыргыздардын абаат уруусунан Абдырахман, Осмон жана Эрманбет паңсат болгон. Абааттардын Молдо Касым баштаган экинчи бөлүгү тынч эле.

Абааттарга кыргыз-кыпчак уруусунун өкүлдөрү келип кошулган. Бул топ Журт-Каландан алгач Суу-Башыга, андан Кара-Булакка келген. Абааттар менен кыргыз-кыпчактар Абдыкерим бекке кошулууга аракеттенишкен, кыймылды жалпы көзөмөлдөп турган Абдылдабек менен да байланышта болушкан.

11-июнь күнү Д.М. Скобелев күчтүү отряд менен Маргалаңдан келип, Сох жана Исфара өрөөндөрүнүн ортосунда жайгашкан Кара-Булак кыштагында абааттарды жана кыргыз-кыпчактарды талкалаган. 12-июнь күнү ал андан ары Лейлекке жөнөп, жолдо абааттардын мал-мүлкүн талап-тоноп, кыштоолорун өрттөп жүрүп олтурган.

Июнь айынын ортосунда Чимион уездинде көтөрүлүшчүлөрдүн дагы бир тобу пайда болгон. Алар ичкиликтердин нойгут уруусунун бийи Молдо Ашырдын жетекчилигиндеги жигиттер эле. Нойгуттардын башка бийлери Касым менен Абдылда ал мезгилде Кара-Булакта жүрүшкөн. Буларга каршы алгач Чимион уездинин башчысы Ляшевскийдин казак-орустардан жана жергиликтүү жигиттерден турган чакан отряды жөнөгөн. 18-июнда алар Ноо жайлоосуна кире бериштеги Зардалы кыштагында көтөрүлүшчүлөр коргонуп жаткан чыңдоону ала алышпастан, Кан кыштагына кайтууга аргасыз болушкан. Ляшевский Сох кыштагынын жанында жайгашкан орус отрядынын аскер башчысы Сполатбогдон көмөк сурап кайрылган. Жүздөй киши менен Сполатбог Кан кыштагына келип, 21-июнда Ашырдын кошуунуна каршы жөнөгөн. Ашыр 600дөй жигити менен Ноо жайлоосунда жазалоочуларды күтүп жаткан. 23-июнда болгон бул салгылашууда Ляшевский менен

[1] *Кененсариев Т.* Кыргызстандын Орусияга каратылышы. – Б., 1997. - 290-б.

Сполатбог кыргыздарды багындыра албай, чегинүүгө аргасыз болгон. М.Д.Скобелев орус аскеринин мындай жеңилүүсү жергиликтүү элдин духун көтөрүүгө шарт түзөт деп, Сполатбогдун аракеттерине катуу нараазычылык билдирген[1].

Ошентип, Баткен аймагынын Зардалы капчыгайында орустардын аскерлери биринчи жолу чегинүүгө аргасыз болушкан.



Кокон хандыгынын тарыхында өзгөчө орду бар Полотхан деген ысым менен атагы чыккан **Молдо Исхак Асан уулу**. Ал Кокон хандыгына каршы элдик кыймылды жетектеген. Бирок ал көтөрүлүштүн бирден-бир жетекчиси болгон эмес, бийликти көтөрүлүшчүлөрдүн айрым отряддарынын жол башчылары менен бөлүшкөн. Алардын ичинде анжыяндык кыргыз Мамыр Мерген уулу жана анын чаткалдык уруулашы Момун Шамурзак уулу кыйла белгилүү болгон.

1875-жылы Кокон үстөмдүгүнө каршы кыргыздардын көтөрүлүшү элдик кыймылга өсүп жеткен. Кыргыздар өзбек дыйкандардын колдоосунда Ферганан кыштактарын жана шаарларын ээлешкен. Кудаяр хан орус аскер отрядынын коргоосунда Ташкенге качкан. Расмий түрдө жаңы хан болуп анын уулу Насреддин жарыяланган. Бийлик ушундан кийин көтөрүлүш басылат деп үмүттөнүшкөн. Бирок тилекке каршы, ал ого бетер күчөгөн. Көтөрүлүшчүлөр Насреддинге каршы туруп Исхакты гана таанышкан, албетте аны Пулат деп аташкан.

1875-жылы 9-октябрда көтөрүлүшчүлөрдүн армиясы Коконду ээлеген. Насреддин атасы Кудаяр хан сыяктуу эле Түркстан бийлигинин коргоосунда качкан. Падыша өкмөтү мурда кабыл алынган келишимдик милдеттенмелеринин алкагында Кокон хандыгынын аймагына өз аскерлерин киргизген. Мурдараак эле Россиянын букаралыгын сураган, хандык тиранияга каршы күрөштө Россиядан жардам күткөн көтөрүлүшчүлөр ханга жардамга келген падыша отрядынын келишин таң калуу менен байкап турушкан. Пулат газабат («каапырлар» менен согуш) жарыялаган. Анын максатташтары катары феодалдар Абдырахман автобачы жана мурунку Алай башкаруучусу Алымбек датка менен Курманжан датканын уулу Абдылда бек чыккан. Пулат хан падыша аскерлеринин чабуулуна каршы турууга аракеттенген, бирок Анжыяндын

---

[1] *Кенесариев Т.* Кыргызстандын Орусияга каратылышы. – Б., 1997. – 291-б.

жанында да, Асакенин жанында да жеңилүүгө учураган. 5 миң аскери менен Үч-Коргонго өткөн Пулат ханды капысынан барон Меллер-Законельскийдин отряды кууп жеткен. Көтөрүлүшчүлөрдүн арасында дүрбөлөң башталган жана алар иш жүзүндө каршылык көрсөтүүнү токтотушкан. Пулат хан анча чоң эмес отряды менен Алайга качууга үлгүргөн. Орус аскерлерине баш ийүүнү каалабаган көтөрүлүшчүлөр репрессиядан коркуп, тоого качышкан.

Көтөрүлүшчүлөрдү тынчтандыруу боюнча «Аскердик-илимий» экспедицияны полковник М.Д.Скобелев жетектеген. Кокон хандыгына 1875-жылдын 25-декабрынан 1876-жылдын 7-февралына чейин согуштук окуялар жөнүндө толук билдирүүдө отряддын командачысы М.Д.Скобелев кокондуктардын көтөрүлүшчү аскерлеринин негизги күчү кыргыздар жана кыпчактар болгонун билдирген.

Мыкты куралданган падыша аскерлери менен кыргыз көтөрүлүшчүлөрүнүн чачкын отряддары согуша алышкан эмес, алар тоого качышкан. Жарадар болгон Пулат хан 1876-жылдын 18-февралынан 19-февралына караган түнү өзүнүн эле шакирттери тарабынан колго түшүрүлгөн жана падыша бийлигине берилген. 1876-жылы 1-мартта Маргаланда көптөгөн элдин катышуусунда аскер сотунун өкүмү боюнча Молдо Исхак Асан уулу өзүн-өзү хан деп жарыялаган деп таанылган жана аянтта дарга асылган[1].

1873-1876-жылдардагы Кокон хандыгына каршы жалпы элдик көтөрүлүшкө Баткен аймагынын калкы да активдүү катышкан жана көтөрүлүштүн бир канча урунттуу окуялары, биз жогоруда маалымдагандай, мына ушул аймактарда болуп өткөн хандыктын мыйзамсыз аракеттерине каршы жалпы калктын бирдиктүү куралдуу күрөшү уюшулуп, анын башында элдин мыкты уулдары турган.

Орус окумуштуусу жана саякатчы А.П.Федченко 1871-жылы жайында ушул аймакка келген. Ошол кездеги Кокон хандыгындагы коомдук – саясий абал тынч эмес болгондуктан «жарым паша» Түркстан генерал-губернатору К.П.Кауфмандын Кудаяр ханга атайын катын алып келген. Ал катта:

«Жогорку даражалуу хан!... Мен сизге өзүмө караштуу окумуштуу Федченко мырзаны жөнөтөмүн, саякаттын максаты тынчтык мүнөздө жана эң пайдалуу: ал Кудай тарабынан жаралган жана адамдарга пайда алып келүүчү өсүмдүктөр жана тирүү жандыктар дүйнөсүн изилдейт… Сиздин уруксат берүүнүзгө ишенүү менен мен Федченко мырзага төмөнкү жерлерди изилдөөнү тапшырдым:

1. Кокондон Исфанага, андан ары Варух аркылуу Зеравшан тоолоруна;

---

[1] Биздин Кыргызстан:популярдуу тарыхый энциклопедия. – Б., 2004. – 91-б.

2. Вадиль жана Үчкоргон, андан ары Каратегин ашуусуна;

3. Ош жана анын түштүк тарабындагы Кокон ээлигиндеги тоолорго;

4. Терек – Давань ашуусу жана андан ары кайсы бир ашуу аркылуу Арпа өрөөнүнө».

Кудаяр-хан окумуштууну ак көңүлдүүлүк менен кабыл алып, парча халат жаап, инайатнаме – грамота жазып берген: «Маргилан, Андижан, Шаарихан, Араван жана Булак-Башы аймактарынын, Ош, Үч-Коргон, Чимион, Сох, Исфара, Чарку, Варух шаарларынын башкаруучуларына, аминдерине, саркерлерине жана башка жетекчилерине жогорку даражадагы буйрук берилет: бир аялзаты менен алты орус адамы үй-бүлө кызматчылары менен бирге тоолуу өлкөнү буйрук боюнча көргөнү баратышат, ар бир аймакта, ар бир жерде аларды мейман катары кабыл алышсын, аларга көчмөндөрдөн, сарттардан эч ким тийишбесин, жогоруда аталган орустар өздөрүнүн саякатын тынч жана көңүлдүү өткөрүшсүн, буйрук каршылыксыз аткарылууга тийиш. Сейид Мухаммед Худаяр-хан»[1].

А.П.Федченконун экспедициясы 1871-жылы Кокондон Исфара, Чарку аркылуу Варухка келип, анда түнөгөндөн кийин, Зеравшан тоолорундагы муздуктарга чейин барып келген. 27-июнь күнү Сохко карай жол тарткан. Алар тоо арасындагы суусуз кокту аркылуу жүрүшүп, кыргыздар жердеген Кык айылына, андан Каракол аркылуу Кара-Булакка келишип, анда түнөшкөн. Каракол өрөөнүнүн тоолуу коктусу менен жүрүп олтуруп, анын жаратылышы жана андагы алтыгана, шилби, чекенде, акчечек сыяктуу өсүмдүктөр дүйнөсү менен таанышкан.

Ал күндөлүгүнө: "Кара-Булак айылы кенен түздүктүн бир четинде жайгашып, анын түндүк бөлүгүн Фергана өрөөнүнөн кыска тоолор бөлүп турат, батышы Исфара өрөөнүнөн, чыгышы Сох дарыясынан чектелет. Кенен суусуз талаасы кыргыздар үчүн кыштоого ыңгайлуу, Кара-Булак өзү үчүн сууну Калак дарыясынан алат, июлдун акырында ал суу азайып, кичинекей булак суусундай болуп калат.

Кара-Булакта жалаң кыргыздар жашашат, алар арпа, буудай, сулу, беде айдашат, дарактардан тал жана терек бар. Кара-Булак деңиз деңгээлинен анча бийик эмес, ал эми мындагы бак-дарактардын аздыгы ага тиешелүү эмес, мында кыргыздардын жашагандыгында. Алар дыйканчылык менен алектенишкенине аз гана убакыт болгон болуу керек. Ал эми булар менен жанаша аймактарда жашаган тажиктер же сарттар дыйканчылык менен алектенишет. Кыргыздар көчмөнчүлүк турмуш менен күн кечиришип, дыйканчылыкка маани беришпеген. Мындай көрүнүш Кара-Булак айылына эле эмес, бардык кыргыз айылдарына тиешелүү.

Кара-Булак түздүгүнүн асты жагында Бужум-Баткен деген кыштак бар, алар эмне үчүн бир аталышта аталып калган, бирок экөө эки кыштак.

---

[1] *Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан. – М., 1950. – С. 392.

Кара-Булактан Исфарага баруу үчүн Баткен аркылуу, Чаркуга Бужум аркылуу өтүү керек, мага айткандары боюнча Баткенде пахта айдашып, кудук суусу менен сугарышат[1]",– деп жазган.

Орус окумуштуусу жана саякатчы А.П.Федченко Кара-Булактан Сохко барып, анда Дара капчыгайы аркылуу Каратегинге кетүүчү жолго абдан кызыккан.

"Россиянын саякатчысы бул аймакка окумуштуу катары тынчтык максатта, өсүмдүктөр жана тирүү жандыктар дүйнөсүн изилдөө үчүн эле атайын ат арытып, келген эместир", -- деген ой туулат. Анткени Падышачылык Россиянын окумуштуулары, соодагерлери Орто Азия аймактарын түрө кыдырышып, мындагы жердин абалын, элдин маанайын иликтешип, андан кийин аны каратып алууга аракет жасабады беле. Кокон хандыгындагы саясий абал тынч эмес болуп тургандыктан, ошол кездеги саясий абалды байкоо, стратегиялык маанилүү багыттарды чалгындоо максаты да болгондур деген ой пайда болот. Анткени ал уруу башчылары менен да аңгемелешип, мына ушул жол менен Каратегинге карай кетүүчү ашууларга чейин абдан кызыккан, бирок жол баштоочулар бул жолдун абдан кыйын, коркунучтуу экендигин эскертишип, Шахимардан тарапка алып кетүүгө араң ынандырышкан.



Кокон хандыгы негизделген учурдан тартып, анын жоюлуш мезгилине чейинки саясий, ички, тышкы ж.б. маселелерине жана жетекчилик кызматтарына кыргыздар, анын ичинен Баткен чөлкөмүнүн инсандары түздөн-түз катышып келген.

Атап айтканда **Акбото бий Рахимбий уулу** (болжолу XVII к. аягы – XVIII к. 30-жж. ортосунда жашаган) – XVIII к. башында Кожент вилайетинин башкаруучусу болгон. Тарыхый маалыматтар боюнча ал Бухара ханы Убайдулланын (1702-1711-жж. башкарган) ишеничине ээ болуп, Фергана өрөөнүнүн түштүк-чыгышындагы Кожентин аймагын калмак баскынчыларынан коргоочу кошуундун башчылыгына дайындалган. Бул аймакта Акбото бийдин саясий аброю өскөндүктөн, Кокон хандыгынын негиздөөчүсү Шахрук бийдин жалгыз кызына үйлөнүп, өзүнүн кызын анын уулу Абд ар-Рахим бийге турмушка берген.

Көчмөндөрдүн салтында күчтүү бийлөөчү гана башка бий атаандашынын кызын аялдыкка алуусу шарт экендиги маалым. Мындан биз Шахруктун бийликке келишине Акбото бийдин жардамы чоң экендигин билебиз.

---

[1] *Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан. – М., 1950. – С. 301.

Мухаммед Хаким Хандын 1842-жылдары жазылган "Мунтахаб-ат-Таварихинде": "Кожентте болсо бийлик добулбасын Мухаммед Рахим Аталык Юздун уулу Акбото бий согуп турду. Кудайдын буйругу жана мандайга жазган насиби ушундай: Акбото бий Шахрук аталыктын кызына куда түштү, (ага) чоң той жана салтанат менен үйлөндү; Рахим-ханды кызматка алып бийлик чылбырын ага тапшырып, өзү болсо жашоонун кумарына чөмүлдү.

Ошондон кийин Рахим-хандын даңкы бүткүл дүйнөгө тараганда, Акбото-бийдин сарбаздары ага карасанатайлык ойлой башташкан эле. Муну уккан Акбото-бий коркуп кетип, Рахим-ханды кармоого аракет жасаган.

Бул жөнүндө кабардар болгон Рахим-хан Акбото бий Кожент сепилинде таттуу түш көрүп жаткан учурунда, өч алууну эңсеген, канжар кармаган бир нече баатырлар менен келди... Падышанын ордосуна өлүм үрөнүн алып келгендер капысынан канжардын миздери менен аны (Акбото - бийге) жана ай жүздүү балдарына өлүм суусундугун ичиришти, ордунан козголгус кылып салышты! Ошол эле түнү алардын сөөгү жерге көмүлгөн болчу. Кожентке өзүнүн иниси Абд ал-Карим бийди дайындаган[1]",– деп жазылып, Акбото бийдин Кожентти кантип башкарып тургандыгын жана ал учурдагы кырдаалды толук баяндаган.

Кокон хандыгындагы атактуу адамдардын бири, аскер башы Алымкул аталык 6-7 жашка чейин Баткенде, тагасы Молдо Дос Акундукунда жүрүп, ушул жерден окуп, сабаттуу болгон. Ошондой эле Исфаранын акими кыргыздардын абаат уруусунан чыккан Сатыбалды датка алайлык кыргыздардын башчысы Алымбек датка менен биригип, Шералы ханды жок кылышып, анын ордуна Мурат ханды олтургузууга катышкан.

Баткен жергесинин тургундары Кокон хандыгынын – мамлекеттүүлүгүнүн тушунда көчмөн турмушта гана жашабастан, мамлекеттик мыйзам эрежелери менен жашоого, бийлик органдарынын буйруктарын аткарууга, салык төлөөгө калыптанышкан. Хандыктын мыйзамдары элдин талабына шайкеш келбеген учурда ага каршылык билдиришкен, көтөрүлүштөргө чыгышкан, айрым көтөрүлүштөр жалпы элдик боштондук кыймылдарына чейин жеткен. Баткен чөлкөмүнүн инсандары хандыктагы көпчүлүк саясий окуялардын түздөн-түз катышуучусу да болгон.

Кокон хандыгынын тушунда бул чөлкөмдө жалпы орто азиялык маданият менен кошо жалпы орток тил – чагатай тили калыптанган жана ал тилде мамлекеттик иш кагаздары жүргүзүлүп турган.

1876-жылы 19-февралда орус аскерлеринин басып алуусунун натыйжасында Кокон хандыгы жоюлуп, анын ордуна Россия

---

[1] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары. – Б., 2002. – 329-б.

империясынын Туркестан генерал-губернаторунун курамындагы Фергана областы түзүлөт.

Фергана областынын түзүлүшү жана бул аймактын Падышачылык Россиянын курамында болушу менен бир канча саясий жана экономикалык өзгөрүүлөр жүрө баштайт. 1886-жылдан тартып, "Түркстан чөлкөмүн башкаруу жөнүндөгү Жобо" күчүнө кирет.

Падышачылык Россиянын башкаруу системасы жарым-жартылай аскердик мүнөздө болгон. Областтар менен уезддердин башында падыша офицерлери, участкалык приставдар турган. Алардын көзөмөлү менен жергиликтүү манаптар, байлар болуштукка же старчындыкка шайланган. Кийинчерээк аскер губернатору кааласа шайлоо өткөрбөй эле болуш, старчындарды шайлоо укугуна ээ болгон. Болуштар падышалык чиновниктердин буйруктарынын аткарылышына, алык-салыктардын өз убагында жыйналышына көзөмөлдүк кылган. Старчындар болсо болуштарга баш ийип, алардын көрсөтмөлөрүн аткарган. Жергиликтүү бийликти жүргүзүүгө булардан тышкары айыл аксакалдары, бийлер жана казылар катышкан.

Падышачылык Россиянын Борбордук Азиядагы жана Кыргызстандагы колонизатордук саясаты негизги себептеринин бири Россиянын борбордук бөлүктөрүнө батпай калган дыйкандарды бул жакка көчүрүү болгон. Бул максатты ишке ашыруу үчүн Кыргызстан Россияга каратылгандан баштап эле бул жакка дыйкандар көчүп келе баштаган. Падыша бийлиги көчүп келген орус дыйкандарына дыйканчылыкка ыңгайлуу, суулуу, түшүмдүү жерлерди жергиликтүү калктан тартып бере баштаган.

Жергиликтүү калктан тартылып алынган жерлерди мыйзамдаштыруу үчүн падыша өкмөтү 1891-жылы атайын "Талаа жобосун" иштеп чыккан. Ал боюнча кыргыздар көчүп-конуп жүргөн жерлердин баары мамлекеттик деп эсептелген. Бул "жобо" боюнча кыргыздардын айдоо жерлери ал тургай жайыттары да каалаган учурда тартылып алынмак. Мындан жалпы эл, дыйканчылык менен тиричилик кылган карапайым калк өзгөчө жапа чеккен.

Бирок, Баткен районунун аймагында мындай түшүмдүү жерлердин аз болгондугуна байланыштуу жана бул аймакка каттоочу жолдун татаалдыгынан орус дыйкандары келген эмес.

1881-жылы Фергана областы 7 уездден турган: Чуст, Наманган, Андижан, Ош, Исфара, Маргилан жана Кокон. Анда баары 689820 адам жашап, анын ичинен шаардыктар 124850, отурукташкандар 414990, көчмөндөр 149980 адам болгон. Ал эми Г.Яворскийдин маалыматы боюнча: Чуст уэздинде 2406 түтүн, Наманганда 3063, Андижанда 10470,

Ошто 4747, Маргиланда 1610, Исфарада 5128 түтүн, бардыгы 27424 үй-бүлө жашаган[1].

Жогорудагы тарыхый эмгекте көрсөтүлгөндөй Исфара аймагы (анын ичинде Баткен аймагы) жаңыдан Россия падышачылыгынын курамында түзүлгөн 7 уезддин бири катары катталган. Ал эми Фергана областынын жалпы калкынын 18,1% шаардыктар, 60,2% отурукташкандар болуп, көчмөндөр 21,7% түзгөн. Демек мындан бул аймакта жашаган калктын дээрлик бештен бир бөлүгү шаардыктар, бештен үч бөлүгү отурукташкандар, ал эми бештен бир бөлүгү көчмөндөр болгон. Бул көрсөткүч ошол мезгилде бул аймакта негизинен шаардык жана отурукташкан маданияттын өкүм сүргөндүгүн айгинелейт.

Исфара уездинде жашаган үй-бүлөлөр жалпы областтагы үй-бүлөлөрдүн 18,7% түзүп, мындагы үй-бүлөлөрдүн саны Андижандан кийинки орунда болуп, Ош, Наманган, Чуст жана Маргилан уезддеринен көп болгон.

Бул мезгилде Россия падышачылыгынын мыйзамдары колдонулуп, жергиликтүү калкка саясий жана маданий жактан таасир эте баштаган, башкарууда шайлоо тартиби киргизилип, бай-манаптык бийликтин укумдан- тукумга мурас катары өтүшү токтотулган. Россиялык мыйзамдарга ылайык жогорку жана жергиликтүү бийликтеги баш аламандыкка жана өзүм билемдикке чек коюла баштаган.

Падышачылык Россиянын карамагына киргенден кийин бул аймактагы өнөр жайлуу тармактар: Кызыл-Кыя, Сүлүктү жана Шурап көмүр кендерине орус ишкерлери келе баштаган. Алар бул аймактардагы оор өнөр жайларын өнүктүрүү менен, көмүр казып алууну көбөйтүп, ага жергиликтүү калктан жумушчуларды тарта баштаган. Натыйжада алгачкы пролетариат табы пайда болуп, бул аймакта т.а. Кызыл-Кыя жана Сүлүктү шаарларында Кыргызстанда биринчилерден болуп Кеңеш бийлиги орногон.

---

[1] *Яворский И.* Опыт медицинской географии и статистики Туркестана. ч.1, –СПб., 1889. – С. 320.

# II бап. БАТКЕН РАЙОНУ КЕҢЕШ ДООРУНДА

## 2.4. Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдары жана Баткен аймагындагы саясий кырдаал (1924-1934-жж.)

Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдарында Фергана өрөөнү толугу менен Түркстан АССРнин курамына кирген (1917-1924-жж.) жана административдик бөлүнүү боюнча Фергана (негизги бөлүгү) жана Самарканд (Ходжент уездинин курамына кирген батыш бөлүгү) областтары болуп экиге бөлүнгөн. Бул областтарды административдик-аймактык жактан улуттук жиктештирүү жараяны башталганга чейин эле Кеңеш доорундагы анча-мынча өзгөртүүлөрдү эске албаганда, колониалдык башкаруу мезгилиндеги чек аралар жана аймактар өзгөрүүсүз калган.

Түркстан АССРи жана анын курамындагы Фергана өрөөнү 1917-1924-жж. аралыгында административдик-аймактык жактан реформалоого жана өзгөртүүгө бир нече жолу туш болгон. Бул мезгилде жүргүзүлгөн административдик-аймактык реформаларда жергиликтүү калктын кызыкчылыктары эске алынбастан, акырында бир топ улуттук көйгөйлөрдү жараткан. Анткени Фергана өрөөнүндөгү элдин курамын сарттар, кыргыздар, кыпчактар, түрктөр, өзбектер, казактар, каракалпактар, кашкарлар, курамалар, тажиктер, татарлар ж.б. элдер түзгөн. Алар негизинен түрк тилдүү болушуп, баары ислам динин тутушкан, салты боюнча да бири-биринен көп айырмаланбастан бир аймакта, бир мамлекеттин (Кокон хандыгынын, Падышачылык Россиянын) карамагында жашап келишкен. Отурукташып, жарым отурукташып, көчмөн турмуш кечиришип, чарбачылык, соода жана маданий жактан тыгыз байланышта болушкан.

Большевиктер партиясы бийликке келгенден кийин Орто Азияда өздөрүнүн таасирин бекемдөө үчүн 1917-жылы 22-ноябринде

«Россиянын жана Чыгыштын бардык мусулман элдерине» деген үндөөсүн басып чыгарып, анда россиянын мусулман калкынын толук эркиндиги жана ар тараптан тең укуктуулугу жарыяланган.

Өз тагдырын өзү чечүү укугун жүзөгө ашырышып, Орто Азия элдеринин 1918-жылы Түркстан Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын чегинде улуттук мамлекеттүүлүгү түзүлдү. 1918-жылы май айында Түркстан автономия болуп Россиянын курамына кирген.

Бул автономиялык мезгилде (1918-1924-жж) Орто Азиянын элдери үчүн бир мамлекеттин курамында болуу саясий жактан ыңгайсыз болгон. Анткени падышачылык Россиянын Түркстан автономиялуу генерал губернаторлугу андагы улуттардын жана элдердин саясий, аймактык, социалдык-экономикалык, маданий кызыкчылыктарын канаатандыра алган эмес. Жогорудагы коомдук-саясий турмуштун негизги факторлору катары эсептелген негизги маселелер тиешелүү деңгээлде чечилген эмес. Мисалы Түркстан АССРинин курамында мурдагыдай эле 4 областтын: Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана, Самарканд обласгарынын (анын ичинде Баткен аймагынын чыгышы Фергананын, батышы Самарканддын) курамында калып улуттук-аймактык жактан биригүүгө мүмкүндүк болбогон. Мында кыргыз улутунун азчылыгына байланыштуу ага анча көңүл бурулбаган, Түркстан АССРинин өкмөтүнүн курамында бир да кыргыз болгон эмес. Бул албетте, кыргыздардын кызыкчылыгын коргоого терс таасир эткен.

Дагы бир белгилей кетүүчү өзгөчө жагдай, бул мезгилде административдик-аймактык, географиялык өзгөчөлүктөр, мамлекеттик түзүлүштүн саясий жана экономикалык мүнөздөрү ж.б. маселелердин бири да чечилген эмес. 1924-жылы маалым болгондой Орто Азия жана Казакстандын аймагында үч өз алдынча мамлекет болгон: РСФСРдин курамындагы Түркстан АССРи, көз карандысыз Бухара жана Хорезм элдик советтик республикалары. Бул үч республика тең мурдагы Түркстан генерал-губернаторлугунун, Бухара эмиратынын жана Хива хандыгынын аймактык чегинде түзүлүп, ал Орто Азия элдеринин тарыхый жана этникалык жактан жайгашуусуна туура келген эмес. Бул болсо мындагы гүпкү элдердин этникалык биригүүсүнө, мамлекеттүлүктүн түзүлүшүнүн көйгөйлөрүн чечүүгө тоскоол болгон.

Кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүгүнүн башаты РСФСРдин курамындагы Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын түзүлүшү болгон. 1924-жылы анын улуттук-мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшүн жана бөлүнүшүн ишке ашыруу үчүн саясий шарттар түзүлгөн. Май айында болуп өткөн Түркстан Компартиясынын VIII съезди улуттук

бөлүнүштүн өз учурунда болуп жаткандыгын жана максатка ылайык экендигин белгилеген. 1924-жылы 11-майда РКП(б) БКнын Орто Азия бюросу улуттук бөлүнүштүн маселелерин иштеп чыгуу боюнча комиссиялардын, подкомиссиялардын ишин талкуулап, СССРдин курамына түздөн-түз кирүүсү менен Өзбек жана Түркмөн ССРлерин, ошондой эле Тажик жана Кыргыз автономия областтарын түзүү зарылдыгын тааныган. 1924-жылы 2-июнда Орто Азия бюросу комиссия тарабынан иштелип чыккан РКП(б) БКнын Саясий бюросунун Орто Азияны улуттук-мамлекетти бөлүштүрүү жөнүндө токтомунун долбоорун кубаттаган. Анда Өзбек ССРинин курамында Тажик АССРин уюштуруу жана түздөн-түз РСФСРдин курамына кирген Кара-Кыргыз Автономия областын бөлүү каралган. Ошондой эле жаңыдан түзүлгөн республикалардын жана автономия областынын чек араларын аныктоо үчүн аймактык комиссия уюштурулуп, аны тикеден-тике РКП(б) БКнын Орто Азия бюросу жетектеген. 1924-жылы 12-июнда РКП (б) БКнын Саясий бюросу Орто Азиянын партиялык жана кеңештик уюмдарынын сунуштарын талкуулап, «Орто Азия республикаларынын улуттук – мамлекеттик бөлүнүшү жөнүндө» (Түркстан, Бухара, Хорезм) тарыхый токтомду кабыл алган. 1924-жылы 16-сентябрда Түркстан БАКтын кезексиз чакырылган сессиясы улуттук-мамлекеттик бөлүнүү жөнүндө токтом кабыл алган. 1924-жылы 14-октябрда Москвада ББАКтын 2-сессиясы ачылып, ал Орто Азия элдеринин улуттук – мамлекеттик бөлүнүшү жөнүндө чечим кабыл алган.

Ошентип, Түркстан АССРинин, Бухара жана Хорезм элдик союздук республикаларынын аймактарын улуттук-аймактык жиктештирүүнүн натыйжасында Өзбек жана Түркмөн ССРлери (1924-жылы 27-октябры), Өзбек ССРинин курамында Тажик АССРи (1924-жылы 14-октябры), Казак АССРинин курамында Кара-Калпак автономия областы (1925-жылы 11-майы), РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз Автономия областы (1924-жылы 14-октябры) түзүлгөн[1].

Натыйжада кыргыз эли 1924-жылы автономиялуу областын үлгүсүндө улуттук – мамлекеттүлүккө ээ болгон. Бул кыргыз элинин тарыхына XX кылымдын башкы окуясы катары кирген.

Бул жөнүндө ББАКтын токтомунда: «...Кара-Кыргыз элинин дыйкан жана жумушчу массасынын жалпы ой-мүдөөсүн, каалоосун аткаруу максатында Кара-Кыргыз элине Түркстан АССРинин

[1] К вопросу государственного строительства Советского Киргизстана (1924-1937 гг.) Сборник документов. – Ф., 1974. – С. 26

курамынан чыгып, РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз Автономиялуу областын түзүү укугу берилсин[1]» - деп жазылган.

Кыргыз Автономия областынын түзүлүшү – кыргыз элинин кылымдардан берки ой-мүдөөсүн чагылдырып, анын эркиндик жана көз карандысыздык үчүн өзүнүн этностук бүтүндүгү жана маданий жашоосу үчүн күрөштөгү жеңишин бекемдеген тарыхый зор маанидеги акт болгон.

Ошол мезгилде Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын курамында: 75 волость, 6 шаар, 721 кыштак жана 5 хутор болгон, анда 833894 адам жашаган, анын ичинен кыргыздар – 510061 (61,2%), орустар – 138681 (16,6%), өзбектер 146041 (17,5%), казактар 13170 (1,6%) башка улуттар 25936 (3,1%) болгон[2].

Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын административдик-аймактык бөлүнүшү: Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын аймагы 195746 км$^2$, ага Андижан уезди (10 волость, Жалал-Абад шаары кошо), Наманган уезди (2 волость), Ош уезди (13 волость Ош шаары кошо), Сыр-Дарыя уезди (14 волость). Жети-Суу областындагы Нарын жана Каракол уездеринин бардык аймагы, 1.Георгиевской, 2.Зачуйской, 3.Каракуннуской волосторунан сырткары Пишпек уезди[3].

Областтык революциялык комитет убактылуу Ташкент шаарына жайгашкан. Автономиялуу областтын түзүлүшү элдердин иш жүзүндөгү теңсиздигин жоюу процессинин тездешине жана патриархалдык – феодалдык саркындыларды жоюуга шарт түзүп, эмгекчи массаларды мамлекетти башкарууга кеңири тартууну камсыз кылган жана алардын социализм үчүн күрөшүн активдештирип, элдин турмушун социалдык негизде кайра курууга, экономикасы менен маданиятынын андан ары өнүгүшүнө, кыргыз элинин социалдык улут болуп калыптанышына объективдүү шарттарды түзгөн.

1924-жылы 21-октябрда ББАКтын Президиуму Кара-Кыргыз Автономия областынын аймагындагы революциячыл бийликтин жана мамлекеттик башкаруунун убактылуу органы катары анын ревкомунун курамын бекиткен. Анын төрагалыгына Кеңеш бийлиги үчүн активдүү күрөшүүчү И.Айдарбеков бекитилген. 11-ноябрда Облревкомдун 1-пленуму болуп өткөн. 1925-жылы жазында областта Кыргыз автономия областынын (КАО) Кеңештеринин 1-Уюмдаштыруу съездине делегаттарды шайлаган советтердин округдук съезддери болуп өткөн. 1925-жылы 27-мартта КАОнун Советтеринин 1-Уюмдаштыруу съезди

---

[1] К вопросу государственного строительства Советского Киргизстана (1924-1937 гг.) Сборник документов. – Ф., 1974. – С 27.
[2] Ошондо, – С. 47.
[3] КР Борбордук мамлекеттик архиви. – 20-фонд, 1-тизим, 2-сактоо бирдиги, 1-барак.

чогулуп, ал КАО жөнүндө жобону кабыл алган. Кыргыз элине өз аймагы бекитилип, ага мамлекеттүүлүгүн өнүктүрүү, өлкөнүн чарбалык, саясий, коомдук турмушунун бардык тармактарына активдүү катышуу укугу берилген. КАОнун облаткомунун биринчи төрагалыгына А.Орозбеков шайланган.



**Абдыкадыр Орозбеков** – кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхында мыйзамдуу түрдө 1925-жылдын март айында Кыргыз мамлекетинин биринчи жетекчиси – Кара-Кыргыз автономиялуу областынын Борбордук Комитетинин Аткаруу Комитетинин төрагасы болуп шайланат. Мамлекет башчысы катары Автономиялуу областты РСФСРдин курамынан чыгарып, Кыргыз Советтик Социалисттик Автономиялуу Республикасын түзүү боюнча 1926-жылы 18-ноябрда ВЦИКтин III сессиясына сунуш кылган. Бул аргументтүү сунуш канааттандырылып, 1927-жылы мартта Кыргыз АССРи түзүлөт. Анын жетекчилигине А.Орозбеков шайланат. Ал бул кызматта иштеп, кеңеш бийлигин орнотуу, жер-суу реформасы, бай-манаптардын мал-мүлкүн ортолукка алуу, кедей-кембагалдарга, мардикер, чейрекерлерге жер, айыл чарба шаймандарын берүү, ашынган бай-манаптарды Кыргызстандын чегинен тышкары жактарга жөнөтүү, социалисттик түзүлүшкө кедерги болгон уруучулук үрп-адаттарды жоюу, 1930-жылдары коллективдешкен айыл чарбасын түзүү, алыскы райондордо жана кыштактарда колхоздук түзүлүштү өнүктүрүү, анын материалдык базасын чыңдоо, кетирилип жаткан кемчиликтерди оңдоо, жер айдоо, себүү, оруп-жыйноо жана башка реформаларды ийгиликтүү ишке ашыра баштайт.

А.Орозбековдун Кыргыз Республикасынын саясий документтеринин мамлекеттик архивиндеги өз колу менен жазылган, өздүк делолорундагы далилдер биз үчүн кызыктуу табылга болду.

А.Орозбеков өз өмүр баянында: “Мен мектепте окуганым жок, революциядан кийин кыргызча сабаттуулукка жана орус тилин үйрөнүүгө өз алдымча окудум, Ташкентте партиялык-советтик түзүлүш боюнча үч айлык курсту бүттүм. Төмөнкү билимим менен жалданма жумушка бала кезимден аралашкандыгымдан Кеңеш өкмөтү үчүн революциялык жолго түштүм. Мен бул иштердин баарын партия жана

өкмөттүн жетекчилиги менен аткардым. Алардын жетекчилиги менен социализмди куруу ишине акыркы күчүмө чейин аракеттенем[1]"- деп өзүнүн мекенчилдик сезимин билдирип, жаңы коомду куруу ишине өзүнүн берилгендигин көрсөткөн.

Ал атайын билими болбосо да, жаңы кыргыз алфавитинин Борбордук комитетинин төрагасы болуу менен жаңы алфавитти түзүү, басма ишин рационалдуу уюштуруу, иш кагаздарын жүргүзүү, окутуунун усулдарын иштеп чыгуу, кыска мөөнөттүү окууларды уюштуруу, жалпы эл массасын окууга тартуу, кыргыз тилин окутуу ж.б. маселелерди чечүүгө жетекчилик кылып, бир канча тарыхый-революциялык иштерди иш жүзүнө ашырган.

1930-жылдын август айында Ош округунда басмачылык кыймылдын күч алгандыгы менен өлкөнүн түштүгүндөгү коомдук-саясий абал оорлошот. Бул басмачылык кыймылдын уюштуруучулары бай-манаптар жана дин өкүлдөрү болгон. Алар колхоздорго каршы, кооперативдерди талкалоо, советтик кызматкерлерди жок кылуу, өз укуктарын кайра калыбына келтирүү деген ураандар менен чыгышкан. Басмачылардын башында Гаип жана Ярмат Максум сыяктуу элге таанымал инсандар болгон.

Өткөн кылымдын отузунчу жылдарында түштүк жергесинде басмачылык кыймыл күч алып, Кеңеш бийлигине каршы ар кандай күчтөр катуу таасир этип турган. Ал эми карапайым калк дини башка, тили башка, жаңы заманды курабыз деген инсандардан көрө өздөрүнүн айыл-кыштактарындагы илгертеден бирге жашап, ар кандай жакшылык-жаманчылыктарда, кыйынчылыктарда дайыма бирге болушкан бай-манаптардын, молдолордун, дин өкүлдөрүнүн сөздөрүнө көбүрөөк ишенишкен. Жаңы заман, кедей-кембагалдардын жаңы бийлиги, артел, колхоздук түзүлүш ж.б. боюнча таптакыр маалыматы жана түшүнүгү болбогон калктын аң-сезимине таасир этүүдө, ынандырууда жергиликтүү элден чыккан жетекчилер, таасирдүү адамдар жигердүүлүк менен аракеттенген. Мисалы, А.Орозбеков басмачыларды ээрчип жүргөн бир топ адамдарга жолугуу үчүн куралын таштап, өзү жалгыз барган. Аларга бир топ маселелерди түшүндүрүп, алардын коопсуздугуна кепилдик берип, үй-жайларына алып келген. Алар жер алышып, колхозго мүчө болушуп, жашоонун тынч жолуна түшүшкөн. Эгерде А.Орозбеков сыяктуу адамдар тарабынан ушундай аракеттер болбогондо карапайым калк дагы бир топ кыйналмак.

---

[1] А.Орозбековдун өздүк делосу Саясий документтердин борбордук мамлекеттик архиви. – 10-фонд, 1-тизим, 2800-сактоо бирдиги, 2-4-барактар

1930-жылдын 14-декабрында Кыргыз БАК өкмөттүк комиссиясынын Прездиумунун токтому менен басмачыларга каршы күрөшүү боюнча өкмөттүк Үчтүктүн төрагасы болуп, А.Орозбеков дайындалат. Анын жетекчилигинде Кызыл Армиянын чек ара жана ыктыярдуу отряддарынын, жер-жерлердеги жалпы элдердин активдүү катышуусу менен кыска мезгилде басмачылар жоюлуп, эл тынч жашоо жолуна түшөт.

Абдыкадыр Орозбеков Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшүнө тикеден-тике салым кошту, анын башында турду. Кыргыз автономиялуу областын түзгөндө кошуна өлкөлөр менен чек араларды тактоодо, айылдарды, райондорду бөлүштүрүүдө өтө чоң эмгек жасады. Автономиялуу областты автономиялуу республикага, аны союздук республикага айландырууда А.Орозбековдун эмгеги баа жеткис. Кыргыз мамлекетинин Конституциясын, структурасын түзүү да анын жетекчилигинде ишке ашты. Ал И.В.Сталин, М.И.Калинин менен жекеме-жеке бир нече жолу сүйлөшүүлөрдү жүргүздү, аларды ынандырды, СССР Жогорку Кеңешинин сессияларында Кыргыз өлкөсүнүн келечеги, проблемалары, чечүүгө тийиш болгон маселелери жөнүндө бир нече билдирүүлөрдү жасады. Кызыл-Кыя, Караван, Үч-Коргон, Лейлек, Баткен аймактары Фергана, Кожент уездерине карап калган болчу. А. Орозбеков СССР ББАКка чейин маселе коюп жүрүп, ал аймактарды акыры Кыргызстанга караткан.

1925-жылы Октябрь революциясынын 7 жылдыгына карата Алтын төш белги, 1932-жылдын март айында Өзбек ССРинин БАКнын Эмгек Кызыл Туу ордени, 1932-жылдын январында Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин Грамотасы, "Маузер" ок атуучу куралы жана мотоцикл менен сыйланган[1].

Абдыкадыр Орозбековдун бүткүл өмүр баяны, ишмердүүлүгү Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын түзүлүшү, түптөлүшү, калыптанышы менен тыгыз байланышкан. Ал Фергана өрөөнүнүдөгү бардык революциялык кыймылдарга катышты, эң негизгиси Маргилан, Фергана, Ош шаарындагы кедей-кембагалдар арасындагы бардык окуялардын чордонунда болуп, анын суугуна тоңуп, ысыгына күйдү. Өзүнүн бардык күчүн, тажрыйбасын, бүт өмүрүн революциялык ишке жумшады. Өзүнүн атайын билими болбогондугуна карабастан, жаңы социалисттик коомду куруу ишине баш-оту менен берилип иштеди. Карапайым калкты, коомчулукту өзүнүн калыстыгы,

---

[1] А.Орозбековдун өздүк делосу. Саясий документтердин борбордук мамлекеттик архиви. – 10-фонд, 1-тизим, 2800-сактоо бирдиги, 5-6-барактар.

келечекти көрө билгендиги менен шыктандыра билди. Кеңеш бийлигине ишенбегендерди ынандырды, басмачыларды ээрчиген карапайым калктар менен бетме-бет жолугушуп, аларды жашоонун тынч жолуна түшүрдү. Кыргыз, өзбек, тажик аралаш жашашкан аймактардагы улуттук маселелерге калыстык менен мамиле жасады. Жалпы карапайым калктын, ферганалык өзбектердин, үч-коргондук тажиктердин арасында чоң обройго ээ болду.

Кыргыз Республикасынын мамлекет болуп түзүлүшүнө жана калыптанышына, кыргыз элинин бүткүл советтик өлкөлөр менен бирге социалисттик коомду куруу ишине катышуусуна, басмачылар менен күрөшүү, жер реформасын ишке ашыруу, колхоздоштуруу, райондорду түзүү, айыл чарбасын, өнөр жайын өнүктүрүү, сабатсыздыкты жоюу, мамлекеттик түзүлүштү чыңдоо ж.б. уюштуруу, чарбалык иштерде Кыргыз Республикасынын биринчи мамлекет башчысы Абдыкадыр Орозбековдун салымы опол тоодой.

Бирок ал инсандын бул эмгектери даңазалоонун ордуна жалган жалаага кабылып, эл душманы катары кандуу репрессиянын курмандыгына чалынды, жада калса кыргыз эли-жери үчүн сиңирген эмгеги тургай анын аты да көп жылдар бою аталбай келди.

Акыры адилеттик өкүм сүрүп, бардыгы өз ордуна келе баштады. А.Орозбековдун жана анын бир нече тагдырлаштарынын күнөөсү жок экендиги аныкталды.

КПСС БКнын алдындагы партиялык контроль комитетинин чечиминен көчүрмө.

№ 139 п 102 1956-жылдын 30 июну.

Орозбеков Абдыкадырдын делосу (1918-жылдан бери КПССтин мүчөсү, партиялык билет № 1350942)

А.Орозбековду партиялык катарынан чыгаруу жөнүндөгү Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин 1937-жылдын 15-сентябрындагы токтомун жокко чыгаруу жөнүндөгү Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин 1956-жылдын 21-майындагы чечимине макулдук берилсин.

КПСС БКнын алдындагы Партиялык контроль
Комитетинин төрагасы: Н. Шверник[1].

А.Орозбековдун ак жерден, караланып, жалган жалаага кабылып, анын курмандыгына кабылгандан кийин 20 жылга жакын убакытта акталды. Ал өзү эле эмес үй-бүлөсү, жакындары, тууган-туушкандары,

---

[1] А.Орозбековдун өздүк делосу. Саясий документтердин борбордук мамлекеттик архиви. – 10-фонд, 1-тизим, 2801-сактоо бирдиги, 1-16-барактар

жолдоштору, бирге иштешкендери, санаалаштары да куугунтукка алынды. Кандуу репрессия учурунда айрым суу жүрөктөр А. Орозбековдун атын атоодон да чочуп калышты. А. Орозбеков бүт өмүрүн, бар күчүн сарптап өзү курган коомдун курмандыгына өзү чалынды.

Ата-бейиттеги 137 адамды изилдеп, тактап, аларды кайра кепиндеп көмүп, инсандык парзыбыздан кутулдук. Ал эми булардын алдындагы инсандык парзыбыз дагы эле карыз бойдон турат.

**Кыргыз Автономиялуу областы** түзүлгөндөн кийин эгемендүүлүккө жана мамлекеттик атрибуттарга ээ боло албаса да, улуттук – мамлекеттик түзүлүштүн үлгүсүндөгү мүнөзгө ээ болуу менен мамлекеттик деңгээлдеги милдетин аткарып, атайын бийликке, администрацияга, сотко, аткаруу бийлигинин жогорку органындагы өкүлчүлүгүнө ээ болуп, аймактык маселелерди чечүүгө катышкан. Мамлекеттик мекемелерде иш кагаздарын жүргүзүү, сот жараяндары, мектептерде окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн.

Автономиялуу областтын жетекчилиги, революциялык комитеттер өлкөнүн аймактык бирдиктерин кароо, райондоштуруу маселелерине өзгөчө көңүл бура баштаган. Архивдик документтерде белгиленгендей, Ош округдук революциялык комитети 1924-жылдын 29-декабрындагы заседаниесинде Ош округун административдик райондоштуруу жөнүндө маселе карап, төмөнкүдөй токтом кабыл алган:

"1.Караташ-Куршаб бириккен волосттору Куршаб волосту аталсын, борбору – Куршаб айылы.

2.Акбуура жана Тур бириккен волосттору Акбуура волосту аталсын, борбору – Дыйкан коому.

3.Өзгөн, Анжар жана Яссы бириккен волосттору Өзгөн волосту аталсын, борбору – Өзгөн айылы

4.Нойгут-Кыпчак жана Жалайден бириккен волосттору Нойгут-Кыпчак волосту аталсын, борбору – Баткен-Бужум айылы.

5.Алай жана Капчыгай волостторунун борборун аныктоо боюнча сунуш берүү Окрревкомдун административдик бөлүмүнө тапшырылсын.

6.Ош волосту жоюлуп, анын аймагы Кашкар-Кыштак жана Акбуура волосторуна өткөрүлсүн. Окрревкомдун административдик бөлүмүнө тез арада Ош шаарында кварталдык комитеттерди түзүү тапшырылсын.

7.Ош округунун аймагында 5 милициялык район бекитилсин:

Өзгөн району. Ага Өзгөн жана Куршаб волостору кирет.

Гулчө району. Ага Гүлчө, Алай жана Капчыгай волостору кирет.

Пригородный району. Араван, Кашкар-Кыштак, Акбуура волостору кирет.

Үчкоргон району. Ага Найман, Ичкилик жана Нойгут волостору кирет.

Нойгут-Кыпчак району. Ага Нойгут-Кыпчак, Лейлек, Жоокесек-Бостон волостору кирет.

Райондун борборлору төмөнкүдөй бекитилсин:

1-район – Өзгөн, 2-район – Гүлчө, 3-район – Ош, 4-район – Үч-Коргон, 5-район – Баткен-Бужум[1]».

Ошентип биз изилдеп жаткан Баткен аймагы Ош округдук революциялык комитетинин 1924-жылдын 29-декабрындагы чечими менен Нойгут-Кыпчак жана Жалейден волосторун бириктирип, Нойгут-Кыпчак волосту деп аталып, борбору Баткен-Бужум айылы аталган, ал эми Ош округунун аймагында түзүлгөн 5 милициялык райондун бири болгон.

Ош округдук революциялык комитетинин бул токтому Ош округун административдик райондоштуруу жөнүндө чыгарган биринчи чечими болгон. Ал эми Ош округун 5 аймактык бирдикке бөлүү жана Ош шаарында кварталдык комитеттерди түзүү боюнча бул чечим мамлекеттик деңгээлде аймактык бирдиктерди аныктоо боюнча чоң саясий мааниге ээ болгон.

Милициялык райондордун түзүлүшү менен ошол кездеги саясий кырдаалдын курч мезгилинде мамлекеттик түзүлүштүн коопсуздугун сактоо болгон.

Баткен аймагы Нойгут-Кыпчак волосту аталып, өзүнчө административдик – аймактык бирдикке ээ болуп, бул аймактын стратегиялык жактан өтө маанилүү экендигин дадилдеген. Анткени Баткен аймагы 1918-1924-жж. Түркстан АССРинин курамында болгон мезгилде бул аймактын чыгышы Фергана, батышы Самарканд областарынын курамында калып, биригүүгө мүмкүн эмес болгон.

Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын түзүлүшү менен бирге анын аймагын аныктоо, этникалык курамын тактоо, округдарга, райондорго бөлүштүрүү, жаңы чек араларды белгилөө иштери түйшүктөрдү жаратып, бир топ маселелер чечилгендигине карабастан, нараазычылыктар да болгон.

---

[1] КР Борбордук мамлекеттик архиви. – 20-фонд, 1-тизим, 118-сактоо бирдиги, 29-барак.

Ош округдук революциялык комитети 1925-жылы Баткен-Бужум волостун 9 айылдык кеңешке бөлүштүргөн: 1.Баткен-Бужум (борбору - Базар-Башы), 2.Кара-Булак (борбору – Каңсык), 3.Суу-Башы (борбору – Газ), 4.Кыштут (борбору – Таян), 5.Дара (борбору – Кан), 6.Рабат (борбору – Рабат), 7.Орто-Боз (борбору – Гойстам), 8.Лейлек (борбору – Баул), 9.Дара (борбору – Катыраң)[1].

Баткен-Бужум волостунда айылдык кеңештердин түзүлүшү – Кеңеш мамлекетинин жер-жерлердеги негизги ячейкасы болгон. Мындай түзүлүш Падышачылык Россиянын жана Кокон хандыгынын мезгилинен кескин айырмаланып, жаңы социалисттик коомду жер-жерлерде чындоого жана Кеңеш мамлекетинин чечимдерин аткарууга кеңири мүмкүнчүлүк түзгөн.

## 2.5. Чечилбеген чек ара маселеси

Баткен районунун тарыхы боюнча өз иликтөөбүздүн алкагында, 1924-27-жылдар аралыгында Фергана өрөөнүндөгү, тагыраак айтканда Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосундагы чек ара боюнча талаш-тартыш маселелерди изилдеп, архивдик жана башка тарыхый маалыматтардын негизинде төмөнкүлөрдү аныктоого далалат жасадык.

Кыргыз Автономиялуу областынын жетекчилиги ББАКтын Президиуму тарабынан 1925-жылдын 4-майында бекитилген Кыргызстан менен Өзбекстандын чек араларына макул эместигин, ал кыргыз элинин кызыкчылыгына туура келбестигин жана СССР Конституциясынын 2-статьясына ылайык РСФСР менен Өзбекстандын чек араларынын айрым жерлерин кайрадан өзгөртүү жөнүндө билдирүү жөнөткөн. Анда:

"1.Самарканд областынын Ходжент уездинин курамындагы Бөксө-Сибир, Исфана, Чапкылдык волосторун толугу менен Кыргызстанга өткөрүү керек, себеби:

– андагы калктын 75,07% кыргыздар, калганын тажиктер, ал эми 9,8% өзбектер түзөт;

–Бөксө-Сибир волостундагы 2975 адамдын 2759 же 93% кыргыздар;

–Исфана волостундагы 9080 адамдын 6876сы же 75% кыргыздар;

–Чапкылдык волостундагы 6700 адамдын 4438и же 66% кыргыздар;

–Чапкылдык волостундагы Бешкент коомунда гана тажиктер жашашат, ал эми калган 3 волостто негизинен кыргыздар жашашат;

---

[1] КР Борбордук мамлекеттик архиви. – 20-фонд, 1-тизим, 221-сактоо бирдиги, 22-барак

–бул волосттордун аймагындагы элдер кыргыз элинин негизги тобу ичкиликтердин сибирги уруусунан тараган;

–бул 3 волос биригип бир волостту түзсө, өз алдынча экономикалык жактан ыңгайлуу жагдай түзүлөт;

–бул волосттун элдери илгертеден эле өндүргөн айыл чарба продукцияларын Исфана айылындагы базарга алып барып сатышат;

–Майдан жана Гактабоз тоолорундагы жайлоолорду жалпы ортолукта пайдаланышат[1].

2.Исфара жана Сох волосттору сөзсүз түрдө төмөнкү негизде Кыргызстандын курамына өтүү керек:

–Исфара волостунда 20 тажик, 12 кыргыз, 5 өзбек кыштактары бар. Анда 27525 тажик, 5290 кыргыз, 3699 өзбек жашайт;

–Сох волостунда 8294 тажик, 380 кыргыз жашайт, бир да өзбек улуту жок;

–бул волостор Өзбекстандын курамында калган учурда узуну 80, туурасы айрым жерлерде 5-6 дан 0,5 верстке чейинки узун коридор пайда болуп, Түркстан тоо этектерине жана Каракуш-Ханга чейин жетип, Кыргызстандын аймагын бөлүктөргө бөлүп, Исфана, Нойгут-Кыпчак, Жоокесек-Бостон волостторун бири-биринен ажыратып, мамлекеттик тилкелерди жаратат;

– Исфана жана Нойгут-Кыпчак волостторунун башкаруу борборлору Исфара, Сох дарыяларынын өрөөндөрүнө жайгашкандыктан, эгерде бул өрөөндөр Кыргызстандан ажыратылган учурда өз деңгээлиндеги административдик-чарбалык аппаратты түзүүгө мүмкүнчүлүк болбойт; –Исфара, Сох волостторун бир аймакка бириктирүү негизги суу бөлүштүрүүнү гана колго албастан, чек ара сызыктарын түздөөгө, Кыргызстандын түштүк-батыш райондорун бириктирүүгө жана анда чарбалык-экономикалык багыттагы административдик-чарбалык аппаратты түзүүгө мүмкүнчүлүк берет;

– Исфара, Сох дарыяларын «Средазводхозго» өткөрүп берүү менен аны бирдей пайдаланууга өбөлгө түзүлүп, жасалма суу коридорлорун түзүүгө жол берилбейт;

–Исфана, Нойгут-Кыпчак, Жоокесек-Бостон волостторунун чек аралары волосттордун түпкү чек арасынан 10, 15 гр. түштүккө карай жылып Кыргызстандын 150-160 миң кв. версти Өзбекстандын аймагына 5000 адамы менен кошо өтүп кеткен;

–мындан тышкары Рабат, Орто-Боз, Кара-Булак, Баткен-Бужум айыл кеңештеринин жана Жоокесек-Бостон волостунун 3-4

---

[1] КР Борбордук мамлекеттик архиви. - 21-фонд, 1-тизим, 5-сактоо бирдиги, 166-барак

айылдарынын түндүк тараптарындагы кыргыз жерлери эч негизсиз эле кесилип салынган, бул чек ара сызыктары волосттордун түпкү чек ара сызыгы боюнча өтүүсү керек;

–Өзбекстандын Исфана, Нойгут-Кыпчак жана Жоокесек-Бостон волостторунун түндүк бөлүгүнө көз артуусу бул 3 кыргыз волостторунун түндүк аймагында жайгашкан Шурап көмүр шахтасын жана нефть кендерин өз аймагына каратуу болгон[1]».

Кыргызстандын бул сунушун колдоп РСФСР менен Өзбек ССРинин чек ара боюнча талаш-тартыштарын жөнгө салуу боюнча комиссиясынын докладын караган Кызыл депутаттар жана Жумушчу-Дыйкан Советтеринин ББАК Президиуму 1926-жылдын 30-августундагы заседаниесинин протоколунда:

…4. Өзбек ССРинин Исфара жана Сох волосттору азыркы чегинде Кыргыз Автономиялуу областына бириктирилсин.

5.Өзбек ССРинин Бөксө-Исфана жана Чапкылдык волостору Кыргыз Автономиялуу областына өткөрүлүп берилсин;

6.Бөксө-Исфана волостундагы Сүлүктү кенинин маселеси РСФСРдин ЭКОСОсунда каралсын деп жазылган;

Бул токтомду СССР БАК Президиуму 1926-жылдын 10-сентябрында карап, анын 5-пунктун гана канааттандырыган, б.а. Бөксө-Исфана жана Чапкылдык волостторун Кыргыз Автономиялуу областына өткөрүп берип, анын негизинде Исфана волостун түзгөн. Ал эми Исфара, Сох волосттору жөнүндөгү маселе каралбаган[2].


Кыргыз Автономиялуу областынын жетекчилигинин бул билдирүүсү ошол кездеги улуттук-аймактык кызыкчылыктарды чагылдырган абдан саясий маанилүү маселе болгон. Бөксө-Сибир, Исфана, Чапкылдык волостторунун аймагы азыркы Лейлек районунун 70-75%ын түзөт, эгерде бул аймак ошол кезде Кыргызстанга өткөрүлбөй калганда, анда өлкөбүздүн азыркы административдик аймактык бирдигинен бир район аз болуп, ошол кездеги үч волосттун калкы аймагы менен кошо Тажикстанда калмак.

Исфара, Сох волостторун Өзбекстанга калтыруу бул улуттук аймактын жиктелүү мезгилиндеги Кыргызстан үчүн, биринчиден, чоң жоготуу болсо, экинчиден, чек ара, жол, суу маселелери боюнча түбөлүк чечилбес проблема болуп калган.

---

[1] КР Борбордук мамлекеттик архиви. – 20-фонд, 1-тизим, 347-сактоо бирдиги, 37-42-барактар.
[2] Ошондо, – 21-фонд, 1-тизим, 5-сактоо бирдиги, 167-барак.

**Баткен (1925-жыл) №1 тиркеме**




Тарыхый булак: КР БМА , 21-фонд , 14-тизим, 1-сактоо бирдиги, 73-барак

1925-жылдагы Баткендин картасында Варухка чейинки бир, Сохко чейинки экинчи тилкени жаратышкан. Муну менен Өзбекстан тарап. биринчиден, Исфара жана Сох дарыяларынын жээктериндеги суулуу, түшүмдүү жерлерди өздөрүнө калтырышкан, экинчиден. Варух тилкесиндеги Шурап көмүр, САНТО нефть кендерине ээ болгон. үчүнчүдөн, эки тилке аркылуу да малдарды жайлоого жеткирүүгө ыңгайлуу деп эсептешкен, төртүнчүдөн, бул аймактарда калк жыш жайгашкан, бешинчиден, эки дарыяга тең кожоюндук кылышкан. Алардын мына ушундай бир тараптуу кызыкчылыктарынан улам Баткен району суулуу, түшүмдүү, кендерге бай, калктуу аймактардан. экономикалык борборлордон куру калып, эки анклавдын ортосунда калган.

**Документтүү материал**

*КАССРинин Советтеринин Борбордук Аткаруу комитетинин Президиумунун заседаниесинин 1927-жылдын 15-мартындагы №3-протоколунан көчүрмө. Фрунзе шаары.*

*Угулду: КырАССРи менен ӨзССРинин чек арасы жөнүндө (жол. Дублицкий)*

*Токтом кылды: ССР Союзунун БАК тарабынан бекитилген КырАССРи менен ӨзССРинин чек арасы Шахимардан дарыясынын жээги боюнча так жазылган, атап айтканда, Исфайрам дарыясынын төмөнкү аймагын камтып, Валякиш айылынан Кара Тава, Гульпион, Ляган айылдары кошо (Өзбекстанга калтырып) Алька-Кара тоо кыркасынын түндүгү аркылуу Ваудилден жогору Таш-Тепе (Өзбекстанга өтөт) менен Халмион (РСФСРге калат) ортосундагы 2820 бийиктикти камтып Шахимардан дарыясына келет, андан Өзбекстанга Курганча, Миндан жана Чимион айылдарын калтырып, жол аркылуу Сарыкамыш суу жээгине келет. мындан Шахимардан жана Иордан айылдары эч шартсыз эле КырАССРинин курамына кирүү керек. Азыркы учурда Өзбекстанга караштуу Шахимардан айылдык кеңеши тез арада жоюлуп, Шахимардан айылдык кеңеши Шахимардан жана Иордан айылдары менен кошо Ош кантонунун курамына кирүү керек. Ош кантондук аткаруу комитетине Шахимардан айылдык кеңешин уюштуруу жана каттоо сунуш кылынсын.*

*ССР Союзунун Борбордук Аткаруу Комитетине Орто Азияны райондоштуруу комиссиясынан Өзбек өкмөтү тарабынан ага караштуу Шахимардан айылдык кеңешин жоюу мөөнөтүн белгилөө суралсын.*

*Өзбек ССРинин өкмөтү Шахимардан айылдык кеңешин жоюу мөөнөтүн кечиктирген учурда ССР Союзунун Борбордук Аткаруу Комитетине чейин билдирилсин.*

*ССР Союзунун БАКтын 1926-жылдын 10-сентябрындагы № 60-токтомунун негизинде Өзбек ССРинин Бөксө-Исфана волостун жана Ханабад волостунун Бегават айылын КырАССРине өткөрүү каралган, Орто Азияны райондоштуруу комиссиясынан Өзбек өкмөтү тарабынан аталган волосту жана Бегават айылын КырАССРине өткөрүп берүү мөөнөтүн белгилөө суралсын.*

*Өзбекстан Кыргызстанга Бөксө-Исфана волостунун курамындагы Чуянчы, Замборуч, Жаркышлак жана Бегават айыл коомундагы Кызыл-Аяк айылдарын өткөрүп берүүдөн баш тарткан учурда, ал ССР Союзунун Борбордук Аткаруу Комитетинин токтомуна карама-каршы келет. Орто Азияны райондоштуруу комиссиясынан ССР Союзунун Борбордук Аткаруу Комитетинин токтомун ишке ашырууга көмөк көрсөтүүсүн суранат, кокус маселе чечилбей калган учурда ССР Союзунун ББАКка чейин жеткирилсин.*

*Тарыхый булак: КР Борбордук мамлекеттик архиви. – 21-фонд, 1-тизим, 5-сактоо бирдиги, 169-барак.*

Мындан Кыргыз Борбордук Аткаруу комитетинин позициясын толук түшүнүүгө болот. Демек, А.Орозбеков менен Өзбекстан БАКтын төрагасы Ахунбабаевдин оозеки келишиминин негизинде Шахимардан Өзбекстанга белекке берилген деген сөздүн эч кандай негизи жок.

Шахимардан жана Иордан айылдары боюнча 1927-жылдын 27-январында өткөн Өзбек ССРи менен КАОнун ортосундагы чек араны тактоо боюнча ССР Союзунун БАК Паритеттик комиссиясынын заседаниесине комиссиянын мүчөлөрү: Кульберешов – ССР Союзунун БАКнан, Мендешов –ББАКтан, Али-Ходжаев Өзбек ССРинен;

Кыргыз АО өкүлчүлүгү: Абдрахманов, Булатов, Гальперштейн, Фатянов жана Дублицкий;

Өзбек ССРинен: Хамутханов, райондоштуруу боюнча Орто Азия комиссиясынан Ярослав жана Морозов катышкан.

Төрага – Кульберешов, катчы – Морозов болгон.

Мына ушундан байкалып тургандай, паритеттик комиссиянын курамында Кыргыз Автономиялуу областынан мүчө жок болгон. Өзбек ССРинин өкүлчүлүгүндөгү эки адам Ярослав жана Морозов райондоштуруу боюнча Орто Азия комиссиясынан болушкан, алардын орду да, ролу да, баркы да чон болгон, ошондой эле Морозов заседаниеге катчылык да кылган. Мына ушундай курамдагы паритеттик комиссия өзбек тарапты колдобогондо эмне кылмак эле деген пикир жаралбай койбойт.

Бирок алар да аталган паритеттик комиссиянын токтомунда: жалаң тажиктер жашаган Сох волостун 20 000 калкы бар кыргыздар жашаган Күлдү, Баткен-Бужум волостору курчап турат, бул аймакта бир да экономикалык борбор жок, ошондуктан:

а).Сох волостун азыркы чегинде Кыргызстанга бириктирүү.

б).Кокон округунун пахтачылык райондорун Сох дарыясынын суусу менен камсыздоо зарылдыгын эске алуу, анткени көрсөтүлгөн райондордун баары ушул суу менен камсыз болгондуктан Сох дарыясынын системасын борбордоштуруп, Узбекводхоздун карамагына берүү.

в).Кыргыз өкүлчүлүгүнө Сох волостунда күрүч аянттарынын көбөйтүлүшүнө жол бербөө сунуш кылынсын.

г).Сох волосту түндүк жагынан мурдагы Жоокесек-Бостон жана Нойгут-Кыпчак волостору менен чектешкен, алар улуттук жиктешүүдө Риштан, Яйпан, Сох ж.б. өзбек волосторунун курамына кирген эмес, бул аймактын калкы кыргыздар, көрсөтүлгөн аймак Кыргызстанга бириктирилсин, ошону менен бирге бул аймактын бир бөлүгү…(?) Өзбекстанда калтырылат.

Жол. Али-Ходжаев өзгөчө пикирде калды…(?).

## Документтүү материал

*ӨзССРи менен КАОнун чек арасын тактоо боюнча ССР Союзунун БАК Паритеттик Комиссиясынын № 4-протоколу. 1927-жылдын 27-январы.*

*Катышкандар: комисия мүчөлөрү: жол. Кульберешов – СССР Борбордук Аткаруу Комитетинен.*

*жол.Мендешов - Бүткүл Союздук БАКтан.*

*жол.Али-Ходжаев - ӨзССРинен.*

*Өкүлчүлүктөр: КАОдон: жол. Абдрахманов, Булатов, Гальперштейн, Фатянов, Дублицкий.*

*ӨзССРинен: жол. Хамутханов, Орто Азияны райондоштуруу комиссиясынан жол. Ярослав, Морозов.*

*Торага: жол. Кульберешов. Катчы: ж. Морозов.*

*Угулду: Фергана волостунун Кокон округунун Сох волосту жөнүндө*

*Токтом кылды: 1. Жалаң тажиктер жашаган Сох волостун 20 000 калкы бар кыргыздар жашаган Күлдү, Баткен-Бужум волостору курчап турат, бул аймакта бир да экономикалык борбор жок, ошондуктан:*

*а). Сох волостун азыркы чегинде Кыргызстанга бириктирүү.*

*б).Кокон округунун пахтачылык райондорун Сох дарыясынын суусу менен камсыздоо зарылдыгын эске алуу, анткени көрсөтүлгөн райондордун баары ушул суу менен камсыз болгондуктан Сох дарыясынын системасын борбордоштуруп, Өзбексуучарбасынын карамагына берүү.*

*в).Кыргыз өкүлчүлүгүнө Сох волостунда күрүч аянттарынын көбөйтүлүшүнө жол бербөө сунуш кылынсын.*

*г).Сох волосту түндүк жагынан мурдагы Жоокесек-Бостон жана Нойгут-Кыпчак волостору менен чектешкен, алар улуттук жиктешүүдө Риштан, Яйпан, Сох ж.б. өзбек волосторунун курамына кирген эмес, бул аймактын калкы кыргыздар, көрсөтүлгөн аймак Кыргызстанга бириктирилсин, ошону менен бирге бул аймактын бир бөлүгү...(?) Өзбекстанда калтырылат.*

*Жол. Али-Ходжаев өзгөчө пикирде калды...(?)*

*2. Исфара волосту жөнүндө*

*Исфара волостун Кыргызстанга бириктирүү жөнүндөгү Кыргыз өкүлчүлүгүнүн сунушу канааттандырылбасын – Исфара волосту Өзбекстандын аймагында калтырылсын.*

*Шураб II көмүр кени жөнүндөгү маселе СССР БАК Президиумунда чечилсин.*

*Тарыхый булак: КР Борбордук мамлекеттик архиви. – 21-фонд, 1-тизим, 5-сактоо бирдиги, 177-178-барактар.*

Мындан көрүнүп тургандай а) пунктундагы чечим г) пунктундагы чечимге карама-каршы келип, паритеттик комиссиянын бир мүчөсү Али-Ходжаев өзгөчө пикирде каршы болуп жатпайбы.

СССР БАК бул маселеге кандай карагандыгы белгисиз. Ал эми бул аймактагы чек ара маселеси мурдакы абалында өзгөрүлбөй калган.

Кыргызстандын Вуадил, Кувасай, Мархамат, Заркент, Үч-Коргон, Исфара, Сох ж.б. экономикалык борбор катары саналган калктуу пункттарды өз аймагына бириктирүү боюнча аракеттери натыйжасыз аяктаган.

Ошентип Шахимардан, Сох, Исфара Өзбекстандын карамагында калып, Баткен аймагында юридикалык жактан мыйзамсыз анклав, ага байланышкан түбөлүк чечилбес проблема пайда болгон.

1927-жылдын 3-майында Кыргызстан Исфара жана Сох маселеси боюнча өз талабын канааттандырууга жетишкен. Бирок ага нараазы болгон Өзбекстан Кыргызстанга берилген жерлер жөнүндөгү союздук органдардын чечимин кийинки күнү эле жокко чыгарууга жетишкен. Жыйынтыгында Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосундагы оор, аягы жок талаш-тартыштарды үч жылга чейин токтотуу жөнүндө СССР ББАК 1927-жылдын 4-майында чечим чыгарган[1].

Бирок, мына ушул үч жылга чейин жарыяланган мораторий Кеңеш доорунун жетимиш жылдык тарыхында түбөлүк бойдон калып, кыргыз-өзбек, кыргыз-тажик мамилелеринде чек ара маселеси түбөлүк чечилбес проблемага айланып, бир канча улуттар аралык жаңжалдарга чейин жетип, бул өлкөлөрдүн Эгемендүүлүк мезгилдеринде да ар кандай жагымсыз жагдайларды жаратып келүүдө.

Ошентип, Ферганадагы мамлекеттик түзүлүштөр, этнотерриториялык бөлүнүүлөргө чекит коюлган. Жыйынтыгында 50 өзбек, 14 сарт, 2 түрк жана бир канча кашкар айылдары кыргыз тарапта калып, 100 кыргыз, 28 кыпчак, 17 түрк, 10 догон кара калпак, курама ж.б. айылдар Кара-Кыргыз автономиялуу областынын аймактык объектисинин негизги бөлүгү өзбек секторунда калган[2].

Ал эми Баткен аймагындагы Кыса-Көз, Санто, Матпари, Рабат, Кулкент айылдарындагы кыргыздар Тажикстандын курамында, Жаман-Жар, Пахта-Бостон, Жаңы-Жер, Жайылма, Толкун, Жаңы-Абад кыргыз айылдары Өзбекстандын курамында калган. (№2 тиркеме).


Муну менен бир канча кыргыздар жана ага тектеш этностогу элдер өз улуттук мамлекетине биригүүгө мүмкүнчүлүк ала алышпай, андан биротоло айрылып, башка улуттагы өлкөнүн курамында калышкан болсо, бир канча өзбектер жана ага тектеш этностогу элдер да ошондой эле тагдырга туш болушкан.

---

[1] КР Борбордук мамлекеттик архиви – 21-фонд, 1-тизим, 5-сактоо бирдиги, 178-185-барактар.

[2] *Коичиев А.* Национально-территориальное размежевание Ферганской долины (1924-1927 гг.) – С. 79

**Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы улуттук – аймактык жиктешүү мезгилиндеги талаш аймактар (1924-1927 жж.)**




**Негизи: Койчиев А. Национально-территориальное размежевание в Ферганской долине (1924-1927 гг.) – Б.,2001**

Кошуна бул өлкөлөрдө улуттук азчылыктагы элдердин тилине, улуттук каада-салтына, маданиятына Кеңеш доорунан кийинки учурларда мамлекеттик деңгэлде кандайдыр чектөөлөр киргизилгендиктен, алар азыркы учурда чек аралаш аймактарда жашагандарына карабастан улуттук мурастардан, каада-салттарынан, эне тилинен айрылуу алдында турушат.

Бул маселе эл аралык уюмдардын азчылык этностогу элдердин маданиятын, тилин, улуттук мурастарын сактоо боюнча эрежелеринин негизинде каралууга тийиш деп ойлойбуз.

Байыртадан бери карай Фергана өрөөнүндөгү ар кандай мамлекеттердин жана андан кийинки Кокон хандыгынын, Падышачылык Россиянын курамында бирдиктүү жашап келишкен ар кандай улуттардын өкүлдөрү анчалык деле бөлүнүп жарылууну каалашкан эмес, экинчиден, ар бир улуттук мамлекеттик бирдиктерге бөлүнүүнүн кийинки жагдайлары жөнүндө кенен түшүнүк жана олуттуу ой-пикирлер болбогон. Мына ушундай жагдайлардан улам азыркы Борбордук Азия өлкөлөрүнүн чек ара аймактарында коңшулаш улуттардын башка өлкөлөрдүн курамында калып калган фактылары көп кездешет. Бул маселеге учурунда коммунисттик жетекчилер да көңүл кош мамиле жасашып, көз жаздымында калтырышкан, же айрым пикирлер боюнча алар бул элдердин келечекте бири-бирине көз каранды болуп турушун каалашкан. Учурунда кетирилген мындай катачылыктын запкысын бул аймактарда жашаган эл “улуттар аралык жаңжалдар”, “улуттук тирешүүлөр” катары бир нече жолу баштарынан өткөрүп, алардын айрымдары бир нече кандуу кагылышууларга чейин жеткендиги баарына маалым. Мындай окуялар Ферганада, Жалал-Абадда, Ошто, Баткенде болуп өткөн. Жер, суу маселелерине байланышкан мындай улуттар аралык кагылышуулар мындан ары кайталанбайт деп эч ким кепилдик да бере албайт.

Чек ара маселелеринин такталбагандыгы жана ага байланышкан чыр-чатактар район уюшулган мезгилден бүгүнкү күнгө чейин анын саясий беделине, социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнө, чарбалык жана ар кандай массалык, уюштуруучулук иштерине терс таасир этип келүүдө.

Мисалы: 1936-жылдын 18-мартында Баткен району менен Тажик ССРинин Исфара районунун өкүлдөрүнүн кеңешмеси болуп, ага райондордун өкүлдөрү, айылдык кеңештердин, колхоз башкармаларынын төрагалары катышкан. Алар Исфара районунун айылдык кеңештери менен Баткен районунун Баткен, Кара-Булак, Суу-

Башы, Орто-Боз айылдык кеңештеринин ортосундагы талаш жерлер жөнүнөгү маселени карашып, анда: Исфара районунун менен Баткен районунун ортосунда улуттук жиктештирүү боюнча материалдар жок экендигине байланыштуу "Кык" коктусунун батыш жагынан 200 гектар жерди Варух айылдык кеңешинин колхозчуларына 1936-жыл үчүн пайдаланып туруу үчүн берилсин, Тажик ССРи менен Кыргыз АССРинин жетекчилеринен Исфара жана Баткен райондорунун чек араларын 1936-жылдын жай айларынан кечиктирбестен биротоло тактоо боюнча паритеттик (калыстык) комиссия түзүү суралсын, 200 гектар жерди Варух айылдык кеңешине бөлүп берүү боюнча комиссия түзүлсүн, ал комиссия 23-марттан кечиктирбестен жерди бөлүп берүүнү ишке ашырсын, бул чечим Исфара жана Баткен райондорунун президиумдары тарабынан бекитилсин, - деп чечим кабыл алышып, ага комиссия мүчөлөрү Исфара районунан Еряшев, Адилов, Аминов, Баткен районунан: Колумбаев, Чаргинов кол коюшкан, бул келишимди райондук аткаруу комитетинин иш башкармалыгы туура деп, кол коюп, мөөр басып бекиткен[1].

Бул чечимдин канчалык деңгээлде юридикалык тууралыгы жөнүндө биз аныктама бере албайбыз, бирок биздин билгенибиз ал жердин картасы кайда, бир жылдан кийин эки өлкөнүн ортосунда калыс комиссия түзүлүп, эки райондун ортолугундагы чек аралары такталбаса, андай талаш жерлерге биздин райондун, айылдык кеңештердин жетекчилери эмне үчүн доомат коюшкан жок. Кийинки жылы же андан бери жарым кылымдан ашык убакыт өтсө да ал жерди кайтарып алуу жөнүндө эмне үчүн маселе козголгон жок? - деген суроолор баш катырат. Кык жайлоосуна жакын жашаган жергиликтүү тургундардын айтымында, ал жерден кошуналар 200 эмес дагы кошумча жүздөгөн гектар жерлерди биротоло өздөштүрүп алышкан.

Жер боюнча талаш маселелер башка аймактардан да орун алган. Баткен райондук аткаруу комитетинин президиуму 1936-жылдын 29-декабрындагы отурумунда Суу-Башы айылдык кеңешинин Кара-Кыя жериндеги чек арадагы талаш жер маселесин караган. Кара-Кыяда мурдатан кыргыздар пайдаланып келе жаткан жерди Өзбекстандын Куйбышев районунун өкүлдөрү 1901-жылдагы картаны бетке тутушуп, Баткен районун өкүлдөрүсүз эле өз алдынча ээлеп алышкан. Мына ушуга байланыштуу Кара-Кыядагы жашоочулар 1937-жылдын мамлекеттик пландарына карата милдеттенмелерди кабыл алуудан, жерлерди айдап-себүүдөн, мал чарбачылыгын өнүктүрүүдөн, кеңештерди кайра шайлоого жана эл каттоого катышуудан баш

---

[1] Баткен областтык мамлекеттик архиви – 119-фонд, 1-тизим, 3-сактоо бирдиги, 5-барак.

тартышкан. Бул боюнча райондук аткаруу комитетинин президиуму токтом кабыл алган. Анда: Куйбышев районунун аракеттери туура эмес деп табышып, Кыргыз ССР жана Өзбек ССР Эл комиссарлар Советтеринен мына ушул талаш жерлерди чечүү үчүн республикалык авторитеттүү комиссия түзүүнү, бул талаш жерлердин маселеси чечилгенге чейин Кара-Кыядагы элдер Баткен районунун административдик чегинде калуусуна көрсөтмө берүүнү, Өзбек ССР Эл комиссарлар Советинен жана жер пайдалануучулардын ортосундагы талаш жерлерге жакын айылдык кеңештер жана колхоздор, Кыргызстандын элдеринин арасында жана кыргыз колхоздорунан алардын колхоздоруна өтүп кеткендердин арасында үгүттөө иштерин токтото турууну Өзбек ССРинин Куйбышев райондук аткаруу комитетинен суранышкан[1].

Бул токтомдо белгиленгендей жер маселеси Өзбек ССРинин Куйбышев районунун өкүлдөрү тарабынан бир жактуу чечилип, биздин мамлекетке тиешелүү жерлерди алар өз алдынча ээлеп алышкандыгы ачык-айкын болуп турат. Ал жерлер менен кошо Кыргыз мамлекети бир канча жарандарынан да биротоло кол үзгөн.

1940-жылы Кеңеш колхозунун Таян кыштагындагы 100 гектар суулуу жерин эч кандай юридикалык негизсиз ээлеп алышкан. Бул боюнча Баткен районунун жетекчилеринин бир канча кайрылуулары жоопсуз калтырылып, ал жерден түбөлүктүү ажыраган жергиликтүү калктын жападан-жалгыз жолу тосулуп, анын азабын азырга дейре тартып келатышат.

Мындай мамиле Тажикстандын Исфара районунун Чарку айылдык кеңеши тарабынан да болгон. 1940-жылы Орто-Боз айылдык кеңешинин Калинин атындагы колхозунун Мачайи участкасынан Баткен райондук аткаруу комитетинин чечиминин негизинде райондук жер комиссиясы 20 кожолукка тамарка катары жер бөлүп берген. Ушул эле жерди экинчи ирет Чарку айылдык кеңешинин жер комиссиясы Тажик ССРинин Исфара районунун "Октябрь" колхозуна өткөрүп берген.

Мындай талаш-тартыштардан жадаган же аны чечүүгө алы жетпеген райондук жетекчилик 1939-жылы Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советине Кыргыз ССРинин Баткен району менен Өзбек ССРинин Куйбышев районунун жана Тажик ССРинин Исфара районунун аралыгындагы чек араларды тактоо боюнча билдирүү менен кайрылган. Анда жогоруда аталган үч республиканын үч районунун ортосундагы улуттук жиктештирүүдө тактык болбой калган. Исфара жана Сох дарыяларынын жээктериндеги көпчүлүк кыштактар

[1] Баткен областтык мамлекеттик архиви. – 119-фонд, 1-тизим, 60-сактоо бирдиги, 146-барак.

административдик башкаруу боюнча эки республиканын бирине таандык болуп, бирок такталбаган чек аралардын жоктугунан мындагы жашаган калк улуту боюнча өз республикасына баш ийген. Мындайлардын катарына Чоң-Гара, Секиртме, Тул, Сай, Мачаи, Кара-Бак, Самаркандек, Раут-Каут кыштактары кирген.

Мындай административдик түзүлүш элди административдик-чарбалык жактан тейлөөгө терс таасирин тийгизип, калктар арасында талаш-тартыштарды, чыр-чатактарды жаратат. Мисалы: Тул айылында жашаган 2 кыргыз үй бүлөсүн өзбек элдери бул жерден көчүп кетүүсүн жана үй-жайларын, пайдаланган жерлерин Өзбекстандын колхоздоруна өткөрүп берүүсүн сунуш кылышкан[1].

Сох дарыясын бойлой жайгашкан Өзбекстандын, Исфара дарыясынын жээгиндеги Тажикстандын колхоздорунун жерлери кууш болуп, туурасы 1-3 км, узуну 50 км ге чейин созулуп, Баткен районунун аймагынан орун алган. Варух айылы жана айрым колхоздордун жерлери биздин аймактын ортосуна жайгашкан. Мындай жайгашуу жыл сайын жерлерди айдап-себүүдө, оруп-жыйноодо, суугарууда талаш-тартыштарды жаратат. Анын кесепетинен эгин себүүнүн жана оруп-жыйноонун мөөнөтү кеч калат. Ал жерлер аралаш жайгашкандыктан, техникаларды жеткирүүдө ж.б. учурларда бир топ материалдык чыгымдарга дуушар кылып, көп убакытты алат. Сох жана Исфара дарыяларындагы көпүрөлөр белгилүү гана жерлерде болгон жана анын баарынан эле техникалар өтө турган абалда болгон эмес.

Мындай талаш-тартыштарды биротоло жоюу үчүн Баткен райондук аткаруу комитети өздөрүнүн сунуштарын Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советине жиберип, аны тиешелүү уюмдар аркылуу чечип, чек араларды толук тактоо аркылуу кошуна республикалардын колхоздорунун ортосундагы жер, суу маселесине байланышкан бардык талаш маселелерди биротоло чечүүнү суранышкан.

Бирок, тилекке каршы бул маселе чечилген эмес. Ал эми чек ара, жер, сууга байланышкан көйгөйлөр барган сайын күч ала берген. Бул маселелер өнүккөн социализм доорунда да кайра жаңы көйгөйлөрдү жаратып, улуттар аралык тирешүүлөргө, кагылышууларга чейин барган. Бирок чек ара маселеси Баткен районунун пайдасына чечилбестен, бүгүнкү күнгө чейин райондун чек ара сызыктары жана чек ара бекеттери улам ичкери карай жылып, эгемендүүлүк жылдарында чек арага байланышкан чыр-чатактар күчөп, анын качан жана кантип чечилери белгисиз бойдон калууда.

---

[1] Баткен областтык мамлекеттик архиви – 119-фонд, 1-тизим, 124-сактоо бирдиги, 109-111-барактар.

## 2.6. Кеңеш бийлигине каршы басмачылык кыймылдар

Кеңеш бийлигинин негизги саясаты – артелдерди түзүү, колхоздорду уюштуруу менен жеке менчикти түп-тамырынан бери жоюп, коомдук менчикти түзүү болгон. Мындай уюштуруу иштерине кедей-кембагалдарды кеңири катыштыруу менен аларга таянып иш кылуу, ортолук чарбаларга байлардын малдарын алуу жана үй-мүлкүн конфискациялоо, өздөрүн кулакка тартуу менен өлкөнүн аймагынан сырт жактарга мажбурлап чыгаруу жумуштары жүрө баштаган. Мындай саясат коомчулуктагы бай-манаптарга, дин өкүлдөрүнө, коомдогу таасирдүү адамдарга жага бербеген. Кеңеш бийлигинин мына ушундай саясатына каршы болушкан топтор атайын биригишип, жаңы бийликти жок кылуунун аракетинде болушкан. Мындай топтор тарыхый адабияттарда "басмачылар кыймылы" деген ат менен белгилүү. Жалпы Түркстанда мындай кыймыл кеңири жайылып, ал Түштүк Кыргызстандын аймагында да болуп өткөн. Басмачылык кыймылдардын башында буга чейинки белгилүү бай-манаптар, дин өкүлдөрү, коомчулуктагы кадыр-барктуу адамдар болгондуктан, алардын жалпы караламан калктын арасындагы таасири да жогору болгон.

Архивдик материалдарда баяндалгандай 1926-жылы Ош округунда Кеңеш бийлигине каршы күрөш жүргүзгөн 2 басмачы тобу катталган. Ичкилик волостунун аймагында түзүлгөн биринчи топ 26 кишиден, Ноокат, Ичкилик жана Кашкар-Кыштак волостторунун тургундарынан куралган экинчи топ 7 кишиден туруп, алардын баары кыргыздар болгон.

1927-жылдары Баткен-Бужум, Исфана волостторунда басмачылар менен милициянын ортосунда кагылышуулар болуп, басмачылар мамлекеттик мекемелерге кол салып, дүкөн, кампаларды тоноп, өздөрүнүн муктаждыгын камсыздап турушкан. 1930-жылга чейин бул аймактардын жашоочуларына алардын чек ара аймактарында жайгашкандыгы үчүн айыл чарба салыгы катары мамлекетке берилүүчү азык-түлүк тапшырмалары берилген эмес. 1930-1931-жылдары коллективдүү жана жеке чарбаларга мамлекетке милдеттүү түрдө эт, сүт, май, жүн, дан тапшыруу жана дан эгиндерин айдап, себүү сыяктуу тапшырмалардын берилиши, дыйкандардын өздөрү өндүргөн азык-түлүктөрүн базарларга саттырбастан, мамлекетке базар наркынан бир канча эсе арзан наркта мажбурлоо жолу менен тапшыруусу бул аймактардагы басмачы кыймылынын күчөшүнө алып келген. Активдүү аракеттенишкен басмачыларды колдогондор эл ичинде арбын болгон. Басмачы топторуна үй-бүлөлөрү менен келип кошулган чарбалар

болгон, ал эми айрым орто дыйкандар, ал тургай айрым колхоз мүчөлөрү, коммунисттер, активисттер да басмачыларга кошулуп кетишкен.

ВКП(б)нын Кыргыз областтык комитетинин аткаруу бюросунун 1930-жылы 18-декабрдагы отурумунда жасалган Өкмөттүк комиссиянын билдирүүсүндө: туура эмес салык салуу, салык төлөтүүдө ото катаалдык, жеке мамилелерден улам добуш берүү укугунан ажыратуу, салык жазаналарынын өлчөмүнүн көптүгү 1930-жылы жайында басмачылык кыймылдын жанданышын шарттаган. Ошондой эле басмачы кыймылынын уюштуруучулары аймактарда өндүрүш товарларынын, азык-түлүктөрдүн жетишпестигинен улам, аларга материалдык жардам берүү аркылуу аларга ийгиликтүү таасир этишкен. 1930-жылдагы басмачы кыймылынын негизги лидерлеринин аттары корсөтүлүп, алардын өтө акылдуу жана эл арасында таасирдүү экендиги белгиленген.

Баткен, Исфара, Айдаркен, аймактарындагы Мадаминбек, Бекташ, Муса, Мадали аттуу корбашылар жетектеген басмачылык кыймылдарга каршы активдүү катышкан жана аларды жок кылуу боюнча бир канча операцияларга жетекчилик кылган Султанмурат миңбашынын активдүү аракеттери жөнүндө архивдик документтер бар. Мындан тышкары Сейитмуратов Султанмурат бул аймактагы куралдуу топтордун биринин башчысы Пакыр кор башыны жок кылган жана ал эрдиктери үчүн мамлекеттик сыйлыктарга ээ болгон.

Баткен, Лейлек аймактарында жаңы улуттук-диний бийликти жарыялоо жана чыңдоо максатында атайын басмачылар тарабынан тапшырма алган Ислам корбашы өзүнүн чоң колу менен бул аймакка келет. Буларды мадигендик Жолдош Кара, Молдо Каражан аттуу паңсаттар алдынан тосуп чыгып, Лейлектин Коргон айылында катуу салгылашуу болот. Жолдош Кара менен Молдо Каражандын колу жеңилип, кайра качууга аргасыз болушат. Исламдын колу аларды кышкы чилденин суугунда Өзгөрүш капчыгайына кууп киришет. Алар Түз-Мазар жайлоосу аркылуу Айрыташ ашуусун ашып, Кара-Мойнок жайлоосунун баш жагында экиге бөлүнүшүп, Жолдош Кара менен Молдо Каражан экөө эки тарапка кетишет. Молдо Каражан элди сактап калуу керек деген ниет менен колго түшүп берет. Бирок Ислам корбашы аны жигиттери менен кошо баарын өлтүрүп салат.

Ошол эле мезгилде бул аймактагы Сабыр корбашы, Тажикстандын Кожент аймагы тараптан келген Лахад корбашы болгон. Алардын бирдиктүү максаты болбогондуктан жана өз ара пикир келишпестиктеринин натыйжасында бири-бири менен улам

салгылашып турган, алардын өз ара чабыштарынан жергиликтүү эл көп жабыр тартып, бир канча чыгымдарга учураган.

Өлкөнүн аймагында мындай басмачылык топтордун пайда болгондугуна байланыштуу Ош округунун бардык аймагында 1929-жылдын 15-октябрынан 1930-жылдын 15-январына чейин ВЦИК жана РСФСР ЭКСтин чечими менен өзгөчө абал жарыяланат.

Кеңеш өкмөтү Түштүк Кыргызстандагы басмачы кыймылын жок кылуу үчүн аскердик күчүн аяган эмес. ОГПУнун (бириктирилген мамлекеттик саясий башкармалык) уюмдары тарабынан корбашыларга, басмачы жигиттерге жана аларга көмөк көрсөткөндөргө каршы катуу операция жүргүзүлгөн. Баткен аймагындагы басмачылар кыймылын жок кылуу үчүн ОГПУнун кызыл аскер отрядынын командири Романов баш болгон топ жиберилет. Бул аймакта Романов өзүнүн уулу Дмитрийди да кызыл аскер катары ала жүрөт, Тактабоз жайлоосунда анын уулун корбашылар өлтүрүп салышат. Уулунун кеги үчүн ал басмачылык кыймылдын катышуучуларынын бирин калтырбай колго түшүрүп, баарын аёосуз жазалайт.

Архивдик маалыматтар боюнча 1930-жылдын аягында Түштүк Кыргызстандын аймагында басмачылар тобу калган эмес. Бирок иш жүзүндө айрым корбашылар кокту-колоттордо кала берген. Ошол жылдын август-октябрь айларында элдик соттор тарабынан 100 дөн ашык иш каралган. Округдук соттун атынан 7 көрсөтмө процесси жүргүзүлүп, 30 адам айыпталып, аларга мажбурлоо жумуштарына жиберүү же өлүм жазалары берилген.

Архивдик маалыматтар Кыргызстандын түштүгүндөгү басмачылык кыймылынын дээрлик он жылдан ашык убакытка созулгандыгын далилдейт. Кыймылдын жанданышын болтурбоо үчүн Кеңеш бийлиги аскер күчүн колдонуудан башка саясий, идеологиялык, экономикалык жана маданий иш чараларды иштеп чыгып, аны тез арада ишке ашырууга зарыл аракеттерди көргөн.

Кеңеш өкмөтү басмачылык кыймылды жок кылгандан кийин калкты социалисттик курулушка тартуу максатында бир топ иш чараларды жүргүзгөн. Басмачылардан тазаланган райондорду бекемдөөгө, аларды саясий жактан чындоого жана жергиликтүү бийликти активдештирүүгө көңүл бурган. Орто дыйкан жана кедейлердин туура эмес ажыратылган саясий укуктары кайтарылган, кулакка тартуу критерийлери кайра такталган. Элдин бийликке карата нараазычылыктарын болтурбоо үчүн социалдык-маданий жактан кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга, ооруканаларды, мектептерди курууга, жалпы элдин сабатсыздыгын жоюуга, кадрларды даярдоого

өзгөчө көңүл бура баштаган. Ошондой эле жалпы коомчулук арасында жаңыдан түзүлүп жаткан социалисттик коом жөнүндө оң пикирлерди жаратуу максатында саясий-идеологиялык үгүт иштерин жүргүзүүнү күчөткөн жана ошол эле мезгилде калктын турмушун жакшыртууга бардык аракеттер көрүлө баштаган.

## 2.7. Баткен районунун түзүлүшү жана анын алгачкы мезгилиндеги социалдык-экономикалык өнүгүү абалы (1934-1940-жж)

Кыргыз Автономиялуу областы Кыргыз Автономиялуу союздук республикага айлангандан кийин башка бир нече комиссиялар сыяктуу эле райондоштуруу боюнча атайын комиссия түзүлгөн. Бул комиссиянын сунуштары РСФСР ББАКтын Президиумунун 1928-жылдын 10-декабрындагы «Кыргыз АССРинин Ош округун түзүү жөнүндөгү» токтомунда:

1.Кыргыз АССРинде Ош жана Жалал-Абад кантондорунун чегинде волостук бөлүштүрүүдөн райондук бөлүштүрүүгө өтүү менен Ош округу түзүлсүн, борбору Ош шаары.

2.Ош округунун аймагы райондорго төмөнкүдөй болуп бөлүштүрүлсүн.

...й) Сүлүктү району Ош кантонунун Нойгут-Кыпчак жана Исфана волосторунун чегинде, борбору – Сүлүктү поселогу[1], – деп бекитилген.

Ошентип Баткен аймагы 1928-жылдан баштап Сүлүктү районунун курамында боло баштайт.

ББАКтын Президиуму 1931-жылдын 20-июлунда «КАССР административдик бөлүштүрүү» жөнүндөгү токтомунда республиканын аймагында 24 район түзүү жөнүндө бекиткен. Анда Сүлүктү району (борбору – Сүлүктү поселогу) түзүлүп, (кийин Лейлек району деп аталган) анын курамына азыркы Баткен районунун аймагындагы Орто-Боз, Рабат, Баткен-Бужум, Кара-Булак, Суу-Башы айылдык кеңештери киргизилген.

ББАКтын бул токтому анын мурдагы токтомдоруна караганда бир канча өзгөчөлүктөргө ээ болуп, мурдагы волосттордун ордуна айылдык кеңештер түзүлүп, ал жаңы социалисттик түзүлүштүн принциптерине негизделген болчу.

Андан көп өтпөй эле ББАКтын Президиуму 1934-жылдын 20-августунда кабыл алган №125-токтомунун негизинде Кыргыз АССРинде 24 район түзүлгөн. Ал токтомдун протоколунда: Кыргыз

---

[1] КР Борбордук мамлекеттик архиви. – 1246-фонд, 1-тизим, 485-сактоо бирдиги, 5-7-барактар.

АССРинин Лейлек районунан административдик борбору Баткен кыштагы болуп, курамындагы Баткен-Бужум, Дара, Зардалы, Кара-Булак, Кыштут, Орто-Боз, Рабат, Суу-Башы айылдык кеңештери жана ага караштуу айыл-кыштактарынын чегинде жаңы Баткен району түзүлсүн – деп жазылып, Баткен району: борбору – Баткен кыштагы, жакынкы темир жол станциясы – 22 км. Фрунзе шаарына чейин 1067 км. анын ичинен темир жолу менен 1045 км. райондун территориясы 5231,0 кв.км. – деп көрсөтүлгөн[1].

Ошентип Баткен району 1934-жылдан баштап, Ош областынын курамында административдик – аймактык бирдик макамына ээ болуп, өзүнчө район катары тааныла баштайт.

Баткен районунун түзүлүшү – саясий жана административдик-аймактык жактан олуттуу мааниге ээ болгон, анткени кошуна республикалар менен чек ара, жол, суу, жайыт маселелерин чечүү олуттуу маселе болчу, ал аркылуу Кыргыз Республикасынын аймактык бүтүндүгүн сактоого жана мамлекеттин түштүк чек араларын чыңдоого, бул регионду социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүгө кеңири мүмкүнчүлүк түзүлгөн жана мындагы кыргыздардын өз улуттук мамлекетинин курамында калуусуна чоң өбөлгө болгон.

Баткен районунда 1935-жылдын 1-январына карата 4413 үй-бүлө болуп, анда 19 478 калк жашаган. Райондун аймагында негизинен түпкүлүктүү улуттун өкүлдөрү жашагандыктан кыргыздар 99,35% түзгөн. Андагы калктын жыштыгы 1 кв.км.ге 0,04 адам туура келген, бул абдан сейрек жайгашуу болгон. Анткени райондун аймагында суулуу жерлердин аздыгы, өнөр жайынын жоктугу жана экономикалык борборлордун, сугат аймактарынын кошуна өлкөлөргө өтүп кетиши негизги себеп болгон. Мына ушуга байланыштуу тоо арасындагы айылдарда, кокту-колоттордо калк сейрек жайгашып, алар негизинен мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен алектенген.

1935-жылдын 1-январына карата райондогу калктын социалдык абалы боюнча: колхозчулар – 5813 (30,6%), жеке чарбалар жана кедей-кембагалдар – 5060 (26,7%), орто жеке чарбалар – 7940 (41,9%), жумушчулар жана кызматчылар – 107 (0,6%), кулактар жана байлар – 51 (0,2%) адам болгон. Бул цифралар далилдегендей өлкөдө коллективдүү чарбаларды уюштуруу ишине ошол кездеги райондун калкынын үчтөн бир бөлүгү катышып, ал жалпы өлкөнүн көрсөткүчүнөн бир аз төмөн болгон. Ал эми орто, жеке чарбалар жалпы калктын 42%ын түзгөн. Ошол кездеги калктын тең жарымына жакыны бирөөлөргө көз карандысыз орто деңгээлде жашаган. Кедей-кембагалдар 27%ды түзүп,

---

[1] КР Борбордук мамлекеттик архиви. – 1445-фонд, 1-тизим, 2-сактоо бирдиги, 67-барак.

бул эки топтун окулдору ошол кездеги коллективдүү чарбанын курамына кирген эмес. Райондо өндүрүш тармагы, мекеме-ишканалар болбогондуктан жумушчулар жана кызматчылар абдан аз (0,6%) болгон. Кулактар жана байлар бардыгы болуп 51 адам болгон, ал эми райондун шартында дыйканчылык ал кезде анчалык өнүкпөгөндүгүн эске алганда бул адамдардын көпчүлүгү кулак эмес, малдуулар болгон. Анткени, райондогу калктуу конуштардын саны ошол кезде 32 болгон, демек ар бир айылда бир-экиден малдуу адамдар болуп, ал эми дыйкынчылык кылган орто дыйкандар аз санда болгон.

Райондогу административдик-аймактык түзүлүштүн негизин айылдык кеңештер түзгөн. Административдик бөлүнүшү боюнча: райондогу 32 калктуу конуштар 8 айылдык кеңештерге (Баткен, Дара, Зардалы, Кара-Булак, Кыштут, Орто-Боз, Рабат,) бөлүнгөн. Ал кезде райондун аймагында 84 калктуу конуштар болгон, бирок алардын ичинен 32 гана айыл макамына ээ болуп, калган кичине айыл-кыштактар алыскы тоо арасында, кокту-колоттордо жайгашкан болчу, кийинчерээк алардын дээрлик бардыгы түздүк аймактарга көчүрүлгөн. Административдик бөлүнүү боюнча ар бир айылдык кеңешке орто эсеп менен 4 төн айыл туура келген. Орто-Боз айылдык кеңешинде 6, Баткен айылдык кеңешинде 5 айыл болуп, калган айылдык кеңештерде 3-4төн айыл болгон. Мисалы, Зардалы айылдык кеңеши райборбордон 127 км. аралыкта турган болсо, райондун батыш чегиндеги Рабат айылы Баткенден 70 км. алыстыкта жайгашкан. Ошентип, райондун түштүк-чыгышы менен батыш чегинин аралыгы 200 км.ди түзгөн. Дагы бир белгилеп кете турган жагдай – райондо Баткен – Кара-Токой жана Баткен – Говсувар – Рабат багыты боюнча бир араба жол, ал эми калган айыл-кыштактарды туташтыруучу жалгыз аяк гана жол болгон. Телефон байланышы, электр энергиясы жок эле.

Баткен району уюшулган 1934-36-жылдары райондун жетекчилигинин алдындагы негизги милдеттер: коллективдештирүүнү аягына чыгаруу, айыл чарбасын көтөрүү, коомдук малдын санын көбөйтүү, ал үчүн тиешелүү шарттарды түзүү, эгин талааларын айдоо, себүү жана жыйноо иштерин уюштуруу, МТСтердин иштерин жакшыртуу, партиялык уюмдардын эл менен байланышын чыңдоо, айылдык Кеңештердин, комсомол уюмдарынын ролун күчөтүү, сабатсыздыкты жоюу, билим берүү, саламаттыкты сактоо, айыл Кеңештери менен райондун борборун байланыштыруучу жолдорду оңдоо, телефон орнотуу, электр жарыгы менен камсыз кылуу, партиянын саясатын эл арасына кеңири жайылтуу жана социалисттик укладды чыңдоо болгон.

Коллективдүү чарбага биригүү, кедей-кембагалдардын колхоздорду башкарууга катышуусу, партияга, комсомолго мүчө болуу, чоңдор арасында туташ сабатсыздыкты жоюу, балдарды мектептерде окутуу, аялдарды коомчулукка тартуу сыяктуу маселелер коомчулук арасында идеологиялык-саясий жана маданий жактан өтө чоң жаңылык болуп, ал адамдардын рухий аң-сезимине күчтүү таасир эткен. Партиялык, мамлекеттик саясат мына ушул иш чараларды аткарууга багытталып, ал аркылуу жаңы коммунисттик коомду куруу негизги максат болгон. Албетте, бул иш чараларды турмушка ашырууда карама-каршы күчтөр да болбой койгон эмес.

1935-жылы райондогу жалпы калктын 7,5%ы гана сабаттуу эле. 8 айылдык кеңештердин төрагаларынын 4 компартиянын мүчөсү, 4 партияда жоктор болуп, сегизи тең сабатсыз болушкан. Ошондуктан элдин сабаттуулугун жоюу социалисттик коомду куруу мезгилинде кеңеш бийлигинин негизги иш аракеттеринин бири болгон. Билим алуу үчүн шарт түзүүгө, тиешелүү деңгээлде көңүл бурулуп, ал үчүн жетиштүү деңгээлде акча каражатын бөлүнүп турган.

ВКП(б)нын Кыргыз обкому да калк арасында сабатсыздыкты жоюу боюнча 1936-жылы 23-февралда бюродо маселе карап атайын токтом кабыл алган. Анда эл агартуу комиссариаты бир топ уюштуруу иштерди аткаргандыгына карабастан, көз боёмочулук кылып, партияны жана коомчулукту алдап, 1 адамдын сабатсыздыгын жоюуга 1 сом коротуунун ордуна Жалал-Абад районунда 66 тыйын, Беловодск районунда 70, Кетмен-Төбө районунда 70 тыйын араң жумшалгандыгы белгиленген.

1936-жылдын 1-сентябрына чейин 100 миң сабатсыз, 20 000 жарым-жартылай сабатсыз адамдарды, 1-сентябрдан баштап 30 000 сабатсыз, 30 000 жарым-жартылай сабатсыз адамдарды жер-жерлерде окутуу эл агартуу комиссариатына милдеттендирилген. Статкомго, Госпланга республикадагы сабатсыздардын эсебин тактоо тапшырылган. 1936-жылы ар бир райондо сабатсыздарды окутуунун планы бекитилген. Профсоюз комсомол уюмдары, эл агартуу бөлүмдөрүнө сабатсыздыкты жоюу боюнча жардам көрсөтүү, аскерге чакырылуучуларды окутуу, Кызыл-Армиянын катарында бир да сабатсыз адам болбосун деген милдеттер киргизилген.

Иш чаранын финансы бөлүгүндө сабатсыздарды окутуу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 2 млн. 300,700 рубль бекитилген.

Мындан тышкары Кырсовпрофко 50 миң, Промкооперацияга 35 миң рубль бөлүү тапшырылган[1].

Сабатсыздар үчүн окуу планы бекитилген. Окуу сааты 330, анын ичинен эне тилин окутууга 20 саат, арифметикага 130 саат, жарым-жартылай сабатсыздар үчүн жалпы 330 саат, анын ичинен эне тилине 145, арифметикага 125, географияга 60 саат берилген.

Сабатсыздар жана жарым-жартылай сабаттуулар үчүн шаарларда күнүнө 3 сааттан 10 айлык – ар айда 12 окуу күнү, айылдарда күнүнө 4 сааттан 12 айлык – ар айда 12 окуу күнүндөгү окуу мөөнөтү бекитилген.

ВКП(б)нын Кыргыз обкому Агитпромпечать бөлүмүнө, Эл агартуу комиссариатына, Киргосиздатка кошумча 30 миң "Алиппе", 70 миң "Эне тили", 70 миң "Көнүгүүлөр жыйнагы", жарым-жартылай сабаттуулар үчүн 20 миң "Эне тили", 10 миң "Көнүгүүлөр жыйнагы", 20 миң "География" окуу китептерин басып чыгаруу тапшырылган.

ВКП(б)нын аталган токтомун партиянын Баткен райкому 1936-жылдын 3-апрелинде өз бюросунда талкуулап, айылдык кеңештерге сабатсыздарды окутуу боюнча төмөнкүдөй план берген:

№ 1 таблица [2]

| № | Айыл кеңештери | Сабатсыздар | Чала сабаттуулар | Баары |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Баткен | 360 | 90 | 450 |
| 2 | Дара | 210 | 30 | 240 |
| 3 | Зардалы | 150 | 30 | 180 |
| 4 | Кара-Булак | 210 | 60 | 270 |
| 5 | Кыштут | 150 | 30 | 180 |
| 6 | Орто-Боз | 120 | 30 | 150 |
| 7 | Рабат | 378 | 60 | 438 |
| 8 | Суу-Башы | 170 | 30 | 200 |
| | Баары: | 1748 | 360 | 2108 |

Бул план айыл кеңештериндеги сабатсыздарды жана чала сабаттууларды окутуу боюнча өтө чоң көрсөткүч болгон. Ал эми чоң адамдардын сабатсыздыгын жоюу саясий жактан абдан маанилүү болгон. Ал үчүн талааларда, кырмандарда, б.а. жумуш орундарда, эс алуу учурларында, атайын сабактар уюштурулган. Бул өнөктүккө

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 6-сактоо бирдиги, 1-2-барактар

[2] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 6-сактоо бирдиги, 5-барак.

партиянын райондук комитетинин жооптуу кызматкерлери, райондук жетекчилер, айылдык кеңештер, коммунисттер активдүү катышкан жана алардын жоопкерчилиги да күчтүү болгон.

Сабатсыздыкты жоюу өнөктүгү маданий революция катары бардык жер-жерлерге жайылтылып, ага бардык күч-аракеттер жана мүмкүнчүлүктөр жумшалган.

Бул иш чарага: мугалимдерди даярдоо, аскерге чакырылуучуларды окутуу, 330 сааттык программа түзүү, комсомолдун райондук комитетин кол кабыш кылдыруу ж.б. кошумчаланган.

1937-жылы район боюнча 7873 адам сабатсыздыкты жоюу окуусуна тартылууга тийиш болгон. Бул багытта 44 мектеп уюштурулуп, андагы 300 класста 5776 сабатсыздар, (анын ичинен 2925 эркек, 2851 аял) ал эми 58 класста 864 чала сабаттуулар, (анын ичинен 631 эркек, 233 аял) ошондой эле 695 сабаттуу адамдар (анын ичинен 428 эркек, 267 аял) кошумча окутулган. Бул өнөктүккө 92 штаттуу, (анын ичинен комсомолу 56) 232 штатсыз (анын ичинен комсомолу 102) окутуучулар тартылган[1].

Бул цифралар Кеңеш бийлигинин билим берүү саясатынын эл арасында кеңири кулач жайгандыгын далилдейт.

Эмгекчилер депутаттарынын райондук Кеңешинин аткаруу комитети менен Кыргызстан К(б)П Баткен райкомунун бюросу 1941-жылдын 5-апрелиндеги биргелешкен заседаниесинде: Райондо сабатсыздыкты жоюуну аяктоо жөнүндө маселе карап, анда сабатсыздыкты Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 25 жылдык юбилейине карата 1942-жылдын 7-ноябрына чейин толук жоюу милдетин койгон[2].

Бул маселени толук аягына чыгарууга Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы тоскоол болгон. Бирок, Улуу Ата Мекендик согуш аяктагандан кийин 50-60-жж. сабатсыздарды окутуу кайрадан жанданып, биротоло аягына чыгарылган. Ал кезде сабатсыздыктын жоюлушу өлкөдө маданий революция катары чоң саясий мааниге ээ болгон. Сабатсыздыкты жоймоюнча жаңы социалисттик мамлекетти куруу дээрлик мүмкүн эмес эле. Ошондуктан коммунисттик партия башталгыч, 7 жылдык, 8 жылдык, анан жалпы орто билим берүүгө өзгөчө көңүл бурган. Себеби, мезгил далилденгендей, жарым кылым ичинде өлкө болуп көрбөгөндөй ири илимий-техникалык

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 6-сактоо бирдиги, 7-9-барактар.

[2] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 255-сактоо бирдиги, 30-31-барактар.

прогресстерди жаратып, дүйнөдө биринчи болуп космосту багындырууга жетишти. Мындан башка да бир топ ийгиликтерди эске алганда, ошонун баары билим берүү менен коштолуп жаткандыгы кашкайган чындык экендигин тарых эч качан танбайт.

Райондо жашаган калк буга чейин негизинен мал чарбачылыгы менен алектенип, жергиликтүү тургундар башка тармактарга анчалык көңүл бурушпаган. Ошондуктан райондогу чарбалардын негизги багыты да мал чарбачылыгы болуп кала берген жана келечекте мал чарба өндүрүшүнүн багытына көңүл буруу каралган. 1934-жылы район боюнча жалпы малдын саны 18 143 баш болгон болсо, 1940-жылы малдын саны 47 314 башка жетип, алты жылда бул көрсөткүч 2,6 эсе өскөн. Бул болсо негизинен мал чарбачылыгы боюнча райондогу коллективдешкен чарбалардын чарба жүргүзүүсүнүн натыйжасында райондогу жалпы малдын башы бир топ көбөйгөндүгүн далилдейт.

Мал чарбачылыгын тейлөөнү жакшыртуу максатында 1936-жылы Баткен айылдык кеңешинин Тегирмен-Башы айылында райондук ветеринардык амбулатория, Самаркандек кыштагында ветеринардык амбулаториянын бөлүмү ачылып, малдардын ылаңдарынын алдын алуу, кесел малдарды дарылоо боюнча иш жүргүзө баштайт.

Райондо мал чарбачылыгы менен кошо дыйканчылык тармагы да негизги өндүрүш тармактарынын бири болгон.

Баткен району уюшулганга чейин эле айыл чарбасын коллективдештирүү иши башталган болчу. Район алгач уюшулган мезгилде анда, жалпы 8394 га. айдоо аянты болуп, бул жерлердин көп бөлүгү кайрак, айыл чарбасына ылайыксыз, түшүмсүз жерлер эле. Анын натыйжасында дыйканчылык тармагы начар өнүккөн. Райондук жетекчиликтин дагы бир маанилүү милдеттеринин бири жеке чарбаларды колхоздорго бириктирүү болгон. 1935-жылы райондо 36 колхоз болуп, ага райондун жашоочуларынын 30%ы тартылган болчу. Бул көрсөткүчтү жыл сайын жогорулап, жакынкы эки-үч жылдын аралыгында айыл чарбасын коллективдештирүүнү аяктоо милдети турган. Райондогу ири колхоздордун катарында Баткен айылдык кеңешинин Тегирмен-Башы айылындагы "Кызыл-Жол", Орто-Боз айылдык кеңешинин Кишемиш айылындагы "Кызыл-Өзгөрүш", Баткен айылдык кеңешинин Бужум айылындагы "Ынтымак," Кара-Булак айылдык кеңешинин Кара-Булак айылындагы Бауман атындагы колхоздор аталган. Анткени бул айылдардагы калк мурдатан чогуу отурукташып, ошол кездеги ири айылдар болгон. Аларга жаңы чарба уюштуруу боюнча үгүт-насыят, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү башка тоолуу, алыс айылдарга караганда бир топ жеңил болгон. Аталган

айылдарда бир уруунун өкүлдөрү жашагандыктан алар бири-бирин туура түшүнүшкөн жана бири-бирин колдошкон. Ошондуктан алар коммунисттик идеологияны, коллективдүү чарба жүргүзүүнү иш жүзүндө биринчилерден болуп колдоп чыгышкан. Кийинки учурларда деле бул чарбалар райондо план-тапшырмаларды аткаруу боюнча жогорку көрсөткүчтөрдү жаратып, бир топ ийгиликтерге жетишкен.

Райондук жетекчиликтин түшүндүрүү жана практикалык иш аракеттеринин натыйжасында жеке чарбаларды коллективдүү чарбаларга айландыруу жумушу 1940-жылдары негизинен толук аяктаган.

Райондук жетекчиликтин көрсөтмөсү менен 1936-жылы Баткен айылдык кеңешинин аймагына пахта өстүрүлүп, ал абдан түшүмдүү болуп, пахта даярдоонун планы 250%га аткарылган. 1937-жылдан баштап пахта Рабат айылдык кеңешинин Самаркандек айылына, андан кийинки жылдары Орто-Боз айылына айдала баштаган.

Райондо бир да өнөр жайы, өнөр жай курулуштары, совхоз, МТС болгон эмес. Мына ушундай шартта районду социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү маселеси бир топ кыйын болгон.

1936-жылы райондо МТС (машина-трактор станциясы) уюштурулуп, ага биринчи 10 дөңгөлөктүү трактор келген, 1938-жылы дагы 8 дөңгөлөктүү трактор, 1,5 тонналык ГАЗ АА маркасындагы 6 жүк ташуучу автоунаа алып келинген. Райондо МТСтин уюштурулушу жана колхоздорду техника менен тейлөө аркылуу олуттуу өзгөрүүлөр пайда боло баштаган. Анткени буга чейин ат, өгүз жана кол күчү менен бүткөрүлгөн себүү, оруп-жыйноо өнөктүктөрүнө караганда техниканы пайдалануу бир топ натыйжалуу, сапаттуу жана өндүрүмдүү болгон. Техниканы колдонуу дыйкандардын турмушундагы чоң өзгөрүүлөрдү пайда кылып, илгери карай жылууга өбөлгө түзүп, түшүмдү арбын алууга мүмкүн болду. Райондун аймагында андан ары дыйканчылыкты өнүктүрүүгө, ал үчүн жаңы жерлерди өздөштүрүүгө, сугат жана агротехникалык эрежелер менен камсыздоого райондук жетекчилик көңүл бура баштаган.

Райондун жетекчилигинин негизги стратегиялык багыттагы иш-чараларынын дагы бири – мамлекеттик акча-салык саясатын ишке ашыруу болгон. Мындагы башкы милдет: мамлекеттин акча-салык саясатын ишке ашыруу, республикалык казынаны толтуруу, райондун бюджеттик тармагын камсыздоо жана райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн көрсөткүчтөрүн көтөрүү болгон. Бул милдеттерди ишке ашыруу үчүн Баткен райондук аткаруу комитети 1935-жылдын айыл чарба салыгы тууралу токтом кабыл алган. Бул

токтомго ылайык райондун аймагындагы төмөнкү аты аталган тармактар айыл чарба салыгын төлөөгө милдеттүү болушкан:

- калктын чарбалары; (айыл чарба коммуналары, айыл чарба артелдери, жерди коомдошуп иштетүү шериктери)
- колхозчулардын чарбалары;
- кол өнөрчүлөр кооперативдеринин бирикмелери;
- ар бир колхоздор; (дыйканчылыктын бардык түрлөрүнөн)
- коммуналар жана айыл чарба артелдери;
- кулак чарбалары.

Алар төмөнкү тармактардан айыл чарба салыгын төлөшкөн:

- кол өнөрчүлүктөн;
- жеке чарбалардан;
- дыйканчылыктан;
- чөп чабындылардан;
- чочкодон башка бардык малдардан; (малдардын жашына жараша салык өлчөмү белгиленген)
- айыл чарба азыктарын базарда сатуудан түшкөн кирешелерден;
- дыйканчылыктан тышкары табылган кирешелерден;

Бул тармактардын түрүнө, жайгашкан жерлерине карата ар бирине айыл чарба салыгынын өлчөмдөрү белгиленген жана айыл чарба салыктарын жылына экиге бөлүп төлөө каралган. Ошондой эле айыл чарба салыктарынан айрым эмгекке жарамсыз үй-бүлө мүчөлөрүн бошотушкан. Алар үчүн атайын беренелерде: эгерде эмгекке жарамсыз 1,2,3,4 үй-бүлө мүчөлөрү болсо, анда айыл чарба салыгы мынча % ке кыскартылат деп даана жазылган. Бирок бул жеңилдиктер кулак чарбаларына каралган эмес, кайра алар үчүн айрым салык өлчөмдөрү башка категориядагыларга салыштырмалуу бир топ жогору болгон. Бул ошол кездеги мамлекеттик саясаттын бай-манаптарды жана кулактарды тап катары жоюунун чараларынын бир багыты болгон.

Айыл чарба салыгын бардык тармактардан, бардык категориядагы дыйкандардан жана кол өнөрчүлөрдөн, жеке ишкерлерден өндүрүү мамлекеттин бюджетин толтуруу максатында жүргүзүлгөн. Анткени, ошол мезгилдеги айыл чарба технологиясынын, айыл чарба өндүрүшүнүн начар абалда экендигине карабастан мына ушул иш чараларды аткарышкан. Бул болсо ал кезде дыйкандарга абдан чоң тоскоолдук болгон, ал эми башка тармактардын, жеке үй-бүлөлөрдүн да тез эле ирденип кетүүсүнө айыл чарба салыктары тушоо болуп турган. Бирок мамлекеттик казынаны толтуруунун башка булактары болбогондуктан, мындан башка жол жок болгон.

Райондук аткаруу комитетинин президиумунун отурумдарында ар бир жылдын акыркы айларында райондо айыл чарба салыгынын аткарылышы тууралу маселе каралып, ошол жылдын бюджети да бекитилип турган. Мында ар бир айылдык кеңеш тарабынан канча айыл чарба салыгы жыйналып, канчасы жыйналбай калган, жыйналбай калганынын себептери кандай, же ага кимдер күнөөлү, бюджеттин аткарылышында кандай кемчиликтер же жетишпестиктер болгондугу так иликтенип, талкууланып турган. Анткени райондун ар бир жылдык өнүгүүсү бир жылдык киреше жана чыгаша менен такталып турган.

Район алгач уюшулган мезгилде райондук аткаруу комитетине 1 жүк ташуучу 1,5 тонналык ГАЗ АА маркасындагы автоунаа келген. Бул райондун аймагындагы жападан-жалгыз автоунаа болгон. 1937-жылы райондук партия комитетине 1 жеңил, райондук ооруканага 1 жүк ташуучу автоунаа берилген. Бирок, биз жогоруда белгилегендей райондун аймагында бир да багыттагы автоунаа жүрө турган жол болгон эмес. Ошондуктан райондук жетекчилик райондун борборун айылдык кеңештер менен туташтыра турган жолдорду курууну баштаган. Алгачкы жол Баткен – Кара-Токой – Таян багыты, экинчи багыт Баткен – Самаркандек – Орто-Боз – Рабат айылдарына жеткирилген. Ал эми 1940-жылы Баткен – Исфара жолун тез арада куруу боюнча атайын токтом кабыл алынып, бул жолдун экономиканы жогорулатуу жана байланышты камсыз кылуу багытындагы стратегиялык мааниси белгиленип, ал жол курулушуна катышууну 6 айылдык кеңештердеги колхоздорго бөлүштүрүп, ага 1580 колхозчу жана 91 жүк ташуучу арабалар катышкан. Ал курулуш 1940-жылдын 20-ноябрында башталып, он күндө бүткөн. Анткени Баткен районун башка аймактар менен туташтыруу жалаң гана Исфара шаары аркылуу болуп турган. Бул жагдай кеңеш доору мезгилинде да толук сакталган, б.а. Бишкекке, Ошко темир жолу, автоунаа менен каттоо жалаң Исфара шаары аркылуу болуп турган. Ошол мезгилдерде борбор калаа Фрунзеге баруу үчүн Исфарадан ары Канибадам шаарына жакын Мельниково темир жол бекетине барып, андан ары поезд менен бир жарым сутка жүрүүгө туура келген. Баткенден – Канибадамдагы темир жол бекетине чейин 60 км болгон, ага араба менен же ат менен гана барууга туура келген. Областын борбору Ош шаарына да ушул жол менен каттап, темир жол менен Кара-Суу шаарына чейин барып, андан ары кетишкен. Баткен – Ош автоунаа жолу 1990-жылдардан тарта пайдаланууга берилген. Ага дейре бардык каттамдар Исфара шаары аркылуу жүргүзүлгөн. Ал эми темир жол станциясы да Исфара шаарында жайгашып, бардык жүктөр темир жол аркылуу ал жерге

келип, андан Баткенге ташылып турган. Ал мезгилде азык-түлүктөн тарта бардык өнөр жай, курулуш, эл керектөөчү ж.б. товарлар, жада калса коомдук мал үчүн жем, тоют да темир жол аркылуу гана ташылган. Ошондуктан бул жол Баткен районун бардык жагынан камсыздоочу жападан-жалгыз жол болгон.

1936-жылы Баткен айылында райондук почта байланыш бөлүмү ачылып, анын бөлүмдөрү Самаркандек, Таян жана Кан айылдарында уюштурулуп, муну менен райондун аймагындагы байланыш тармагы бир топ жакшыра баштайт.

Ошол эле жылдары Каңсык айылында телефон станциясы, 60 түйүндүү радиоузел ишке киргизилет. 1938-жылдын 23-февралында "Сталиндик жеңиш" деген ат менен райондук гезиттин биринчи саны жарык көрөт. Райондук гезиттин чыгышына ошол кездеги Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы, андан кийин эле Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрагасы болуп иштеген жердешибиз Мурат Салиховдун эмгеги баа жеткис. Ошентип, райондун калкын маалымат менен камсыздоо иши башталып, кийин бул багытта бир топ бараандуу иштер аткарылды.

Баткен районунун айыл чарбасынын, мал чарбасынын өнүгүшү, анын эсебинен райондун бюджетинин камсыз болушу менен райондогу социалдык маселелерге да көңүл бөлүнө баштаган.

1934-жылы райондун борборунда (Каңсык айылында, анткени бир топ жыл ушул айыл райондун борбору болуп, райондук мекеме-ишканалар 1960-жж. чейин ушул айылда жайгашкан) 20 койкалуу райондук оорукана уюштурулуп, кийинки жылдарда андагы койканын санын көбөйтүү каралган. Ал эми 1935-36-жж. райборбордо райондук амбулатория, райондук аптека, Зардалы, Кара-Токой, Самаркандек айылдарында фельдшердик бекеттер уюштурулат. Бул кызматтар элдерди дарылоо, алардын ден соолугун жакшыртуу, жугуштуу оорулардын алдын алуу, балдарды эмдөө ж.б. иштерди аткарып, райондогу саламаттык сактоо тармагы барган сайын жакшыра баштайт.

Элдин сабатсыздыгын жоюу жана билим берүү тармагын жакшыртуу менен бирге райондук жетекчилик 1936-жылы райондун борборуна 30 орундуу балдар бакчасын уюштурушуп, анын алты айлык бюджетине райондук казынадан 9441 сом бөлүнгөн[1].

Бирок райондогу билим берүү, саламаттыкты сактоо, айыл чарба, мал чарба, бухгалтер, байланыш ж.б. тармактарга тиешелүү адистердин жоктугу райондогу олуттуу көйгөйлөрдөн болгон. Ошондуктан бул тармактарды тиешелүү адистер менен камсыздоо үчүн райондук

[1] Баткен областтык мамлекеттик архиви. – 119-фонд, 1-тизим, 94-сактоо бирдиги, 11-барак

жетекчилик борборго бир нече ирет кайрылышкан. Борбордон жогорудагы тармактар боюнча жөнөтүлгөн адистердин көпчүлүгү бир нече жыл бою өз тармактары боюнча билимин, тажрыйбасын жумшашып, өз орундарына жергиликтүү кадрларды даярдап, иш тажрыйбаларын үйрөтүшкөн. Аларды турак-жай жана тиешелүү шарттар менен камсыздоодо райондук мекеме-уюмдар, жергиликтүү коомчулук колдоо көрсөтүшкөн.

Ошол мезгилдеги райондун борборунда административдик мекемелердин, кызматкерлер үчүн турак-жайлардын, тейлөө мекемелеринин жоктугунан райондук мекеме-ишканаларды жайгаштырууда жана алар үчүн тиешелүү шарттарды түзүүдө жетишпестиктер жана көйгөйлөр көп болгон.

Айыл чарбасын коллективдештирүүдөгү олуттуу жылыштар, колхоздордун санынын жана мал чарба фермаларынын көбөйүшү, айыл чарба азык-түлүктөрүн өндүрүү жана сатуу боюнча пландардын ашыкча аткарылышы (картошка өндүрүү гана 96,3% болгон), эсеп-кысап иштерин жакшыртуу маселелери райондун экономикалык жактан өнүгүүсүн камсыз кылса, райборбордо ооруканаын, амбулатордук бекеттин уюштурулушу, аптеканын ачылышы жана балдар бакчасынын иштей башташы социалдык маселелердин чечиле башталышынын башаты болуп, райондо социалисттик коомдун алгачкы программалары ишке аша баштаган.

Район жетекчилиги 1935-жылы райондук партия комитетинин жылдык жыйынында, областтык жана республикалык жетекчилерден район үчүн абдан зарыл маселелерди чечип берүүнү суранган:

- райондун Өзбекстан жана Тажикстан менен чек араларын тактоо, аныктоо боюнча атайын комиссия жөнөтүү:
- Рабат өрөөнү кой-эчки өстүрүүгө ыңгайлуу болгондуктан, анда ушул багыттагы совхоз уюштуруу;
- райондун башка аймактар менен туташтыруучу республикалык маанидеги жол курулушун куруу;
- райондун борборун, айылдык кеңештердин борборлорун телефондоштуруу.

Район үчүн стратегиялык жактан абдан маанилүү бул маселелерди чечпей туруп, райондун аймагын тактоо, анын коопсуздугун камсыздоо жана социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү мүмкүн эмес болчу. Бирок бул маселелерге республикалык жана областтык жетекчилер кайдыгер мамиле жасашкан. Алгач райондун борбору жана ага жакын жайгашкан айыл кеңештери телефондоштурулган, бирок райондун алыскы аймактарына телефон

линиясы жеткирилген эмес. 1960-жылы же 25 жылдан кийин кой өстүрүү багытындагы "Рабат" совхозу уюштурулган. Бул совхоз райондогу ири чарбалардын бири катары республикага да таанымал болуп, мал чарба багытында бир топ ийгиликтерге жетишкен. Республикалык маанидеги Ош-Исфана жолу алтымышынчы жылдардын аягында башталып, аягына толук чыга элек. Ал эми негизги маанилүү маселе болгон өзбек, тажик чек аралары алиге чейин тактала элек.

Баткен районунун биринчи жетекчиси болуп, Кулумбаев Абли дайындалган. Ал 1937-жылдын октябрь айына чейин иштеп, андан Кыргызстан К(б)П Ленин райкомунун биринчи катчылык кызматына которулган[1].

Ал эми райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп жергиликтүү агартуучу, Баткенде кеңеш мектептерин уюштуруучулардын бири Сыдыков Самат (1904-1943-жж.) шайланган. Ал райондогу мекеме-ишканаларга кадрларды окутуп, даярдоо райондун борборуна оорукана уюштуруу жана аны керектүү жабдуулар менен камсыздоо сыяктуу иштерге абдан маани берген. Жергиликтүү буржуазиялык топтор менен байланышы бар деген доомат менен Сыдыков Самат да массалык репрессиялоо учурунда кызматынан бошоп, камакка алынган, эки жыл бою түрмөдө олтуруп, акыры акталып чыгарылган. Кийин социалдык камсыздоо бөлүмүндө, андан жаңыдан уюшулган МТСке саясий жетекчи болуп иштеп турган. Улуу Ата Мекендик согушка катышып, 77-аткычтар бөлүмүндө саясий жетекчи болуп туруп, 1943-жылы Днепр дарыясынын жээгиндеги салгылашууда баатырларча курман болгон.

Дүйнөлүк практикада али кездеше элек жаңы коомду курууну жер-жерлерде ишке ашыруу, текши сабатсыздыкты жоюу менен коммунисттик идеологияны жайылтуу, эскичилдик жана бай-манапчылык менен аёосуз күрөш жүргүзүү сыяктуу иштер райондук жетекчиликтин алдындагы ары татаал, ары жооптуу милдеттерден болгон. Райондун алгачкы жетекчилери ар кандай кыйын жана кооптуу учурларда иштешкендиктерине карабастан, алардын үстүнөн да ар кандай дооматтар, ушак-айыңдар болуп турган. Райондун эки жетекчиси тең массалык репрессиялоо учурунда ички иштер кызматкерлери тарабынан ар кандай куру жалааларга кабылышкан. Бирок экөө тең акталып, кайра жумушка аралашкан. Кандай болгон күндө да бул эки жетекчинин өмүр баяндары, ишмердүүлүктөрү Баткен

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 25-сактоо бирдиги, 28-барак

районунун тарыхы менен жуурулушуп, анын уюштуруучулары катары тарыхта кала берери шексиз.

Баткен районунун түзүлүшүнүн алгачкы жылдарында бул аймакты экономикалык жактан өнүктүрүү, айыл чарбасын коллективдештирүүнү аяктоо, сабатсыздыкты жоюу, социалдык жана маданий маселелерди чечүү боюнча райондук комитет бараандуу иштерди аткарган жана райондун жетекчилигинин алдындагы стратегиялык маанидеги багыттар (Тажикстан жана Өзбекстан менен чек араларды аныктоо, республикалык маанидеги жол курулушун куруу, райондун борборун жана айылдык кеңештерди телефондоштуруу, электр энергиясын жеткирүү, кой өстүрүүчү совхоз уюштуруу, ж.б.) аныкталган, натыйжада жаңы чарбалык уклад калыптанган. Райондук мекеме-уюмдардын, ишканалардын түзүлүшү менен бир топ маселелер өз ордунда чечиле баштаган жана партиянын саясатын ишке ашырууда, жаңы коомду курууда, Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын калыптанышында райондун тарыхый өзгөчө орду болгон.

## 2.8. Баткен району Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында (1941-1945-жж)

Гитлер башында турган фашисттик Германия 1941-жылы 22-июнда Кеңеш мамлекетине кол салганы белгилүү. Бүткүл Европаны кучагына алган согуш оту алоолонуп, биздин райондун эр-азаматтары да совет калкы менен бирге фронтко чакырылып, согуш майданында душмандар менен салгылашты. Эрезеге жеткен эр жигиттер от кечип, “эл четинде, жоо бетинде" эрдик көрсөтсө, алардын жубайлары жана балдары эмгек майданында каармандыкты көрсөтүштү. Жетидеги бала менен жетимиштеги карыяга чейин «Бардыгы фронт үчүн – бардыгы жеңиш үчүн!», – деген идеяны туу тутушту.

Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу кесепеттери андан бери 60-70 жыл өткөндүгүнө карабастан, дагы эле коомго залакасын тийгизип келүүдө. Күн өткөн сайын анын такталбаган жактары изилденип, улам жаңы маалыматтар менен толукталууда.

Согушта СССР боюнча 25 миллион адам каза болсо, анын ичинен 162 миңи кыргызстандыктар болгон. Баткен районунан 3733 жоокер согушка барган, алардан 1122 си согуш майданында каза болуп, 1944 адам дайынсыз жок болгон.

2009-жылы Жеңиш күнүнө карата 1941-1945-жылдары гитлердик баскынчыларга жана япондук милитаристтерге каршы Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон жана дайынсыз жоголуп кеткен

Баткен областынын жоокерлери жөнүндө «Эскерүү китеби» жарык көрдү[1].

Бул китептин жарыкка чыгышы менен согуш талаасында курман болгон же дайынсыз жок болуп кеткен жердештерибиз жөнүндө изилдөөгө жана тактоого кеңири мүмкүнчүлүк түзүлдү. Бул эмгекте жарыяланган материалдардын негизинде биздин иликтөөбүз боюнча Баткен районунан согуштан кайтпай калган 3066 жоокер болсо, анын ичинен согуш талаасында окко учкандар жана согуштагы оор жаракаттан көз жумгандар 1122 адам болгон. Ал эми дайынсыз жок болуп кеткендер 1944 адам болгон. Бул жалпы согуштан кайтпай калгандардын 63,4%ын түзөт, бул болсо согуш майданындагы абалдын өтө оордугунан канчалаган жоокерлердин каза болгондугун же кимдигин аныктоого мүмкүн болбогондугун күбөлөндүрөт.

Ал эми согуштан кайтпай калгандардын аскердик чини боюнча: 1 капитан, 3 ага лейтенант, 8 лейтенант, 8 кенже лейтенант, баары 20 офицер болушкан. Алар жалпы согуштан кайтпай калгандардын 0,65%ын түзөт. Бул биздин жердештерибиздин арасында аскердик офицерлердин өтө аз экендигин көрсөтөт. Алар улуту боюнча: 6 кыргыз, 6 орус, 2 украин, 1 татар, 1 башкыр болгон, ал эми 4 жоокердин улуту көрсөтүлбөгөн.

Андагы офицердик курамдан тышкары 2 старшина, 47 сержант, 6 ефрейтор, 2991 катардагы жоокерлер болушкан. Улуттук курамы боюнча: 2828 кыргыз, 137 орус, 6 украин, 5 татар, 4 өзбек, 2 башкыр, улуту такталбаган 64 жоокер болгон, райондо негизинен түпкүлүктүү улуттун өкүлдөрү жашагандыктан кыргыздар 92,4%ды түзгөн[2].

Фашисттердин өлүм лагерлеринде 6 млн. туткундардын жок кылынгандыгын, Ростовдогу вокзалдын алдындагы немецтер тарабынан атылган өлүктөрдүн дөбөсүн, Харьковдогу госпиталды басып алганда жарадар солдаттарды врачтар менен кошо тирүүлөй өрттөгөндүгүн, Киевде, Бабий Ярда он миңдеген атылгандар жана тирүүлөй көмүлгөндөр, Лемсдорфдо советтик туткундардын концлагериндеги миңдеген өлүктөр жана өлүктөн айырмаланбаган тирүүлөр, Бухенвальд, Освенцим, Майданек, Лемсдорф лагерлериндеги туткундарга көрсөтүлгөн кыйноолор жана алардын өлүктөрүн жок кылуу боюнча Данцигдеги технологиялык институттун улутчул "окумуштуулары" өлүктү өндүрүштүк негизде жок кылуунун ыкмаларын иштеп чыгышкандыктарын эске алганда биздин дарексиз жок болгон

[1] Республикалык "Эскерүү китеби" (1941-1945) Баткен облусу. – Б. 2009

[2] Аты аталган эмгек.

жердештерибиздин да канчасы таш боор фашисттердин кыйноосуна туш болгондур деген ой жүрөк сыздатат.

Улуу Ата Мекендик согуш Кыргызстандын айыл чарбасын бүлгүнгө учураткан. Алсак, ири мүйүздүү малдын саны 1941-жылы январда 555,4 миң болсо, 1946-жылы январда 440,3 миңди түзгөн, же 18%га азайган. Чочколордун саны ушул мезгилде 87,2 миңден 19, 4 миңге (70%), кой-эчкинин саны 2529,1 миңден 2272,3 миңге (12%), жылкы 407,7 миңден 209,2 миң башка же 29%га азайган[1].

Баткен районунда да ушундай эле абал өкүм сүргөн. Атап айтканда: жылкынын саны 1941-жылдын 1-январында 1796 баш болсо, 1945-жылдын 1-январында 1693 баш болуп, 5,8%га азайган, ири мүйүздүү мал ушул мезгилде 6770 баштан 3967 башка (41,4%), төө 115 баштан 46 башка (60%), үй канаттуулары 5385 баштан 2303 башка же 57,3%га азайган[2].

Малдын башынын кескин азайышынын себеби, биринчиден, эр-азаматтардын согуш майданына кетиши менен чарбаларды тейлөө бир топ солгундаган. Экинчиден, элибиз муктаждык күч алганда, сатып, союп өз керектөөлөрүнө жумшашкан. Үчүнчүдөн, тоюттун жетишсиздигинен, ветеринардык тейлөөнүн камсыз болбогондугунан өлүм-житим көбөйгөн.

Колхоздордо жылкынын азайып кетишинин дагы бир себеби: "Кызыл Армияга жылкыларды жана арабаларды жабдыктары менен жөнөтүү жөнүндө" Эмгекчилер депутаттарынын Баткен райондук кеңешинин аткаруу комитетинин жана Кыргызстан К(б)П Баткен райкомунун бюросунун 1941-жылдын 15-октябрындагы №40-токтомунда (өзгөчө жашыруун) айыл кеңештеринин төрагаларына район боюнча 70 мыкты жылкыны жана 20 арабаны жабдыктары менен 1941-жылдын 1-ноябрына чейин Кызыл Армияга жөнөтүү милдеттендирилген.

Ушундай эле темадагы токтомду райондун жетекчилиги 1942-жылдын 27-январында кабыл алып, анда да айылдык кеңештерге 162 баш мингич, 34 баш артиллерия үчүн, 66 баш жүк тартуучу, баары 262 жылкыны үч этап менен: 1942-жылы 28-январга, 25-февралга жана 27-мартка жөнөтүү милдеттендирилген[3].

Бул токтомдор чарба жетекчилери тарабынан токтоосуз түрдө аткарууга алынган. Ал эми колхозчулар арасында кубатталгандыгы жөнүндө райондук "Сталиндик жеңиш" газетасы 1941-жылдын 19-

[1] *Осмонов Ө., Асанканов А.* Кыргызстан тарыхы. – Б., 2003. 384-б.
[2] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. - 17-фонд, 1-тизим, 471-сактоо бирдиги, 1-барак.
[3] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 260-сактоо бирдиги, 7-8-барактар.

декабрында төмөнкүдөй макалаларды жарыялаган: "Шаңдуу Кызыл Армия үчүн 10 атты бөлүштү" деген темада: "Рабат айыл кеңешиндеги Молотов атындагы колхоздун колхозчуларынын жакында чогулушу болду. Чогулушта Баткен районундагы "Кызыл Аскер" айыл чарба артелинин Кызыл Армияга мыкты аттарды берүү жөнүндөгү үндөөсү иштелип, чогулушта колхоздун стахановчу жылкычысы жол. Ысаков Үрүстөм чыгып сүйлөп, мындай деди: "Жолдош Сталин советтик элдин бардыгын, ошону менен бирге биздин колхозчуларды да фронтту ар тараптан колдоого чакырды. Биз жол башчынын ар кандай чакырыгын колдоого даярбыз. Ата Мекен үчүн, шаңдуу Кызыл Армия үчүн эч нерсени аябайбыз. Ошондуктан "Кызыл Аскер" айыл чарба артелинин үндөөсүн кубаттап. Кызыл каармандар үчүн 10 ат берүүнү сунуш кыламын. Бериле турган аттарды азыртан баштап мыкты ат багарларга бактыруубуз керек", – деди ал.

Колхозчулар жолдош Ысаковдун сунушун кубатташты. 10 атты ээр токуму менен берүүгө чечим чыгарышты. Аттарды тажрыйбалуу жылкычы Тилабаев Төрө багып жатат. Жылуу сарайлар, жем-чөптөр камсыз кылынган[1]".

Бул үндөө райондун аймагындагы бардык колхоздордогу жыйналыштарда талкууланып, жалпы коомчулук тарабынан кызуу колдоого алынган.

Ушул эле гезит кийинки санында: "Кызыл Армияга мыкты аттар берилет" деген темада: Орджоникидзе атындагы колхоздун колхозчуларынын чогулушунда Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаты, колхоздун председатели жол. Орунбай Нишанов чыгып сүйлөп, мындай деди: "Бул үндөөнү чын жүрөгүбүздөн кубаттайбыз. Биз шаңдуу кавалериябызга атагы алыска угулган күлүктөрүбүздү жан дилибиз менен беребиз. Кызыл атчандар үчүн 4 мыкты ат бөлүнүп, аларды багуу колхоздун алдыңкы катардагы ат багарларына тапшырылды. Аттарга кавалериялык ээр-токум сатып алуу үчүн акча дагы чыгарылды. Жем, чөптөр дагы бөлүндү[2]".

Мындай үн кошуулар менен бирге аттарды, арабаларды керектүү абзалдары менен согуш талаасына райондун бардык чарбалары жөнөтүшкөн.

Коомдук малдын чыгым болушуна райондун партиялык, кеңештик уюмдар тиешелүү көзөмөлдү жана жетекчиликти камсыз кыла алышкан эмес. Малдын башын эсепке алуу айрым чарбаларда жакшы жолго коюлбаган, кароосуз калгандыктан ушул жылы 360 баш малды бөрү

---

[1] Баткен облаcттык мамлекеттик архиви. - 145-фонд, 1-тизим, 11-сактоо бирдиги, 6-барак.
[2] Ошондо, – 145-фонд, 1-тизим, 11-сактоо бирдиги, 12-барак.

жеген. Малдын көп чыгашага учурашынын жана өлүм-житиминин негизги себеби: 1944-45-жж. мал кыштатууда тоют начар камсыз болгон, же колхоздор 57% гана тоют даярдашкан. Коомдук малды талап-тоноолор же жаап-жашыруулар да болгон. Мисалы: Энгельс атындагы колхоздун төрагасы Тугаев беш жыл бою 443 баш кой-эчкинин жетишпестигин жаап-жашырып келгендиги аныкталып, сот жообуна тартылган. Таштикалан колхозунун төрагасы Алибеков Айтбай фермадан 43 баш кой-эчки, 3 баш бодо малды жок кылгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылган. Калинин атындагы колхозунун жетекчилери 135 кой-эчки жетишпегендиги үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартылган[1].

Ошол кезде мал чарбасын өнүктүрүү үчүн материалдык база талаптагыдай болгон эмес. Стандарттык короо-сарайлар дээрлик болбогондуктан кой-эчкилер үстү ачык таш короолордо жайгашкан. Мал чарбачылыгынын азыктуулугун арттыруу үчүн керектүү өлчөмдөгү чөп, жем, концентраттык, чыктуу тоюттар менен жетиштүү деңгээлде камсыз болунбаган. Кар, жаан-чачын көп жааган мезгилдерде алыскы короолорго араба менен жем, чөп ташып жеткирүү үзгүлтүккө учураган. Малдарды ветеринардык дарылоо, санитардык пункттардын иш жүргүзүүсү жетишсиз болгондуктан арык, кесел малдардын саны арбып, өлүм-житим да көп болгон.

Райондун аймагындагы колхозчулардын өздүк чарбаларындагы малдардын саны да каардуу согуштун кесепетинен чыгашага учураган, б.а. 1941-жылы жылкы 455 баш болсо, 1944-жылдын 1-декабринде 11 баш, ири мүйүздүү мал ушул мезгилде 4398 баштан, 1693 башка, кой-эчки 21829 баштан 11740 башка, төө 50 баштан 7 башка азайган. Төрт жыл аралыгында 444 баш жылкы, 2963 баш бодо мал, 13011 баш кой-эчки, 43 төө, бардыгы болуп төрт жылдын ичинде 16461 баш мал жок болгон[2].

Согуштун кыйынчылыктарынан улам көпчүлүк колхозчулар жеке чарбаларындагы төрт түлүк малынан ажыраган. Ал кезде элде мал жана айыл чарбасынан башка киреше булагы жоктугунан коомдук малдын кескин азайышы элдин жакырлануусуна алып келген. Ошонун кесепетинен эл арасында күнүмдүк тамак-ашка муктаж болгондор, кийим-кече жагынан тартыштык көбөйө баштаган.

Бул абалдан чыгуу үчүн 1944-жылдын 12-октябрында Кыргызстан К(б)П Борбордук Комитети "Жакынкы эки-үч жылда колхозчулар

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви – 17-фонд, 1-тизим, 471-сактоо бирдиги 4-барак.
[2] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 471-сактоо бирдиги, 2-барак

арасында малсыздыкты жоюу жөнүндө" токтом кабыл алган. 1945-жылдын 1-январына карата райондогу 2794 жеке кожолуктун 1002 синде малы жок болгон. Бул жалпы элдин 35,8 пайызында малы жок дегенди билдирген. Партиянын бул чечимин аткаруу максатында кыска мөөнөттө 1945-жылдын 1-майына чейин 330 жеке чарбага 417 баш кой-эчки, 11 баш торпок берилген. 1944-жылы мал чарбасын өнүктүрүүнүн планын ашыра орундаткандыгы үчүн Ворошилов атындагы колхоз 210 баш, Сталин атындагы колхоз 60 баш, Молотов атындагы колхоз 40 баш кой-эчкини колхозчулардын эмгек күнүнө беришкен, бирок малсыз жеке чарбалар дагы эле 472 үй-бүлө болгон[1].

Бул жардам жеке үй-бүлөлөргө чоң колдоо болгон. Анткени башка киреше булагынын жоктугун эске алганда, мал менен гана алектенген карапайым калк аз да болсо чарба жүргүзүүгө аракеттенишип, жок дегенде кой-эчкилердин да сүтүн саап ичип турушкан.

Согуштун кыйынчылыгынан, жумушчу күчүнүн, техниканын жетишсиздигинен **дыйканчылык тармагы** да аксай баштаган. Натыйжада дан эгиндеринин түшүмү азайган. 1940-жылы күздүк буудайдан район боюнча орточо түшүмдүүлүк 9,74 ц. болсо, бул көрсөткүч 1944-жылы 4,95 центрге же 50,8%, жазгы буудай ушул мезгилге 5,61 центрден 4,96 центрге же 11,5%, арпа 8,20 центрден 5,77 центрге, же 29,7%, тарую 6,15 центрден 4,20 центрге, же 31,7%, зыгыр 6,77 центрден 4,50 центрге, же 33,5%, беде үрөнү 1,42 центрден 1,20 центрге, же 15,5% азайган[2].

Дыйканчылык тармагынын начарлай башташынын да негизги себеби: айыл чарбасында жумушчу күчүнүн жетишпестиги, айыл чарба техникаларынын аздыгы, кошко чегилүүчү ат, өгүздөрдүн азайышы, жерлерди агротехникалык негизде которуштуруп айдоого, жер семирткичтерди жеткирип, чачууга мүмкүнчүлүктүн жоктугу болгон. Аба ырайынын катаал шарттары да түшүмдүүлүккө терс таасир эткен.

Ата Мекендик согуш жеңиш менен аяктоосу үчүн ооруктагы аялдар, жаштар, карыялар күндү күн, түндү түн дебей азык-түлүк, тамак-аш продукцияларын өндүрүү үчүн жигердүүлүк менен иштешкен. Биринчилерден болуп кыз-келиндер трактористтик кыска мөөнөттүү курстарда окушуп, жер айдашкан. Исфара шаарындагы темир жол станциясына дан, тамак-аш азыктарын араба, ат, эшекке жүктөп барышып согуш майданына жөнөтүп турушкан. Район боюнча 1941-

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 446-сактоо бирдиги, 2-6-барактар.
[2] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 421-сактоо бирдиги, 6-барак.

1945-жылдарда 25797 тонна дан эгиндерин, 17345 даана жылуу кийим, жашылча-жемиш, эт азыктарын согуш майданына жиберишкен[1].

Ошол кезде элдин өзүнүн керектөөлөрүнө болгон муктаждыгы зарыл болсо да, фронтко, ага тиешелүү тармактарга, блокадада калган шаарларга, согуштук заёмдорго, айылдагы муктаж үй-бүлөлөргө колдо бар болгон каражаттарын аяшкан эмес.

Кызыл аскерлердин үй-бүлөлөрүнө жардам катары 1945-жылы бир айлык жарыяланып, район боюнча 65 миң рубль, 450 кг. азык-түлүк, 25 баш кой-эчки, 625 даана кийим жыйналып. муктаж үй-бүлөлөргө таратылып берилген[2].

1941-жылы октябрь-ноябрда Фрунзе областынын Сталин атындагы колхозунун мүчөлөрү "Күнөстүү Кыргызстан" деген истребителдердин эскадронун түзүү үчүн каражат чогултуу демилгеси менен чыккан. Бул демилге колдоого ээ болгон.

1943-жылы район боюнча танк жасоо жана Кызыл Армияны куралдандыруу үчүн 1 454 миң рубль каражат, 1944-жылы 3 716 миң рубль жыйналган. Бул үчүн райондун эмгекчилери Сталинден ыраазычылык кат алышкан. Буга район боюнча 53 адам патриоттуулукту көрсөтүшүп, ар бири 10 дон 100 миң рублга чейин салым кошушкан. Алардан 33 адамга Сталинден ыраазычылык кат келген. Алар «1-Май» колхозунун төрагасы Маткаримов Бекташ 100 миң, Сталин колхозунун төрагасы Айтматов Сыдык 50 миң, Ворошилов атындагы колхоздун төрагасы Рахманов Саттар 50 миң рубль салым кошкон[3].

Согуш мезгилиндеги оор турмуш, жетишпестик колкодон алып турса да, көптөгөн мындай ак жүрөк, Ата Мекенден жанын, дүйнөсүн, байлыгын аябаган мекенчил атуулдардын мындай салымдары эч качан унутулбай, муундан-муунга айтылып жүрүүсү зарыл. Ошол кездеги турмушту, жашоо деңгээлди, шартты эсепке алганда бул абдан чоң жөрөлгө болгон.

Райондук "Сталиндик жеңиш" газетасы "Коргоо фондуна жардам" деген темада макала жарыялаган. Анда: Дарадагы "Октябрь" колхозунун эркек-аялдары баатыр Кызыл Армияны колдоп, колдоо фондуна жардам берүүнү күчөтүп жатат. Мамлекеттик коргоо фондуна 1000 сом акча, 3600 заём, 50 килограмм эт, 5 центнер арпа, 1 центнер буудай бериშти. Мындан башка дагы кол каптарды, моюн орогучтарды,

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 17-сактоо бирдиги, 17-барак.

[2] Баткен областтык мамлекеттик архиви. – 145-фонд, 1-тизим, 10-сактоо бирдиги, 4-барак

[3] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 12-сактоо бирдиги. 7-8-барак.

жүндөн жасалган бут орогучтар, сорттуу папиростор топтоп, 2 посылканы жиберүү үчүн даярдап коюшту. "Октябрь" колхозунун колхозчулары өз Родинасын сактоо үчүн жүзү кара немецтик фашизмди жеңип чыгуу үчүн өз даярдыктарын күчөтүп жатышат[1].

Булар азыркы Кан, Сары-Талаа айылдарынын жашоочулары болушкан. Алар өздөрүнүн курсагы нанга кенен тойбосо да, ууртап, кочуштап олтурушуп, дан, эт, акча, андан тышкары жүндөн моюн, бут орогучтарды ж.б. нерселерди согуш майданына жөнөтүшкөн. Анткени ал кездеги бардык адамдардын тилеги да, каалоосу да, бүткүл аракети да жеңиш үчүн бардык мүмкүнчүлүгүн жумшоо болгон.

Бужумдагы Андреев атындагы колхоздун колхозчусу Токтобаев Абдраим согуштун азап-тозогун сезип, техника, ок-дарынын жетишсиздигин билип, колхозчуларды, тууган-уруктарын баш коштуруп, 2 тонна буудай, 10 кап арпа, 2 баш уй, 160 миң сом, 50 миң заемду СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн эсебине жөнөткөн.

Ага төмөндөгүдөй жооп келген: «Баткен, Ош облусу, Андреев атындагы колхоздун колхозчусу жолдош Токтобаевге:

"Сиз тарабынан жөнөтүлгөн акча каражатына танка жасалып, подполковник жолдош Торчишин командалык кылган аскер бөлүгүнө жөнөтүлдү» (полевая почта №67922), Кызыл Армиянын МВ жана КТ согуштук даярдык көрүү жана түзүм башкармасынын начальниги, танкалык аскеринин генерал-майору Лепедаев[2]".

Бужум айылынын тургуну Токтобаев Абдраимдин бул эмгеги мекенчилдиктин жана аламгерчиликтин туу чокусу деп баа берүүгө болот. Анткени, 2 тонна буудай, 10 кап арпа, 2 уй, 210 миң акча жөнөтүү, жөнөткөндө да, кызыл кыргын болуп, ким жеңип, ким жеңилерин билбеген кыйын учурда жана элдин өзүнүн курсагы нанга тойбой, муктаждык күчөп турган учурдагы мындай аракетти ал инсандын көрөгөчтүгү жана эрдиги деп баалоого болот.

Блокадада калган Ленинград шаарына кыргыз эли 1942-1943-жж. 100 вагондон ашык азык-түлүк жөнөткөн.

Кыргызстан КП БКнын, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун тапшырмасы боюнча Тянь-Шань обкомунун катчысы К.К. Каракиев, Кыргыз ССР радиокомитетинин төрагасы Н.Л.Дубровский, Ош облустук жер бөлүмүнүн башчысы А.Х.Анарбаевдердин жетекчилигиндеги делегация 1943-жылы июль айында алты вагон азык-түлүктөрдү, белектерди Ленинград шаарына

[1] Баткен областтык мамлекеттик архиви. – 145-фонд, 1-тизим, 11-сактоо бирдиги, 6-барак.
[2] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 12-сактоо бирдиги, 10-барак.

алып барышат. Аталган делегациянын курамында Баткен районун «Ленинград» колхозунун башкармасынын раиси Акматов Бердикул да болгон. Ал колхозчуларга элүү кап күрүч, отуз кап өрүк, токсон беш баш уй, миң кило кургатылган жемиш, танк куруу үчүн сексен миң сом акча, кырк миң сомдук заемдун акчасын "Ленинград колхозунан – Ленин заводуна!" - деп, алып барып тапшыргандыгы тууралуу архивдик документтер сакталган[1].

Ленинград шаары душмандар тарабынан 900 күн курчоодо калып, тамак-аш жетишпей, ачкачылык үстөмдүк кылып турган учурда Б. Акматов тарабынан жеткирилген азык-түлүк аз болсо да, курал-жарак жасап жаткан Ленин заводунун жумушчу жоокерлерине белгилүү өлчөмдө жардам болуп, алардын духун көтөргөн.

Улуу Ата Мекендик согуштун катаал шарттарына карабастан согуш майданындагы шаарлар менен тылдагы колхоздорду байланыштыруу партиянын саясаты болгон.

Ал жөнүндө С.М.Абрамзон минтип жазган: "Социалисттик мелдештин шыктандырган күчүнүн унутулгус мисалы Кыргызстандын бир катар колхоздорунун баатыр шаар Ленинграддын ишканалары менен түзгөн келишимдери болуп саналат. Ош областындагы Нариманов атындагы артелдин колхозчулары шаардын блокада күндөрүндө К. Либкнехт атындагы заводдун жумушчулары менен келишим түзүштү. Алар жумушчулар үчүн кошумча тамак-аш ресурстарын түзүүгө, жумушчулар пландан тышкары бир кыйла сандагы коргонуу продукциясын берүүгө милдеттеништи. Бул келишимди аткаруу үчүн Нариманов атындагы колхоз 1943-жылы Кыргызстанда биринчи орунду жеңип алды жана заводдун жумушчуларына жашылча жана жемиш жүктөлгөн вагонду белекке жөнөтүштү, ал эми завод он айлык программасын 103% аткарды. Ош областынын Баткен районундагы «Ленинград» колхозу 1942-жылы Ленинграддагы Ленин атындагы машина жасоо заводу менен мелдешип, дандын түшүмүнүн планын 120% жана мал чарбасын өнүктүрүү боюнча тапшырманы 110% аткарды[2]".

Согуштун бардык кыйынчылыктарына, жетишпестикке карабастан мамлекеттик пландарды ашыра аткарган колхоздор райондо көп болуп, бул Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жеңишке шыктандыруунун негизги ыкмаларынын бири болгон партиянын саясий-үгүт иштеринин натыйжасында ишке ашкан.

---

[1] Баткен облаттык мамлекеттик архиви. - 145-фонд, 1-тизим, 1-сактоо бирдиги, 8-барак.
[2] *Абрамзон С.М.* Кыргыз жана Кыргызстан боюнча тандалма эмгектер. – Б., 1999. 510-б.

Кыргызстан К(б)Пнын Борбордук Комитетинин 1944-жылдын 12-октябрындагы отчеттук докладында белгиленген "жолдош Сталинге Кыргыз элинин ант-кайрылуусунун" саясий маанисин түшүндүрүү үчүн райондо мурда 104 үгүтчүнү бириктирген 17 үгүт жамааты аракеттенсе, азыр 145 үгүтчүнү камтыган 28 үгүт жамааты иштеп жатат. Алардын 38и такшалган коммунисттер жана комсомолдор болушкан. Партиянын Баткен райкомунун бюросунун чечими менен 1944-жылы эл арасында саясий докладдарды окуу үчүн 17 докладчы бекитилген. Алар 18 902 угуучуга 295 доклад, ал эми 1945-жылдын 5 айында 10 519 угуучуга 221 доклад жасашкан[1]. Согуштун катаал шарттарына карабастан эл арасында саясий-идеологиялык иштер солгундабастан жүргүзүлүп турган жана ал эмгекчи эл массасын жаңы жеңиштерге карай шыктандырып турган.

Мына ушундай кыйын учурларда Сталинге кыргыз элинин ант-кайрылуусу кабыл алынган. Анын саясий маанисин элге жеткирүү үчүн райондун партиялык активи колхоздордо 4100 угуучуга 83 докладдар менен чыгышкан, анын негизинде жер-жерлерде айыл чарбасындагы түшүмдүүлүктү жогорулатуу, мал чарбасын өнүктүрүүнүн пландарын аткаруу боюнча милдеттенмелер кабыл алынган.

Кыштут толук эмес орто мектебинин директору Муртазиндин үгүт иштеринин натыйжасында Кыштут айылдык Кеңешинин колхоздору жазгы талаа жумуштарын райондо биринчи болуп 1945-жылдын 15-апрелинде аякташып, партиянын райкомунун жана райондук аткаруу комитетинин өтмө Кызыл туусун жеңип алышкан[2].

Согуштун канчалык азап-тозоктору жана кыйынчылыктарына карабастан, партиянын үгүт-насыят иштери калк арасында үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турган. Ал эмгекчи элдин духун көтөрүп, жаңы жеңиштерге карай шыктандырган. Элдин жеңишке болгон ишеними, патриоттук духу күчтүү болгон.

Согуш мезгилиндеги оор эмгек, кыйынчылык, жетишпестик эмгекчи элдин духун майтара алган эмес. Алар жалпы жыйындарда улуу жол башчы Сталинге бир нече телеграммаларды жөнөтүп турушкан.

Молотов атындагы колхоздун колхозчуларынын телеграммасы:

*МОСКВА КРЕМЛЬ СТАЛИНГЕ*

*Биз Кыргызстандын Баткен районунун эмгекчилери польшалык пандардын зомбулугунан биздин бир туугандарыбыз белорустарды,*

---

[1] Баткен областтык мамлекеттик архиви. – 145-фонд, 1-тизим, 1-сактоо бирдиги, 14-барак.

[2] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 415-сактоо бирдиги, 45-барак.

*украиндерди бошотууга багытталган сиздин жетекчилигиңиздеги партиянын саясатын жактырабыз. Сиздин акылман жетекчилигиңиз менен биздин өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн жана кубаттуулугун чыңдоого бардык күч аракетибизди жумшоого ант беребиз!*

*Жашасын биздин окутуучубуз улуу С Т А Л И Н !*

*Митингдин тапшыруусу боюнча Кадырбаев, Баймуратов*

*КП (б) Баткен райкому* - деп жазылып, партиянын Баткен райкомунун катчысы Коробевдин колу коюлуп, 22939 номерлүү почтанын мөөрү басылган[1].

Мындай мазмундагы телеграммалар, каттар улуу жол башчынын атына райондогу дээрлик ар бир колхоздордон мезгил-мезгили менен жөнөтүлүп турган. Бул болсо жергиликтүү элдин улуу жол башчы менен тикеден-тике байланышып тургандыгын билдирген.

1945-жылдарда жүргүзүлгөн үгүт иштеринин жыйынтыгы боюнча 4-согуштук заёмдорго жазылуу ашыкча аткарылган. Колхозчулар Рахматов, Көчөнов, Жонбаев 2400 сомдук көрсөткүчтүн ордуна ар бири 20 000 сомдон аткарышкан. Мындай активисттердин катарында коммунисттер "Большевик" колхозунан Мараимов, "Коммунист" колхозунан Садиров ж.б. болушкан.

Ар кандай саясий, үгүт, чарбалык жана жаңычыл иштердин көч башында коммунисттердин туруусу шарт болгон. Элге заемдорду сатуу аркылуу, андан түшкөн каражат согуштан кийинки айыл чарбасын өнүктүрүүгө жумшалган.

Согуштун кыйынчылыктарына карабастан райондук "Сталиндик жеңиш" газетасы айына үч жолу 700 тираж менен чыгып турган. Мындан тышкары райондо 21 клуб, 5 чайкана, 8 үгүт пункту, 3000 даана китеби бар 18 кызыл бурч, 4 мончо, 115 түйүндүү суткасына 6 саат иштөөчү радио узел, 1 кууш пленкалуу кино аппарат болгон[2]. Бул ошол кезде райондун аймагында үгүт иштерин жүргүзүүдө чоң каражат болгон.

Азыркы кездегидей информация каражаттарынын ал кезде жок болгондугуна байланыштуу, жогорудагы каражаттар абдан маанилүү болгон. Анткени, ошол кезде бүткүл өлкө боюнча согуштун жүрүшү ж.б. маанилүү кабарларды, Совинформбюронун билдирүүсүн радио узелдер аркылуу элге жеткирип турушкан. Мындан тышкары клубдарда, чайканаларда, кызыл бурчтарда гезиттер, китептер, баракчалар коюлуп, атайын лекторлор мезгил-мезгили менен доклад,

---

[1] Саясий документтердин Ош облаcттык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 417-сактоо бирдиги, 86-барак.

[2] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 417-сактоо бирдиги, 46-барак.

лекцияларды эл алдында окуп турушкан. Бул карапайым калктын мамлекеттик саясат менен тааныш болуп туруусуна жана алардын аң-сезимин жогорулатууга чоң өбөлгө болгон.

Согуш майданында эле көрсөткөн эрдиктери үчүн 136 жоокер орден, медалдар менен сыйлашышкан. Акматов Дүйшө II-III даражадагы "Даңк" ордени менен, "Ленинградды коргогондугу үчүн" медалы менен 2 киши, "Москваны коргогондугу үчүн" медалы менен 1 киши, "Сталинградды коргогондугу үчүн" медалы менен 6 киши сыйланган. Гайыпов Темирбай, Надирбеков Эргеш В.Панфилов жетектеген 316-дивизиянын жоокерлери менен бирге Москваны коргоодо өлбөс-өчпөс эрдик көрсөтүшкөн. Абакиров Жумаш, Абдыкеримов Закир, Акматов Абдилат, Айдаров Жолдош, Байназаров Бакир, Батыркулов Торко, Жусубалиев Исамидин, Жусупов Исамидин, Исмаилов Матраим, Каразаков Ташполот, Касымов Кабыл, Кенжебаев Жоро, Кубатов Артык, Мажитов Абдилла, Матемиров Имат, Рахматов Ашир, Сапаров Соорбай, Эркебаев Жаанбай жана башка көптөгөн жердештерибиз согуш талаасында фашисттик армияны жок кылууга чоң салым кошушкан.



1941-1945-жылдарда тылдагы күжүрмөн эмгектери үчүн райондун 3106 адамы СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланган[1].

Алардын көпчүлүгүнө кийин тылдагы эмгектери үчүн мамлекеттик жеңилдиктер: салыктан бошотуу,

[1] Баткен облсттык мамлекеттик архиви. – 26-фонд, 1-тизим, 18-сактоо бирдиги, 34-38-барактар.

жөлөк пул, коммуналдык тейлөө, электр энергиясы үчүн төлөө, медициналык тейлөө ж.б. каралган.

Улуу Ата Мекендик согуш бардык совет элдериндей эле Баткен районунун жашоочуларына да өтө оор, орду толгус жоготууларды жана көптөгөн зыяндарды келтирген:

-согуш майданына Баткен районунан 3733 жоокер катышкан, алардын 1122 согуш майданында каза болгон, ал эми 1944 жоокер дайынсыз жок болгон, бардыгы 3066 адамдын өмүрү мезгилсиз кыйылган;

-натыйжада 3066 үй-бүлө багуучусунан ажыраган, ушунча сандагы ата-эне баласынан ажырап, зарлаган, ушунча сандагы аялдар күйөөсүнөн ажырап, ушунча үй-бүлөдөгү балдар атасынан ажырап, жетимчиликке туш болушкан;

-3066 адам дээрлик төрт жыл бою өндүрүштөн, күндөлүк тиричиликтен ажырап, согуштук армияда кызмат кылган, райондун бүткүл өндүрүшү, бүткүл чарбасы фронттук нукка бурулуп, согуштук буйрутмаларды аткарган;

-эр азаматтардын жетишсиздигинен мал, айыл чарбасы бүлгүнгө учураган: согуш жылдарында коомдук малдан 103 баш жылкы, 2803 баш ири мүйүздүү мал, 69 баш төө, бардыгы 2975 баш мал жана 3082 баш үй-канаттуулары 1941-жылдын 1-январына салыштырганда аз болгон;

-жеке чарбалардан төрт жыл аралыгында 444 баш жылкы, 2963 баш бодо мал, 13011 баш кой-эчки. 43 төө, бардыгы болуп 16 461 баш мал жок болгон. Согуштун акыркы жылдарында райондогу 2794 кожолуктун 1002 си же 35,8%ы малсыз болуп, жакырчылыкка кабылган;

-дыйканчылык тармагы да начарлап, түшүмдүүлүк, дандын жана башка айыл чарба түшүмдөрүнүн дүң жыйымы кескин түрдө азайган;

-танк жасоо жана Кызыл Армияны куралдандыруу үчүн район боюнча 5 млн 170 миң рубль жөнөтүлгөн;

-район боюнча 1941-1945-жылдарда 25797 тонна дан эгиндери, 17345 даана жылуу кийим, жашылча-жемиш, эт азыктары согуш майданына жиберилген;

-“Ленинград” колхозунан курчоодо калган Ленинграддын Ленин заводуна -элүү кап күрүч, отуз кап өрүк, токсон беш баш уй, 1000 кило кургатылган жемиш, танк куруу үчүн 80 миң сом акча, 40 миң сомдук заёмдун акчасы берилген;

-Бужумдагы Андреев атындагы колхоздун колхозчусу Токтобаев Абдраим тууган-уруктарын баш коштуруп, 2 тонна буудай, 10 кап арпа,

2 бан үй, 160 миң сом, 50 миң заёмдун акчасын СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн эсебине жөнөткөн;

Бул иш-чаралар элдер ортосундагы ынтымактыкты, кайрымдуулукту, адамгерчиликтин эң жогорку деңгээлин көрсөтүп, өздөрүнө жетишпей турса да согуштан эч нерсесин аяшкан эмес. Анткени жеңиш үчүн ар ким өз салымын кошууга аракет кылган жана жеңишке бекем ишенишкен.

## 2.9. Согуштан кийинки эл чарбасын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү (1946-1962-жж.)

Улуу Ата Мекендик согуш адам өмүрүнөн тартып, бардык үй-бүлөлөргө, коомдун бардык тармактарына орду толгус жоготууларды алып келген. Кыргызстандын айыл чарбасы да көптөгөн кыйынчылыктарга туш болгон. 1940-жылы республиканын айыл-кыштактарында эмгектенген 186,6 миң эркектен 1946-жылы 60 миңи гана калган. Техникалык жабдуулары боюнча республиканын айыл чарбасы 1930-жж. ортосундагыдай деңгээлге чейин ылдыйлаган. Жумушчу күчүнүн, техниканын жоктугунан түшүм бере турган көпчүлүк жерлер айдалбай калган, түшүмдүүлүк төмөндөгөн. Айыл чарбасында агротехникалык эрежелер пайдаланылбай, минералдык жер семирткичтер келбей калган. Ал эми колхоз-совхоздордун мал чарба фермаларында топтолгон органикалык жер семирткичтерди натыйжалуу пайдалануу ишине көңүл бурулган эмес. Сугат тармагына камкордуктун жоктугунан мындагы курулуштар талкалана баштаган.

**Мал чарбасындагы** абал да оор эле. Малдын саны жана анын продуктуулугу кескин түрдө төмөндөгөн. Мал кармабаган чарбалардын саны өскөн. Тоют даярдоо иши кескин төмөндөп кеткен. Жайлоолор менен кыштоолорду натыйжалуу колдонуу ишине көңүл бурулбай калган. Зооветеринардык эрежелерди пайдалануу да солгундаган.

Бул абалдан чыгуу үчүн ВКП(б) Борбордук Комитетинин 1947-жылдагы февраль пленуму «Согуштан кийинки мезгилде айыл чарбасын жогору көтөрүүнүн чаралары жөнүндөгү» токтомун кабыл алган. Партиянын бул токтомун Кыргызстан К(б)П жана партиянын областык жана райондук комитеттери талкуулап, бул токтом айыл чарбасын тезинен калыбына келтирүүнүн күжүрмөн программасы болот деп эсептешкен.

Согуштун кырсыгынан райондун чарбаларында дыйканчылык жана мал чарбачылыгы, андан өндүрүлүүчү азык-түлүктөрдүн көрсөткүчү

төмөндөп кеткен. Кыйынчылыктан чыгуу үчүн райондун, айылдык кеңештердин, колхоздордун алдына төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

1947-жылдын ичинде райондун колхоздорунда жылкылардын санын 420 башка, 1948-жылдын 1-январына чейин 2370 башка жеткирүү;

1947-жылдын ичинде тубар бээлерди жайытта багуунун санын 650 башка жеткирүү, бээлерди ар кандай чарбалык ишке пайдаланууга тыюу салуу;

унаа күчтөрүн көбөйтүү үчүн жумушчу өгүздөрдү көбөйтүп, алардын санын 1948-жылдын 1-январына 800 башка жеткирүү;

1947-жылдын ичинде төөнүн санын 40 башка жеткирүү;

ири мүйүздүү малдардын саны 1947-жылы 620 башка өстүрүлүп, 1948-жылдын 1-январына 3700 башка жеткирүү;

1947-жылы ар бир саан уйдан 750, 1948-жылы 850 литрден сүт саап алууга жетишүү;

1947-жылы 600 баш ири мүйүздүү мал, 800 баш кой-эчки жайытта семиртилип, ири мүйүздүү малдар тирүүлөй салмакта 250 килограммдан, кой-эчкилер 42 килограммдан кем эмес салмакта этке тапшыруу;

кой-эчкилер 1947-жылы 6700 башка көбөйтүлүп, 1948-жылдын 1-январына 46 000 башка жеткирүү;

1947-жылы орто эсеп менен ар бир койдон 2 килограммдан жүн, ар бир эчкиден 150 граммдан тыбыт алууга жетишүү;

1947-жылдын ичинде уяң жүндүү койлорду аргындаштыруунун жана асыл тукумдуу койлорду өстүрүүнүн планын 9000 башка бекитүү;

зооветеринардык тейлөөлөрдү жакшыртуу, ар кандай ылаңдардын, оорулардын алдын алуу иштерин күчөтүү;

үч жерде (Баткен, Кыштут, Рабат) ветпункт, бир зооветучастка, үч ванна куруу;

малдын жугуштуу оорулары көбөйүп жаткандыктан Тажикстан жана Өзбекстандын малдарын колхоздордун аймагына киргизүүгө каттуу тыюу салуу;

райондун колхоздорунда 1947-жылы жалпы 12000 т. кесек тоют даярдоо, анын ичинен:1200 т. силос, 2500 гектардан табигый чөп чабууну камсыздоо;

1947-жылы колхоздордо 72 аткана, 102 короо, 82 уйкана жаңыдан куруу белгиленген[1].

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 19-сактоо бирдиги, 12-20-барактар.

Жогорудагы токтомду ишке ашыруунун дагы бир милдети – 1948-жылдын аягына чейин колхозчулардын жеке пайдалануусундагы малсыздыкты, 1949-жыл ичинде уйсуздукту жоюу болгон. Колхозчулардын малдуу болуусу үчүн мамлекеттик жана коомдук жардамдарды уюштуруу, мамлекетке эт тапшыруунун планынан ашыкча өстүрүлгөн козу, улак, музоолордун бир бөлүгүн колхозчуларга эмгек акы үчүн берүү, колхозчулардын менчик малдарын зооветеринардык тейлөө ж.б. болгон.

Бул токтомдо негизги басым райондун колхоздорунда жана жеке чарбаларда төрт түлүк малдын башын өстүрүү жана андан алынуучу азык-түлүктөрдүн көрсөткүчүн жогорулатуу, тоют базасын чыңдоо жана короо-сарайларды курууга багытталган.

Ушул токтомдун негизинде 1949-жылдын 1-январына карата район мамлекеттик мал чарба планын жылкылар 102%, ири мүйүздүү малдар 109%, кой-эчкилер 106,6%, төөлөр 147%, жана үй-канаттуулары 100% орундаткан[1].

Бул көрсөткүч жогоруда аты аталган токтомду райондо ишке ашыруунун башталышы жана райондо мал чарбачылыгы негизги көрсөткүч болгондуктан, мал чарбачылыгынын мамлекеттик пландарын бардык көрсөткүчтөр боюнча ашыра аткаруу райондун чоң жетишкендиктеринен эле.

Колхозчулардын малсыздыгын жоюу боюнча колхозчуларга 1948-жылы сатып алуу аркылуу жана мамлекеттик ссуданан эсебинен 586 баш музоо, 3847 баш кой-эчки, колхоз ортолугунан 107 баш музоо жана 136 баш кой-эчки берилип, 411 түтүн малдуу болгон[2].

Бул мамлекет жана колхоздор тарабынан колхозчуларга көрсөтүлгөн абдан чоң колдоо болгон. Көпчүлүк үй-бүлөлөр бир малды да асырап жүрүп, жылдан-жылга көбөйтүшкөн. Бирок колхозчулардын малсыздыгын жоюу маселеси толук чечилген эмес. 1953-жылдын 1-ноябрине карата 1011 кожолукта менчик малы, 1574 кожолукта уйю жок болгон[3].

КПСС Борбордук Комитетинин сентябрь (1953-ж.) Пленумунун чечимдерине ылайык айыл чарба продукцияларын мамлекетке сатып алуу баасы жогорулатылган. Эттин баасы 5,5 эсеге, сүт менен майдыкы эки эсеге, дан эгиндеринин баасы 50%га көбөйгөн. Колхоздордун мамлекетке болгон карыздары жоюлган. Айыл чарба салыгынын өлчөмү азайтылган. Колхозчулардын өздүк көмөкчү чарбаларын чектөө,

---

[1] Саясий документтердин Ош облосттык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 20-сактоо бирдиги, 7-8-барактар.
[2] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 92-сактоо бирдиги, 10-барак.
[3] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 27-сактоо бирдиги, 184-барак.

андан алынган продукцияларды мамлекетке милдеттүү түрдө тапшыруу эрежелери алынып салынган. Колхозчулар мындан ары өздүк көмөкчү чарбаларынан өндүргөн продукцияларын базарда эркин сатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан.

Колхозчулардын эмгегин ай сайын же квартал сайын авансалоо, колхоздогу эмгеги үчүн аларга кошумча акы төлөө тартиби киргизилген.

1950-жж. өлкөдө колхоздорду ирилештирүү саясаты жүргүзүлгөн жана анын натыйжасында райондогу колхоздордун саны 40 тан 20 га кыскарган. Колхоздорду ирилештирүү алардын экономикасын көтөрүүдө чоң мааниге ээ болгон. Колхоздорго кошо айылдык кеңештерди бириктирүү да жүргүзүлгөн.

Баткен райондук аткаруу комитетинин 1951-жылдын 6-апрелиндеги №11-токтомунун негизинде райондогу 12 айылдык кеңештер төмөндөгүдөй болуп бириктирилген:

*1.Суу-Башы-Кыштут айылдык кеңештери биригип, Кыштут айылдык кеңеши деп аталсын, борбору – Таян кыштагы. Аймагында – "1-Май", "Кеңеш", "Большевик", "Коммунист", "Социализм", "Тельман", "Каратокой" колхоздору.*

*1. Рабат-Самаркандек айылдык кеңештери биригип, Рабат айылдык кеңеши деп аталсын, борбору Самаркандек кыштагы. Аймагында – "Молотов", "Карл Маркс" колхоздору.*

*2. Бужум-Кара-Булак айылдык кеңештери биригип, Кара-Булак айылдык кеңеши деп аталсын, борбору – Бужум кыштагы. Аймагында – "Андреев", "Кара-Булак" колхоздору.*

*3. Баткен-Раут-Каут айылдык кеңештери биригип, Баткен айылдык кеңеши деп аталсын, борбору – Каңсык кыштагы. Аймагында – Сталин, Орджоникидзе атындагы колхоздор.*

*4. Дара-Зардалы айылдык кеңештери биригип, Дара айылдык кеңеши деп аталсын, борбору – Палалооз кыштагы. Аймагында – Ленин, Молотов, Ворошилов атындагы, Кызыл Кыргызстан колхоздору.*

*5. Орто-Боз айылдык кеңеши өзгөртүүсүз калтырылсын, борбору – Говсувар кыштагы. Аймагында – "Өзгөрүш", "Геревшин", "Кызылай" колхоздору*[1].

Айылдык кеңештердин бириктирилиши бир жагынан экономикалык жактан ыңгайлуу болсо, экинчиден, башкарууну бир топ оптималдаштырып, кадр саясатын чындоого өбөлгө түзгөн.

Баткен районундагы колхоздор 1959-жылы 7931ц. эт, 16356ц. сүт, 874,3ц жүн, 57300 даана жумуртка өндүрүшкөн. Малдын саны өткөн

[1] Баткен областтык мамлекеттик архиви. – 119-фонд, 1-тизим, 258-сактоо бирдиги, 45-барак

жылдагыга салыштырганда ири мүйүздүү мал 3%, кой 10%, эчки 3,8%, чочко 37%, үй канаттуулары 7% көбөйгөн. 100 баш тубар малдан 68 музоо, 68 козу, 69 улак, 70 торопой, 47 кулун алынган.

Өткөн жылга салыштырмалуу малдын башынын көбөйүшү мал чарбачылыгынын өсүшүн далилдеген жана мал чарбачылыгына олуттуу көңүл бурула баштаган. Бирок, 100 тубар баш малга төл алуу көрсөткүчү бир аз төмөн болгон.

1959-жылы колхоздор мамлекетке мал жана айыл чарба продукцияларын сатуу тапшырмасын: эт 109,5%, сүт 117,1%, жүн 114%, жумуртка 130,3%, тери 135%, пахта 121%, пилла 103,1% аткарышып, түшүмдүүлүктү гектарынан 15,4 ц. ордуна 18,6 ц. айландырышкан[1].

Мамлекетке мал жана айыл чарба продукцияларын сатуу планынын ашыкча аткарылышы негизинен колхоздордун эсебинен аткарылган, ал эми жеке чарбаларда малдуу үй-бүлөлөр аз болгондуктан, мамлекетке ыктыярдуу түрдө мал чарба азык-түлүктөрүн тапшыруу көрсөткүчү өтө төмөн болгон.

Колхоздор тарабынан мамлекетке тапшырылган малдын орточо тирүү салмагы (район боюнча орто эсеп менен): – ири мүйүздүү мал – 217 кг., кой – 49 кг., эчки – 33 кг., жылкы – 280 кг., чочко – 76 кг. болгон. Бул мурдагы жылдарга салыштырганда бир топ жогору болгон, бул болсо малдардын жакшы каралып, жакшы тоюттандырылып, бир топ семиз болгондугун далилдеген.

Ошол кездеги колхоздордун экономикалык абалы төмөнкүдөй болгон: (райондогу Ворошилов атындагы колхоздун мисалында).

Ворошилов атындагы колхоздун экономикалык көрсөткүчтөрү:

*№ 2 таблица*[2]

| | |
|---|---|
| Колхоздогу чарбалардын саны | 258 |
| Бардык тургундар | 1005 адам |
| а.и. эмгекке жарамдуусу | 361адам |
| Райборбордон алыстыгы | 130 км. |
| Темир жол станциясынан алыстыгы | 150 км. |
| Бардык жер аянты | 12094 га. |
| а.и. айдоо аянты | 588 га. |
| Суулуу | 430 га. |
| Чөп-чабынды | 214 га. |
| Жайыт | 4102 га. |

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 14-сактоо бирдиги, 86-барак.

[2] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 18-сактоо бирдиги, 62-барак.

Таблицада көрсөтүлгөндөй колхоздогу бардык 1005 тургундардын 361 (35,9%) эмгекке жарактуу, ал эми кожолуктун саны 258 болгон, же ар бир үй-бүлөгө 3-4 адам туура келген, ал эми ар бир үч кожолуктан 4 эмгекке жарактуу адам болгон.

Колхозго тиешелүү жер аянты (12094 га.) көп болгондугуна карабастан анын 4,86% (588 га.) айдоо, анын ичинен 73,1% (430 га.) суулуу, 1,7% (214 га.) чөп-чабынды, 33,9% (4102 га.) жайыт жерлер болгон. Мындан көп жерлер жайыт жана чөп-чабынды болгондуктан (35,6%), андан эч кандай киреше алынган эмес, алар мал жаюу үчүн гана пайдаланылган, ал эми жалпы жердин 5%га гана жакыны айдоо болгондугуна карабастан, анын да 27%ы кайрак болгон. Мындан көрүнүп тургандай айыл чарбасынан тиешелүү деңгээлде түшүм алууга мүмкүн болгон эмес. Анын дагы бир себеби: бул аймакта техника болбогондуктан бардык жумуштар ат, өгүз кош менен гана аткарылган, мындай шартта мол түшүм алууга мүмкүн болбогон.

Зардалы кыштагындагы бул колхоз райборбордон 130, темир жол станциясынан 150 чакырым алыстыктагы жайгашкан. Ал кезде бул айылга транспорт бара турган жол да жок болгондуктан каттоо, ташып жеткирүү маселелери да кыйын болгон.

*№ 3 таблица*[1]

1.Талаачылык боюнча: (1956-жылы себилүүчү аянт)

| Эгиндин түрлөрү | Аянт (га) | Түшүмдүүлүк (ц.) | Дүң жыйым (т.) |
|---|---|---|---|
| Дан эгиндери | 380 | 28,5 | 110,9 |
| Дандык жүгөрү | 6 | 15 | 9 |
| Тоюттук жүгөрү | 54 | 100 | 540 |
| Беде | 32 | - | - |
| Картошка | 1,5 | 30 | 4,5 |
| Зыгыр | 2 | 9 | 1,8 |
| Тоют кызылчасы | 2 | 18 | 3,6 |

Колхоз боюнча 445,5 гектар аянт эгилген, алар да негизинен дан, тоют гана болгон, зыгырды кайрак жерлерге себишип, анын данын буудайга алмаштырышкан, себеби: зыгырды атайын май жувазддарда (зыгырдан май алуучу) кайра иштетүү менен сапаттуу май алынгандыктан, ал баалуу өсүмдүктөрдүн катарына кирген. Бир жарым

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 18-сактоо бирдиги, 63-барак.

гектар жерге картошка айдап, андан 4,5 тонна түшүм алгандыгын эсептегенде, бул өтө төмөнкү көрсөткүч болгон.

Ошентип, жылына жалпы 119,9 т. дан өндүрүп, зыгырды данга айырбаштоодон 5,4 т. дан алып, колхоз 125,3 т. дан топтогон. Анын 58 тоннасын үрөнчүлүк фондуна тапшырган. Ошол кездеги эң негизги маселе – мамлекетке дан тапшыруу планы бул колхозго берилген эмес. Ал эми калган бардык колхоздор мамлекетке дан тапшыруу планы биринчи кезекте болуп, аны аткара албаса, кийинки жылдар үчүн да карыз болушкан. Трактористтердин эмгек акысына дан беришкен. Бул колхоз андан да четте болгон. Бул колхоздун аймагына бир да техника бара алган эмес, себеби техника жүрүүчү жол жок болгон. Ошондуктан калган 67,3 тонна дан эмгек акы, жем жана башка чыгымдар үчүн жумшалган. Демек, "Зарыл ишиң болбосо, Зардалыда эмне бар" деп бекеринен айтылбаптыр...

*№ 4 таблица*[1]

2.Мал чарбачылыгы: (1956-жылдын 1-сентябрына карата баш менен)

| Малдын түрү | 1.09. 1956-ж. | 1956-ж. планы | 1960-ж. планы |
|---|---|---|---|
| Ири мүйүздүү | 660 | 665 | 685 |
| Кой –эчки | 3883 | 3860 | 5250 |
| Жылкы | 128 | 130 | 160 |

Колхоздогу жалпы тургундардын жана жайыт жерлердин санына салыштырганда малдын саны аз болгон. Бирок, колхоз жайгашкан аймак бийик тоолуу экендигин эске алганда ири мүйүздүү малдарды көбөйтүүгө анча ыңгайлуу болбогон. Ошентсе да, колхоз 1956-жылдын сүт планын 354 центнердин ордуна 355 ц. тапшырып, планды 100,3% орундаткан, ал эми 485 ц. эт тапшыруу планын 177 ц. (36,5%), 45 ц. жүн тапшыруу планын 16,6 центнерге (36,8%) араң орундаткан. Жүн жана эт тапшыруу планын өтө төмөнкү көрсөткүч менен аткарган.

Мал башына эсептегенде ар бир саан уйдан 745 килограммдан сүт, ар бир койдон 0,59 килограммдан жүн алынган. Бул көрсөткүч райондогу башка колхоздорго салыштырганда, бир топ төмөн болгон. Айрыкча жүн кыркып алуу өтө төмөн болуп, ар бир койдон 0,59 кг. жүн кыркып алуу башка эч бир жерде катталбаган. Балким бул көрсөткүч климаттык же бир башка жагдайлардан улам болуу керек деген ойдобуз.

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 18-сактоо бирдиги, 64-барак.

*№ 5 таблица*[1]

Коомдук малга керектелүүчү тоют: (тонна менен)

| | 1956-ж. | 1960-ж. |
|---|---|---|
| Жай мезгилиндеги жайыт чөбү | 2076 | 2637 |
| Чөп | 903 | 1908 |
| Чыктуу тоют | 749 | 1252 |
| Концентраттык тоют | 35 | 62 |

Жай мезгилиндеги жайыт чөбүн дагы планга киргизишкендигин эсепке албаганда, малды кыштатуу үчүн биздин эсептөөбүз боюнча ар бир баш ири мүйүздүү малга 909 кг. чөп, 950 кг. чыктуу тоют, ар бир жылкыга 804 кг. чөп, 950 кг. чыктуу тоют, ар бир кой-эчкиге 51,3 кг. чөп, ал эми концентраттык тоют ар бир баш малга 7,5 кг. туура келген. Бул көрсөткүч мал чарбасын тоюттандыруу рационуна салыштырганда бир топ төмөн болгон, бирок ошол кездеги колхоздордун дээрлик көпчүлүгүндө ушундай эле абал өкүм сүргөн.

*№ 6 таблица*[2]

1955-жылдагы колхоздун кирешеси: (миң рубль менен)

| | |
|---|---|
| Жалпы киреше | 196,6 |
| Талаачылыктан | 21.3 |
| Мал чарбасынан | 164 |
| Башка кирешелер | 11.3 |

Колхоз 1955-жылы жалпы 196,6 миң рубль киреше тапкан, мында кирешенин дээрлик көбү, же 83,4% мал чарбасынан түшкөн, талаачылык жалпы кирешенин 10,8%, ал эми башка кирешелер 5,7%ды түзгөн. Мындан колхозчуларга бериле турган эмгек күнү: 0,58 рубль акча, 1 кило дан болгон. Бул көрсөткүч ошол кездеги айрым колхоздорго салыштырганда бир топ жогору болгон. Анын себеби: чарбанын мамлекетке дан тапшыруу планы жоктугунан болуп чарба өндүргөн дандын 53,6% же тең жарымынан көбүн өзү пайдаланган. Экинчи себеби чарбанын негизи ошол кездеги кирешелүү тармагы мал чарбасы болгон[3].

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 18-сактоо бирдиги 65-барак.
[2] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 18-сактоо бирдиги, 66-барак.
[3] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 18-сактоо бирдиги, 67-барак.

Жалпысынан жыйынтыктаганда, райондогу колхоздор жарытылуу кирешe таба алышкан эмес. Ага ал кездеги техниканын, сапаттуу үрөндүн жетишсиздиги, адистердин жоктугу ж.б. себеп болгон. Ошондуктан майда чарбаларды ирилештирүү, тоолуу аймактагы элдерди түздүктөргө көчүрүү милдети турган. Мына ушул максатта райондогу 41 колхоз 16 колхозго бириктирилип, чарбалар ирилештирилген. Мунун натыйжасында административдик-башкаруу аппаратынан бир канча миң сом акча үнөмдөлгөн. Алардын материалдык-техникалык базалары чыңдалып, колхоздордун экономикасын жогорулатууга бир топ мүмкүнчүлүктөрү кеңейген, кадрдык башкаруу системасы да жакшыра баштаган.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети жана Кыргыз ССР Министрлер Совети 1959-жылдын 20-январында «Баткен районунда маданиятты жана экономиканы өнүктүрүүдөгү артта калуучулукту жоюунун кечиктирилгис чаралары жөнүндө» №44-27/5-6 токтомун кабыл алган.

Мында негизинен райондун маданиятын жана экономикасын көтөрүү үчүн колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдү жана резервдерди колдонуу, маданий түзүлүшкө жана чарбачылыкка жетекчиликти күчөтүү, ага партиялык, советтик активдерди тартуу, баштапкы партиялык уюмдардын жетекчилик ролун жогорулатуу жолу менен жеткирүүнү милдет кылып койгон. Ошондой эле негизги көңүлдү пахта өстүрүү, бакчылык, жүзүмчүлүк, уяң жүндүү жана жарым уяң жүндүү кой чарбасын, тыбыттуу эчки чарбасын уюштурууну, колхоздордун экономикасын чыңдоо, техникаларды рационалдуу пайдалануу, административдик-башкаруу аппаратын кыскартуу, колхоздорду ирилештирүү белгиленген.

Мына ушул токтомду турмушка ашыруу максатында райондогу 16 колхоз 7 колхозго бириктирилип, административдик-башкаруу аппараты 38 штаттык бирдикке кыскартылып, 104 миң рубль үнөмдөлгөн. Карл Маркс колхозунун базасында 1960-жылдын март айында кой чарбасын өстүрүүчү «Рабат» совхозу уюштурулган[1].

Бул токтом Баткен районунда мурда негизги көңүл мал чарбачылыгына гана бурулуп келген болсо, эми районду ар тараптан өнүктүрүү, райондун жаратылыш шарты дыйканчылыкка, бакчылыкка ыңгайлуу болгондуктан, пахта өстүрүү, бакчылык, жүзүмчүлүккө көңүл буруу каралган. Ошондой эле сандык көрсөткүчтөн сапаттык көрсөткүчкө өтүү белгиленип, уяң жүндүү, жарым уяң жүндүү кой

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 21-сактоо бирдиги, 37-39-барактар.

чарбасын, тыбыттуу эчки чарбасын уюштуруу менен колхоздордун кирешесин жогорулатып, экономикасын чындоого өзгөчө басым жасалган.

Райондо мына ушул токтомдун негизинде биринчи жолу мал жана айыл чарбасын асыл тукумдаштыруу багытында иш жүрө баштайт. Кой-эчкилер жашы, жүнүнүн түсү жана сапаты боюнча оторлорго бөлүнүп, оторлор ирилештирилип, 85 343 баш кой-эчки 120 оторго, ар бир отордо 500 дөн 800 башка чейин бөлүштүрүлөт. Кой-эчкилерди оторлорго ирилештирүү менен короо-сарайларды жакшыртууга, жем-чөп менен камсыз кылууга бир топ ыңгайлуу шарт түзүлгөн.

Натыйжада 1959-жылы мал чарбасындагы асыл тукумдуулук төмөнкүдөй %ды түзгөн:

*№ 7 таблица*[1]

| Малдын түрү | малдын башы | а.и. асыл тукуму | % |
|---|---|---|---|
| Ири мүйүздүү | 6898 | 1342 | 19 |
| Жылкы | 1885 | 537 | 28 |
| Кой | 58414 | 21200 | 35 |
| Эчки | 26929 | 4525 | 16 |
| Чочко | 503 | 306 | 60 |

Бул цифралар көрсөткөндөй өткөн жылга салыштырганда уяң жүндүү койлор 1,8 эсе, жарым уяң жүндүү койлор 2,1 эсе, ангор эчкилер 5 эсе көбөйгөн. Бирок асыл тукумдаштыруу дагы эле төмөн болгон, же ал эчкинин 16, ири мүйүздүү малдын 19, жылкынын 28, койдун 35 пайызын түзгөн, бир гана чочконун асыл тукумдуулугу 60%ды түзүп, анын саны райондо 500 баш гана болгон. Райондогу мал чарбасынын негизин түзгөн кой-эчкинин асыл тукумдуулугунун өтө төмөн болушу чарбаларды көп кирешеден кур калтырган.

1959-жылы Баткен районуна асыл тукумдуу: уяң жүндүү 225 баш кочкор, 14 баш бука, 77 баш уй жана музоо, 329 баш эчки алынып келинген, бирок пландагы 3000 баш уяң жүндүү кой келбей калган. 1959-жылы 19225 баш кой асыл тукумдуу кочкорлор менен уруктандырылып, кылчык жүндүү 527 баш кочкор этке тапшырылган. Райондо биринчи жолу 1000 баш эчки ангор породасына жасалма жол менен уруктандырылган, бул райондо ангор породасын көбөйтүүнүн башталышы болгон[2].

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 10-сактоо бирдиги, 22-барак.

[2] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 22-сактоо бирдиги, 41-49-барактар.

Бул багытта 1959-жылы райондо малдарды жасалма жол менен уруктандыруучу мамлекеттик станция уюштурулган.

Кой чарбачылыгы айыл чарбасынын экономикалык жактан маанилүү тармактарынын бири болуп саналган. Өзгөчө бийик тоолуу райондордо кой чарбачылыгынын ролу чоң болгон. Анткени ал сатылган продуктылардан түшкөн бардык кирешенин 90%ын түзгөн. Кой чарбачылыгына колхоздор менен совхоздордун бардык кирешесинин 34%ы туура келген. Бул тармактын мындай жакшы өнүгүүсүнө арзан, кеңири масштабдагы жайыттардын болушу шарт түзгөн. Мындай жайыттар Рабат өрөөнүндө жетиштүү болгон. Арзан жайыттарды кеңири пайдалануу менен аз каражат жумшап, азык-түлүктү (эт, жүн) көп алууга мүмкүндүк берген.

Алтымышынчы жылдардан баштап, райондо мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө көбүрөөк көңүл бурула баштайт. Мал чарбасы үчүн типтүү короо-сарайлар салынып, алардын дээрлик баарына электрдик жарык берүү, малчылар үчүн ыңгайлуу үйлөр куруу ж.б. шарттар түзүлө баштаган.

Райондун шартында айыл чарба тармагы негизинен мал чарбасы үчүн тоютту жана жемди камсыз кылуу болгон. Бирок, кийинки мезгилдеги саясат талаачылык менен бирге райондун климаттык шартына ыңгайлуу болгон бакчылыкка жана жүзүм өстүрүүгө багытталган.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин жогоруда аты аталган токтомунда Баткен районундагы негизги көңүлдү талаачылыкка, пахта өстүрүүгө, бакчылык жана жүзүмчүлүккө бурган. Райондун шартында биринчи жолу 1958-жылы 650 га жерге пахта себилген, 1958-жылдагы пахтанын планы 12 ц. ордуна 18,6 ц. айланган. Ал эми 1960-жылы 800 га аянтка пахта себилип, анын 400 гектарына квадраттык ыкма колдонулган[1]. Бул ошол кезде чарбалардын кирешесин арттырууга бир топ көмөк көрсөткөн. Бирок кийинки жылдары пахта аянттары улам кыскарып олтуруп, пахта кабыл алуучу пункттардын алыстыгынан, ага ташып жеткирүү кымбат тургандыктан жетимишинчи жылдарда райондун аймагында пахта себүү биротоло токтотулган.

Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн арттыруунун бир булагы чарбаларды сапаттуу үрөн менен камсыз кылуу болгон. Бирок ошол кезде чарбаларды сапаттуу үрөн менен камсыздоонун абалы канааттандырарлык болгон эмес.

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 2-сактоо бирдиги, 12-барак.

1960-жылы жазгы себүү өнөктүгүнө карата үрөн менен камсыздоонун абалы төмөнкүдөй болгон:

*№ 8 таблица*[1]

| | План | Себилгени | % |
|---|---|---|---|
| Буудай | 2120 | 1448 | 73 |
| Арпа | 3034 | 1465 | 48 |
| Сулу | 105 | - | - |
| Жүгөрү | 440 | 536 | 135 |
| Беде | 210 | 13 | 6,5 |

Таблицадан көрүнүп тургандай жүгөрүнүн үрөнү гана ашыкча жыйналган. Ал эми көп жылдык себилүүчү, бир жылда беш-алты жолу орулуп-жыйналып, жердин азыктуулугун жогорулатуучу, түшүмдүүлүгү жогору, тоют бирдиги катары эсептелүүчү беде өсүмдүгүнүн уругу болгону 6,5 пайызга камсыз болгон. Райондун шартында кылкандуу дан эгиндеринин түшүмү бир топ дурус болгондугуна карабастан арпанын үрөнү 48%, буудайдын үрөнү 73% камсыз болгон. Ал эми суусуз кайрак жерлерге себилүүчү сулунун үрөнү таптакыр жок болгон. Мына ушундай камсыздоонун төмөндүгүнөн райондун чарбалары башка жактардан 1000 ц. буудай, 900 ц. арпа, 200 ц. жүгөрү, 185 ц. беде сатып алышкан[2]. Бул болсо чарбалардын экономикасын жогорулатууга бир топ терс таасир тийгизген.

Райондун шартында дагы бир ыңгайлуу жана кирешелүү тармак бакчылык болгон. Анткени райондун көп жерлеринин климаттык шарты өрүк, жүзүм өстүрүүгө ыңгайлуу болуп, бак-дарактар сууну аз талап кылган, анткени, сууну көп пайдалануу жерлердин туз басып, жараксыз абалга туш болуусуна алып келген. Бакчылык жана жүзүмчүлүк боюнча 1959-жылга чейин колхоздордо 387 га. жер өздөштүрүлгөн. 1959-жылы пландагы 40 гектардын ордуна 172 га. же пландагыдан 4,3 эсе көп жерге көчөт олтургузулуп, 1960-жылдын планына 128 га. кошумча киргизилген. Жалпы бакчылык аянты 627 гектарды ээлеген, бирок жүзүмчүлүккө анча маани берилген эмес.

Баткен районунун шартында Дара аймагы тоолуу келип, айдоо аянттары өтө аз өлчөмдөрдө, ал эми Кара-Булак, Рабат аймактарында жер көп, бирок суунун жоктугунан кайрак дан эгиндери гана эгилген, мындан башка көп жерлер суусуз болгон.

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви – 17-фонд, 1-тизим, 8-сактоо бирдиги, 22-барак.
[2] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 3-сактоо бирдиги, 18-20-барактар.

Ошондуктан райондун аймагында жаңы каналдарды куруу менен **суулуу жерлерди көбөйтүү** пландары каралган. Мына ошонун негизинде каналдарды куруу аркылуу сугат жерлерди көбөйтүү иштери күч алган. Кара-Булак өрөөнүндө Кара-Кол каналынын эксплуатацияга берилиши аркылуу сугат аянты 352 гектарга көбөйгөн.

Ак-Турпак каналынын жана насостук станциясын ишке киргизүүнүн натыйжасында Чоң-Гара массиви өздөштүрүлүп, ал жерге тоолуу Кожо-Ашкан айылынын тургундары көчүрүлүп келинген.

Ак-Көл өрөөнүн өздөштүрүү үчүн райондук партия комитети жана райатком Зардалы айыл кеңешиндеги мурдагы «Кызыл Кыргызстан» колхозунан 27 үй-бүлөнү көчүрүп келген.

1959-жылы Зардалы, Дара айыл кеңештеринен колхозчуларды дыйканчылык өрөөндөргө көчүрүү каралып, Кара-Бак айылына 143 колхозчу көчүрүлүп келинген.

Ак-Татыр каналынын ишке берилиши менен Самаркандек аймагындагы суулуу жерлер кеңейтилип, жаңыдан Ак-Татыр, Үч-Дөбө, Жаңы-Бак кыштактары пайда болгон.

Жыйынтыгында, Баткен району согуштан кийин эл чарбасын калыбына келтирүүдө жана өнүктүрүүдө олуттуу жылыштарга ээ болгон:

-1950-жылдардан баштап мал жана айыл чарбасы согушка чейинки абалдан жогорулап, өнүгүүнүн жолуна түшкөн. Айрыкча мал чарбасынын асыл тукумдуулугун жогорулатуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр жана резервдер пайдаланылган. Натыйжада 1960-жылдардан баштап мал чарбасы кирешелүү тармакка айлана баштаган;

-айыл чарбасын жогорулатуу үчүн дың жерлер өздөштүрүлгөн, жаңы каналдар казылган, тоолуу айылдардагы элдер түздүктөргө көчүрүлгөн, жаңы айыл-кыштактар пайда болгон;

-райондун аймагында айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө, бакчылыкка өзгөчө көңүл бурула баштаган.

Айыл чарбасын жогорулатууга райондо дагы көп мүмкүнчүлүктөр жана резервдер болгондугуна карабастан, ал толук ишке ашкан эмес.

## 2.10. Төрт-Күл суу сактагычынын курулушу

Төрт-Күл суу сактагычынын курулушусуз азыркы гүлдөп өнүккөн, бак-дарактуу жана өрүкзарлуу Баткен аймагын, республикадагы жетинчи областтын борборун жана өз алдынча шаар макамын алган Баткен шаарын элестетүү мүмкүн эмес. Анткени, Баткен районунун географиялык абалына саресеп салып карасак, райондун аймагынан эки ири Исфара жана Сох дарыяларынын агып өткөндүгүнө карабастан,

райондун калкы жана аймагы бул дарыялардын суусунан пайдалануудан дээрлик куру калган болчу. Анын натыйжасында райондун аймагында бир канча миңдеген гектар жерлер болгондугуна карабастан, сугат суусунун жетишсиздигинен аны өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк жок болгон. Ал эми райондун өзгөчөлүгү агрардык өнүгүү багытында болгондуктан, анын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жогорулатуу үчүн айыл чарбасын өнүктүрүү керек болчу.

Төрт-Күл суу сактагычынын курулушуна ошол кездеги республиканын биринчи жетекчиси Исхак Раззаковдун салымы абдан чоң. Анткени ал кишинин жетекчилиги жана көрсөтмөсү менен Төрт-Күл суу сактагычынын биринчи долбоорлоо-сметалык документтери түзүлгөн. И.Раззаков өзү Баткен жергесине келип, ат менен жүрүп, суу сактагычтын ордун көрүп, анын долбоорун түзүүгө тапшырма берген.

Тилекке каршы, ошол эле мезгилде суу сактагычты куруунун экинчи варианты боюнча алдын-ала долбоорлоо иштери Тажикстандын Варух капчыгайына пландаштырыла баштайт. Бирок ал кезде бардык маселелер Москвадан чечилип тургандыктан, борбордон келген адистер жагдайды кылдат иликтешип, экинчи вариантка караганда биринчи варианттын артыкчылыктуу экендигин белгилешкен. Анткени экинчи вариант боюнча бир канча калктуу конуштарга кооптуу жагдай жаралып, финансылык, материалдык чыгымдар да бир топ жогору болмок.

Төрт-Күл суу сактагычынын курулушунун алгачкы долбоору 1957-жылы Гипроводхоз долбоорлоо институту тарабынан иштелип чыгып, 1962-жылдын 18-августунда Кыргыз ССР Министрлер Советинин №541-Р буйругу менен бекитилген. Долбоорлук тапшырманын негизинде курулуш 1962-жылы башталып, 1972-жылы бүткөрүү белгиленген. Объекттин сметалык наркы 10,6 млн. рубль, суу сактагычтын сыйымдуулугу 65 млн. куб, жаңы сугат аянттарын өздөштүрүү 10,5 миң га. анын ичинен Кыргыз ССРинин аймагында 7,2 миң га. болгон.

Ал эми жаңыдан иштелген долбоор боюнча объекттин жалпы сметалык наркы 48 млн. 93 миң рубль, жалпы сыйымдуулугу 90 млн. куб жалпы сугарылуучу аянт 13 миң га. жаңы жерлерди өздөштүрүү 11 300 га. анын ичинен Кыргызстандын аймагында 7200 га. Тажикстанда 3500 га. Өзбекстанда 600 га. болгон[1].

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. - 17-фонд, 1-тизим, 1-сактоо бирдиги, 18-барак.

Мындай ири курулушту куруу ал кездеги эреже боюнча Кыргызстан Компартиясынын съездинде каралып, эл чарбасын өнүктүрүүнүн кезектеги беш жылдык планына киргизилген.

1960-жылдары Төрт-Күл суу сактагычы курулганга чейин Баткен районунда бардыгы болуп 4467 га. сугат аянты болгон. Бул сугат жер аянты өтө аз болгондуктан, мындагы жашоочулардын талабын толук канааттандырган эмес. Ал эми ошол эле мезгилде миңдеген гектар жерлер суусуз, какырап бош жаткан болчу.

"Төрт-Күл суу сактагычынын курулушунун аякташы менен 12 миң га. жаңы сугат аянттары өздөштүрүлөт. Сыйымдуулугу 90 миң кубометр болгон суу сактагыч Кыргыз ССРинде – 7200 га. Тажик ССРинде – 3500 га. Өзбек ССРинде – 600 га. дын жерлерди суу менен камсыз кылат. Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе гидрокурулуштун тажрыйбасында биринчи жолу суу сактагычтын астына 650 гектардан ашык аянтка жарым этилен пленкасы төшөлөт", – деп, долбоор жөнүндө басма сөз беттеринде жарыяланган[1].

Чындыгында эле "кылым курулушу" аталган бул ири, стратегиялык жактан абдан маанилүү курулуштун Баткен жана Тажикстандын Исфара району үчүн мааниси жогору болчу. Анткени айыл чарбага ыңгайлашкан бул аймакта дыйканчылыкты, бакчылыкты, анын негизинде мал чарбасын өнүктүрбөй туруп, социалдык-экономикалык тармакты өнүктүрүү мүмкүн эмес болчу.

Төрт-Күл суу сактагычынын топонимикалык аталышынын биринчи мааниси "Төрт бурчтук", экинчиси "Эски шаар чалдыбары" деген түшүнүктү берет. Чындыгында эле бул аймак түндүк жана түштүгүнөн тоо кыркалары менен курчалып, өзүнчө бир ээндикке жайгашкан.

Төрт-Күл суу сактагычынын курулушу аркылуу Баткен районунун аймагында 7200 га. жаңы суулуу жерди өздөштүрүүгө, 600 га. жерди сугарууну жакшыртууга өбөлгө түзүлүп, 6100 гектарга пахта, 500 гектарга бак жана жүзүм өстүрүүгө жана коомдук мал үчүн тоют базасын түзүүгө мүмкүн болмок. Бул аркылуу райондун экономикалык базасын чыңдоого, социалдык-маданий маселелерди чечүүгө бир топ өбөлгө түзүлмөк.

Суу сактагычтын курулушундагы эбегейсиз чоң иштерди – суу сактагычтын үч тосмосун: Тажикстандын жана Өзбекстандын талааларына суу бөлүштүрүүчү узуну 500 метр, бийиктиги 36 метр болгон батыш плотинасын, Кыргызстандын талааларына суу бөлүштүрүүчү узуну 550 метр, бийиктиги 20 метр болгон чыгыш плотинасын, ал эми Исфара дарыясын бөгөөчү үчүнчү плотинаны куруу

---
[1] Советская Киргизия 26-февраль 1962.

пландаштырылган. Мындан тышкары дарыядан суу сактагычка чейинки 20 км. узундуктагы канал, анда жалпы узундугу 3 км. жакын үч тоннель куруу, 657 га аянтты тегиздөө жана ага жарым этилен пленка төшөө каралган. Ошол эле мезгилде суу сактагычтан чыккан сууну талааларга чейин жеткирүүчү каналдарды куруу жана лотокторду орнотуу белгиленген.

Дарыядан суу сактагычка чейинки каналды куруу бир топ кыйынчылыкты жараткан. Анткени узундугу 2 км.ге жакын биринчи тоннелдин орду чоң тоо кыркасынын этегинде болгондуктан, аны куруу жана бир канча тоолорду, дөңсөөлөрдү жардыруу, тазалоо жана тегиздөө сыяктуу иштерди аткаруу ар кандай эле ишкананын колунан келе берген эмес.

Ошондуктан, союздук маанидеги бул ири курулушка союздук республикалардан адистешкен ишканалар, техникалар, окумуштуулар, мыкты адистер тартылып, керектүү материалдар алынып келинген. Ага СССРдин курулуш, геология, байланыш, энергетика, курулуш-монтаж, газ өнөр жай, прибор жасоо министрликтери, "Кыргызвзрывпром", "Сантехмонтаж", "Газмонтаж", "Гидроспецстрой", "Кадамжай шахта курулуш" жамааты жана башка ишканалар катышкан.

Толук он жылга эсептелген бул союздук ири курулушка 500-600 жумушчу, 70 инженердик-техникалык кызматкерлер, ондогон ар түрдүү техникалар: бульдозер, экскватор, скрепер, автосамосвал, автогрейдер, автоцистерна, автокран, автомашина жана башка техникалар иштеген.

РСФСРден 2200 м. куб жыгач, 2338 т. болот, 3,1 т. зым, 334 т. 9200 м. труба, Белоруссиядан жана Украинадан кубаттуу техникалар, Өзбекстандын Бек-Абад шаарынан 3280 м. куб темир-бетон лотоктору, Кува-Сай цемент заводунан 64 т. шлак, Казакстандын Чимкент цемент заводунан 1874 т. цемент ташылып келинген, Тажикстандан автоунаалар жана жумушчулар келишкен[1].

Мындагы адистер жана жумушчулар ар кайсы жактардан келишип, ар кандай улуттун өкүлдөрү болгондугуна карабастан, алар бир үй-бүлөнүн балдарындай ынтымакта өз милдеттерин абийирдүүлүк менен аткарышкан.

Маселен, курулуштун башчысы Н.С.Лысюк Украинадан жолдомо менен Баткенге келип, алгач прораб, андан соң участканын башчысы болуп иштеп, 1970-жылы "Төрт-Күл курулуш-караштыруу ишканасынын" башчысы болгон. №1-эксковатордук комплекстүү бригадада эмгектенген Н.Ф.Ногецтин улуту немец, жардамчысы Курсан

---

[1] *Осмонов Б.* Төрт-Гүл суу сактагычынын курулуш тарыхы жана анын келечек үчүн мааниси. Вестник БатГУ. № 5, 2009.

Сатаров – кыргыз, канал жана коллекторлорду куруунун устаты – А.К.Жеглов, экскаваторчу А.Е.Ершов, инженер Сунчелеев – орус ж.б. өздөрүн ким жана кайсы улуттун өкүлү экендиктерине карабастан, кужурмөн эмгектин устаты катары көрсөтө алышкан. Мындай көп улуттуу инсандардын бирдиктүү аракетинин натыйжасында курулуш иштери сапаттуу бүткөрүлүп, достуктун күчү дагы бир жолу даңазаланган.

Мындан тышкары бул курулушка суу сактагычтын жанындагы азыркы аскер бөлүгү жайгашкан жерге атайын түзөтүү-эмгек колониясы көчүрүлүп келинип, алар суу сактагычтын курулушунан сырткары райондун аймагындагы бир топ курулуштарды бүтүрүүгө да орчундуу салым кошушкан.

Курула турган суу сактагычтын жер кыртышы суунун сиңип кетишине бир топ ыңгайлуу болгондуктан, анын алдын алуу көйгөйү келип сыккан. Бул көйгөй бир топ окумуштууларды ойлонтууга жана илимий негизде жыйынтык чыгарууга мажбурлаган.


1969-жылдын декабрында "Союзводпроект" институтунун техникалык Кеңешинде суу сактагычтын астына жарым этилен пленкасын төшөө чечими бекитилип, анын сметалык наркы 5млн. 863 миң рублди түзгөн[1]. Ал эми суу сактагычтын астынан суунун сиңип кетүүсүнөн коргоо үчүн бир канча варианттын ичинен М.Г.Буренковдун вариантын кабыл алышат. Ал вариант боюнча суунун жер астына сиңип кетүүсүнө каршы жарым этилен пленкасын "Килем" ыкмасы менен төшөө каралган. Бул ыкма бир жагынан фантастикалуу болуп, айрым адистер анын ишке ашышына күмөн санашкан. Экинчиден, өтө кымбат баалуу көп сандагы жарым этилен пленкасы керектелген. Үчүнчүдөн, биздин өлкөдө эле эмес дүйнөлүк практикада да мындай чоң көлөмдөгү жарым этилен пленкасы төшөлгөн суу сактагыч али курула элек болчу. Буга чейин АКШда, Италияда жана айрым социалисттик өлкөлөрдө пленка төшөлгөн суу сактагычтардын аянты 10 дон 100 гектарга чейин гана болгон. Ошондуктан мындай ыкманы ушунчалык чоң аянтка колдонуу фантастика катары кабылданган.

Төрт-Күл суу сактагычы үчүн Москвадагы Дорогомиловск химиялык комбинаты атайын 2 миң тонна пленка чыгарууга буюртма алган. Мурда бул комбинат пленканын туурасын 2,6 метрден чыгарып келген болсо, Төрт-Күл суу сактагычы үчүн туурасы 4,3 метрлик пленкаларды атайын даярдап чыгара баштаган.

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 1-сактоо бирдиги, 28-барак.

Пленканы суу астына төшөп, үстүн топурак менен жабуу керек болгон, мындай чоң көлөмдөгү пленканын кошулган жерлерин бириктирип тигүү, аны тешилип калуудан сактоо бир топ кыйынчылык жараткан. Мурдагы ыкма боюнча пленканын бири-бири менен туташкан жерин атайын лента менен жабыштырып чыкчу. Бул ыкма бир канча түйшүктү жана чыгымды талап кылчу. Ал үчүн ойлоп табуучулар эң ыңгайлуу "ширетүүчү үтүк" деп аталган ыкманы ойлоп табышкан. Анда атайын ширетүүчү машинаны колдонушуп, пленканын бири-бирине туташкан жерин атайын электр энергиясынын белгилүү өлчөмү менен ысытып, аны ширетип чыгышкан. Бул ыкма сынамык иретинде колдонуп, ал толук ишенимден өткөндөн кийин гана колдонулган. Ага Москвадан келген адис окумуштуулар жетекчилик жана көзөмөлдүк кылышкан. Ошентип, бул суу сактагычтын курулушуна ойлоп табуулар жана жаңы ыкмалар да кеңири колдонулган. Эгерде мурдагы ыкманы колдонушканда ага 2 млн. метр лента керектелүүчү. Мындай жаңы инновациялык ыкманы колдонуу менен 2,5 млн. рубль үнөмдөлгөн[1].



[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 1-сактоо бирдиги. 55-57-барактар.

Суу сактагычтын курулушун жүргүзүү үчүн "Төрт-Күл курулуш-курактыруу ишканасы" (СМУ) негизделген, анын материалдык базасы бир топ чыңдалган. Анын курамында:

- наркы 750 миң рубльдик өндүрүштүк база;
- 150 автомашинага эсептелген гараж;
- жыгач иштетүүчү цех;
- 220 тонналык күйүүчү-майлоочу материалдар кампасы;
- авто оңдоочу устакана;
- темир цехи;
- жогорку вольттогу электр линиясы болгон. Бул материалдык базалар атайын Баткен шаарынын батыш бөлүгүнө жайгашып, өзүнчө "Төрт-Күл СМУсу" деп аталган.

Ошондой эле бул мекеменин базасында – анда иштегендердин турмуш-тиричилиги үчүн:

- жалпы аянты 10883 м.кв. турак үйлөр;
- 664 орунга эсептелген Ж.Бөкөмбаев атындагы үч кабаттуу орто мектеп;
- 50 жана 25 орундуу 2 балдар бакчалары;
- 400 орундуу жайкы кино-театр;
- 36 орундуу ашкана;
- саатына 50 орундуу мончо;
- кызыл-үй жана башка тейлөөчү имараттар курулган[1].

Мындай курулуштардын жана маданий жайлардын бүтүшү менен өзүнчө шаарчага айланган аймакты эл азыркыга чейин "Төрт-Күл СМУсу" деп аташат.

Төрт-Күл курулуш-монтаждоо бирикмеси бир гана суу сактагычтын курулушу менен чектелбестен, райондун аймагындагы башка курулуш иштерине да чоң салым кошкон. Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун XXIII конференциясында: Районубузда курулуш иштерин жүргүзүүдө Төрт-Күл СМУсунун ролу чоң. Төрт-Гүл СМУсунун коллективи кийинки үч жылдын ичинде Баткен өрөөнүн сугаруу жана көрктөндүрүү боюнча чоң иштерди жүргүздү. Башкача айтканда 16 млн. 105 миң сомдук жумуш аткарышты.

Андан башка "Орджоникидзе" насостук станциясын, "Мачаи" жана "Андиген" каналдарын курду, "Зарташ" каналын реконструкциялады, Боз-Адыр массиви өздөштүрүлдү, үч чарбага суу түтүгүн куруп берди,

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 1-сактоо бирдиги, 41-44-барактар.


640 орундуу Жоомарт Бөкөмбаев атындагы орто мектептин имараты бүткөрүлдү, совхоз, мекеме-ишканалар үчүн бир канча турак-жай имаратын куруп берди[1]", – деп баса белгиленген.

Ошондой эле Төрт-Күл СМУсу тарабынан 1971-жылы Боз-Адыр, Көк-Талаа каналдары курулуп бүткөрүлгөн.

Жогоруда белгиленгендей, бул ишкана негизинен райондун аймагын суу менен камсыз кылуучу обьектилерди, мындан ташкары социалдык курулуштарды курууга активдүү катышкан.

Баткендеги мындай улуу курулуш майданындагы иш он жылга созулду. Натыйжада директивалык курулуш болгон суу сактагычтын суу кампасынын курулушу белгиленген мөөнөтүнөн бир жыл мурда бүткөрүлдү.

Көптөн бери күткөн күн да келип, Исфара дарыясынын суусу эртең менен саат 9 да бөгөлүп, каналга суу бурулду,- деп эскерет ошол кездеги курулуштун жетекчилеринин бири Камалов Абдымомун. Сууну бойлой кечке жүрүп олтурдук, каналдын айрым жерлеринде суунун бир аз токтолуп ага турган жерлери боло турган. Ал эми кышында каналдагы суу кокус тоңуп кала турган болсо, каналдан сууну таштап жибере турган эки дарбаза курулуу керек болчу. Бирок, жергиликтүү




[1] Саясий документтердин Ош обласстык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 1-сактоо бирдиги. 76-77-барактар.

шарткa ылайык ал дарбазалар курулган жок, анткени мындагы суу канчалык суук болсо да тоңгон жок. Кудай колдоп кечки саат 5 те суу сактагычка келип куйлду. Бул суу сактагычтын ачылышын жасоо керек болчу, бирок андай азем болгон жок.

Ал кезде азыркыдай болор-болбос иштерге деле шаан-шөкөттөп лента кесүү аземи салтка айлана элек болчу. Эгерде ал иш-чара бүгүнкү күндө болгондо мындай ири курулуштун ачылышын белгилөө мамлекеттик деңгээлдеги "тойго" айланып, бир канча шаан-шөкөттөр, коноктор менен кошо миллиондорду чапчыган чыгымдар болмок.

Ал кездеги идеология куру шандануучулукка эмес, чыныгы иштерге жана алга карай өсүп-өнүгүүгө гана багытталган болчу. Ошондуктан, Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун XXIII конференциясында: Төрт-Күл суу сактагычы 1971-жылдан баштап жаңы жерлерге суу бере баштамакчы, мына ошого байланыштуу жаңы беш жылдыктын акырына 900 т. пахта, 505 т. тамеки, 400 т. жашылча, бакча, 200 т. картошка өндүрүп мамлекетке сатуу милдети коюлду. Орджоникидзе атындагы, "Москва" колхоздорунда пахта, "1-Май", "Коммунизм" колхоздорунда тамеки көбөйтүлөт[1] – деп, белгиленген.

Төрт-Күл суу сактагычынын жаңы жерлерге суу бере башташы менен райондун эл чарба пландарын аткарууда олуттуу өзгөрүүлөр пайда боло баштады. Жүздөгөн тонна пахта, тамеки, жашылча, бакча,



[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 1-сактоо бирдиги, 85-барак.

картошка өстүрүлүп, мамлекетке сатуу менен чарбалардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрү бир топ кеңейип, жаңы сугат жерлер өздөштүрүлө баштады.

Ошентип, дүйнөдө биринчи жолу колдо жасалган 657 га. аянтты ээлеген, терендиги 40 м. узуну 5 км, эң жазы жери 2,1 км, плотинасының узундугу 1094 м. туурасы 4 м. бийиктиги 34 м. болгон Төрт-Күл көлүнүн таманына пленка төшөлүп, дүйнөлүк практикада кездешпеген жаңы ыкма менен "Баткен деңизи" пайда болду[1].

Төрт-Күл суу сактагычынан башталган 98,5 км. чарбалар аралык темир-бетон каналдары, артериялык кан тамырлар сыяктуу жайгашкан 568,8 км. ички чарбалык каналдар аркылуу кылымдар бою суусуз жаткан талааларга суу акты. 1972-жылы апрель айында суу сактагычтын пайдаланууга берилиши менен "Москва" колхозу (Кара-Булак айыл өкмөтү) 1169 га. сугат жерге ээ болду. Мындан тышкары миңдеген гектар дың жерлер өздөштүрүлүп, колхоздор ирилешкен совхоздорго айланып, адистештирилген чарбалар түзүлүп, алардын экономикалык-чарбалык мүмкүнчүлүктөрү кеңейе баштады.

Төрт-Күл суу сактагычынын курулуп, ишке берилиши менен райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө олуттуу бурулуш болду. Анткени райондун аймагындагы экономикалык борборлордун базасы начар болуп, сугат жерлердин аздыгынан мал чарбасына жетиштүү тоют базасын түзүүгө шарт жок болчу. Сугат аянттарынын көбөйүшү менен райондо бакчылыкты, мөмө-жемиштерди өстүрүүгө кеңири шарт түзүлдү.

Бул курулуш ишке берилгенден он жылдан кийин, 1982-жылы анын долбоорлоонун авторлору жана куруучулардын бир тобу Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын ээлери болушкан. Алардын арасынан Маккамбаев Абдимомун, дың жерди өздөштүрүүдөгү эбегейсиз эмгеги үчүн Момунов Сабыр, экскаваторчу Сейдакматов Турсунбай болушкан[2]. Мындан тышкары бул курулушка ошол кезде Төрт-Күл СМУнун жетекчиси болуп иштеген А.Кожомжаров, К.Батыркановдор чоң салым кошушкан, кийин бул эки жетекчи тең суу чарба министри болгон.

Төрт-Күл суу сактагычынын шарапаты менен 1962-жылы жоюлган Баткен району 1965-жылы кайрадан район болуп түзүлдү. Баткен кыштагынын аянты кеңейип, келбети өзгөрдү. Эл турак үйлөрүн жаңылап, заманбап коомдук имараттар пайда болду.

---

[1] Айыл чарба энциклопедиясы. т.2, – Ф., 1990. 284-б.

[2] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 1-сактоо бирдиги, 85-барак.

Баткен шаары эле эмес Бужум, Кызыл-Жол, Базар-Башы, Кара-Бак айылдарынын аймагы кеңейип, эл дыйканчылык, бакчылык менен алектенишип, алардын турмуш шарты жакшыра баштады.

Суу сактагычтын курулушу менен райондун аймагында жаңы жерлердин өздөштүрүлүшү бир топ айылдардын жашоочулары үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жараткан. Мисалы: Дара капчыгайындагы Роут, Палал, Палал-Ооз, Сары-Талаа, Кан, Авгол, Кыштут айылдарынын тургундары үчүн ошол айылдардан жаңы тамаркаларды берүүгө мурда мүмкүнчүлүк жок болчу. Эми аларга, жерге муктаждарга Чек, Жаңы-Жер айылдарынан турак-жай катары жер бериле баштады. Мындан тышкары коңшулаш өлкөлөрдө жашаган көптөгөн этникалык кыргыздар жаңы жерлерге көчүп келишти. Ал кезде жумушсуздук деген көйгөй таптакыр жок болгон, кайра чарбаларда, мекеме-ишканаларда жумушчу күчү жетишкен эмес. Муну менен чарбалардагы жаңы жумушчу күчүнүн жетишпестиги чечиле баштаган.

Мурда боз шыбак өскөн ээн талааларда Кызыл-Бел, Чек, Жаңы-Жер, Чет-Кызыл, Чоң-Талаа, Параң, Көк-Дөбө, Миң-Өрүк, Миң-Булак сыяктуу жаңы айылдар өсүп чыкты.

Бирок, суу сактагычты куруунун кемчиликтери жана көйгөйлөрү да болбой койгон эмес. Суу сактагычка каналдан келген дарыя суусунун кум-чопосун козгоп, аны кайра суу менен кошо агызып чыгаруу үчүн аны ылайкалатып туруучу аппарат колдонуу долбоордо каралган. Бирок кандайдыр себептер менен ал техника курулбай калган. Анын кесепетинен суу сактагычтын кампасы улам ылайка-кум менен толо баштаган. Эгерде бул ылайка-кум эгин талааларына суу менен жеткен болсо, ал жердин кыртышы жакшырып, түшүмдүүлүк дагы да жогоруламак. Жылына бир сантиметрден кум агып барып турганда да кырк жылдын аралыгында кырк сантиметр жаңы катмар пайда болуп, ал жергиликтүү топурак менен аралашып, жаңы түшүмдүү катмар пайда болмок.

Бул кемчиликти жоюу үчүн жаңы айланма каналды куруунун долбоору бекитилип, ал 1986-жылы бүтүп ишке берилет. Айланма каналдын курулушун ишке ашырууда партиянын райондук комитетинин ошол кездеги биринчи катчысы Жунусов Аманбайдын аракети жана салымы чоң. Анын натыйжасында кумдуу, ылайлуу суу түз эгин талааларына агып барып, андан жердин кыртышы жакшырып, түшүмдүүлүк улам жогорулай баштаган.

Экинчиден, райондун аймагындагы сугат жерлердин көбөйүшүнүн натыйжасында төмөнкү зоналарда жер астындагы суулардын деңгээлинин жогорулап кетиши күтүлгөн. Натыйжада айрым жерлерди

зак, шор баса баштаган. Бул көрүнүш айрыкча Кара-Бак кыштагында орун алган. Мындан арылуу үчүн дренаждык каналдар курулуп, жер астындагы суулар тартылып турган. Бирок кийинки учурларда бул дренаждык каналдар тазаланбай калгандыктан, жер астындагы суулардын деңгээлинин жогорулап кетиши улам кайталанып турат.

Үчүнчүдөн, суу сактагычка балык чарбачылыгы уюштурулуп, азыркы учурда анда балыктар болгону менен алар кароосуз калып, жоголуу алдында турат. Аны бүгүнкү күндүн талабында уюштурса, андан да көп киреше табууга болот. Анткени бул аймакта балык өстүрүү жана балыкчылык чарбасы жок.

Төртүнчүдөн, суу сактагычтын айланасында андан бери кырк жыл болгондугуна карабастан, көрктөндүрүлүп, эс алуу, сууга түшүү, тамактануу, чакан соода, эс алуучуларды тейлөө сыяктуу шарттар жок. Бул шарттар түзүлүп, санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык жабдылса, андан дагы бир топ киреше табылып, райондун капчыгына дагы кошумча акча түшмөк.

Ошентип, Төрт-Күл суу сактагычынын курулушу менен Баткен жергеси таанылгыс болуп өзгөрүп, Баткен районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн олуттуу шарт түзүлдү.

Төрт-Күл суу сактагычынын курулушу саясий жактан да олуттуу мааниге ээ. Эгерде суу сактагыч курулбаганда Баткен районунун кошуна өлкөлөргө суу боюнча көз карандылыгы чечилмек эмес. Экинчиден, Баткен шаары бүгүнкүдөй областтын борборуна жана өз алдынча областтык баш ийүүдөгү шаар макамына ээ болмок эмес.

Ошондой эле бул суу сактагычтын курулушунун экологиялык таасири да жогору. Райондун аймагында суу сактагычтын, сугат каналдарынын, сугат жерлердин, бак-дарактардын көбөйүшүнүн жана анын буулануусунун таасири менен бул аймактагы кургак, ысык аба климаты бир аз басаңдаган.

Суу сактагычтын курулушу менен райондун экономикасы жогорулап, социалдык маселелер да чечиле баштады. Райондун тургундарынын жашоо шарты жакшырып, тейлөө, соода тармактары өнүктү. Баткен шаары илим, билимдин, маданияттын очогу катары жаштардын шаарына айлана баштады.

Ошентип, "кылым курулушу" аталган Төрт-Күл суу сактагычынын курулушу Баткен районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө саясий, экономикалык, социалдык жана маданий жактан олуттуу таасир эткен, суунун касиети менен Баткен чөлкөмү жашыл өрөөнгө, өрүкзар, жүзүмзарларга айланып, ага «экинчи өмүр» тартуулады.

## 2.11. Баткен району өнүккөн социализм доорунда. Социалдык-экономикалык турмуштагы терең өзгөрүүлөр (1965-1990-жж.)

СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1962-жылдын 30-декабрындагы Указы менен Баткен району жоюлуп, Лейлек районуна кошулат. Ал эми 1964-жылдын 29-декабрындагы СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указынын негизинде кайрадан өзүнчө Баткен району болуп түзүлгөн.

Баткен районунун жоюлуп, кайрадан район болуп түзүлүшүнө экономикалык-чарбалык өңүттөн сарсеп салып караганда, Төрт-Күл суу сактагычынын курулушунун мааниси абдан жогору болгон. Анткени айыл чарбага гана ыңгайлашкан бул аймакта, суусуз дыйканчылыкты өнүктүрүүгө, дыйканчылык тармагысыз айыл чарбасын жакшы жолго коюуга мүмкүн эмес болчу.

Төрт-Күл суу сактагычынын ишке берилишинин натыйжасында райондо дың жерлер өздөштүрүлүп, чарбалардын экономикалык-чарбалык мүмкүнчүлүктөрү кеңейе баштайт. Колхоздор ирилешкен совхоздорго айланып, адистештирилген чарбалар түзүлөт.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жана Министрлер Советинин Баткен районундагы колхоздордун базасында совхоздорду түзүү жөнүндөгү (1971-жыл, март) токтомунун негизинде Фрунзе, Орджоникидзе атындагы, Коммунизм колхоздорунун базасында Фрунзе атындагы совхоз, "1-Май", "Ленинград" колхоздорунун базасында "1-Май" совхозу түзүлөт.

Жаңыдан ачылган жерлерди өздөштүрүү үчүн "Төрт-Күл" бакчылык–жүзүмчүлүк, "Советтик Кыргызстан" совхоздору, 1980-жылы эчкичилик багытындагы "Ак-Сай" совхозу, андан кийин малды бордоп семиртүүгө адистештирилген Кызыл-Бел мамлекеттик чарбасы түзүлөт[1].

Мурдагы колхоздорго караганда совхоздордун жана мамлекеттик чарбалардын финансылык мүмкүнчүлүктөрү кеңири жана базалары күчтүү болгон. Чарба жүргүзүүнүн жаңы ыкмалары пайда болуп, ал чарбалар адистеше баштаган, экономикалык мүмкүнчүлүгү кеңейген, мамлекет узак жана кыска мөөнөттүү карыздарды жеңилдетилген шарттар менен берип турган.

Жаңы чарбалардын түзүлүшү жана сугат аянттарынын көбөйүшү менен райондо айыл чарба продукцияларынан алынган түшүмдүүлүк да

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 95-сактоо бирдиги, 53-барак.

жогорулай баштаган. 1985-жылы район боюнча гектарына: дан – 60, тамеки – 37, бакча – 126, жашылча – 103, картошка – 66, мөмө-жемиш – 5, жүзүм – 13 центнерден алынган[1]. Бул цифралар райондо мурдагы жылдарга салыштырмалуу айыл чарба продукцияларын түшүмдүүлүгү бир топ жогору болгондугун айгинелейт.

Айыл чарба продукцияларынын түшүмдүүлүгүнүн жогорулашы менен райондун чарбаларынын айыл чарба продукцияларын сатуудан түшкөн акча каражаттары да көбөйө баштайт. 1985-жылы райондун чарбалары айыл чарба продукцияларын сатуудан жалпы 29 051 миң сом акча каражаттарын табышат. Бул цифра райондун тарыхындагы эң жогорку көрсөткүчтөрдүн бири болгон. Аны чарбалар боюнча бөлүп караганда: Ак-Сай совхозу – 2716 миң, "1-май" совхозу – 3699 миң, "Кызыл-Бел" мамлекеттик адистештирилген чарба – 4828 миң, Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоз – 3202 миң, "Москва" колхозу – 5683 миң, "Советтик Кыргызстан" совхозу – 3397 миң, "Төрт-Гүл" совхозу – 2035 миң, Фрунзе атындагы совхоз – 3491 миң сом акча каражаттарын табышкан[2]. Муну менен райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жогорулашына шарт түзүлүп, аны менен айрым социалдык-маданий маселелер да чечиле баштаган.

Жыл өткөн сайын чарбалардын кирешеси көбөйүп, райондун экономикалык көрсөткүчтөрү жогорулай баштаган. Баткен районунун чарбалары 1987-жылы рентабелдүүлүк боюнча 1 824 миң сомдук киреше табышып, мурдагы жылга карата рентабелдүүлүктү 7,3%га жогорулатышкан[3].

Райондо негизги багыт мал чарбасына бурулган. 1973-жылы райондун чарбаларында малдын башы ири мүйүздүү мал 7746, кой-эчки 150 358, жылкы 1490 башка жеткирилет. Мындан көрүнүп тургандай райондо мал чарбачылыгынын негизин кой чарбасы түзгөн. Ошол жылы ар бир жүз баш тубар малдан 93 козу, 76 торпок, 56 кулун алынган, ал эми ар бир саан уйдан 1761 кг. сүт саап алынып, ар бир баш койдон 3,1 кг. жүн кыркылып алынган[4].

Республика боюнча эң кирешелүү тармак кой чарбасы болгон. Райондун чарбалары 1973-жылы 8 млн. 23 миң рубль киреше алышкан. Бул сумма ошол мезгилде абдан чоң киреше деп эсептелген жана 1970-

---

[1] Баткен району цифраларда жана фактыларда. – Баткен, 1988. 20-бет.
[2] Ошондо, 19-бет.

[3] Ошондо, 28-бет.
[4] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 1-сактоо бирдиги, 60-65-барактар.

жылдары райондун тарыхында мал чарбасын өстүрүүнүн, андан олуттуу киреше алуунун мезгили болгон.

Райондун тарыхында кой чарбачылыгын өнүктүрүүдөгү үзүрлүү эмгектери үчүн Рабат айылдык Кеңешинин Молотов атындагы колхозунан Нишанов Орунбай Кыргыз ССР Жогорку Советинин биринчи чакырылышына (1938-1946-жж) депутат, ушул эле чарбадан Карабаев Чаканбай Кыргыз ССР Жогорку Советинин үчүнчү чакырылышына (1951-1954-жж), Төрт-Гүл совхозунан Төлөбаев Амиракул Кыргыз ССР Жогорку Советинин онунчу, он биринчи чакырылыштарына (1980-1990-жж), Фрунзе атындагы совхоздон Исаев Али Кыргыз ССР Жогорку Советинин он биринчи чакырылышына (1985-1990-жж.) депутат болуп шайланышкан. "1-май" совхозунан Бадалов Калбай, В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоздон Бостонов Эргеш Ленин ордени, Фрунзе атындагы совхоздон Маматалиев Жусуп I, II, III даражадагы "Эмгекке даңк" ордендери менен сыйланышкан.

Бирок кийинки мезгилдерде койдун санын гана өстүрүү менен чарба кызматкерлери, райондун жетекчилери алардын азыктуулугуна, жүндүн сапаттуулугуна, эттүү болушуна көңүл бурушкан эмес. Натыйжада бул тармак жетимишинчи жылдардын аягынан баштап, барган сайын төмөндөй баштаган. Себеби, малдын башы көбөйгөн сайын жайлоо, тоют жетишсиз боло баштаган. Дарылоо, санитардык пункттардын иш жүргүзүүсү жетишсиз болгондуктан, начар малдардын саны арбын болгон. Сексенинчи жылдарда арык, салмагы аз малдарды эт комбинаттарына өткөрүү учурлары көбөйө баштаган. Натыйжада биринчи жолу кой чарбачылыгы зыяндуу тармакка айланып, буйрукчул экономиканын шартындагы айыл чарба кризиси орун ала баштаган.

Өнүккөн социализм доорунун акыркы жылдарында бүткүл өлкө боюнча орун ала баштаган солгундук райондун эл чарбасынын бардык тармактарына таасир эте баштаган. 1983-жылдын он айында район боюнча орточо тирүүлөй салмагы 238 килограммдан 1847 баш кара мал, 27 килограммдан 34 929 баш кой-эчки этке тапшырылган. Тапшырылган кара малдын 18%, кой-эчкилердин 36,6% ортодон төмөн жана өтө арык абалында этке өткөрүлгөн. "1-май" совхозу 106 баш кара малды 167 килограммдан, 3659 баш койду 25 килограммдан этке тапшырган. Ушундай эле абал Фрунзе атындагы, В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхозунда, "Москва" колхозунда орун алган. Этке тапшырылуучу малдардын мындай начар абалда болушу малчылардын, мал чарба адистеринин жоопкерсиздигинен болсо, экинчиден, малдын башын көбөйтүү менен кошуп жазууларга, көз боёмочулукка жол берүү

фактылары да болгон. Анткени, буйрукчул системанын акыркы жылдарында мамлекеттик пландарды "кагаз жүзүндө" аткаруу фактылары орун алып калган болчу.

Райондогу мамлекеттик чарбаларда эт жана сүт багытындагы асыл тукум малдардын асыралып жаткандыгына карабастан, 1983-жылдын мамлекеттик планын толтуруу үчүн чарбалар элден 290 тонна эт, 5 тонна сүт сатып алган[1]. Мындай ыкма чарбалардын мамлекеттик пландарды аткарууга толук дарамети жетпестигин далилдесе, экинчиден, чарбалар мындан бир канча акчалай чыгымдарга жана убаракерчиликке туш болгон.

Ошондой эле сексенинчи жылдарда ишке болгон жоопкерчилик начарлап, шалакылык, ысырапкорчулук, коомдук мүлктү өз кызыкчылыктарына пайдалануу фактылары орун ала баштаган. Райондун чарбаларында 4 жыл он айда (1981-1985-жж) 77 084 баш кой-эчки арам өлгөн, 82 миңден ашыгы ички чарбалык керектөөлөргө жумшалган. Кемиген малдардын башын, жоголгон эт ресурстарын толуктоо, мамлекеттик пландарды аткаруу максатында чарбалар дагы бир жолу чарбасыздыкка барышкан. Бул максатта 4 жыл 10 айда 93 893 баш кой-эчки, 1312 баш ири мүйүздүү малдар республиканын чарбаларынан жана башка союздук республикалардан сатылып келинген. Ага 7 млн. 270 миң сом сарпталган, чарбалар мына ушул себептен 3 млн. 621 миң сом зыян тарткан. Натыйжада райондун чарбаларында мал чарбачылыгы кирешесиз тармакка айланып, рентабелдүүлүк кескин төмөндөгөн. Ошол эле мезгилде койлордун жүн продуктуулугу акыркы 5 жылда 0,6 килограммга төмөндөгөн[2]. Албетте экономикалык абалдын мындай оор болушуна чарба, район жетекчилери күнөөлүү болуп, айрым адам фактору да орун алган.

Бул абал жыл сайын оңолуунун ордуна кайра оорлой баштаган. Экономикалык кризис улам барган сайын күчөй берген. 1989-жылы "1-май", Фрунзе атындагы, Төрт-Гүл совхоздорунда кой-эчкилердин 7-7,5%ы ыксыз чыгымга учураган. Ал эми ушул эле жылы Фрунзе атындагы совхоз ири мүйүздүү малдардын 24%, "1-май" совхозу 22%, В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоз 11% өтө арык абалда мамлекетке тапшырышкан. Район боюнча 451 баш кара малдын ар бири 51 килограммдан, кой-эчкилердин 29%ы 11 килограммдан этке өткөрүлгөн. Чарбалар мындан 217 миң сом кирешени ала албай калышкан, ал эми элге 300 тоннага жакын эт жеткирилбей калган[3].

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 33-сактоо бирдиги, 14-барак.
[2] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 33-сактоо бирдиги, 15-барак.
[3] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 41-сактоо бирдиги, 8-барак.

Мындай чарбасыздык жана экономикалык баш аламандык эл чарбасынын башка бардык тармактарына, социалдык-маданий өнүгүүлөрдүн солгундашына түздөн-түз таасир этип, айыл чарбасындагы кризис барган сайын тереңдей берген.

Чарбалардын кайтарымсыздыгына карабастан, мамлекет тарабынан аларга узак жана кыска мөөнөттүү карыздар берилип турган. Райондун чарбалары кыска мөөнөттүү ссудалар боюнча 1983-жылдын 1-январына карата 8 млн. 483 миң сом, ал эми узак мөөнөттүү ссудалардан 10 млн. 084 миң сом карыз болгон. Анын ичинен "Москва" колхозу 4 млн. 611 миң сом карызга баткан[1].

Мындай экономикалык чыгымдардын жана чарбасыздыктын негизги себеби: коомдук малга болгон жоопкерсиздик мамиле, жеке кызыкчылыктын жоктугу, мамлекеттик пландарды ашыра аткаруу үчүн көз боёмочулук кылып кошуп жазуулар, элдик мүлктү өз кызыкчылыктарына пайдалануу, талап-тоноо сыяктуу көрүнүштөр болгон. Ошону менен бирге буйрукчул экономиканын шартында айыл чарбасы кризиске учурап, аны менен кошо коммунисттик коом да кыйроо абалына туш келип калган болчу.

Райондо **айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү** негизинен мал чарбасы үчүн тоютту камсыз кылууга багытталган. Анткени бекем тоют базасын түзбөй туруп, мал чарбасын өнүктүрүү мүмкүн эмес болчу. Ошондуктан райондогу сугат жерлердин дээрлик бардыгына тоют өсүмдүктөрү өстүрүлгөн. Себилген аянттардагы дан эгиндери арпа, буудай, жүгөрү да малга жем катары гана берилген. Мындан тышкары райондогу табигый жайыттардан тоют топтоого да катуу көңүл бурулган. Себеби, райондун шартында малдын башы бир топ көп болгондуктан, тоют маселеси өтө тартыш болгон. Тоют даярдоо райондук партия комитетинин саясий демилгеси катары жалпы элдик өнөктүккө айланып, ага райондогу мекеме-ишканалар, мектеп окуучулары, мугалимдер жана жалпы коомчулук катышкан. Жайкы каникулда эс алуу, күзүндө окуу мезгилине карабастан мектептерде окуу жараяны токтотулуп, алардын баары коомдук мал үчүн тоют топтоого чыгышкан. Тоют топтоого Чүй, Ысык-Көл аймактарына, Россиянын түштүк областарына чейин атайын жумушчулардан, мугалимдерден түзүлгөн бригадалар барып, иштеп келишкен.

Райондо айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө көрүлгөн аракеттердин, агротехникалык эрежелерди пайдалануунун натыйжасында бул тармактагы иштер бир топ жакшы жолго коюлуп,

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 33-сактоо бирдиги, 15-барак.

анын жыйынтыгында дан эгиндеринин, тоют өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулаган.

1970-1975-жылдарда кылкандуу дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү ар гектар аянттан 7,3 центнерден 13,4 центнерге, же эки эсеге жакын көбөйгөн. Жүгөрүнүн даны 32,8 центнерден 61,3 центнерге жогорулап, 1975-жылы 4782 тонна жүгөрүнүн даны жыйналган. 1970-жылы 987 гектар беде аянтынын ар гектарынан 65 центнерден түшүм жыйналган болсо, 1975-жылы беде аянты 2,3 эсеге көбөйүп, жалпы 2234 гектарга жеткирилген.

Райондун климаты жүгөрү өстүрүүгө ыңгайлуу болгондуктан, суулуу жерлерге жүгөрү көп себиле баштаган. Жүгөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатууда В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы, “1-май” совхоздору жакшы ийгиликтерди камсыз кылышып, түшүмдүүлүктү гектарына 129 центнерге чейин жеткиришип, коомдук малды тоют менен камсыздоого чоң салым кошкон. Бул цифра райондун шартында абдан чоң көрсөткүч болгон жана чарбалардын рентабелдүүлүгүн жогорулатууга түздөн-түз таасир эткен[1].

Райондо жүгөрү өстүрүү боюнча атактуу бригадирлер жана тажрыйбалуу адистер өсүп чыккан. В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоздун бригадири, атактуу жүгөрүчү Эшмурзаева Барака 1968-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат болуп шайланган, Ленин, “Октябрь Революциясы” ордендери менен сыйланган. Ал эми Фрунзе атындагы совхоздун жүгөрүчүсү Байназаров Бакир жүгөрүдөн мол түшүм алуунун устаты катары “Кыргыз ССРинин айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер” деген ардактуу наамга татыктуу болгон.

Баткен району 1979-жылы эл чарба планын ийгиликтүү орундаткандыгы үчүн Бүткүл союздук социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болуп, КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин жана ВЛКСМ БКнын өтмө Кызыл Туусун, 1981-жылдын жыйынтыгы боюнча республикадагы социалисттик мелдештен жеңүүчүсү катары Кыргызстан КП БКнын, Кыргыз ССР Министрлер Советинин, Кыргызсовпрофтун жана Кыргызстан ЛКСМ БКнын өтмө Кызыл Туусун жеңип алган[2].

Эки жыл аралыгында мындай ири көрсөткүчтөрдү жаратып, союздук маанидеги жана республикалык өтмө Кызыл Тууну жеңип алуу райондун тарыхындагы орчундуу окуялардан болгон. Мындай өтмө

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 20-сактоо бирдиги, 15-16-барактар.
[2] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 29-сактоо бирдиги, 34-барак.

туулар жылдын жыйынтыгы менен гана ыйгарылып, ага кошо ири суммадагы акча каражаты да берилген. Бул ийгилик ошол кезде райондук коомчулук үчүн өтө чоң сыймык, урмат жана даңк болгон. Аны менен райондук жетекчиликтин коомчулуктагы, жогорку бийлик алдындагы кадыр-баркы жогорулаган, айрымдарынын андан кийинки кызматтык тепкичтери да өйдөлөгөн. Мамлекеттик план-тапшырмаларды ашыра аткаруу менен мындай жогорку ийгиликтерди жараткан райондор экономикалык жактан да көп мүмкүнчүлүктөргө ээ болуп, социалдык тармактар да бир топ жакшырган.

Бирок, Баткен районунун ошол жылдардагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө андай өзгөрүү байкалган эмес. Демек, мамлекеттик план-тапшырмаларды аткарууда, кошуп жазууларга жол берилип, айрым көрсөткүчтөр формалдуу, кагаз жүзүндө гана аткарылган. Анткени ошол мезгилдерде мындай ыкма бүткүл өлкө боюнча кенен жайылып, аны менен мамлекеттин экономикалык өнүгүүсү улам начарлай баштаган болчу.

Алтымышынчы-жетимишинчи жылдарда айыл чарбасы бир топ жогорулаганы менен, кийинки мезгилде айыл чарбасынын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча резервдер толук пайдаланылган эмес. Айрыкча дыйканчылыктын кайтарымдуулугу төмөндөй баштаган, дан чарбасын өндүрүү барган сайын начарлаган. Анын түшүмү акыркы беш жылдын ичинде (1981-1985-жж.) 5,5 центнерге, жүгөрүнүн даны 10,4 центнерге төмөндөгөн.

Ошондой эле силостук жүгөрүнүн түшүмдүүлүгү бул жылдарда 75 центнерге, сенаждын түшүмдүүлүгү 3 центнерге азайган. Көп жылдык чөптөрдүн түшүмдүүлүгү район боюнча 1981-жылдын деңгээлинде калганы менен, В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхозунда 22 центнерден 14 центнерге, "Москва" колхозунда 87 центнерден 73 центнерге төмөндөп кеткен.

Айыл чарбасында түшүмдүүлүктүн төмөндөшүнүн себептери: жерди иштетүүдө агротехникалык эрежелер толук сакталган эмес, минералдык заттарды нормадан ашыкча колдонуу жердин кыртышынын бузулушуна алып келген, сугат сууну көп пайдалангандыктан айрым жерлерди туз, зак басып, пайдаланууга жараксыз абалга келген. Райондун айыл чарба жерлеринин 52%ы суусуз, кайрак жер болгондуктан, ага себилген кылкандуу дан эгиндери кургакчылык, же жаан-чачын аз жааган жылдары өзүн-өзү актаган эмес.

Мындай төмөндөөнүн натыйжасында район пландагыдан 1358 тонна данды аз жыйнаган. Бул өз мезгилинде коомдук мал үчүн тоюттардын керектөөсүн камсыз кылбай калууга алып келген жана бул

максатта район мамлекеттик ресурстан, республиканын башка райондорунан төрт жылда концентраттык, кесек тоют, чыктуу тоюттарды 9 млн.135 миң сом акча сарптап сатып алышкан. Сатылып алынган ар бир килограмм тоют бирдиги 16 тыйынды түзгөн[1]. Натыйжада отчеттук мезгилде талаачылыктын кайтарымдуулугу кескин төмөндөп, мал чарбачылыгынан алына турган продукциялардын өзүнө турган наркы жогорулап, бул тармактар кирешесиз тармакка айланып, рентабелдүүлүк төмөндөп кеткен. Өлкөдө орун алган айыл чарба кризисинин таасири бул тармакка да түздөн-түз таасир эте баштаган.

Райондун шарты бакчылыкка ыңгайлуу болгондуктан, бул багытта бир топ иш чаралар кабыл алынган. 1970-жылдардын аягында бакчылык жана жүзүмчүлүккө ыңгайлашкан "Советтик Кыргызстан", "Төрт-Гүл" совхоздору уюштурулгандан кийин бул чарбалардын аймагында 1340 гектарга мөмө-жемиш көчөттөрү олтургузулуп, өрүкзар жана жүзүмзарлар пайда болот. 1980-жылдары өрүктүн жаңы бышкан мөмөсүн самолет жана муздаткычы бар атайын машиналар менен ташылып, Фрунзе шаарынын базарларында сатылган. Бирок кийинки учурларда райондо мал жана айыл чарба пландарын аткаруу максатында бул тармакка көңүл бурулбай калган. Кыргызстандын союздук республикалар арасындагы негизги орду кой чарбасын өнүктүрүүгө багытталгандыктан, партиянын райондук жетекчилиги да бардык мүмкүнчүлүктөрдү ушул багытка буруп, башка тармактарга анчалык маани берилген эмес.

1990-жылдан баштап, коомдук малдын башы азая баштагандан кийин, тоют өсүмдүктөрүнүн аянтын 5860 гектардан 4050 гектарга кыскартуунун эсебинен, бак-жүзүмчүлүк аянтын көбөйтүү белгиленип, анын жалпы аянтын 2000 гектарга жеткирүү пландаштырылган. Бирок, өлкөнүн эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдарындагы экономикалык каатчылыктын учурунда айыл чарба тармагы да кыйроого учурап, 1990-жылдарда жүргүзүлгөн айыл чарба реформасында бардык айдоо аянттары, бак-дарактар жеке үлүштөргө бөлүнүп, алардын көпчүлүк бөлүгү кароосуз калып, жок боло баштаган.

1977-жылдын 31-январында Баткен районунун аймагында күчү 7-8 баллга жеткен **жер титирөө** болгон. Ал адам өмүрүнө зыян кылбаса да, имараттарга, турак-жайларга, коомдук мекемелерге олуттуу зыян келтирген. Көпчүлүк имараттар, турак-жайлар жашоого жараксыз абалда болгон. Жер титирөөнүн кесепеттерин жоюу үчүн бүткүл советтик өлкө жардамга колун сунган. Баткен районунда 1977-жылдын

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 33-сактоо бирдиги, 10-11-барактар.

31-январында болгон катуу жер титирөөдөн келтирилген зыяндарды калыбына келтирүү үчүн КПСС Борбордук Комитети менен СССР Министрлер Совети токтом кабыл алып, ал боюнча практикалык чоң жардамдарды көрсөткөн. Анын натыйжасында Баткен кыштагы олуттуу өзгөрүүгө туш болуп, ар бири 48 квартиралуу, төрт кабаттуу төрт турак үй курулган.

Мындан тышкары район боюнча 13 мектептин 3252 окуучуга эсептелген имараты, ПМК жана МСОнун турак үйлөрү, чабандардын үйлөрү менен 31 800 башка эсептелген 78 кой-эчки короолору, 3 фельдшерлик пункт, 276 койкалуу оорукана, 320 орундуу балдар бакчасы, 6 магазин, 2 байланыш бөлүмүнүн имараты, 52 орундуу мейманкана, 1500 түйүнгө эсептелген АТС, аптека, райондук керек-жарак коомунун, даярдоо конторасынын административдик имараттары кампалары менен кошо, чарбалык эсептеги курулуш участкасынын, сугат тармактар башкармасынын, каналдар тобунун башкармасынын базалары, райондун борборунда 120 койкалуу оорукана, 400 орундуу маданият үйү, 1176 орундуу Ленин атындагы орто мектептин имараты, Фрунзе атындагы совхоздо 624 орундуу мектептин имараты, Ак-Сай насостук станциясы курулган. Райондо акыркы 4 жыл 9 айдын ичинде капиталдык курулушка 40 млн. сомдон ашык каражат сарпталган[1].

Бул көрсөтүлгөн акча каражаты ошол кездеги союздун акчасынын курсу боюнча абдан чоң сумма болгон, анткени союздун бир сому АКШнын бир долларынан күчтүү болгон.

Бул курулуштарга союздук бардык республикалардын салымы зор болуп, алар материалдык колдоолорду гана көрсөтпөстөн, жумушчу күчү, акчалай каражаттардан да жардам беришкен. 48 бөлмөлүү төрт кабаттуу үйдүн бирин ташкенттиктер куруп беришкендиктен, азыр эл оозунда ал үй "ташкентский" деп аталат. Партия менен өкмөттүн камкордугунун негизинде жер титирөөдөн жабыр тарткан 2172 кожолукка 620 миң сом акчалай жардам көрсөтүлгөн, 1970 кожолукка 1221 миң сомдон ашык жеңилдетилген ссуда берилген[2].

Муну менен баткендиктер мурдагы эски үйлөрүн бузуп, анын ордуна заманбап, көп бөлмөлүү үйлөрдү курууга жетишип, анын натыйжасында Баткен айылы шаар тибинде өнүгүүгө карай багыт алган.

Ошентип, өткөн кылымдын жетимишинчи-сексенинчи жылдарында Баткен району да Кеңеш доорунун гүлдөп, өнүгүү мезгилинде эл чарба пландарын ийгиликтүү орундаткандыгы үчүн жана социалисттик

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 27-сактоо бирдиги, 93-96-барактар.
[2] Ошондо, – 17-фонд, 1-тизим, 27-сактоо бирдиги, 40-барак.

милдеттин жеңүүчүсү катары Бүткүл союздук, республикалык өтмө Кызыл тууларды жеңип алды.

Бирок, сексенинчи жылдардын аягында район мамлекеттик пландарды аткаргандыгына карабастан, чарба жүргүзүүдө ысырапкорчулукка, ыксыз чыгымдарга, көз боёмочулукка, кошуп жазууларга, шаңдануучулукка көз көрүнөө жол берилип, экономикалык көрсөткүч уламдан-улам төмөндөй баштады.

Жыйынтыктап айтканда, коммунисттик коомдун акыркы жылдарындагы бүткүл өлкөдөгү экономикалык кризистик абал Баткен районуна да таасирин тийгизип, ал кризис коммунисттик коомдун кыйроосун тездетти.

## 2.12. Баткен районунун жетекчилери

И.В.Сталин "Бардыгын кадрлар чечет" деп айтканындай, көп маселелер кадрлардын саясий деңгээлине, уюштуруучулук жөндөмүнө, билимине, ишмердүүлүгүнө, чечкиндүүлүгүнө, калыстыгына, социалдык тегине ж.б. жекече сапаттарына байланыштуу чечилген.

Кулумбаев Абли 1934-жылдын апрель айынан Кыргызстан большевиктер партиясынын Баткен райкомунун жооптуу катчысы болуп иштей баштаган. Анын райондун уюштуруу, саясий, массалык-маданий ж.б. иш-чараларына бир топ бараандуу салым кошкондугун архивдик документтер ырастоодо.

А.Кулумбаевди 1937-жылдын 10-октябрындагы Кыргызстан К(б)П Борбордук Комитетинин бюросунун заседаниесинин №43-протоколунда Баткен райкомунун биринчи катчылыгынан бошотуп, Кыргызстан К(б)П Ленин райкомунун биринчи катчысынын милдетин аткарууга сунуш кылган[1].

Бирок, көп узабай эле 1937-жылдын 3-декабрында Советская Киргизия газетасына "В Баткене орудует банда врагов" деген макала жарыяланып, аны Кыргызстан К(б)П Баткен райкомунун кезексиз заседаниесинде 1937-жылдын 20-декабрында талкуулайт. Заседаниеде Кыргызстан К(б)П БКнын инструктору Цветков баяндама жасап, А.Кулумбаевдин жетекчилик мезгилинде: Райаппарат, райондук аткаруу комитети колхоздорго чейин булганыч иштерге аралашкан, – деп билдирген. Заседание 1937-жылдын 15-16-декабрындагы жалпы райондук партиялык чогулуштун чечимин кубаттап, Кыргызстан К(б)П БКнан А.Кулумбаевдин ишин талдоо жана анын партиялуулугун

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 25-сактоо бирдиги, 28-барак.

ароону сураган[1]. Бирок, ал киши бир канча убакытка созулган тергоодо өзүнүн ак экендигин далилдеп, кийин да жетекчилик кызматтарды аркалаган.

Уюштуруу бюросунда райкомдун бюро мүчөсү жана жооптуу катчы болуп А.Кулумбаев, бюро мүчөлөрү: Аманбаев, Бондаренко, Абдрахимов, Папанов, бюро мүчөлүгүнө кандидаттар: Даткаев, Абдиев шайланышкан.

Райондук комитеттин 5 мүчөсүнүн экөө славян улуттарынын өкүлдөрү эле. Бул ошол кездеги славян улуттарынын өкүлдөрү, биринчиден, билими, саясий деңгээли жергиликтүүлөрдөн бир топ жогору болгон. Экинчиден, жергиликтүүлөргө ишенбөөчүлүк да болгон. Райкомдун мүчөлөрүндөгү кыргыздардын бирөө гана баткендик болгон.

Уюштуруу бюросунун отчеттук доклады орус тилинде жазылган. Ал кезде райондо сабаттуу адамдар эсептелүү гана болгондугун эске алганда, орус тилин канчалык деңгээлде кимдер түшүнө алган деген суроо жаралбай койбойт.

1934-жылдан 2010-жылга чейин Баткен районунун башчысы болуп, 27 жетекчи иштеген:

**Баткен районунун жетекчилери (1934-2010-жж.)**

| | |
|---|---|
| Кулумбаев Абилай | 1934-1937 |
| Чибутов Сарыгул | 1937-1938 |
| Коробов П.А. | 1938-1941 |
| Гарифулин С. | 1941-1943 |
| Мирабдазизов Халил | 1943-1947 |
| Айжигитов Дауран | 1947-1950 |
| Асранкулов Бөрүбай | 1950-1952 |
| Жапаров Ташболот | 1952-1953 |
| Кудайбердиев Мурзакарим | 1953-1957 |
| Искандаров Токтобай | 1957-1961 |
| Арзыкулов Сатар | 1961-1965 |
| Атабаев Жоро | 1965-1968 |
| Нургазиев Муктар | 1968-1973 |
| Сыдыкбаев Намасалы | 1973-1975 |
| Касымбаев Алимжан | 1975-1985 |
| Жунусов Аман | 1985-1987 |
| Тилекеев Жеңиш | 1987-1990 |
| Турмаматов Курсанали | 1990-1991 |

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 25-сактоо бирдиги, 120-барак.

| | |
|---|---|
| Камчыбеков Равшан | 1991-1994 |
| Жээнбеков Мурзаибраим | 1994-1995 |
| Бердиев Дастан | 1995-1999 |
| Маматалиев Абдрахман | 1999-1999 |
| Гайыпкулов Искендер | 1999-2002 |
| Алиев Болот | 2002-2004 |
| Имаров Алияр | 2004-2006 |
| Ходжаев Дастан | 2006-2009 |
| Орозбаев Мамашарип | 2009 –2010 |

Биздин изилдөөбүз боюнча 76 жыл ичинде же Баткен району түзүлгөндөн азыркы учурга чейин районду 27 жетекчи башкарган, бул орто эсеп менен ар бирине 2 жыл 8 айдан туура келген, ал эми алардын бирөөсү гана 10 жыл, бирөөсү 5 жыл, бешөө 4 жылдан, сегизи 3 жылдан, алтоо 2 жылдан, алтоо 1 жылдан гана иштешкен. Албетте мындай тез-тез алмашуунун себебин талдоо кызыктырбай койбойт:

-райондун республикалык жана областык борборлордон алыстыгы жана жол катнашынын начардыгы;

-райондун социалдык-экономикалык жактан башка аймактарга салыштырмалуу начар өнүккөндүгү;

-финансылык жактан өзүн-өзү актабагандыктан, борборго көз карандылыгы;

-райондук жетекчилер үчүн бардык ыңгайлуулуктагы шарты бар (газ, ысык-суук суу, канализация) кызматтык үйдүн жоктугу;

-кадрлардын жергиликтүү эместиги;

-кадрларды «сыноочу майдан» катары пайдалангандыгы.

Анткени 27 жетекчинин үчөө башка улуттардын өкүлдөрү болсо, төртөө гана жергиликтүү болгон. Алар да эгемендүүлүк мезгилинен кийин гана дайындалышып, алардын бири 3 жыл, бири 2 жыл, экөө бир жылдан гана иштешкен. Ал эми калгандары баары башка жактардан келишип, ашып барса үч-төрт жыл гана иштешип, райондун шарты менен таанышуу, үйрөнүү менен гана чектелишип, кайра кеткенге ашыгышкан. Алардын учурунда айрым пландык көрсөткүчтөр гана орундалып, негизги жер, суу, чек ара, жол, сыяктуу стратегиялык маселелер чечилбей кала берген. Ал эми социалдык маселелер улам арткы планга сүрүлүп турган.

Кеңеш доорунда райондун негизги жекетчилеринен башка райондогу чарбалардын, мекеме-уюмдардын, ишканалардын, кала берсе мектеп директорлорунун да көпчүлүгү башка жактан келип иштегендер болгон.

Бул албетте, ошол кездеги башкаруунун кадрдык саясаты болгон, бирок жергиликтүү кадрлардын иштешине жердешчилик, көрө албастык сыяктуу көрүнүштөр да кедергисин тийгизбей койгон эмес.

Кеңеш доорунда кадр маселеси Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинде жабык эшик артында чечилген. Мында кадрлардын тепкичтик баскыч аркылуу жогорулоосу катуу каралган.

Райондогу номер биринчи кресло Кеңеш доорунда бир да баткендикке энчиленбеген. Ал эми эгемендүүлүк мезгилинде төрт жетекчинин энчисине түш келип, алар да жалпысынан жети жыл гана башкарышкан.

Баткен районун он жыл башкарган А.Касымбаевдин мезгилинде район 1979-жылы эл чарба планын ийгиликтүү орундаткандыгы үчүн Бүткүл союздук социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болуп, КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин жана ВЛКСМ БКнын өтмө Кызыл Туусун, 1981-жылдын жыйынтыгы боюнча республикадагы социалисттик мелдештен жеңүүчүсү катары Кыргызстан КП БКнын, Кыргыз ССР Министрлер Советинин, Кыргызсовпрофтун жана Кыргызстан ЛКСМ БКнын өтмө Кызыл Туусун жеңип алган.

Бирок, акыркы жылдарда кошуп жазууларга жол бергендиги, райондук даярдоо конторасында, райондук керек-жарак коомунда орун алган уюшкан кылмыштуулуктар үчүн партиянын райкомунун үч катчысы, райаткомдун төрагасы, айрым жооптуу кызматкерлер жана жетекчилер тобу менен кызматтарынан бошотулган.

Район жетекчилери негизинен мамлекеттик план-тапшырмаларды аткаруу менен гана чектелишип, социалдык маселелерге, райондун чек араларын тактоого көңүл бурушкан эмес. Ал мезгилде союздук бир мамлекетте жашап тургандыктан, союздук республикалар ортосундагы чек араларга маани да берилбеген. Район жетекчилеринин мына ушундай кош көңүл мамилесинен чек арадагы бир топ жерлерди Өзбек, Тажик республикаларынын жарандары улам өздөштүрүп ала беришкен. Натыйжада алардан чечилгис чек ара проблемасы «түбөлүк мураска» калып, ар бир республика өз алдынча мамлекет болгондон кийин, бул маселе чоң көйгөйгө айланып, анын артынан бир канча чыр-чатактар да чыкты.

Кеңеш бийлигинин жана эгемендүүлүктүн алгачкы он жылында Баткен районунун 15 айылына тиешелүү 1689 гектар жерди "кошуналар" өз алдынча өздөштүрүп алышкан. Мисалы:
Тажикстандын Исфара районунун «Правда» колхозунун колхозчулары тарабынан В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхозунун Ак-Сай

участкасындагы мурда убактылуу жайыт катары берилген жерлерди мыйзамсыз өздөштүрүп жатышкандыктары жөнүндө Баткен райкомунун биринчи катчысы Н.Сыдыкбаев Исфара шааркомунун биринчи катчысы Курбановго 1974-жылдын 19-августунда №172 катын жолдоп, анда: «Жерди өздөштүрүү боюнча аракеттер кээ бир аң-сезимсиз совхоздун жумушчулары менен колхозчулардын ортосунда чыр-чатактын башталышын жаратууда. Мындай жакшы эмес маанайдын жаралышы «Танги» участкасындагы айыл чарба жумуштарынын жүрүшүнө олуттуу таасир этүүдө. Быйылкы жыл биздин жана Сиздердин республикалар үчүн юбилейлик жыл болуп саналат. Биздин жалпы милдетибиз алтын юбилейди татыктуу тосуу үчүн социалисттик милдеттенмелерди жана пландарды аткарууга бардык күчтү жана каражатты жумшоо болуп эсептелет.

Республикалар ортосундагы жер маселелерин чечүү боюнча райшаараткомдорунун деңгээлиндеги сүйлөшүүлөр алардын компетенциясына кирбегендиктен натыйжа берген жок. Ошондуктан, бул маселе эки республиканын Министрлер Советинин деңгээлинде чечилгенче, жерди өздөштүрүү иштерин токтото турууну суранып, эгерде бул иштин артынан кийин кандайдыр чыр-чатак чыгып кетсе, биз жоопкерчиликти өзүбүзгө албайбыз[1]» – деп билдирген.

Мындан райондун башчысынын жерге кандай мамиле жасаганы толук дайын болуп турат. Ал жердин аянты канча, кимдер тарабынан, качан, канчалык деңгээлде, кантип өздөштүрүлгөндүгү жөнүндө маалымат жок. Канчалык өздөштүрүлсө дагы ал жер биздики, кандай жол менен болсо да, биз аны кайтарып алабыз, деп талап коюунун ордуна "жанжал чыгып кетсе, биз жоопкерчиликти мойнубузга албайбыз" – деп, бир барак кагаз менен жоопкерчиликтен өз керт башын гана кутултуп жатпайбы? Ал эми жер талашкан жумушчуларды "аң-сезимсиз" деп атап, мындай жагымсыз маанай айыл чарба жумуштарына терс таасир этүүдө деп белгилөөдө.

Жер жөнүндө маселе козголгондо б.з.ч. III к. күч-кубаттуу Хунну империясынын мамлекет башчысы Модэ-шанүй жөнүндө кытай тарыхчысы Сыма Цяньдын жазып калтырган эмгегин эстөөгө аргасыз болосуң: Дунхулардын падышасы Хунну империясынын мамлекет башчысы Модэ-шанүйдөн анын эң жакшы көргөн аргымагын суратат. Ошол доордун жол-жобосуна ылайык Модэ-шанүй аксакалдардын кеңешин чакырып, аларды дунху бийлик эгесинин талабы менен тааныштырат. Дунхулардын талабы аргымак эле эмес, аргымакты

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 12-сактоо бирдиги, 14-барак.

бербеш керек, эгер берген учурда деле алар аны менен жөн жатып калбайт, дешет аксакалдар кеңеши. Бирок Модэ-шанүй бир аргымак кетсе кетер, ортодо тынчтык болсо болду деп аргымагын бере салат. Бир аз убакыттан кийин дунхулар Модэ-шанүйдүн эң жакшы көргөн аялын сурагат. Анда аксакалдар кеңеши: айтпадык беле, бул бизди кордоп жатат, ага каршы тез арада кол кураш керек дешет. Бирок Модэ-шанүй ага да каршы болуп, бир аял кетсе кетер, тынчтык болсо болду деп аялын да бере салат. Дагы бир аз убакыттан кийин дунхулар чек аралаш аймактан жер сурашат. Анда аксакалдар кеңеши: эң жакшы көргөн аргымакты, жаныңдай көргөн аялыңды аябагандан кийин жер эмне болуп калыптыр, ансыз деле чек аралаш аймактагы жер таштуу, канчадан бери өздөштүрүлбөй бош жатат, берсе берели дешет. Анда Модэ-шанүй каардана: «Жер – мамлекеттин негизи, аны кантип берүүгө болот!» – деп кыйкырып, дароо тескери кеңеш берген аксакалдардын башын алууну буйруп, тезинен дунхуларга каршы кол куроого буйрук берет[1].

Андан бери жыйырма төрт кылым өттү, жерди ошончо жыл мурда жашагандар канчалык кадырлашкан болсо, биздин жетекчилер андан бери канча доор алмашып, андан бери жердин баркы канчалык жогорулап жатканын али да түшүнбөгөн кайдыгерлигине капа болосуң.

Мына ушундай чек ара маселелеринин такталбагандыгынан улам Баткен районунда жер, суу, чек ара, жайыт маселелерине байланышкан чыр-чатактар Тажик жана Өзбек Республикаларынын жарандары менен байма-бай кайталанып турат. 1963-жылы Ак-Татыр айылында, 1968-жылы Ак-Татыр. Мачаи айылдарында, 1989-жылы Ак-Татыр, Октябрь, Ак-Сай, Варух айылдарында кыргыз-тажик чыр-чатактары болгон. Ал эми кыргыздар менен өзбектердин тирешүүсү Кара-Токойдо, Согментте кайталанып, алардын айрымдары куралдуу кагылышууларга чейин жетип, бир канча моралдык жана материалдык чыгымдарды жаратып, адам укуктары кордолгон бир нече фактылар болгон. Тилекке каршы алиге дейре райондун чегинде чек ара тилкелери такталбаган аймактар арбын. Учурунда бул маселеге маани берилип, чек ара маселелери так чечилгенде мындай баш аламандыктарга жол берилбейт болчу.

Ал эми райондогу номер экинчи кызматта Эмгекчилер депутаттарынын райондук Кеңешинин аткаруу комитетинин (райондук Кеңештин) төрагалары болуп: Сыдыков Самат, Тиллабаев, Арбаев Асан, Баймуратов А. Байджанов А. Умаров Балтабай, Туратов Полот, Жолдошов Сыдык, Ахматов Мамат, Досматов Акмат, Сагыналиев Жусупбек, Ходжаев Бусурман, Шингаров Иван, Базавлюк Александр,

---

[1] *Чоротегин Т.К., Өмүрбеков Т.Н.* Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы. – Б., 2000. – 21-б.

Дыйканов Ахмеджан, Турмаматов Курсанали, Калыкова Гүлүмкан, Абдуллаев Болот, Темиркулов Али, Имаров Алияр иштешкен.

Бул кызматта да мына ушул жылдар аралыгында 20 жетекчи иштеген. Алардын экөө славян улутунун өкүлдөрү, ону башка жактан келгендер, сегизи жергиликтүүлөр болушкан.

Райондук аткаруу комитетинин биринчи төрагасы болуп 1934-жылдан 1937-жылга чейин жердешибиз Сыдыков Самат, жергиликтүүлөрдөн Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Туратов Полот, андан кийинки жетимишинчи жылдарда бир топ жыл Ходжаев Бусурман иштеген.

Райондогу номер экинчи кресло баткендиктерге эгемендүүлүк мезгили келгенден кийин, башкача айтканда, коомдун өзгөрүшү менен бул креслонун баркы бир топ төмөндөп кеткенден кийин гана биротоло тийген.

Баткен районунун башчылары жана райондук жетекчилик менен бирге райондун социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнө салым кошкон, чарбаларды жетектөө менен, жакшы көрсөткүчтөрдү жаратып, атагы республикага таанымал жергиликтүү кадрлар өсүп чыккан. Райондо аялдардан чыккан тунгуч колхоз райиси Абдибалиева Галбүбү "Кара-Булак", Фрунзе атындагы колхоздорду жетектеп, Кыргыз ССР Жогорку Советине эки жолу (1947-1951, 1955-1959-жж.) депутат болуп шайланган. "Ак-Сай", Лениндин 100 жылдыгы совхоздорунда директор болуп иштеп, 1990-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине альтернативалуу шайлоодо жеңип чыгып, республикадагы легендарлуу парламентке Жолдошов Туйгун депутат болгон. Алимов Мийзам, Момунов Жолдошбай, Умарбаев Турдубай совхоз директору, колхоз раиси, чарба жетекчиси катары жаңы жерлерди өздөштүрүүгө, чарбалардын экономикасын чыңдоого бардык күч-кубатын, билимин, тажрыйбасын жумшашкан.

Ошентип, Баткен районунун социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнө, анын жетишкендиктерине жана айрым кемчиликтерине райондун жетекчилеринин ишмердүүлүктөрү, жекече сапаттары, теги, кай жердиги,  ж.б. айрым факторлор да таасир эткен. Албетте, тарых айрым жеке инсандар тарабынан жаралат же айрым жеке инсандар тарыхтын нугун өзгөртүүгө салым кошушат. Баткен районунун башчыларынын да райондун социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнө түздөн-түз таасири бар экендигин тануута болбойт.

## 2.13. Чек ара чыр-чатактары

Баткен району Кыргыз Республикасынын түштүк-батыш бөлүгүндө жайгашып, Баткен областынын ортосунан орун алган. Түштүгүнөн Тажик Республикасынын Жергетал району менен (узундугу 175 км.) түндүк-батышынан ушул эле мамлекеттин Исфара, Канибадам райондору (187 км.) жана Лейлек району, чыгышынан Өзбек Республикасынын Риштан, Сох райондору (узундугу 116 км.) жана Кадамжай району менен чектешет.

Мындан тышкары райондун чыгыш тарабында Өзбекстандын Сох, ал эми батыш тарабында Тажикстандын Варух анклавдары, Чарку тилкеси орун алган. Кеңеш өкмөтүнүн алгачкы 1924-1927жылдарындагы Фергана өрөөнүн улуттук жиктештирүү мезгилинде бул аймактардагы чек ара тилкелери толук жана так аныкталбагандыктан, бир топ жерлер арасат абалда калып, жер-суу ресурстары да так аныкталган эмес. Ал эми көпчүлүк суулуу, түшүмдүү жер тилкелери кыска жана узак мөөнөттөргө ижарага берилип, кийин ал жерлер көрсөтүлгөн мөөнөтү бүткөндөн кийин да кайра кайтарылбай, алардын энчисинде биротоло кала берген. Кээ бир жер аянттары кошуна өлкөлөрдүн жарандары тарабынан өз алдынча өздөштүрүп алынган. Чек арага байланышкан маселелердин себептери жана кесепеттери жөнүндө ушул эмгектин биринчи бабында талдоого аракет жасалды.

Азыркы учурда Баткен районунун 15 айылына тиешелүү 1689 гектар, Лейлек районунун 13 айылына тиешелүү 637 гектар жерди тажиктер, өзбектер, Кадамжай районунун 7 айыл округуна тиешелүү 392 гектар жерди өзбектер өз алдынча ээлеп алышкан. Бул жерлердин жалпы аянты 2718 гектарды түзөт. Алар муну менен эле токтоп калбастан жылдан-жылга дагы жаңы жерлерди өздөштүрүп, чек ара сызыктарын улам бизге карай жылдырышууда.

Экинчиден, экономикалык жактан артта калган Баткен району эки дарыянын аралыгында жайгашкандыгына карабастан, андан пайдалануу мүмкүнчүлүгү чектелүү.

Үчүнчүдөн, бир эле райондун аймагында чыгышынан Сох анклавы, батышынан Чарку аймагы, Варух анклавы пайда болуп, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан баштап, бул анклавтарсыз жол менен каттоо мүмкүн болбой калган. Жергиликтүү жашоочулар өздөрү өндүргөн азык-түлүктөрүн базарларга сатмак тургай, райондун борборуна да ээн-эркин каттай албай калышкан. Мал чарбачылыгы, дыйканчылыктан өндүргөн продукцияларын сатып тиричилик кылышкан калк мына ушунун кесепетинен жакырдана баштаган. Натыйжада ички жана тышкы миграция күчөгөн. Чек ара

аймактарындагы жашаган калктарга кошуна мамлекеттерден кысым көрсөтүлө баштагандыктан, алардын айрымдары турак жайларын сатып, көчүп кетүүгө аргасыз болушкан. Райондун социалдык-экономикалык жактан башка чөлкөмдөргө салыштырмалуу артта калгандыгына жана Кеңеш доорунун мезгилинде да финансылык жактан өзүн-өзү актай албай дотацияда тургандыгына негизинен мына ушул жагдай да себеп болгон.

Төртүнчүдөн, бул чек ара аймактарындагы жашоочулардын жана алардын келечек муундарынын маңдайына кошуналар тарабынан болуп туруучу коркунуч, тез-тез кайталануучу чыр-чатак жана жагымсыз жагдай түбөлүк эн тамга болуп жазылып калган.

Ошондуктан, бул аймактардагы жер, суу, чек ара, жол, ж.б. талаш-тартыштардан улам кыргыз-тажик, кыргыз-өзбек чыр-чатактары байма-бай кайталанып, улуттар аралык жаңжалдарга айланып, мамлекеттер аралык көйгөйлөрдү жаратып келүүдө.

Райондун аймагындагы Өзбекстандын Сох, Тажикстандын Варух анклавдары жана Чарку аймагы райондун тургундары үчүн дайыма оор жагдай жаратып турат. Анткени, райондун аймагындагы 14 айыл-кыштактын тургундары Сох анклавысыз, Самаркандек аймагындагы 10 айыл-кыштактардын тургундары Тажикстандын Чарку аймагысыз райондун борборуна каттай алышпайт. Тажикстандын Чарку аймагысыз Лейлек районунун, Сүлүктү шаарынын тургундары да областын, республиканын борборлоруна каттай алышпайт. Кошуна өлкөлөрдүн чек ара, бажы посттору кыргыз жарандарынын паспортун, документтерин текшеришип, жүгү, кол сумкаларына чейин тинтишип, кээ бир өздүк буюмдарга да документ талап кылышып, алардын укугун гана тебелеп-тепсебестен, моралдык жана материалдык чыгымдарга да мажбур кылышат.

Тажикстандын Варух анклавындагы 130 миң кв. км. аймакта 50 миңге жакын калк жашайт. Алардын 95%ы тажиктер. 1970-жылдардан бери Баткен району кыргыздар менен тажиктердин ортосунда жер-суу маселелери боюнча чыр-чатактардын аренасына айланып келе жатат. Мындай талаш-тартыштар 1968-жылы Мачаи – Ак-Татыр, 1982-жылы Варух –Танги, 1988-89-жж. Мачаи – Ак-Татыр айылдарында болуп өткөн. 1991-жылдын жазында тажик тарап Ак-Татыр айылынын күн батыш тарабынан 10 миң гектар кыргыз жерин түбөлүк пайдаланууга берүү талабы менен чыгышкан. Бул конфликт Кыргызстан жана Тажикстан Президенттеринин бири-бирине күнөө коюусунун натыйжасында мамлекеттер аралык деңгээлге өсүп жеткен. Ага тажик жана кыргыз тараптардан өз алдыларынча куралданышкан миңдеген

жарандар катышып, бири-бири менен катуу тирешкен. Ал кездеги СССРдин Куралдуу күчтөрүнүн өтө чукул кырдаалда аракеттенишинин натыйжасында гана эки элдин ортосундагы куралдуу кагылышууга жетпей токтотулуп калган. Курчоодо калган Ак-Сай айылынан аялдарды жана балдарды тик учактар менен алып чыккан.

Убакыт өткөн сайын бул аймактарда чек ара, жер, суу, жол, жайыт ж.б. маселелер боюнча байма-бай кайталанып турган ар кандай чыр-чатактар улам курчуп баратат. Анткени калктын санынын өсүшү менен жер, суу ресурстары барган сайын танкыс болуп баратат.

Райондун чыгыш тарабында жайгашкан Өзбекстандын Сох анклавында 40 миң калк жашайт. Анклав маселелерин чечүү боюнча өзбек жетекчилиги эгемендүүлүк мезгилдин алгачкы жылдарында кыргыз коллегаларына аймактарды алмаштыруу боюнча келишим түзүүгө аракет кылышкан. Анда Сох анклавын Өзбекстандын «материгине» туташтырып, ал эми кыргыз тарапка Сохтун түштүк бөлүгүн сунуш кылышкан. Бул сунушка кыргыз тарап макул эместигин билдирген, анткени андай болгон учурда өлкөнүн Баткен, Лейлек райондору жана Сүлүктү шаары толук бойдон Кыргызстандын башка аймактарынан ажырап калмак. Өзбек тарап бул сунушун 1925-жылы Ферганаы бөлүштүрүүдө да аракет кылышкан.

Бул аймакта Кара-Токой – Шаркабад, Согмент – Ушар айылдарында улуттар аралык жанжалдар жер, суу маселелери боюнча улам-улам кайталанып, андагы кыргыз жарандарын моралдык жана материалдык чыгымдарга дуушар кылууда.

Сох анклавы Баткен районуна жол-катнаш кыйынчылыгын гана жаратпастан, райондун калкынын бейпилдигине «күчтүү басым» жасап турат. Анткени бул анклавта дүйнөлүк практикада кездешпеген Өзбекстандын Куралдуу күчтөрүнүн бөлүгү жайгашкан. Чек ара тилкесин бузду деген шылтоо менен кыргыз жарандарына ок чыгарып, жарадар кылып, автоунааларын аткылап, материалдык жана моралдык чыгым келтирүү фактылары бул аймакта байма-бай кайталанып келүүдө. Айрым кыргыз жарандарын ар кандай шылтоолор менен өздөрүнүн ички аймагына зордоп алып кетип, аларга күч колдонуп, кийин алардан бир канча материалдык чыгымдарды өндүргөн учурлар болду.

Экинчиден, Өзбек тарап чек ара тилкелеринин айрым жерлерин бир тараптуу тосуп, андарды казып, зым торлорду орнотуп, ал эми ээн талаалардагы аймактарына жардыргыч заттарды көмүп салган. Мындай жардыргыч заттарга мал жайып жүрүп, кокустан туш болгон кыргыз жарандарынын мерт болгон учурлары бир нече мертебе кайталанган.

Чек араларга коюлган жардыргычтардан кыргыздардын бир канча мал жандыктары өлүмгө учураган. Бул боюнча жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн кайрылууларына өзбек тарап жооп да берген эмес.

Бул маселенин негизги себеби: Кыргызстандын түштүк аймагында өткөн кылымдын 30-жылдарынан бери карай чек ара маселесинин такталбагандыгы болсо, эгемендүүлүк мезгилинен бери да мамлекет жетекчилеринин бул маселеге кайдыгер мамилеси болуп саналат.

Үчүнчүдөн, Бүргөндүнүн 1270 га аймагында Өзбекстандын Кеңеш доорунан бери пайдаланып келе жаткан 134 газ скважинасы бар. Мындагы 40 мунайзат скважинасынын 18и оң абалда болуп, бүгүнкү күндө 1300 метр терендиктен мунайзатын өзбек тарап сордуруп алууда. Ошондой эле Бүргөндүдө Өзбекстан 1,5 миң гектар жерди газ сактоо үчүн пайдаланып келет. Бүргөндү аймагында газдын 5 млрд. метр куб жана мунайзаттын 600 миң тонна кору бар. Өзбекстанга күнүнө 40 тонна мунайзат, жылына миллиондогон кубометр газ жер астындагы трубалар аркылуу агып кетүүдө.

Адистердин эсептөөлөрү боюнча мындан алынган мунайзат Баткен областын камсыз кылууга, ал эми газ чыгуучу жайдагы сырьё өлкөнүн түштүк бөлүгүн камсыздоого толук жетет.

1948-жылдан бери Баткен областынын аймагындагы аталган газ жана мунайзат скважиналары жана жердин ижарасы үчүн Өзбекстандын бардык карыздары 665 млн. сомду түзөт. Бул боюнча областык бийликтин билдирүүлөрүн өзбек тарап жоопсуз калтырууда[1].

Өзбек-кыргыз мамилесиндеги бул маселелер өлкөнүн эгемендүүлүгүнө гана шек келтирбестен, ага экономикалык, моралдык жактан да олуттуу зыян алып келүүдө. Мунайдын баасы дүйнөлүк рынокто бир топ кымбат болуп, биздин өлкө ага муктаж экендигин жана жаратылыш газын Өзбекстандан кымбат баада сатып алгандыгыбызга карабастан, кыш мезгилдеринде алар газды токтотуп, бир топ көйгөйлөрдү жаратып жаткан бул маселени мамлекеттик деңгээлде чечүү керек! Бирок, анын качан, кантип чечилери белгисиз.

Чек ара тосоттору чек арачылар тарабынан такай көзөмөлгө алынбагандыктан, чек ара аймактарында ар кандай чыр-чатактар кайталанып турат. 2009-жылдын биринчи жарымында эле Баткен областынын Тажикстан жана Өзбекстан менен чектешкен аймактарында 24 чыр-чатак катталса, анын 8 фактысы Тажикстан менен чек ара тилкелеринде, 16 факты Өзбекстан менен чектешкен жерлерде чыккан[2].

---

[1] Баткен таңы. 11. 08. 2010. № 30.
[2] Ошондо, 26.07.2009. № 28.

Мындай чыр-чатактар райондун жашоочуларына ар кандай коркунучтарды жаратып, кошуна өлкөлөрдүн кылмыштуу топтору, өкүлдөрү менен бир нече куралдуу кагылышуулар болуп, же алардан качып чыккан кылмышкерлердин биздин райондун аймагына өтүп келген бир нече фактылары катталды.

Мамлекет ар бир жарандын укугун, коопсуздугун жана өлкөнүн аймактык бүтүндүгүн коргоого тийиш.

# III бап. ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК МЕЗГИЛИНДЕГИ БАТКЕН РАЙОНУНУН СОЦИАЛДЫК – ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮ (1991-2010-жж.)

## 3.14. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы экономикадагы жана айыл чарбасындагы реформалар жана алардын жыйынтыктары

Эгемендүүлүктүн жаралышы менен бирге мурдагы социалисттик системанын, чарба жүргүзүүнүн, пландуу экономиканын принциптери жаңы рынок экономикасынын талаптарына туура келбей калды. Өлкөбүз саясий көз карандысыздыкка жеткени менен экономикалык жактан башка мамлекеттерге көз каранды бойдон калган эле.

Эгемендүү Кыргызстандын жалпы жер аянты 19,6 млн. га. анын ичинен айыл чарбасына жарактуу жер 10,6 млн. га. же 55,8%ды түзөт. Жердин 44,2%ы айыл чарбасына жараксыз. Айыл чарбасына жарактуу жерлердин айдоосуна (огороддорду кошо) –12,3%, дың жерлерге – 0,1%, көп жылдык өсүмдүктөргө – 0,4%, чөп чабындыга – 1,7%, табигый жайытка – 85,6% туура келген[1].

Мурдагы колхоз-совхоз системасы өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланып бүткөндүктөн 1980-жж. эле алар негизинен жанбактылык маанайда болуп калышкан. Алардын мамлекетке карызы жылдан-жылга өскөн. Ошондуктан айыл чарбасын рынок экономикасына ылайыкташтыруу үчүн Кыргызстанда 1991-жылдан баштап жер жана агрардык реформа жүргүзүлө баштаган.

---

[1] *Осмонов Ө., Асанканов А.* Кыргызстан тарыхы. – Б., 2003. 496-б.

Айыл чарбасындагы реформалоо процесстери мыйзамдык-нормативдик актылардын, Президенттин Указдарынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тиешелүү токтомдорунун негизинде жүргүзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Граждандык жана Жер кодекстери кабыл алынган. Аларда атуулдардын, жеке жана юридикалык тараптардын менчиктин жана башкаруунун ар кыл формасындагы ар түрдүү субъектилерди түзүү укугу бекемделген. Андан тышкары Президенттин Указдарында, Өкмөттүн токтомдорунда, жоболордо жеке адамдарга, юридикалык тараптарга корпоративдик башкаруу укугу берилген. Жергиликтүү, мамлекеттик уюмдардын башчыларына жеке адамдардын ар түрдүү чарбаларды жана ишканаларды түзүүсүнө жардам берүүсү милдеттендирилген.

Жаңы агрардык саясат боюнча колхоздорду, совхоздорду, фермердик чарбаларды, арендалык, кооперативдик чарбалардын бирдей иштешин камсыз кылуу; өткөөл мезгилде тамекиге, пахтага, этке, жүнгө, жашылча-жемишке, мамлекеттик монополияны сактоо, айылда майда бизнести, ишкердүүлүктүн бардык тармактарын ар тараптан өркүндөтүү ж.б. каралган.

1991-жылы ноябрда Президент айыл чарбасындагы мамилелерди жөнгө салуу үчүн атайын Указ чыгарып, ал боюнча 1992-жылдын 1-декабрына чейин айылдыктарга жана шаардыктарга бардык аймактарда жер участокторун бөлүп берүү белгиленген.

Реформа жүргүзүлгөн акыркы беш жылда дыйканчылык өтө начарлап кеткен. Дан эгиндери менен тоют өсүмдүктөрүн айдоо 21-23%, төмөндөгөн. 1994-жылы эгиндин дүң жыйымы 1993-жылга салыштырганда 35%, дыйканчылыктын дүң жыйымы 20% төмөндөгөн.

Кыргызстандын айыл чарбасынын негизин түзгөн мал чарбачылыгындагы абал да начарлап кеткен. 1992-жылга чейин республиканын айыл чарбасынын кирешесинин 35% кой чарбасы берген. Бийик тоолуу райондордун кирешелеринин 95%ы да ушул кой чарбасынан алынчу. Бул тармактын продукциясынын арзан баада сатылгандыгына карабай республика жылына андан 0,5 млрд. сом киреше алып турган.

Реформа жылдарында республикадагы койдун башы кескин азая баштаган. 1994-жылы январда республиканын бардык чарбаларында 7,5 млн. баш кой калган. Ал эми 1995-жылы январга карата алардын саны 4,5 млн. башка түшкөн.

1990-1998-жж. аралыгында жылкыдан бөлөк малдын башы кескин төмөндөгөн. Ири мүйүздүү мал – 73,4%, чочко – 23,5, кой-эчки – 38,1,

канаттуулар – 16,7% азайган. Натыйжада чарбанын бардык түрлөрүндө мал чарба продукциясын өндүрүү төмөндөгөн.

Жер жана агрардык реформанын жүргүзүлүшүнүн натыйжасында 1991-1998-жж. Кыргызстандагы 515 колхоз, совхоз жана башка айыл чарба ишканалары реформаланып, алардын базасында 54,5 миң жеке чарба, 367 айыл чарба кооперативи, 318 коллективдүү дыйкан чарбалары, 47 акционердик коомдор жана 8 агрофирма түзүлгөн[1].

Жүргүзүлгөн айыл чарба реформасы эгемендүү өлкөбүздүн жаңыдан каз-каз туруп, телчиге баштаган мезгилинде саясий-экономикалык жактан мааниси жогору болгон. Анткени, өлкөнүн рыноктук экономикалык шартына ылайык өнүгүү багыты шартталган. Экинчиден, жер үлүш катары райондун бардык жашоочуларына пропорцияналдуу түрдө бөлүштүрүлгөн. Үчүнчүдөн, жерди сатуу, сатып алуу, ижарага берүү же алуу сыяктуу механизмдери иштелип чыгып, ал боюнча атайын мыйзам актылары кабыл алынган.

Коммунисттик система кыйрап, белен оокатка көнгөн карапайым калк эсебин таппай жаткан учурда жердин үлүшкө бөлүштүрүлүшү – ар ким өзүн-өзү азык-түлүк менен камсыздоого шарт түзгөн жана жумуш менен камсыз кылган.

Жаңы агрардык саясат боюнча колхоздорду, совхоздорду, фермердик чарбаларды, арендалык, кооперативдик чарбалардын бирдей иштешин камсыз кылуу; өткөөл мезгилде тамекиге, пахтага, этке, жүнгө, жашылча-жемишке, мамлекеттик монополияны сактоо, айылда майда бизнести, ишкердүүлүктүн бардык тармактарын ар тараптан өркүндөтүү ж.б. каралган.

Жер жана агрардык реформаны жүргүзүүнүн натыйжасында республиканын агроөнөр жай комплексинде рынок мамилелиринин калыптанышы үчүн укуктук жана экономикалык негиздер түзүлгөн:

-айыл чарбасында жеке, коллективдүү жана мамлекеттик менчикке негизделген көп укладдуу экономика түзүлгөн;

-айыл чарба продукциясын өндүрүүдө, бөлүштүрүүдө жана керектөөдө монополия жоюлган;

-жеке менчиктин киргизилиши менен өндүрүштүн натыйжалуулугун көтөрүү үчүн шарт түзүлгөн;

-чарба жүргүзүүнүн алдыңкы ыкмаларын, илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин пайдаланууда, продукциялардын сапатын жакшыртууда конкуренцияга кеңири жол ачылган;

---

[1] *Осмонов Ө., Асанканов А.* Кыргызстан тарыхы. – Б., 2003. 499-б.

-дыйкандар менен фермерлердин продукция өндүрүүдөгү жоопкерчилиги өскөн, алардын чарбаны натыйжалуу жүргүзүүгө болгон кызыкчылыктары жогорулаган.

Жер жана агрардык реформалоо мезгилинде райондо 217 818 га. айыл чарба жери болгон, анын ичинен: айдоо – 12062 га. (5,5%), бак – 3521 га. (1,6%), жайыт – 199650 га. (91,6%), огород – 2600 га. (1,2%) болгон. Ал эми 12 062 га. айдоо аянтынын – 7060 гектары (58,5%) суулуу, 5002 гектары (41,5%) кайрак жер болгон[1].

Жогорку цифраларда көрсөтүлгөндөй, райондун жалпы айыл чарба жерлеринин 91,6% жайыт жерлер болуп, ал эми жалпы айдоо аянтынын 58,5%ы гана суулуу болгон.

Бул жерлерди райондун калкына үлүш катары бөлүштүргөндө жан башына өтө аз санда туура келген. Дара айыл Өкмөтүнүн тургундарынын жан башына – 0,184 га. Төрт-Гүл айыл өкмөтүндө – 0,047, Суу-Башы айыл өкмөтүндө – 0,07, Самаркандек, Ак-Татыр айыл өкмөттөрүндө – 0,02, Баткен шаар башкармалыгында – 0,08, Кара-Булак айыл өкмөтүндө – 0,07, Кара-Бак айыл өкмөтүндө – 0,08 гектардан үлүш жер бөлүнгөн[2].

Мына ушундай аз сандагы болсо да жер үлүштөрүнүн ар бир жанга бөлүштүрүлүшү 1990-жылдардагы айыл чарба кризисинин мезгилинде калкты азык-түлүк менен камсыздоого шарт түзгөн. Анын алгачкы жылдарында калктын басымдуу көпчүлүк бөлүгү дыйканчылыктын сырларын жакшы өздөштүрүп, мол түшүм алууга жетише албаса да, өзүн-өзү керектүү азык-түлүк менен камсыз кылып турган. Экинчиден, ошол мезгилде жумушсуздук күч алган учурда көпчүлүк айыл тургундары жер иштетүү менен алектенишкен.

Бул райондо жүргүзүлгөн жер жана агрардык реформанын алгачкы натыйжасы болгон. Ошол жылдагы 11 миңге жакын дыйкан (фермер) чарбалары 7 миң гектардан ашык жер аянттарына жеке менчик укугу менен ээ болушкан. Бирок, алардын тең жарымынан бир аз гана көбүрөөгү суулуу жерлерге ээ болушса, 47%ы кайрак жерлер болсо да алышкан. Жерге ээ болуу менен дыйкандар жердин чыныгы жана түбөлүктүү кожоюну экендигин сезишип, аны чындап иштете баштайшкан. Ага табигый-биологиялык азыктарды чачышкан, суу чыгарышкан, мөмөлүү ж.б. бак-дарактарды олтургузушкан, аны сатууга, сатып алууга, ижарага берүүгө, күрөөгө коюуга болоорун билишкен.

Жер жана агрардык реформанын натыйжасы мал чарбасын өнүктүрүүгө да олуттуу таасирин тийгизген. 2003-жылдын 1-ноябрына

---

[1] Мамлекеттик каттоо бөлүмүнүн учурдагы архивдик материалдарынан.
[2] Мамлекеттик каттоо бөлүмүнүн учурдагы архивдик материалдарынан.

карата райондогу чарбаларда 23141 баш ири мүйүздүү мал, (анын ичинен 11607 баш уй), 38777 баш кой, 66328 баш эчки, 40 баш чочко, 828 баш жылкы, 3 баш төө, 116 баш коён, 192 үйлүү бал аары, 60 012 үй канаттуулары болгон[1].

Бул көрсөткүчтөр райондогу жашоочулардын жеке менчигинде малдын санынын көбөйүшүн далилдесе, экинчиден, ата-бабалары мал менен тиричилик өткөрүп келишкен жергиликтүү калктын мал чарба азык-түлүктөрүн өндүрүү жана сатуу аркылуу өз керектөөлөрүн камсыздоо менен, турмуш-тиричилиги улам жакшыра баштаган. Ар бир айыл, ар ким өз шартына ылайык мал күтүшкөн. Райондун көпчүлүк аймагы тоолуу келгендиктен, ал жердегилер мал багышкан: кой, эчки, уй, жылкынын саны да көбөйгөн.

Райондо жүргүзүлгөн жер жана агрардык реформанын натыйжасында экономикалык жактан киреше таба баштаган "Алтынай," "Атаяр," "Досбол", "Карабек", "Калыс", "Нургазы" сыяктуу ондогон дыйкан (фермер) чарбалары пайда болгон.

Жер жана аргардык реформанын жүргүзүлүшүнүн натыйжасында райондо 29 450 чарбалар пайда болгон, алардын ичинен: 5 мамлекеттик, 7 айыл чарба кооперативдери, 14 мекемелер, дыйкан (фермер) чарбаларынан: 28 юридикалык жактар, 10778 жеке жактар, жеке кожолуктар 18 618. Аларга тиешелүү 12 468 га. айдоо аянттары бар, алардын 7276 гектары суулуу, 5192 гектары кайрак жерлер[2].

Бул цифралар райондо чарбалардын санынын өскөндүгүн гана далилдебестен, ага 19 миңге жакын адам мүчө болгондугун, 30 миңге жакын чарбалар жалпы 12,5 миң га. жерди пайдалануу менен менчик укугуна ээ болгондугун күбөлөндүрөт. Экинчиден, бул жер жана агрардык реформанын алгачкы натыйжасы катары каралды жана жерге менчик катары мамиле жасоого шарт түздү.

Жетишкендиктерге карабастан реформанын жүрүшүндө бир катар кемчиликтер кетирилип, кыйынчылыктар да болгон:

-айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасы кыйроого учураган. Техникалар, короо-сарайлар бүлүнүп таланган;

-өндүрүш кескин түрдө төмөндөгөн, натыйжада айыл чарбасынын кирешеси азайган;

-машиналарды, жабдууларды, үрөн, жер семирткичтерди, майлоочу жана күйүүчү майларды алуу үчүн капитал жетишсиз болгон;

-мурда пайдаланып жүргөн жерлер иштетилбей калган;

-айыл жеринде жумушсуздук жана жакырчылык күч алган;

---

[1] Итоги первой сельско-хозяйственной переписи КР 2003 год. Кн. IV. ч.1, – Б., 2005. – С. 47-48.

[2] Итоги первой сельско-хозяйственной переписи КР 2003 год. Кн. IV. ч.1, – Б., 200517-18-б.

-кол эмгек менен өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларын сатып өткөрүү кыйынчылыкка турган.

Баткен областындагы дыйкан (фермер) чарбалар жана жеке чарбалар өздөрү өндүргөн азык-түлүктөрдүн көпчүлүк бөлүгүн (83%) жеке керектөөлөрүнө пайдаланышкан, ал эми дыйкан (фермер) чарбалар 12%, жеке чарбалар 6% гана өндүргөн азык-түлүктөрүн базарларга сатышкан. Дыйкан (фермер) чарбалардын өндүргөн продукцияларынын 5%ы гана кайра иштетилген, жеке чарбалардын продукциялары кайра иштетилбеген[1].

Бул фактылар дыйкан (фермер) чарбалары жана жеке чарбалар өз керектөөлөрүнөн ашыкча продукция өндүрө алышпагандыгын далилдейт. Анын себеби: биринчиден, жер аянттарынын аздыгы, экинчиден, түшүмдүүлүктүн төмөндүгү. Ал эми аз сандагы азык-түлүктөрдүн базарларга сатылышы бир аз гана өздүк керектөөлөрдөн ашыкча өндүрүүнү күбөлөндүрөт. Эгерде экономикалык жактан кайра иштетүүдөн көбүрөөк киреше түшө тургандыгын эсепке алсак, дыйкан (фермер) чарбалары өндүргөн продукцияларынын 5 гана пайызын кайра иштетишкендиктен мындан да жарытарлык киреше тапкан эмес деп божомолдоого болот. Экинчиден, райондун аймагында кайра иштетүүчү ишканалардын жоктугунан (тегирмен, ак жубаздан башка, алардын да кубаттуулугу чектелүү), тез бузулуучу, көпкө сакталбоочу азык-түлүктөрдү көп өндүрүү, дыйкандарга күмөн жаратат.

Райондо жүргүзүлгөн биринчи айыл чарба каттоосунун жыйынтыгы боюнча райондо катталган 29 456 жеке чарбалардын – 6313 (21,4%) айдоо жери жок, 18 842 (63,9%) – 0,5 гектарга чейин, 2963 (10,1%) – жарым гектердан бир гектарга чейин, 1245 (4,2%) – 1 гектардан 5 гектарга чейин, ал эми 29 (0,09%) – 5 гектардан ашык жери болгон[2].

Мындай аз сандагы жер үлүшү биринчиден, кызыгууну жаратпаган, экинчиден, жеке чарбалардын бештен бир бөлүгүнүн (21,4%) жери жок болгон, 64% 0,5 га. ал эми 10% 0,5-1 га. 4% 1-5 га. жери болсо, мында негизинен бир гектардан беш гектарга чейин жер иштетүүчү дыйкандар 4% гана, 5 гектардан ашык жерлүү дыйкандар 1%га да жетпесе, дыйканчылык кантип өнүгөт деген суроо жаралбай койбойт. Үчүнчүдөн, бир топ өнүккөн өлкөлөрдө деле айыл чарбасы өзүн-өзү актабагандыктан мамлекеттик дотация берилет. Ал эми биздин шартта дыйкандардын эмгеги финансылык жактан өзүн-өзү актай албайт деп айтууга толук негиз бар. Анткени, күйүүчү, майлоочу майлардын, жер семирткичтердин, техникалык тейлөөлөрдүн кымбаттыгы, айыл

---

[1] Ошондо, – С. 9.

[2] Итоги первой сельскохозяйственной переписи КР 2003 год. Кн. IV. ч.1, – Б., 2005. – С.29.

чарбасына ыңгайлуу адистештирилген кичи техникалардын, алынган түшүмдөрдү кайра иштетүүчү ишканалардын, түшүмдү дүңүнөн алуучу кардарлардын жоктугу дыйкандарды бир топ убарагерчиликке салып, көп түшүм ыксыз чыгымга учурап, анын кесепетинен дыйкандар өз товарларын өтө арзан баада саткан фактылар көп кездешет.

Ал эми айыл чарба жерлеринен алынуучу түшүмдүүлүктүн аздыгынын жана экономикалык жактан өзүн-өзү актабагандыгынын дагы бир себеби: райондогу айыл чарбасына тиешелүү 3006 га. жердин пайдаланууга жараксыздыгыздыгы (айыл чарбасындагы жерлердин 24,5%), анын ичинен – 462 га. таштуу, 26 га. саз, 800 га. суусуз, 1586 га. кайрак, 132 га. жердин өтө алыстыгынан аны айдап-себүүгө керектелүүчү каражаттарды ташып жеткирүүгө жана түшүмдү жыйноого кеткен каражаттын кайтарымы болбогон, айыл чарбасына ыңгайлуу жерлерден алынып жаткан түшүм өзүн-өзү актабай жатканда, мындай эмгекти, финансыны көп керектөөчү жерлер дээрлик иштетилбеген.

Айыл чарбасындагы кыйынчылыктын дагы бир себеби: дыйкан (фермер) чарбаларында айыл чарба техникаларынын жетишсиздиги. 2002-жылдагы биринчи айыл чарба каттоосунун жыйынтыгы боюнча Баткен районундагы чарбаларда 364 тракторлордун каз тамандуулары – 17, дөңгөлөктүүлөрү – 309, кичи тракторлор – 38 болгон[1].

Райондун шартында дыйкан (фермер) чарбаларынын көпчүлүгүнүн айдоо аянттарынын аймагынын аз экендигин эсепке алганда каз тамандуу жана дөңгөлөктүү тракторлорду пайдалануу анча ыңгайсыз, чыгашасы көп. Алардын көпчүлүгү эски, ал эми кичи тракторлор бар болгону Баткен шаар башкармалыгынын аймагында 38 гана. Бул кичи тракторлор деле эскилиги жетип калгандыгына карабастан, алардын айыл чарба жумуштарын аткаруучу шаймандары толук эмес, кошумча тетиктерин сатуучу, тейлөөчү ишканалар жок. Калган аймактарда мындай айыл чарбасына ыңгайлуу, чыгымы аз кичи трактор таптакыр жок. Ошондуктан, айрым аянты аз жерлерди иштетүүгө ат, өгүз пайдаланылат же кол жумушу менен аткарылат. Көп жылдык тажрыйба көрсөткөндөй, мындан жарытылуу түшүм алууга мүмкүн болбогон.

Жер жана агрардык реформаны ишке ашырууда жергиликтүү шарт эске алынбастан, республикадан жөнөтүлгөн "даяр шаблон" менен аткарылган.

Экинчиден, ар бир жан башына бөлүнгөн суулуу жер район боюнча орто эсеп менен 0,057 га.дан туура келген. Бул өтө аз болгондуктан иштетүүгө ыңгайсыз жана экономикалык жактан өзүн-өзү актаган эмес.

---

[1] Итоги первой сельскохозяйственной переписи КР 2003 год. Кн. IV. ч. 2, – Б., 2005. – С. 17-19.

Натыйжада 2008-жылы райондо 2309 га. жер аянты пайдаланылбай калган болсо, 2009-жылда 1035 га. жер аянты иштетилген эмес[1].

Үчүнчүдөн, райондун шартында көпчүлүк жерлердин айыл чарбасына ыңгайлуу эместиги, анын ичинде дээрлик тең жарымына жакыны (47,3%) кайрак жерлер экендигин эске алганда бардык эле дыйкандар жерден көп киреше алышып, экономикалык жактан өнүгүп кете алышкан эмес.

Төртүнчүдөн, бардык эле жер алгандар дыйканчылыктын сырын өздөштүрө алышкан эмес.

Бешинчиден, бул реформа өтө шашылыш жүргүзүлгөндүктөн көпчүлүк эл бул реформага социалдык-психологиялык, экономикалык жана чарбалык жактан даяр эмес болушкан.

Алтынчыдан, жер үлүштөрүн бөлүштүрүүдө жердин категорияларына карата: суулуу, кайрак, бак ж.б. деп ар кандай жерден бөлүштүрүлгөн, Бирок бөлүнгөн жер үлүштөрү ар кандай аралыкта жайгашкандыктан, аны иштетүү, ага каттоо, андан ташып келүү ж.б. кыйынчылыктар пайда болгон.

Мисалы, Рабат айылынын тургуну Кадыров Тургунбайга (үй-бүлөсү 2 жан) 0,22 га айдоо аянты, анын ичинен 0,18 га. кайрак жер Рабат айылынан, 0,04 га. суулуу жер, жашаган жеринен 90 км. алыстыктагы Чет-Кызыл аймагынан, 0,04 га мөмө-жемиш багы, анын ичинен 0,01 га. чоң бак 30 км. алыстыктагы Ак-Татыр айылынан, 0,03 га. майда бак 55 км. алыстыктагы Миң-Өрүк аймагынан, баары 0,26 га. жер үлүшү тийген.

Ошол эле Кадыров Тургунбайга Рават айылындагы №4543 картадан бөлүнгөн кайрак 0,18 га. жердин узундугу 284 м. туурасы 6,5 метр, ал эми Чет-Кызылдагы суулуу 0,04 га. жердин узуну 140, туурасы 3 метр. Мына ушундай узуну жүздөгөн, туурасы бир трактор же башка техника жүрө албаган жерден кантип дыйканчылык кылып, кантип түшүм алууга болот деген суроо бүгүнкү күнгө чейин баш катырат.

Мына ушулардын натыйжасында көптөгөн гектар жер аянттары айдалбай, ал эми бак-дарактар суугарылбай, кароосуз калгандыктан, айрым бөлүктөрү жоготууга учураган.

Район боюнча кыймылсыз мүлктөр чарбаларда (райондогу 11 чарба, ал эми 1 колхоз өзүнүн уставына ылайык бекер таратылган) 20 523,8 миң, ал эми чарбалык ишканаларда (4 ишкана) 577,9 миң, баары 21 млн. 101,7 миң сомго бааланып, анын жарымына жакыны 10 535,2 миң сому мамлекет тарабынан жеңилдетилген. Калган суммадан – 961,4 мин соц.фондко, 3152,6 миң салыкка, 970,3 миң мамлекеттик бюджетке,

---

[1] Райондук мамлекеттик администрациянын учурдагы архиви

3312,2 мин эмгек акыга. 4611.8 миң башка чыгымдарга жумшалып, 2178,4 миң сомдук курулуш объектилери, имараттар, техникалар, мал ж.б. мүлктөр жараксыз абалда жокко чыгарылган. Жыйынтыгында 4 млн. 525,3 мин сомдук кыймылсыз мүлк таратылган[1].

Мындан көрүнүп тургандай көптөгөн суммалар карыздарга, андан калганы түрдүү чыгымдарга жумшалып, жалпы сумманын бештен бир бөлүгү гана таратылган. Ал эми таратылган мүлктөрдүн да басымдуу көпчүлүгү натыйжа берген эмес.

Кыймылсыз мүлктөрдү үлүшкө ажыратуу максатсыз, шашылыш жүргүзүлгөн. Чарбаларда иштегендерге жалпы стаж аркылуу пай бөлүштүрүлгөн, бирок кимдин, канча стажы бар экендиги жарыя кылынбаган. Кыймылсыз мүлктөрдү үлүшкө ажыратуунун механизмдери коомчулукка жарыя кылынып, анын жол-жоболору тааныштырылган эмес. Натыйжада, кыймылсыз мүлктөрдү үлүшкө ажыратууда көптөгөн короо-сарайлар, имараттар, техникалар таланып, тонолгон. Жүздөгөн топоздор, койлор союлуп, эмгек акы катары этке таратылган.

Райондо жүргүзүлгөн жер жана агрардык реформанын натыйжасында төмөнкүдөй тыянактарды белгилөөгө болот:

-райондо жүргүзүлгөн агрардык саясат рынок экономикасынын негизин бекемдөөгө шарт түзгөн. Жүргүзүлүп жаткан агрардык-жер реформасы башынан эле чарба жүргүзүү методдорун рыноктук жолго салууга, айыл жашоочуларын жакшы жашоонун негизи катары жер жана башка менчик менен камсыз кылууга багытталган болчу. Натыйжада алар жер аянттарынын жана башка өндүрүш каражаттарынын чыныгы кожоюндары болуп калышкан. Бул алардын өз алдынча, натыйжалуу чарба жүргүзүүсүнө түрткү берген;

-райондун аймагында малдын санын, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн өстүрүүдө, жеке кирешелерин көбөйтүүдө олуттуу ийгиликтерге жеткен ондогон фермерлер, дыйкан чарбаларынын жетекчилери пайда болгон;

-авторитеттүү эксперттердин баалоосу боюнча, ырааттуу жүргүзүлгөн жер жана агрардык реформалар социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн катаал мезгилинде өлкөнүн, анын ичинде региондордун экономикасын стабилдештирүүгө жагымдуу таасир тийгизген;

-материалдык каражаттардын жана зарыл колдоолордун жетишсиздигине карабай, дүң продукциянын деңгээлинин төмөн түшүүсү токтотулган;

---

[1] Райондук айыл чарба департаментинин учурдагы архиви

-айдан себүү структурасында башкаларга караганда кирешелүү делген жашылча жана башка өсүмдүктөрдүн үлүшү, ал эми айыл чарбасында бакчылык, айрыкча Баткендин шартына ыңгайлуу өрүк бактары көбөйгөн;

-райондо жер жана агрардык реформаны жүргүзүүдө кемчиликтерге жол берилген. Реформа өнөктүгү республика боюнча бирдей шаблон менен жүргүзүлгөндүктөн жергиликтүү шарт эсепке алынбаган;

-айыл чарбасын иштетүүнүн мурдагы системасы бузулуп, үрөн өндүрүү жана мал чарбасындагы асыл тукум мал өндүрүү системасы начарлаган, минералдык жана органикалык жер семирткичтерди колдонуу кыскарган, бул топурактын асылдуулугунун начарланышына алып келген;

-кыймылсыз мүлк: короо-сарайлар, имараттар, машиналык-трактордук парк, жеке үлүштөргө бөлүнгөндөн кийин бузулуп, сатылып, тонолуп, жок болуп кеткен, ал эми жүздөгөн баш топоздор, миңдеген баш кой-эчкилер союлуп, ыксыз чыгымдалган.

Республиканын, анын ичинде Баткен районунун айыл чарбасын реформалоо жылдарында экономиканын агрардык секторун көтөрүүгө багытталган бир катар иштер аткарылган. Бирок, райондун экономикасынын приоритеттүү тармагы болгон айыл чарбасында дагы көп маселелер чечилбеген бойдон кала берген.

Азыркы учурда райондо 5000 гектардан ашык аянтты бак-дарактар ээлейт, анын ичинен 90% мөмөлүү, айрыкча өрүк бактары болуп саналат. Баткен жергеси – өрүкзардын мекени деп бекеринен аталган эмес. Жер реформасынын мезгилинде бак-дарактарды жеке үлүшкө бөлүштүргөндөн кийин, айрым бактар кароосуз калып, куурап, кыйрап жок боло баштаган. Бирок кийинки учурларда жергиликтүү бийлик өкүлдөрү мөмө-жемиш бактарын атайын кооперативдерге бириктирип, аларды тейлөө жумуштары менен кошо өрүктү кайра иштетүүчү кичи ишканаларды ачууну колго алышууда.

Баткен районундагы бакчылык тармактын дагы бир керешелүү бөлүгү жүзүмчүлүк болуп саналат. Баткен районунда 500 гектардан ашуун жүзүм багы бар. Жүзүм өстүрүү менен райондун аймагында вино чыгаруучу завод курулуп, райондо өнөр жай ишканасы пайда болгон. Ал абдан кирешелүү тармак катары бааланып, жүзүмчүлүк тармагынан 1989-жылы 2,5 млн. рубль таза киреше алынган[1]. Бирок Кенеш бийлигинин тарашы менен жүзүмчүлүккө маани берилбей, жүзүм

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 29-сактоо бирдиги, 28-барак.

бактары үлүштөргө бөлүнүп, кароосуз калып, жүзүм бактары куурап кеткен. Жүзүмдү кайра иштетип, вино чыгаруучу завод да иштебей, кийинки учурларда бул тармакка маани берилбей жатат.

Баткен району негизинен агрардык район болгондуктан, бул тармакты өнүктүрбөй туруп, райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жогорулатуу мүмкүн эмес. Ошондуктан:

-дыйкан (фермер) чарбаларга мамлекеттик колдоо көрсөтүү, аларга узак мөөнөттүү жеңилдетилген кредиттерди берүү, кредиттин эсебинен кичи ж.б. ар кандай айыл чарба техникалары менен камсыздоо керек;

-дыйкан (фермер) чарбаларынын жетекчилерин агротехникалык жана зоотехникалык эрежелер, жаңы илимий жетишкендиктер жана алдыңкы иш тажрыйбалар менен тааныштырып туруу зарыл;

-мамлекеттик үрөн чарбаларын уюштуруп, аларга колдоо көрсөтүү керек, себеби, сапатсыз үрөн менен натыйжалуу түшүм алууга мүмкүн эместигин көп жылдык тажрыйба эчак эле далилдеген;

-малдардын асылдуулугун жогорулатуу үчүн зооветтехникалык асылдандыруучу бекеттерди уюштуруу зарыл, ансыз мал чарбасынын продуктуулугун жогорулатуу мүмкүн эмес;

-малдардын жугуштуу ылаңдарынын алдын алуу жана дарылоо үчүн ветеринардык тейлөөнү жакшыртуу, аны атайын адистер менен камсыз кылуу керек;

-райондун шарты мөмө-жемиш бактарын өстүрүүгө ыңгайлуу болгондуктан, өрүк, жүзүм бактарын көбөйтүүнү кайрадан колго алып, куурап калган аянттарды толуктап, бош аянттарды бакка айландыруу зарыл;

-өрүктү кайра иштетүүчү, кургатуучу ишканаларды куруп, анын продукцияларын чет өлкөлөргө ж.б. кардарларга сатуу, аны менен дыйкандардын жана мамлекеттин кирешесин көбөйтүү;

-жүзүм бактарын кайра калыбына келтирүү менен вино чыгаруучу ишкананы кайра иштетүү, анткени табигый, экологиялык жактан таза продукцияларга кардарлар четтен табылаары шексиз.

Жыйынтыктап айтканда, райондо жүргүзүлгөн жер жана агрардык реформасы чарба жүргүзүү методдорун рыноктук жолго салууга, айыл чарбасын рыноктун шарттарына ылайык өркүндөтүүгө жол ачты. Бирок жер жана агрардык реформаны ишке ашырууда бир топ кемчиликтерге жана катачылыктарга жол берилген.

## 3.15. 1999-2000-жж. Баткен окуясы жана анын натыйжалары

Баткен окуясы деп аталган куралдуу кагылышуу Баткен жерин Кыргызстан менен кошо дүйнө элдеринин көбүнө таанытты.

Жаңыдан телчигип келаткан жаш эгемендүү мамлекеттин эл аралык исламдык террорчулар менен куралдуу кагылышуусу аркылуу дүйнөлүк саясатка аралашуусу, адам өмүрүнүн чоң жоготууга учурашы, өлкөнүн келечеги үчүн болгон коркунуч, мамлекеттин коргонуу жөндөмдүүлүгү, кошуна өлкөлөр менен болгон мамиле, өлкө жарандарынын мекенчилдиги, улуттун патриоттук духу бизге кандай сабак калтырып, бизди эмнеге үйрөттү?

Баткен окуясынын себеби эмнеде, ислам куралчандары эмне үчүн ушул чөлкөмдү, ушул багытты тандап алышты?

Анткени алардын башкы максаты – бул багыттын наркожолго ыңгайлуулугу, ушул багыт боюнча өз товарларын Россияга, Европага оңой өткөрүп кетүү, жаңыдан түзүлүп жаткан эгемендүү өлкөлөрдүн бийлик өкүлдөрүнө исламдын саясатын таңуулоо болгон.

Бул аймакты тандап алуунун дагы бир өзгөчөлүгү анын географиялык жактан Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстандын б.а. үч республиканын тогошкон жери. Баткендин Зардалы аймагынан Тажикстандын Варух, Өзбекстандын Сох анклавтарына өтүүгө ыңгайлуулугу.

Бул окуянын геосаясий жактан дагы бир өзгөчөлүгү:

- Борбордук Азия анын ичинде айрыкча Кыргызстан менен Өзбекстан мурдатан эле дүйнөлүк ири державалардын күч сынашуучу “майданы” болуп келген;
- Россия XIX-XX кк. колониалдык басып алуучулук саясатын түштүккө карай жайылткан болсо, ислам фундаментализми түндүккө карай жыла баштаган;
- Афганистандагы граждандык согуш, андагы тынч эмес абал экстремисттик жана агрессивдик тенденцияларды жайылтты;
- Өзбекстандагы бийлик үчүн күрөш элдин кыжырдануусун пайда кылып, алардын динге болгон ишенимдери жоголо баштады;
- Исламды глобалдуу масштабда жаңы суверендүү өлкөлөргө жана Борбордук Азияга жайылтып, исламдын баалуулуктарын кайра жандандыруу;
- Фергана өрөөнүндө калктын жыш жайгашуусу, этникалык топтордун көптүгү, элдин негизги массасынын социалдык жактан

төмөн жашоосу, бул аймакта ислам мамлекетин курууга ыңгайлуу деп эсептешкен.

Бул окуянын дагы бир негизги себеби: "талибандар".

Биринчиден, талибандар Борбордук Азияда таасирдүү күчкө ээ боло баштап, КМШ өлкөлөрүнүн чек арасына жакындаган. Алар ошол кезде Банги, Нахрин шаарларын басып алып, Толуканга жакын калган болчу.

Экинчиден, талибандар Борбордук Азиядагы аймактык көйгөйлөрдү чечүүгө өздөрүнүн катышуусу жөнүндө билдиришкен. 2000-жылдын 25-сентябрында талибдердин тышкы иштер "министри" Вакиль Ахмад Муттавакиль талибдердин аскер күчтөрү Тажикстандын чек арасына жакын келгендигине байланыштуу ал аймактагы коопсуздук жана стабилдүүлүк сакталат, ошондой эле Иран, Пакистан, Тажикстан, Түркмөнстан жана Өзбекстандын ички иштерине кийлигишпейт, алардын чек араларын бузууга ниеттенбейт деп билдирген.

Үчүнчүдөн, талибдер Борбордук Азия өлкөлөрүнө конкурент да, доминант да боло албайт болчу, анткени афгандык талибдер ислам менен наркотикти экспорттоого гана жөндөмдүү болушкан.

Баткен окуяларынын баштоочулары болушкан Афганистандагы "Талибан" кыймылын Пакистандын атайын кызматы ачык колдоп турган. Советтик жоокерлердин Афганистандан чыгарылышынан кийин Пакистан Борбордук Азияга карай куралдуу күчтөрдү багыттай баштап, бул максат үчүн АКШ жана бир катар араб өлкөлөрүнөн финансылык инвестиция, курал-жарак жана согуштук техникадан олуттуу жардам алган. Айрым маалыматтар боюнча талибдердин 1997-жылдын июнунда 15 МИГ-21 истребители, 10 МИ-8 вертолету, 300 го жакын реактивдүү ок атуучу системасы, 300 го жакын БТР жана БМП, 150 танкасы болгон. Алардын бул согуштук-техникалык потенциалы ошол аймактагы КМШ өлкөлөрүнүн күчү менен тең болгон. 1999-жылдын башында талибдердин аскеринин саны 100 минге жетип, тажрыйбалуу, атайын даярдыктан өткөн. Такшалган, кадрдык жетекчилери күчтүү болуп, алар "ислам согушу" түндүккө карай тынбастан жүрө берет деп ишенимдүү түрдө айтышкан[1].

Баткен окуяларын иликтеп олтуруп, куралчандар Баткен аймагын «коридор» катары тандоосун кокустук деп атоого болбойт. Экономикалык жактан бул аймакта негизги ири өнөр жай ишканалары – Кадамжай сурма, Айдаркен сымап комбинаттары, Кызыл-Кыя тамеки фабрикасы, бир канча ири көмүр шахталары, нефтескважиналар болгон.

---

[1] *Симонова Н.* Хроника Баткенских событий: война на юге Кыргызстана.RU. 24.08.1999. № 121.

Мындан тышкары область түстүү металлдар, минералдык ресурстар, көмүр кен байлыктары, түшүмдүү жерлерге ээ.

Баткен району ошол учурдагы областтык борбордон алыс (250 км.) жайгашып, социалдык, инфраструктуралык жактан артта калган аймак катары да таанымал. Республикада бул регион калктын санынын өсүшү, жумушсуздуктун көбөйүшү, жашоо денгээлинин төмөндүгү боюнча алдыңкы орунда турган. Мусулмандык экстремизмдин таасири жаштарга көбүрөөк таасир эткен. Өзбек оппозиционери Тахир Юлдашевдин ортомчулдугу менен 1997-жылдарга карай Афганистандагы окуу лагерлеринде Кыргызстандын, Өзбекстандын, Казакстандын жана Тажикстандын 300 дон ашуун адамы атайын согуштук даярдыктан өтүп, алар негизинен 28 жашка чейинкилер болушкан. Мына ушундай экономикалык потенциал жана социалдык факторлор мусулман экстремизмин ушул региондо жайылтууга ыңгайлуу деп эсептелген[1].

Кыймылдын дагы бир демилгечиси – Өзбекстандагы Ислам Кыймылынын экстремисттик жана террордук ишмердүүлүгүнүн финансылык булагы Сауд Аравиясы жана Египеттеги диний уюмдар, "Талибан" кыймылы. Сауд Аравиясындагы 700 миң өзбектердин түпкү теги ферганалык. Алар 1999-жылдын жазында Тахир Юлдашов менен биргеликте Өзбекстандагы "жихад" кыймылы үчүн 1 млн. риал (270 миң АКШ доллары) жыйнап беришкен жана террордук ишмердүүлүк үчүн акча берип гана жөн калышпастан мусулман уюмдарына экстремизмди жайылтуу боюнча ортомчу да болушат. Сауд Аравиясындагы улуту уйгур Мухаммадамин Туркистони 1997-жылы декабрда Тахир Юлдашевке 270 миң АКШ долларын курал-жарак сатып алууга жана жарымын уйгур сепаратисттери үчүн берген. Сауд Аравиясынын Куралдуу күчтөрүнүн отсавкадагы генералы, этникалык теги өзбек Абдугаффар Нур да мындай кайрымдуулуктарды жасап жүргөн. Ошондой эле Афганистандагы 2 млн.го жакын өзбек диаспорасынын өкүлдөрү ӨИКтин (Өзбекстандагы ислам кыймылы) катарын жана аскерин толуктап, финансылык жактан да колдоп турган. Талибандардын башчысы Мавлави Абдулланын билдирүүсү боюнча ӨИКтин Мазари-Шарифте, Кабулда, Кандагарда, Хайратондо согуштук базалары, Кабулдагы Германиянын элчилигинин эски имаратында жана Вазир-Акбархан районунда ок атуучу куралдарды оңдоочу устаканасы болгон. "Коммерсанттын" 2000-жылдын 18-августундагы билдирүүсү боюнча талиб жетекчилиги ӨИКтин "башкы командачысы" Тахир

[1] *Соколовский М.* Басмачи двадцать первого века. "Интерфакс-Время". 8-сентября 1999 г.

Юлдашевке Өзбекстанга жана Кыргызстанга бүлүк салуу боюнча тапшырма берген[1].

2000-жылы сентябрда Кыргызстанга И.Каримов жетектеген Өзбекстандык делегация келген. Бул визит кыргыз жана өзбек армияларынын куралчан топторду жок кылуу боюнча согуштук аракеттеринин ийгиликтүү учурунда өтүп, 1996-жылы Ташкентте кол коюлган түбөлүк достук жана эки тараптуу кызматташтыкты өнүктүрүү жөнүндөгү келишимге жаңы импульс берген. Жолугушууда аймактык коопсуздукту камсыз кылуу, эл аралык терроризм, диний экстремизм жана наркобизнес менен күрөштү күчөтүү, соода-экономикалык кызматташтыкты интенсификациялоо жөнүндө актуалдуу маселелер талкууланган.

Баткен окуясы батыш өлкөлөрүн дагы тынчсыздандыра баштаган, сентябрдын аягында Кыргызстанга Европадагы АКШнын Куралдуу күчтөрүнүн Борбордук командованиесинин башчысы Т.Френкс келген. Ал Бишкекте КР Коргоо Министрлигинин жетекчилиги менен Кыргызстан жана АКШнын ортосунда аскердик кызматташтыкты өнүктүрүү, эл аралык терроризмге каршы биргеликте күрөшүү боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Бул визит Борбордук Азия аймагында абалдын барган сайын курчуп жатышы Борбордук Азия өлкөлөрүнүн башкы өнөктөшү болгон Россияны гана эмес, батыштагы ири мамлекеттерди, эл аралык коомчулукту да тынчсыздандырып жаткандыгын айгинелеген. Анткени исламдык экстремизм формасындагы эл аралык терроризм барган сайын жаңы аймактарга кулач жайып, бүткүл дүйнөгө коркунуч туудуруп жаткан болчу.

Бул мезгилде Киевде КМШ өлкөлөрүнүн коопсуздук уюмдарынын жетекчилери кеңешме өткөрүшүп, экстремизмге каршы биргеликте күрөшүүнүн чараларын талкуулашып, Москвада антитеррордук борборду түзүү жөнүндө чечим кабыл алышкан.

2000-жылы 11-октябрда Бишкекте Коллективдүү Коопсуздук Кеңешинин сессиясы болуп, ага Армения, Белорусия, Казакстан, Кыргызстан, Россия, Тажикстан республикаларынын мамлекет башчылары, коргоо, тышкы иштер министрлери, коопсуздук Кеңешинин катчылары, Жамааттык Коопсуздук Кенешинин Башкы Катчысы катышкан.

Анын негизинде Борбордук Азия аймагында коопсуздукту камсыз кылуу боюнча Жамааттык Коопсуздук Кеңешине катышуучу мамлекеттердин бирдиктүү аракеттенүүсү боюнча билдирүү жана Афганистандагы тынчтыкты камсыз кылуу боюнча дүйнө коомчулугуна

[1] "Коммерсант" басылмасы, 18-август 2000-ж

чакыруу жасашкан. 2000-2005-жж. жамааттык коопсуздук системасын түзүүнүн негизги иш чарасын, жамааттык коопсуздук системасынын каражаттарын жана күчтөрүн түзүүнүн макамы жөнүндө келишим кабыл алынган.

Ошентип, Баткен окуясы дүйнө мамлекеттеринин көпчүлүгүн тынчсыздандырып, аларды башка кыйынчылык түшкөндө бирдиктүү аракет жасап, "бир жеңден кол, бир жакадан баш" чыгарууга мажбурлаган.

Баткен окуясынын эки жылдык согуштук аракеттери бизге, дүйнө коомчулугуна кандай жыйынтык алып келди? Биз эмне жоготуп, эмнеге жетиштик? Башка кыйынчылык түшкөндө биз кандай чараларды кабыл алып, кандай аракеттерди жасай алдык?

1999-жылдын негизги өзгөчөлүгү: биринчиден, өлкө башчылары жана аскер жетекчилери Өзбекстандагы Ислам Кыймылынын куралчандарынын террордук кол салуусуна психологиялык жактан да, практикалык жактан да даяр эмес болушкан.



Экинчиден, окуянын башталышында эле "барымтага түшүп калуу" согуштук аракеттерди баштоого тоскоол болуп, аскер күчтөрүнүн "колун байлап" турган.

Үчүнчүдөн, согуштук, материалдык-техникалык база тоолуу шартта чечкиндүү согуш-тук аракеттерди жүргү-зүүгө даяр эмес болчу.

Төртүнчүдөн, мамлекеттик-административдик аппарат мындай учурдагы проблемаларды чечүү боюнча практикасы жоктугунан, ар кандай усулдарды колдонуу менен бирдиктүү чечимге

келбеген көрсөтмөлөрдү Коргоо, Ички иштер министрликтерине шашылыш бере баштаган. Улуттук Гвардия башчы-ларын шашылыш Субановду Чотбаевге, андан Топоевге алмашты-рышкан.

Ал эми 2000-жыл-дагы Баткен окуялары өткөн жылдагысынан бир топ айырмаланат. Кыргыз Армиясынын ийгиликтүү согуштук аракеттеринин натыйжасында Баткен окуясынын жыйынтыгы менен Кыргыз Республикасынын эл аралык макамы бир топ жогорулады. Баткен окуясы Кыргызстандын куралдуу экстремизмге каршы турган потенциалын гана көрсөтпөстөн, өз армиясынын күчү менен эгемендүүлүгүн сактап кала аларын жана союздаш өлкөлөрдүн согуштук-техникалык кызматташтык түзүмү аркылуу да аракет кыла аларын иш жүзүндө далилдеди.

Экинчиден, бул жеңиш алдыдагы Президенттик шайлоого жакшы таасир калтырып, өткөн кыйынчылыктарды унутуп, ички саясий кризистен чыгып, элдин башын бириктире баштады.

Үчүнчүдөн, Баткен окуясы Кыргызстанды стратегиялык жактан өнөктөш катары Россия менен бир топ жакындаштырды. Кыргызстан ЖККнын активдуу катышуучусу гана эмес ал келишимдин айрым принциптеринин демилгечиси болгон. Кыргыз Президенти ислам экстремизминин жайылышы бардык КМШ өлкөлөрү үчүн коркунучтуу деп билдирген.

Төртүнчүдөн, Баткен окуясы куралдуу экстремизмдин жалпы глобалдуу тенденциялык кыймылы мурдагыдай эле Пакистан – Афганистан – Тажикстан – Фергана өрөөнү – Борбордук Азия – Россия экендигин далилдеди.

Бешинчиден, эл аралык планда Россиянын жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн Кытай менен позициялык жактан жакындашуусуна өбөлгө болду. "Шанхай бешилтигинде" чек ара маселелери боюнча каралган келишимдер, диний экстремизмдин проблемалары боюнча узак мөөнөттүү макулдашуулар КМШ өлкөлөрү үчүн пайдалуу болду.

Алтынчыдан, Баткен окуясы АКШнын көз жаздымында калган жок. Анткени акыркы мезгилдерде дүйнөдөгү ар бир геосаясий окуя, ар бир улуттук кызыкчылык, ар бир аймактык көйгөй АКШнын Куралдуу күчтөрүнүн же Госдепартаментинин катышуусусуз чечилмек эмес.

Жетинчиден, Баткен окуясы жөнүндөгү маселе парламенттик-өкмөттүк делегация тарабынан 1999-жылы октябрда БУУнун отурумунда каралган.

1999-2000-жылдардагы Баткен окуясы райондун эң алыскы, жолу өтө татаал "Зарыл ишиң болбосо, Зардалыга барбагын" деген аймагында болуп өткөн. Бул аймак орто кылымдардан тарта Улуу Жибек жолунун

бир бөлүгүндөгү Сохтон Каратегинге жай мезгилинде гана каттоочу жападан жалгыз жол болгон.

Мухаммед Шейбани хандан жеңилип, куугунтукталып келе жатканда Захириддин Мухаммед Бабур да 1494-жылы мына ушул жол аркылуу Гератка өтүп кеткен.

Ал жөнүндө Бабур өз эмгегинде: Исфара – төрт булуктан (булук-административдик бөлүк) турган тоолуу аймак. Алардын бири Исфара аталат, башкасы Варух, үчүнчүсү-Сох, төртүнчүсү – Хушьяр делет. Мухаммед Шейбани хан Султан Мамыт хан менен Алача ханды талкалап, Ташкен менен Шахрухияны басып алганда мен ушул Сох менен Хушьярдын тоолуу чөлкөмүнө өтүп, бир топ кыйынчылыктарды баштан кечирип, бир жыл чамасында тургам да, анан Кабулга бет алгам (1493-1494-жж[1].) – деп жазган.

Бабур дал мына ушул жол менен баргандан кийин Афганистандын Герат шаарында, андан кийин Индияда падыша болгондугун бардык эле окурмандар биле беришбесе керек.

Бабур бул аймакта ашуу ачылганча бир кыш турган, турганда да дал ушул Дара капчыгайынын кире бериш жагында өзү жазгандай Сох менен Хушьяр тарапта, азыркы Кыштут айыл округунун аймагында турган жана ал жерде жашаган уруулар жөнүндө өзүнүн айтылуу Бабурнамесинде жазып калтырган.

1871-жылы жайында Баткен чөлкөмүнө келген орус окумуштуусу жана саякатчы А.П.Федченко да мына ушул жол аркылуу мындагы ашууларга чейин келүүгө ынтызар болгон.

1873-жылы июнь айында бул аймакка Падышачылык Россиянын аскер башчылары Ляшевский жана Сполатбог да аскерлери менен көтөрүлүштү басуу үчүн келишкен.

Демек, Зардалы аймагы Кокон хандыгынын жана Падышачылык Россиянын тушунда да стратегиялык жактан маанисин жоготкон эмес.

1999-2000 жылдардагы Баткен окуясы мына ушул аймакта болуп, куралдуу сакалчандар тобу мына ушул жол менен келишкен. Алар биринчи Зардалы айылында болушуп, айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Тайлаков Тажидинди, райондук ички иштер бөлүмүнүн кызматкери Шадыбеков Касымды атып өлтүрүшкөн. Алар Баткен менен байланышты үзүү үчүн жолго күзөт коюшуп, бир нече күн бою эч кимди айылдан чыгарган эмес. Мындан кабар табышкан райондун жетекчилери – райондун акими, мамлекеттик коопсуздук комитетинин райондук бөлүмүнүн жетекчиси жана башка аскер адамдары мына ушул жол менен келишип, колго түшүп, аларды ашуудан нары алып барышып, бир

[1] *Бабур З.М.* Бабурнаме. – Т., 1989. – С. 7.

нече күн барымтада кармап турушкан. Бул аймакты "тышкы дүйнө" менен туташтырып турууучу Палал-Ооздогу көпүрөнү жардырышкан. Андан кийин Сары-Талаа айылынан бир аз нары геологиялык-чалгындоо иштерин аткарып жүрүшкөн 4 япон геологдорун жана ушул эле жерде аскердик бөлүктү жетектеп келген генерал Шамкеевди колго түшүрүшүп, бир нече ай бою барымтада кармашкан.

Баткен окуясы Борбордук Азия, КМШ өлкөлөрүн эле эмес АКШ, Кытай, Россия сыяктуу ири державалардын да тынчын алып, бул маселеге БУУ да көңүл буруууга аргасыз болгон.

Баткен окуясынын жыйынтыгы менен эл аралык терроризмдин жана исламдык экстремизмдин башка өлкөлөргө, башка региондорго жайылтылышы токтотулуп, анын пландары үзгүлтүккө учурады, армиясы, согуштук күчү алсызданды. Кыргыз армиясынын согуштук жөндөмдүүлүгү сыналып, кыргыз мамлекетинин тышкы күчтөрдөн коргонуу дарамети билинди.

Баткен окуясында 1999-жылы 20 аскер кызматкери курман болуп, 54 жарадар болгон болсо, 2000-жылы 30 курман болуп, 23 жарадар болгон. Ал эми сакалчандардан 120 сы курман болуп, 200 го жакыны жарадар болгон. Каршылаш тараптын бул маалыматы өтө так болбосо дагы алардын курмандыктары эки эсе көп экендиги реалдуу чындык[1].

Баткен окуяларында көрсөткөн эрдиктери үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин 1999-жылдын 13-ноябрындагы Жарлыгы менен 3-даражалагы "Манас" ордени менен 32, "Эрдик" медалы менен 42, "Даңк" медалы менен 6, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен 58 жаран сыйланган.

Баткен окуяларынын натыйжасында АКШ Афганистандагы кырдаалды козомолдоо жана Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү коопсуздукту камсыз кылуу багытында 2000-жылы Куралдуу Күчтөрүн, Ганси авиа базасын "Манас" аэропортуна жайгаштырды. Жамааттык Коопсуздук Кеңешинин шартына ылайык Россия өз авиа базасын Кант шаарына алып келди.

Ошентип, дүйнөдө бири-бири менен тирешкен эки ири державанын күчтөрү бир мамлекеттин борборунда, тагыраак айтканда 30 км. аралыкта Борбордук Азиянын чок ортосунан орун алды.

Бул аймак бүгүнкү күндө да стратегиялык жактан абдан маанилүү. Анткени, бул ашуудагы жол июль-август айларында гана ачылгандыктан жана ээн болгондуктан, наркозаттарды алып өтүүгө абдан ыңгайлуу. Афганистан – Тажикстан аркылуу бул жерге келип, мындан Кыргызстандын Баткен, Өзбекстандын Сох, Тажикстандын

---

[1] *Жороев К., Ражабалиев А.* Баткен областына 5 жыл. Б., 2004, 24-б.

Варух жергесине карай өтүп кетүүгө оңой. 1999-2000-жж. Баткен окуясына чейин бул аймакта эч кандай көзөмөл болбогондуктан, бул сыр өтө "купуя" болуп, наркочабармандар ээн-эркин каттап турушкан. Баткен окуясынан кийин бул аймактарга Кыргыз Республикасынын чек ара, коргонуу бөлүктөрү ачылып, алар тарабынан көзөмөлгө алынып турат.

Бирок, муну менен эле наркотикалык жана контрабандалык жүктөрдү ташуу токтоп калды дегендикке жатпайт. Анткени Баткен аймагы аркылуу Афганистан – Тажикстан аркылуу наркотикалык, контрабандалык товарларды Казакстан – Россия, Европа өлкөлөрүнө чейин ташууга ыңгайлуу. Массалык малымат каражаттарынын билдирүүсү боюнча жыл сайын орто эсеп менен Борбордук Азия өлкөлөрү аркылуу Россия, Европа өлкөлөрүнө 20 000 тонна наркотикалык зат ташылат. Демек, анын белгилүү бир бөлүгү дагы эле Баткен аймагы аркылуу өтөт, себеби: өзбек тарап тажикстандыктар үчүн чек арасын абдан бекем жапкандыктан, түндүк тажикстандыктар автоунаа менен бир гана Баткен району аркылуу гана КМШ өлкөлөрүнө чыга алышат.

Баткен окуясы кыргыз элинин байыркы Манас бабабыздан бери келе жаткан баатырдыгын, эрктүүлүгүн, эр жүрөктүүлүгүн, биримдигин, ынтымактыгын дагы бир ирет тастыктады. Өлкө башына кыйынчылык түшкөн учурда элдин мекенчилдик духу көтөрүлдү. Ата мекендин алыскы бир бөлүгү катары эсептелген Баткен жерин коргоо үчүн өлкөбүздүн бардык жер-жерлеринен афган согушунун катышуучулары, аскер ветерандары, мергенчилер өз ыктыяры менен келишип, колдоруна курал алышып, атайын ыктыярдуу топ түзүшүп, аракет кыла башташты.

Дара, Зардалы аймагынан качып келишкен 6 миңден ашуун адамды Баткен шаарына жана анын айланасындагы айылдарга жайгаштырууда, аларды палатка, тамак-аш менен камсыз кылууга эл аралык, өкмөттүк эмес уюмдар, демөөрчүлөр, Кыргызстандын ар бир чөлкөмү гуманитардык жардамдарын беришип, материалдык жана моралдык колдоо көрсөтүп турушту. Мында 8 млн. сомдук гуманитардык жардам таратылып берилди[1].

Баткен окуясынан кийин Кыргызстандын түштүк бөлүктөрүнө мамлекет жетекчилери көңүл бура баштады. Чек ара, куралдуу күчтөр, ички аскер топтору көчүрүлүп келип, Баткен областынын тиешелүү аймактарына жайгаштырылып, алардын согуштук-техникалык, материалдык базалары чыңдалды.

---

[1] Баткен областтык мамлекеттик архиви. – 119-фонд, 1-тизим, 744-сактоо бирдиги, 41-барак.

Жыйынтыгында, Баткен окуясы эл аралык терроризмдин жана исламдык экстремизмдин башка өлкөлөргө, башка аймактарга жайылышын токтотуп, согуштук күчүн алсыздантып, пландарын үзгүлтүккө учуратты. Кыргыз жоокерлери мекен, эл-жер үчүн кашык кандары калганча кармаша тургандыктарын, дүйнө жүзүнө дагы бир ирет далилдеди.

Баткен окуясы Кыргызстандын түштүк чек араларын бекемдөөгө, мамлекет жетекчилеринин түштүк аймактарга көңүл буруусуна жана Баткен аймагынын өзүнчө область болуп түзүлүүсүнө себеп болду.

## 3.16. Баткен областынын түзүлүшү жана анын аймакка тийгизген таасирлери

1990-жылдарда эле Баткен областын түзүү зарылдыгы бышып жетилген маселе болчу. Анткени, алыскы чөлкөмдү өз алдынча область катары түзүү, айрыкча, Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин зарыл экендиги көрүнгөн. Алар негизинен төмөнкү зарылдыктар эле:

-Баткен аймагындагы Баткен, Кадамжай, Лейлек райондору географиялык жайгашуусу жагынан Өзбекстан, Тажикстан Республикалары менен чектешип, бул республикалар ортосундагы чек ара сызыктары СССРдин убагынан бери такталбай келген;

-мына ушул жагдайлардан улам биздин бир канча аймактар кошуналар тарабынан өз алдынча өздөштүрүлүп алынган;

-мындан тышкары жер, суу ресурстарын пайдалануу боюнча көйгөйлөр жаралып, жаратылыш байлыктары кошуналар тарабынан таланып, тонолгон;

-Кыргызстан өз алдынча эгемендүү өлкө болгондугуна карабастан, бул аймакта жол, суу, электр энергиясы боюнча кошуна өлкөлөргө толук көз карандылык сакталып турган;

-1970-1980-жж. тарта бул аймакта жер, суу маселелерине байланышкан улуттар аралык өзбек-кыргыз, тажик-кыргыз жаңжалдары улам кайталанып, алар мамлекеттик деңгээлге чейин жетип турган;

-Баткен районунун аймагында чыгышынан Өзбекстандын Сох, батышынан Тажикстандын Варух анклавдары, Чарку тилкеси жайгашып, алар чек ара, бажы тосотторун бир жактуу орнотуп алышкандыктардан райондун тургундары райондун чегинде эркин каттай албай калышкан;

-мына ушул себептерден, бул аймакта соода-сатык, дыйканчылык менен алектенгендерге тоскоолдуктар жаралып, жумушсуздук көбөйө

баштаган; анын натыйжасында калктын социалдык абалы начарлап, ички жана тышкы миграция күч алган;

-республикалык жана областтык борборлордон бир топ алыс жайгашкандыктан, жол катнаш, байланыш маселелери кыйын болуп, мындагы зарыл саясий-экономикалык маселелерди чечүү дайыма кечеңдетилип, мына ушундан улам өлкөнүн башка чөлкөмдөрүнө салыштырганда бул аймак социалдык-экономикалык жактан бир топ артта калган;

-эгемендүүлүк алгандан кийинки учурларда мамлекеттик чек аралар ачык болуп, бул аймак аркылуу маң заттарды ташууга ыңгайлуу болгон;

-1999-2000-жж. эл аралык экстремисттик күчтөрдүн бул аймакка кол салуусу Баткен областынын түзүлүш жараянын тездетип, мамлекет жетекчилерин бул аймакка көңүл бурууга аргасыз кылды.

Мындан тышкары да бул аймактарда жаратылыш кен байлыктары, өнөр жай ишканалары көп болуп, али пайдаланылуусуз дың жерлер, ички мүмкүнчүлүктөр жана резервдер, кечиктирбей чечүүнү күткөн маселелер (инвестицияларды тартуу, демөөрчүлөрдү пайдалануу, маалыматтык таңкыстык д.у.с.) арбын болчу.

1999-жылдагы Баткен окуясынын жыйынтыгы, коопсуздук Кеңешинин чечими жана Жогорку Кенештин макулдугу менен Кыргыз Республикасынын Президенти Баткен областын түзүү жөнүндө Указга кол койду.

## Документтүү материал

## КЫРГЫЗ РЕПУБЛИКАСЫНЫН БАТКЕН ОБЛАСТЫН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМ

*1999-жылдын 12-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынында кабыл алынган. 1999-жылдын 13-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынында жактырылган.*

*1-статья. Кыргыз Республикасынын Ош областындагы Баткен, Кадамжай, Лейлек райондорунун жана Кызыл-Кыя шаарынын азыркы административдик чек араларында Кыргыз Республикасынын Баткен областы түзүлсүн.*

*2-статья. Жаңы түзүлгөн Баткен областынын административдик борбору Баткен районунун Баткен айылы белгиленсин.*

*3-статья. Ушул мыйзам жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.*

*Кыргыз Республикасынын Президенти    А. Акаев.*
*Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 13-октябрь  1999-жыл.*

*Тарыхый булак: Законодательная база КР «Токтом».*

Ошентип, Кыргызстандын саясий картасында өлкөдөгү жетинчи область – Баткен областы пайда болду. Бул аймактын өзүнчө область болуп түзүлүшү менен Кеңеш доорунда өлкөнүн башка аймактарына салыштырмалуу социалдык-экономикалык жактан артта калган аймак катары таанылган Баткен жергесине мамлекет жетекчилери тарабынан өзгөчө көңүл бурула баштады. Баткен окуясындагы куралдуу кагылышуулардан кийин, областтын аймагына коргонуу, чек ара, ички аскер, өзгөчө кырдаалдар министрликтеринин Куралдуу күчтөрүнүн аскер бөлүктөрү көчүрүлүп келди. Тиешелүү жерлерге чек ара, бажы бекеттери орнотулуп, өлкөнүн түштүк бөлүгүнүн тышкы жана ички коопсуздугу бекемделе баштады.

Баткен областы түзүлгөндөн баштап, кошуна республикалардын область жетекчилери Баткен областынын жетекчилиги аркылуу Кыргыз мамлекетинин бийлигин таанууга, аны менен тең ата сүйлөшүүгө жана эсептешүүгө аргасыз боло башташты. Анын натыйжасында чек ара аймактарындагы жер, суу маселелери боюнча бир жактуу аракеттерге бөгөт коюлуп, алар тарабынан мыйзамсыз коюлган бажы бекеттери алынып салынды.

Кеңеш мамлекетинин мезгилинен бери союздук республикалар ортосунда чек ара сызыктары такталбагандыктан, кийинки учурларда тажик жарандары тарабынан бизге тиешелүү көп жерлер өздөштүрүлүп, алар өз ээликтерин биздин чектерге карай жылдыра башташкан. Мындай абал негизинен Самаркандек аймагындагы айыл-кыштактарга таандык болгон. Мына ушундай жагдайлардан улам бул аймакта өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарынан баштап, жер-суу маселелерине байланышкан улуттар аралык жаңжалдар чыга баштаган.

Мына ушул көйгөйлөрдү чечүү жана бул аймактагы жашоочулардын коопсуздугун камсыздоо, чек араларды чындоо максатында Самаркандек айыл өкмөтүнүн базасында Ак-Сай, Ак-Татыр айыл Өкмөттөрү түзүлдү.

**Документтүү материал**

*Кыргыз Республикасы*

*М Ы Й З А М*

*Кыргыз Республикасынын Баткен областындагы Баткен районунун Самаркандек айылдык кеңешинин базасында Самаркандек, Ак-Сай, Ак-Татыр айылдык кеңештерин жана ошондой эле аталыштагы айыл өкмөттөрүн түзүү жөнүндө*

*2001-жылдын 22-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин Эл өкүлдөр жыйыны тарабынан кабыл алынган.*

*Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыныны тарабынан каралган эмес.*

*Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 59-статьясынын 4-пунктуна ылайык кабыл алынган.*

*1-статья. Кыргыз Республикасынын Баткен областындагы Баткен районунун Самаркандек айылдык кеңешинин базасында Самаркандек, Ак-Сай, Ак-Татыр айылдык кеңештери жана ошондой эле аталыштагы айыл өкмөттөрү түзүлсүн.*

*2-статья. Бул Мыйзам жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.*

*Кыргыз Республикасынын Президенти А. АКАЕВ*
*Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2001-жылдын 12-майы. № 40*

*Тарыхый булак: Законодательная база КР «Токтом».*

Бул чек ара аймактарындагы эки айыл өкмөтүнүн түзүлүшүнүн саясий жана стратегиялык мааниси жогору. Анткени чек аралаш, айрым жерлери аралаш жашаган бул аймактарда кошуна тажик жарандары менен кыргыздардын ортосунда жер, суу маселелерине байланышкан бир нече улуттар аралык жаңжалдар чыккан болчу. Мындай жаңжалдардан тажаган жана ички, тышкы коопсуздугун жоктугунан улам айрым тургундар үй-жайларын сатып, башка аймактарга көчүп кете баштаган. Аймактын ички жана тышкы коопсуздукту камсыз кылуу максатында чек ара, ички иштер бөлүмчөлөрү ачылып, айрым маселелерди ыкчам чечүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Ошондой эле бул

аймактардын жайлоолорундагы жаратылыш байлыктары, жайыттар кошуналар тарабынан мыйзамсыз пайдаланылып келген болчу. Буга чек ара тосоттору коюлду.

Баткен областы түзүлгөндөн кийин областтын аймагында бир канча долбоорлор ишке аша баштады.

Тажикстандын Чарку аймагын айланып өтүүчү Баткен – Ак-Татыр жолу бүтүп, пайдаланууга берилди. Бул жолдун стратегиялык мааниси да өзгөчө. Биринчиден, Лейлек району, Сүлүктү шаары жана Баткен районунун Ак-Сай, Ак-Татыр жана Самаркандек айыл өкмөттөрүнүн жашоочуларынын Баткен, Ош, Бишкек тараптарга болгон каттамы жеңилдеп, аларды бажы, чек ара тосмолорунан кутултту. Экинчиден, Төрт-Гүл суу сактагычына келип жаткан каналдан баш аламандык менен тажик атуулдар тарабынан алынып жаткан сугат сууларына чектөөлөр киргизилип мыйзамдаштырылды. Үчүнчүдөн, тартипсиздик аркылуу уламдан-улам кыргыз жеринен жер өздөштүрүү шылтоосу менен чек ара бузган кошуна элдердин ээнбаштыктарына чек коюлду. Анткени, аталган жол аркылуу күн-түн тынымсыз жүргүнчүлөр каттап, чек ара тилкеси көзөмөлгө алынып, талаш-тартыштарды жоюуга мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Өзбекстандын Сох анклавысыз өтүүчү Пүлгөн – Бүргөндү – Баткен жолунун курулушу башталууда. Бул жолдун 2012-жылга ишке берилүүсү күтүлүүдө, бул жолдун бүтүшү менен Кыргызстандын Баткен аймагы жол боюнча кошуна өлколөргө көз карандылыктан кутулуп, өз алдынча жолдорго ээ болот.

Алай – Баткен электрдик линиясынын, Айгүл-Таш электрдик подстанциясынын курулушу менен Тажикстанга болгон көз карандылыктан кутулуп, электрдик чектөөлөр жоюлду. Азыр Баткен – Самат электрдик линиясы курулуп жатат, бул курулуштун бүтүшү менен Лейлек району Тажикстанга болгон көз карандылыктан толук кутулат.

Кызыл-Кыядагы цемент заводу продукция чыгарууда, ал жылына 1 млн. тонна продукция чыгарат. Бул жергиликтүү казынаны толтурууга, ал аркылуу социалдык маселелерди чечүүгө зор көмөк болот

Баткен шаарында 70 тен ашуун облустук мекеме-уюмдар, ишканалар түзүлүп, көптөгөн уюштуруу-чарбалык иштер практика жүзүндө ишке аша баштады. Эл аралык, өкмөттүк эмес, финансылык уюмдардын бөлүмдөрү иштей баштап, ар кандай долбоорлор, инвестициялоо иштери, тейлөө тармактары, жакшыра баштады.

Баткен областы түзүлгөндөн кийинки он жылдан ашуун мезгилде ички жана тышкы коопсуздук багытында бир канча жумуштар

аткарылды, социалдык-экономикалык жана маданий жактан өнүгүү боло баштады.

Областтын борборунда Баткен мамлекеттик университетинин, Областтык музыкалык драм театрдын уюшулуп, иштеп жатышы, бул аймактагы жаштардын илим-билимге, маданиятка болгон кызыгууларын дагы да арттырууга жол ачты.

Баткен областы түзүлгөндөн кийин Баткен айылы шаар макамына ээ болду. Ал эми област түзүлгөндөн кийинки жылдарда шаардын инфратүзүмү бир топ жакшырып, шаардын бюджетинин кирешеси артты, социалдык-экономикалык маселелер ыкчам чечиле баштады. Натыйжада 2009-жылдан баштап, Баткен шаарына областтык деңгээлдеги шаар макамы берилди.

## Документтүү материал

### *М Ы Й З А М*

***Баткен шаарын Кыргыз Республикасынын Баткен областындагы Баткен районунун курамынан чыгаруу жана ага областтык маанидеги шаар статусун берүү жөнүндө***

*1-берене. Баткен шаары Кыргыз Республикасынын Баткен областындагы Баткен районунун курамынан чыгарылсын жана ага областтык маанидеги шаар статусу берилсин.*

*2-берене. Кыргыз Республикасынын Баткен областындагы Баткен районунун жана Баткен шаарынын географиялык маалыматтары менен бирге чек арасынын схематикалык картасы бекитилсин.*

*3-берене. Кыргыз Республикасынын Баткен областындагы Баткен шаардык кеңешинин жана Баткен райондук кеңешинин депутаттарынын ыйгарым укуктары алар шайланган мөөнөт бүткөнгө чейин сакталсын.*

*4-берене. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мурда кабыл алынган бардык ченемдик укуктук актыларын Мыйзам күчүнө киргенден тартып үч айдын аралыгында ага ылайык келтирсин.*

*5-берене. Ушул Мыйзам 2009-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.*

*Кыргыз Республикасынын Президенти: К. БАКИЕВ*

*Тарыхый булак: Законодательная база КР «Токтом».*

Ошентип, Баткен областынын түзүлүшү менен бул аймакта бир топ саясий жана экономикалык маселелер чечиле баштады:

-чек ара, ички иштер, коргонуу, аскер бөлүктөрү уюштурулуп, аймактын ички жана тышкы коопсуздугу камсыздалды;



**Т. Садыков. Эркиндик монументи.**
**Баткен шаары.**

-чек ара, жол, суу, жайыт, бажы ж.б. маселелер боюнча Өзбек, Тажик республикаларынын область жетекчилери менен Баткен областынын жетекчилиги бирдей деңгээлде сүйлөшүүлөрдү жүргүзө баштышты. Анткени мурда алардын область жетекчилери Баткен районунун жетекчилиги менен сүйлөшүшкөн эмес болчу, ал эми Ош областынын жетекчилиги алыстыктан бардык эле маселелерге жеткиликтүү деңгээлде көңүл бура алышкан эмес;

-областтык деңгээлдеги 70 тен ашык ишкана-мекемелер уюшулуп, көптөгөн практикалык-уюштуруу иштери өз ордунда чечиле баштады;

-эл аралык, өкмөттүк эмес, финансылык уюмдардын өкүлчүлүктөрү иштей баштап, долбоорлор, инвестициялар тартыла баштады;

-тейлөө тармактары өнүгүп, шаардын инфраструктурасы жакшыра баштады.

-Айгүл-Таш подстанциясы курулуп, Тажикстанга болгон көз карандылык жоюлду;

-Баткен – Ак-Татыр жолунун курулушу менен Тажикстандын Чарку анклавысыз өтүүгө шарт түзүлдү;

-Пүлгөн – Бүргөндү – Баткен жолунун курулушу башталып, 2012-жылы ал негизинен ишке берилип, Өзбекстандын Сох анклавысыз каттоого жол ачылды;

-Кызыл-Кыяда кубаттулугу 1 млн. тонна цемент чыгаруучу завод курулуп, продукция чыгарылып жатат, аны менен бул аймакты цемент менен камсыздоого, жергиликтүү казынаны толтурууга шарт түзүлдү;

-Баткен мамлекеттик университетинин, облаcттык музыкалык драм театрдын ачылышы бул аймактагы жаштардын илим-билим алуусуна, маданиятка болгон кызыгууларын арттырууга чоң өбөлгө болду;

-социалдык-экономикалык өнүгүүнү камсыз кылуучу бир канча долбоорлор иштелип чыгып, алар ишке ашырылууда.

Демек, Баткен району мурда социалдык-экономикалык жактан артта калган аймак катары таанымал болгон болсо, жакынкы убактарда өнүккөн аймак катары таанымал боло баштайт.

## 3.17. Райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсү. (1991-2010-жж)

Айылдын социалдык, экономикалык потенциалын кайра жандандыруу, аны өнүктүрүү – эгемендүү Кыргызстандын эң актуалдуу милдеттери катары аныкталып келген. 1997-жылы мамлекеттик саясаттын Программасы катары туруктуу адамдык өнүгүүнүн Улуттук стратегиясы кабыл алынган[1]. Бул Президенттин «Кыргыз Республикасында жакырчылыкты жоюуну уюштуруу боюнча чаралар жөнүндө» Указы (1998-жыл, 11- февраль) менен бекитилген, 1998-2005-жылдарга эсептелген «Аракет» Улуттук программасы айылдын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө жана айыл калкынын жакырчылыгынын масштабдарын кыскартууга багытталган[2]. Мунун негизинде 2001-жылдын 29-майында Кыргызстанды Өнүктүрүүнүн Комплекстүү Негиздери (ӨКН) программасы кабыл алынган[3]. Кийинчерээк, 2002-жылдын күзүндө 2003-2005-жылдарга Кедейчиликти кыскартуунун улуттук стратегиясы (ККУС) иштелип чыккан. Бул стратегия Кыргыз Республикасынын 2010-жылга чейин Өнүктүрүүнүн Комплекстүү негиздерин ишке ашыруунун алгачкы этабы болуп калган. ӨКН жана ККУС эң башкы максттары туруктуу экономикалык өсүштүн жана өнүгүүнүн негизинде, элдин турмуш-деңгээлин жогорулатуу,

---

[1] Национальная стратегия устойчивого человеческого развития в Кыргызской Республике. – Б., 1998. – С. 102-114.
[2] Годовой отчет по выполнению Национальной программы «Аракет». – Б., 2004. – С. 2.
[3] Комплексная основа развития Кыргызской Республики до 2010 года. – Б., 2000. – С. 12.

жакырлыктын деңгээлин 2010-жылга чейин эки эсеге азайтуу эң негизги максат катары аныкталган[1].

Жакырчылыктын масштабдарын кыскартуу, стабилдүү экономикалык өсүштүн негизинде өлкөнүн бардык калкынын турмуш деңгээлин олуттуу жакшыртуу боюнча чечкиндүү чараларды көрүү Кыргызстандын жаңы социалдык-экономикалык саясатынын башкы приоритеттеринин бири болуп калды. 1996-жылдан баштап, республиканын экономикалык саясатынын бардык сфераларында позитивдүү жылыштар байкалган. Мисалы, 1996-жылы 1991-жылдан бери биринчи ирет ички дүң продукты, өндүрүш жана айыл чарбасы 1995-жылга караганда 7,1%, 8,8% жана 15%га өскөн[2]. Макроэкономика стабилдүүлүккө жетүү жана рынок шартында экономиканын өсүшү жеке менчик секторун, баштапкы рыноктук инфраструктураны калыптандырууга жана өнүктүрүүгө багытталган структуралык реформаларды, агрардык-жер реформасын жүргүзүүнүн ж.б. натыйжасында мүмкүн болгон. Ошол эле учурда өкмөт канчалык аракет кылып, экономиканы стабилдештирүүдө, менчиктин ар кыл формаларын жана саясий эркиндиктерди өнүктүрүүдө ийгиликтерге жетип жатса да, айылдардын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн маселелери жылдан-жылга чечилбей келген[3]. Көп укладдуу экономикага өтүү мезгилинде Кыргызстан бир катар олуттуу маселелерди башынан өткөргөн. Бул маселелердин ичинде өлкөнүн социалдык-экономикалык туруктуулугун камсыздоого багытталган программаларды иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга түздөн-түз объективдүү жана субъективдүү себептер болгон. 1991-1995-жылдардагы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн кескин төмөндөп кетиши, айыл чарба продукцияларынын көлөмүнүн азайышы, негизги капиталга инвестициялардын кыскарышы кризистин башкы себеби болгон. Калктын кирешелердин деңгээли боюнча жиктелиши, чарба жүргүзүүнүн рыноктук механизмдеринин өнүгүшүнөн пайда таба алган адамдардын аз тобунда байлыктын топтолушу, чыгармачыл, педагогикалык, медициналык интеллигенциянын, мурунку жумушчулардын, колхозчулардын жапа чегиши коомго мүнөздүү көрүнүш болуп калган.

Мамлекет тарабынан пенсия, жөлөк пул, эмгек акыларды кечиктирип берүү, же акчанын ордуна натуралай буюм-тайымдарды берүү менен калктын муктаждыктары чечилбестен кайра күндөн-күнгө

---

[1] Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын учурдагы архиви.

[2] Материалы семинара «сокращения бедности и социальная зашита» -15-16 февраля 2000. – Б., 2000. – С. 9.

[3] *Загиров А.Р.* Социально-экономическое состояние села Кыргызстана в 90-е годы XX века. – Каракол, 2006. – С. 104.

күчөй берген. Мисалы: социалдык казынага мекеме-ишканалардын 1995-жылдын 1-январына карата карызы 5500,0 миң сомду, 2000-жылдын 1-январына карата 11 216 713 сомду түзгөн, ал эми 1995-жылдын 1-июлуна карата 3 750000 сом жөлөк пул жана компенсация төлөнбөгөн, 1994-жылда жөлөк пул жана компенсация үчүн 1 313000 сом акча, 3 149 000 сомдук материал берилген[1].

Социалдык теңсиздиктин терендеши, негизинен официалдуу киреше табуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн азайышынан улам калк жумуш менен өзүн-өзү камсыз кылууга өткөн. Бирок, өзүн-өзү жумуш менен камсыздоо жеке ишкердиктин өнүгүшүн эмес, натуралдык чарбага жана майда соода-сатыкка калктын массалык түрдө өтүшүн шарттаган. Мунун бардыгы жашоо шартынын деңгээли боюнча адамдардын материалдык жактан жиктелишин күчөткөн. Рынокко өтүү, трансформациялык процесстер, мамлекеттин жана коомдун турмушунун бардык сфераларындагы орчундуу реформалар калктын турмуш деңгээлинин кескин төмөндөшүнө, жардылыктын жана жакырчылыктын масштабдарынын кеңейишине алып келди[2].

Республикада экономикасы жана маданияты начар өнүккөн бийик тоолуу райондордо, тоо этегинде жайгашкан айылдарда жакырчылык өзгөчө күч алган. Изилденип жаткан жылдары республиканын башка региондоруна салыштырмалуу кедейчиликтин деңгээли боюнча эң жогорку көрсөткүч Нарын, Талас, Баткен областтарына тийиштүү болгон.

Баткен району өзүнүн татаал климаттык шарты, борбордон алыстыгы, темир жолдун жоктугу, бир тараптуу айыл-чарба чөлкөмү болгондуктан ар дайым мамлекеттен каржыланып, дотацияда туруп келген. Өлкөдө жер жана агрардык, социалдык-экономикалык реформаларды жүргүзүүдө республиканын жалпы калкы кандай кыйынчылыктарга туш келсе, ал райондун элинин үлүшүнө эки эсе көп туура келген. Райондогу негизги жана башкы көйгөй айыл калкынын кедейлиги. Айылдык товар өндүрүүчүлөрдүн материалдык оор абалы баарыдан мурда баалардын төмөн болгондугуна байланыштуу болгон. Сатып өткөрүүнүн чектелгендигине байланыштуу айыл-чарба продукцияларын сатуудан калк анча көп киреше тапкан эмес. 1991-жылдан 2000-жылга чейин этти жана жумуртканы керектөө дээрлик 60% га, сүттү керектөө болсо 65%га төмөндөгөн[2]. Бирок, изилденип жаткан жылдардын аягында баалардын, үй чарбасындагы кирешенин

---

[1] Баткен облаcтык мамлекеттик архиви. – 119-фонд, 1-тизим, 567-сактоо бирдиги, 9-10-барактар.
[2] *Загиров А.Р.* Социально-экономическое состояние села Кыргызстана в 90-е годы XX века. – Каракол, 2006. – С. 105-106.

өсүшү менен буларга болгон керектөөнүн бир аз өсүү тенденциясы байкалган. Ошондой эле айыл жергесинде айыл чарба ишмердүүлүгүнөн тышкары кирешеге ээ болуунун башка булагынын таптакыр жоктугу да айыл калкынын турмуш деңгээлине таасир эткен.

Каралып жаткан жылдарда калктын жакырлык деңгээлинин өсүшүнүн негизги себеби кирешелердин жана керектөөлөрдүн айырмасынын абдан чоңоюшу болгон. Мүлктүк айырманын абдан чоңдугун бүт калктын кирешесиндеги абдан жетишсиз калктын үлүшү 20%ды түзгөндүгү көрсөтүп турат. Ошону менен бирге райондун калкынын акчалай кирешеси жылдан-жылга азайган. 1992-жылы жалпы кирешенин 61,2%ын эмгек акы түзсө, 1996-жылы 38,6%ды түзгөн[1]. Бул болсо калктын андан ары жакырданышына алып келген.

1996-1998-жылдардагы «Жакырчылыкка байкоо жүргүзүү» долбоорунун алкагында элдин үй-чарбаларын изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча жакырлардын катарына көп балалуу үй-бүлөлөр кирип жана алардын көпчүлүгү айыл жергесинде жашагандыгы айгинеленген[2]. Райондун калкынын негизин айылдыктар түзгөндүктөн, айылдыктар шаардыктарга караганда көп балалуу (шаар жерлеринде – 2,6, айыл жерлеринде – 3,9 бала) болушкан[3]. Демек, жакырлардын катарына райондун айыл жергесиндеги көп балалуу үй- бүлөлүүлөр кирген. 2001-жылдагы жакырчылыктын профилин талдоо эң оболу жакырлардын катарына курамында 17 жашка чейинки курактагы 3 жана андан ашык баласы бар үй-чарбалары туура келе тургандыгын көрсөткөн[4].

Райондогу жакырчылыктын өсүшү өзгөчө курч сезилген жумушсуздуктун көбөйүшүнө да байланыштуу болгон. Токсонунчу жылдардын башынан тартып райондо иштебеген калктын саны көбөйгөн. Анткени жыл сайын эмгекке жарамдуу калктын саны өсүп (анда жашаган жалпы калктын санына карата эгерде 2001-жылы 47,9% болсо, ал эми 2003-жылы 52,6% болгон), жумушчу орундарынын саны азайып жаткан шартта эмгек рыногунда жумуш орундарына болгон талап жумушчу күчүнө болгон муктаждыктан кыйла ашкан. Район боюнча расмий макам алган жумушсуздар 2005-жылдын аягында 1821 адамды түзүп, 1998-жылга салыштырганда 40%га өскөн[5]. Чындыгында

---

[1] Баткен областтык мамлекеттик архиви. – 119-фонд, 1-тизим. 17-сактоо бирдиги, 12-барак

[2] Итоги Первой Национальной переписи населения КР 1999. «Домохозяйства и семьи Кыргызстана». Книга IV. НСК КР. – Б., 2001. – С. 164.

[3] 1999-жылдагы Биринчи эл каттоонун жыйынтыктары. III Китеп. – Б., 2001. 92-б.

[4] Улуттук отчет. Кыргызстандын тоолуу региондорунда адамдын өнүгүшү. – Б., 2002. 52-б.

[5] Райондук калкты жумушка жайгаштыруу бөлүмүнүн учурдагы архиви

райондо катталбаган жумушсуздардын саны жылдан-жылга көбөйө берген.

Райондун аймагында өнөр жай ишканалары дээрлик жокко эсе. Мунун натыйжасында калкы жумушсуз, экономика төмөн, бирок дыйканчылык жана мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө шарт бар. Ал эми техника шаймандарынын жетишсиздиги, күйүүчү, майлоочу каражаттардын, кымбаттыгы менен өндүрүлгөн түшүмдүн өзүн-өзү актабаганы көптөгөн түйшүктөрдү жаратууда.

Ошондуктан айыл жергесинде жумушсуздук өзгөчө күч алган. Агрардык-жер реформасынын негизинде айылдыктар жерге жеке менчик ээси болуп, колхоз жана совхоздордун базасында дыйкан чарбалары түзүлгөн. Ошону менен бирге, өлкөнүн айыл чарбасындагы кырдаалдан улам калктын олуттуу бөлүгү чындыгында жумушсуздук абалында турганы менен, фермер катары эсепке киргизилип калган[1]. Бул натуралдык чарба жүргүзгөн, финансылык каражаттар, материалдык-техникалык ресурстар кескин жетишпеген майда дыйкан чарбаларына тиешелүү. Фермерлердин билим деңгээлинин төмөндүгү да интенсивдүү өндүрүш жүргүзүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн артка тарткан. Айылдарда социалдык-маданий мекемелердин жабылышы да жумушсуздуктун өсүшүнө алып келген.

Айылда массалык жумушсуздуктун жоктугу суроо-талап менен сунуштун шайкеш келүүсү менен эмес, айыл-чарба өндүрүшүнүн жумушчу күчүн өтө көп талап кылынышы менен түшүндүрүлөт. Айыл калкынын жумуш менен камсыз болушунда диспропорция бар экенин, биринчиден, көмүскө жумушсуздуктун орун алганын; экинчиден, айыл-чарба жумуш менен камсыз болуунун жана айыл-чарба жумуш орундарынын өнүкпөгөндүгүн белгилөө зарыл[2]. «Калктын жумуш менен камсыз болушуна көмөктөшүү жөнүндө» Мыйзамдын 3-беренесине ылайык фермердик жана дыйкан чарбаларынын мүчөлөрүнө жумушсуздук макамынын берилбеши абалды ого бетер терендеткен Бул айыл калкынын арасында көмүскө жумушсуздуктун өсүшүнө алып келген.

Өлкөдө болуп өткөн экономикалык каатчылык, инфляциянын жогорулашы, экономиканын төмөндөп кетиши дал ушул өтө катаал климаттык шартта жашаган райондун элдеринин өнүккөн башка аймактарга көчүп кетүүсүн күчөткөн. Райондун чегинен сырткары миграциянын негизги себептери: жумушка байланыштуу көчүп

---

[1] *Конокбаева Д.К.* Проблемы повышения уровня жизни сельских жителей. Социально-экономические и правовые проблемы на современном этапе. – Ч. 1. – Б., 1997. – С. 56.

[2] Проблемы комплексного развития села. Мониторинг. Вып.5. – ЦЭ и СР при МФ КР. – Б., 2001. – С. 21-22.

кетишкендер – 33,1%, жекече, үй-бүлөлүк мүнөздөгү себептер менен кеткендер – 27,4%, окууга кеткендер – 12,7%, табигый-климаттык шарттарга байланыштуу кеткендер – 14,4%, башка себептер – 12,4% түзгөн[1].

2006-2009-жылдары райондун аймагынан облустук миграция жана жумушка жайгаштыруу комитети аркылуу 10 204 эмгек мигранты чет өлкөлөргө жумушка жөнөтүлгөн:

*№ 9 таблица[1]*

| жылдар | Бары | а.и. РФ | Казак Республика | КМШ өлкөлөрү | КМШдан тышкары |
|---|---|---|---|---|---|
| 2006 | 2269 | 2211 | 32 | 19 | 7 |
| 2007 | 2292 | 2231 | 34 | 19 | 8 |
| 2008 | 2508 | 2450 | 32 | 19 | 7 |
| 2009 | 3135 | 3056 | 37 | 38 | 4 |

Бул цифралар толук реалдуу эмес, себеби миграция жана жумушсуздук комитеттерине бардык эле мигранттар келе беришпейт. Ошондуктан бул цифралар бир нече эсе көп болуусу керек деген ойду бул тармактын кызматкерлери да билдиришти. Экинчиден, ички жана тышкы миграциянын агымы 1990-жылдардын аягында, 2000-жылдардын башында Баткен районунда абдан жогору болгон. Тилекке каршы ал кезде жумушка жайгаштыруу жана миграция министрлиги түзүлө электигине байланыштуу андагы маалыматтарды табууга мүмкүнчүлүк болбоду.

Жумушсуздуктун натыйжасында райондун аймагынан көптөгөн үй-бүлөлөр борбор калаага, анын айланасына көчүп барууга мажбур болушкан. Ал жерлерде да атайын жумуш болбогондуктан алар базарларда, талааларда жалданма жумуш аткарышып, арзыбаган киреше табышкан.

Россия, Казакстан жана КМШнын башка өлкөлөрүндөгү эмгек мигранттарынын айрымдары ал жактардан табышкан эмгек акылары менен үй-бүлөлөрүн камсыз кылышкан. Айрымдарынын турмуш-тиричилиги, турак-жайлары жакшырган, автоунаа, шаардан турак-жай сатып алууга жетишишкен. Бирок, тажрыйбалуу, стаждуу адистердин жоктугунан жана жумушчу күчүнүн жетишсиздигинен райондогу

[1] Областык миграция жана калкты жумушка жайгаштыруу комитетинин учурдагы архиви

билим берүү, медицина, маданият, айыл чарбасы, курулуш тармактары бир топ аксаган.

Ошентип, жакырчылык – негизинен айыл жергесинде, социалдык жана экономикалык борборлордон алыс жашаган, көп үй-бүлөлүү, киреше булактары аз адамдардын көйгөйүнө айланган. Статистикалык маалыматтарга ылайык, райондун калкы айылда жашаганын эске алганда, айыл калкынын жакырчылыгынын масштабы социалдык-экономикалык жана саясий курч мүнөзгө ээ болгон.

Баткен району жакырчылыктын деңгээли боюнча республикада начар көрсөткүчтү ээлеп турган. Ошондуктан жакырчылыкты жоюу жана аны кыскартуу проблемасы приоритеттүү маселелердин бири болгон. Райондо 2001-жылы КР Президентинин «Кыргыз Республикасынын 2010-жылга чейинки өнүктүрүүнүн комплекстүү негизин турмушка ашыруу боюнча Улуттук Кеңеш жөнүндөгү» 2001-жылдын 23-августундагы №259 указын аткаруу максатында райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн комплекстүү иш планы кабыл алынган[1]. Мындай программаларды кабыл алуу инвестицияларды тартууга жол ачкан. ӨКН программасын ишке ашыруу үчүн атайын фонд түзүлгөн. Ал фонддун иши өлкөдөгү социалдык мобилизациялоо ишине шайкеш келип, 2010-жылга чейин кабыл алынган ӨКН программасын ишке ашырууда өз салымын кошту.

Жакырчылыкты жоюу боюнча А.Акаев: "Эл аралык уюмдардын Кыргызстанда жүзөгө ашырып жаткан долбоорлоруна тилектеш болуу менен, Кеңеш доорунда айтылгандай, кедейликти «тап катары жойсок» деп тилейм. Мында жер жана агрардык реформага, социалдык мобилизация менен микрокредиттөөгө, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу системасына өзгөчө үмүт артылат" – деп белгилеген[2].

Экономиканы өнүктүрүүнүн жана кедейчиликти жоюунун таасирдүү жолдорунун бири бул калкты жетиштүү кредиттик ресурстар менен камсыз кылууга байланыштуу. Жаңы тажрыйбалар көрсөткөндөй, райондун айылдарында жакырчылыкты кыскартуунун жана социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн эң таасирдүү инструменттеринин бири микрокредиттөө болуп калды. Микрокредиттөө, тагыраак айтканда чакан кредит берүү системасы – жакырчылыкты жеңилдетүүнү эң натыйжалуу инструменти. Анткени ал жаңы жумуш орундарын түзүүгө жана жумушсуздукту азайтууга өбөлгө болгон. Каралып жаткан жылдары микрокредиттик уюмдар республикада, анын ичинде Баткен областында да өз иштерин жүргүзүшкөн. Ошону менен бирге,

---

[1] Баткен облустук мамлекеттик архиви. – 119-фонд, 1-тизим, 773-сактоо бирдиги, 116-барак.
[2] *Акаев А.* Ойдон кетпес он жыл. – Б., 2003. 412-б.

областтарда микрокредит алуучулардын саны боюнча да айырмачылыктар бар экендигин төмөнкү таблицадан көрүүгө болот.

*№ 10- таблица*

Калктын микрокредит менен камсыз болушунун областтар боюнча көрсөткүчтөрү (региондогу калктын 1000 адамына)[1].

| | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 | 2006 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 26,5 | 33,1 | 27,8 | 28,7 | 33,4 |
| Баткен | 19,1 | 19,0 | 29,8 | 36,0 | 44,1 |
| ЖалалАбад | 21,8 | 23,8 | 17,2 | 17,5 | 21,0 |
| Ысык-Көл | 58,5 | 75,3 | 58,3 | 52,4 | 64,7 |
| Нарын | 16,8 | 30,7 | 40,5 | 40,6 | 42,7 |
| Ош | 28,8 | 37,1 | 27,5 | 25,9 | 25,6 |
| Талас | 33,5 | 45,1 | 42,5 | 53,7 | 87,4 |
| Бишкек ш. жана Чүй | 21,2 | 26,5 | 21,4 | 23,8 | 27,2 |

Таблицадан республиканын бардык региондорунда кредит алуучулардын санынын жылдан-жылга өскөндүгүн көрөбүз. Баткен областында 2002-жылы 1000 адамга эсептегенде 19,1 адам гана кредит алса, 2006-жылы 44,1 адам чакан кредит алган. Бул көрсөткүч областа төрт жылдын аралыгында 2,3 эсе өскөндүгүн далилдейт.

Изилденип жаткан жылдарда Баткен районунда микрокредит берүү программасы эл аралык уюмдардын, жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдардын, мамлекеттик түзүмдөрдүн күч-аракеттери менен ишке ашырылган. Айрыкча, тоолуу айылдардын жашоочуларына кичи кредиттерди берүү боюнча ПРООН атайын программа кабыл алган. Ал боюнча Кыштут жана Рабат айылдарынын тургундарына атайын окууларды уюштуруп, Өз ара жардам топторуп түзүп, биринчи агымда Кыштут айылынын 58, Рабат айылынын 82 жарандарынын ар бирине 2000 сомдон кредит берген[2]. Кийинки агымдарда бул цифралар улам көбөйүп олтуруп, ар бир жаран кредит алуунун, аны иштетүүнүн жана андан пайдалануунун сырларын үйрөнгөндөн кийин өз алдынча ири суммада кредит алууга үйрөнгөн. Бул иш чара жакырчылыкты жоюунун жана рынок экономикасынын шартында кредит менен иштөөнүн

[1] Социальные тенденции Кыргызской Республики. Стат. сб. Вып. 3. – Б., 2008. – С.73.
[2] Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын учурдагы архиви.

башаты болгон. Кийин бул ыкма райондун башка айыл-кыштактарына да жайылтылган.

Адистердин баасына караганда микрокредит берүүнүн эсебинен жана социалдык мобилизациянын бийик тоолуу жана адырлуу райондордо 60% га жакын кредит алуучулардын микрокредитти пайдалануусу ийгиликтүү болгон[1].

Финансылык колдоо болмоюнча жеке ишкердик да, айыл чарбасы да, өнөр жайы да өнүкпөсү белгилүү. Айрыкча айыл калкынын финансылык жактан колдоого муктаждыктарынын күчөшү, өзгөчө муктаж адамдарды төмөнкү пайыздык кредиттер менен камсыз кылуу, бериле турган кредиттин өлчөмүн көбөйтүү, кредиттин кайтарып берүү мөөнөтүн узартуу сыяктуу маселелерди чечүүнү талап кылган.

Микрокредит алууга мүмкүнчүлүк берүү менен бирге, айыл калкынын жакырчылыгын жоюунун манилүү фактору болуп калкты билим жана технологиялар менен камсыз кылуу эсептелген. Чарба жүргүзүүнүн формаларын өзгөртүү жаңы билимдерге жана жөндөмдөргө ээ болуу менен байланыштуу. Бул болсо билим деңгээлин жогорулатууну талап кылат. Ушуга байланыштуу бизнес-пландарды түзүү, финансылык документтерди жүргүзүү боюнча билимдерди, ошондой эле ар кыл профилдеги айыл чарба жумуштарынын толук циклин ийгиликтүү жүргүзүү үчүн зарыл болгон билимдерди камтыган, калкты ишкерчиликке үйрөтүүгө байланышкан программаларга көңүл бурула баштаган[2]. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети жүргүзгөн социологиялык иликтөөсүнүн натыйжасында алынган кредиттин үй-бүлөнүн материалдык абалын жакшыртуу үчүн узак мөөнөттөгү, 2 жылдан ашык мөөнөткө, кредит берүү кыйла натыйжалуу деп табылган[3].

Микрокредиттөө системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн, биздин оюбузча, кайталап кредиттөө системасына жол ачуу керек. Анткени кыска мөөнөттө өндүрүштү толук жолго коюп кетүү (айрыкча мал чарбасы менен алектенген фермерлерге жана дыйкандарга) дайыма эле мүмкүн эмес экенин турмуш көрсөттү. Күрөө коюуда эң жакыр калктын мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугун эске алуу менен, күрөөсүз бериле турган кредиттин механизмин иштеп чыгуу керек. Андан тышкары кредиттик союздарды жеке эле райондун жана областын борборлорунда гана эмес айылдарда өнүктүрүү, айрыкча алыскы айылдарда өнүктүрүү зарыл. Райондо дыйкандар жана малчылар

---

[1] Улуттук отчет. Кыргызстандын тоолуу региондорунда адамдын өнүгүшү. – Б., 2002. 60-б.

[2] *Загиров А.Р.* Социально-экономическое состояние села Кыргызстана в 90-е годы XX века. – Каракол, 2006. – С.117.

[3] Национальный отчет Кыргызской Республики по человеческому развитию за 2000. – Б.. 2002. – С. 58

алыскы айылдарда жайгашкандыктан алар үчүн айылдык банктардын кызматын ушул иштеп жаткан жана түзүлүүчү кредиттик союздар, кооперативдер аткарып бериши зарыл.

2005-жылы райондун аймагында жайгашкан кредиттик союздар, кредит берүүчү уюмдар, өкмөттүк эмес уюмдар менен биргеликте 2511 жаранга 23333,5 миң сомдук кредит беришкен. Алардын ичинен "Кыргызайылтраст" 376 жаранга 2215 миң сом, "Дем" кредиттик союзу 78 жаранга 1270 миң сом, Промстройбанк 88 чарбага 6827 миң сом, Кыргызайылчарба финансы корпорациясы 245 жаранга 6906,4 миң сом, АКТЕД уюму 1614 жаранга 52340 миң сом, "Джей Ар" кредиттик союзу 15 жаранга 363,6 миң сом, калкты иш менен камсыз кылуу мекемеси 73 жаранга 429 миң сомдук кредиттерди беришкен. Жалпы берилген кредиттин суммасы ар бир жаранга 9290 сомго туура келген. Берилген кредиттердин жалпы кайтарымдуулугу 99%ды түзгөн[1].

Бул кредиттерди алган жарандар айыл, мал чарбасында, соода-сатык, тейлөө ж.б. тармактарда ишкерчилик жүргүзүшүп, өздөрүнүн турмуш-тиричилигин жакшыртууга аракет жасашкан.

Каралып жаткан жылдарда кредитти кайтарып берүү топтун мүчөлөрүнүн чогуу чаран жоопкерчилиги менен кепилденген айылдыктардын чакан топторуна микрокредиттер берүүнүн белгилүү бир схемаларын жүзөгө ашыруунун натыйжасында айылда чарбалык ишмердиктин жаңы субъекттери пайда болгон. Мисал катары ПРООНдун "Жакырчылыктан арылуу үчүн потенциалдуу өнүктүрүү" (ПСБ) долбоорунун алкагында Дүйнөлүк банктын финансылык колдоосу менен жана Кыргыз айыл-чарба финансылык корпорациясы менен кызматташтыкта иштеген өз ара жардам топторунун (ӨЖТ) жана анын негизинде түзүлгөн өз ара жардам топторунун ассоциацияларынын (ӨЖТА) ишин кароого болот. ПРООНдун Баткендеги өкүлчүлүгү тарабынан айылдардагы жакыр жашагандардын арасында өз ара көмөктөшүү топтору түзүлүп, алар 2005-жылы 120 жамааттык уюм 1116,8 миң сом фонд топтошуп, социалдык тармактарда ар кандай долбоорлорду ишке ашырышкан. Ошондой эле 91 ӨЖТ өздөрүнүн 900 мүчөсүнө 2208,9 миң сомдук кредиттерди беришкен. 2004-жылы уюшулган ӨЖТ "Джей Ар" кредиттик союзунан 293,5 миң сом, 2005-жылы 300,1 миң сом өлчөмүндөгү кредит алышып, кол өнөрчүлүк, тигүүчүлүк жана соода-сатык менен иш алып барышкан.

Дара айыл өкмөтүндөгү жамааттык уюмдар АРИС программасынын алкагында 8 микро долбоор боюнча 1070,24 миң сомдук кайтарымсыз грант алышып, Чек айылындагы ФАПка

---

[1] Баткен областтык мамлекеттик архиви. – 119-фонд, 1-тизим, 934-сактоо бирдиги, 51-барак.

капиталдык ремонт, Жаңы-Жер орто мектебине кошумча окуу бөлмөлөрүн куруу, Кайынды айылына трансформатор орнотуу, Тунук-Суу айылында каналдарды ремонттоо, З.Ормонов мектебин капиталдык ремонттоо иштерин аткарышкан.

Ал эми 2003-жылдан бери иштеп келе жаткан жамааттык топтордун 17 ПРООН уюму менен бирдикте иш алып барышкан[1].

Жакырчылыкты жоюуну приоритеттүү милдет катары койгон көптөгөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы социалдык мобилизация, же социалдык жана экономикалык маселелерди чечүү ишине катышуучулук принцип менен көмөк көрсөтүү ийгиликтин эң зарыл факторлорунун бири болуп эсептелерин көрсөттү. Социалдык мобилизациялоонун негизги принциптеринин бири болуп айыл өкмөтүнүн деңгээлинде жергиликтүү жамааттын ар бир мүчөсүн камтыган төмөнкү деңгээлдеги жамааттык уюмдарды өнүктүрүү эсептелинет. Социалдык мобилизация жамааттын өнүгүшүнө кызыкдар болгон бардык мүчөлөрдүн, айрыкча жакырлардын жогорку деңгээлдеги катышуусу менен мүнөздөлөт. Бул процесстин уникалдуулугу, өкмөт тарабынан же башка уюмдар тарабынан сунушталган демилгелерге формалдуу түрдө катышуудан айырмаланып, жамааттын мүчөлөрү өздөрү демилге көтөрүп, ишке ашырып жана жалпы жамааттын, ар бир мүчөсүнүн андан аркы өнүгүүсүн көзөмөлдөгөнүндө[2].

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2003-жылдын 24-декабрындагы Указы менен 2004-жыл "Социалдык мобилизациялоо жана акыйкат башкаруу жылы" деп жарыяланган[3]. Социалдык мобилизациянын механизминин өнүгүшү аркылуу жана ассоциациялардын группаларды жана айылдын бүткүл жамаатын жергиликтүү инфратүзүмдү калыбына келтирүүгө жана айылдын башка проблемаларын чечүүгө мобилизациялоодогу ролунун жогорулашы аркылуу адамдардын психологиясында акырындык менен өзгөрүү жүрүп жатат: адамдардын өз абалына кылган мамилеси өзгөрүүдө, турмушту жакшыртууга үмүт пайда болгон, өз айылынын келечеги үчүн жоопкерчилик өсүп жатат[4]. Райондогу ар бир айылдарда жамааттык уюмдарды түзүү, алардын ишин уюштуруу – учурдун жооптуу талаптарынын бири болуп калды.

---

[1] Баткен областтык мамлекеттик архиви. — 119-фонд, 1-тизим, 934-сактоо бирдиги, 56-барак.
[2] *Загиров А.Р.* Социально-экономическое состояние села Кыргызстана в 90-е годы XX века. – Каракол, 2006. – С.118.
[3] Слово Кыргызстан. 2003. 30-декабрь.
[4] *Загиров А.Р.* Социально-экономическое состояние села Кыргызстана в 90-е годы XX века. – Каракол, 2006. – С. 115.

Коомдун бардык мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын эске алмайынча жана бийлик менен коомдун ортосунда өнөктөштүк мамилелерди орнотмоюнча жакырчылык менен күрөшүү саясатын ишке ашыруу мүмкүн эмес экендигин турмуш көрсөттү.

Жакырчылыкты кыскартуунун жолдорунун бири болуп, бийликти борбордон алыстатуу (децентралдаштыруу) эсептелет. Бийликти борбордон алыстатуу жергиликтүү өкмөттүк түзүмдөргө мыйзам укуктарын өткөрүп берүүнү, ресурстарды бөлүп берүүнү жана жергиликтүү жамааттардын потенциалын бекемдөөнү билдирет. Борбордон алыстатуу аркылуу мамлекеттик мекемелер жакыр калктын муктаждыктарына жакындатылат. Бул болсо жергиликтүү жамааттын өз маселелерин чечүүгө жандуу катышуусун кеңейтет, ошондой эле социалдык жардамдын легитимдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатат. Колунда жок адамдардын башка социалдык күчтөр менен биригүү процесси жакырчылыкты жоюу саясатын жергиликтүү деңгээлде калыптандырууга жана ишке ашырууга өбөлгө түзөт.

Райондун аймагындагы айыл-кыштактарда уюшулган жамааттык коомдор, өз ара жардамдашуу топтору, кредиттик союздар ж.б. ар бири өздөрү жашаган көчөнүн, айылдын проблемаларын чечүүгө, анда көпүрө салуу, жолдорду оңдоо, мектептерге жардам берүү сыяктуу жумуштарды аткарууга кирише башташкан. Мисалы: «Таза суу» долбоору боюнча 2005-2007-жж. райондогу 12 кыштак ичүүчү суу менен камсыз болунган, андагы тургундар ар бир жан башына жалпы сметалык нарктын 5% накталай төлөшкөн[1]. Муну менен биринчиден, калктын ден соолугу үчүн кам көрүүгө жакшы шарт түзүлгөн, экинчиден, ар бир жаран өзүнүн айылы, өзү үчүн курулуп жаткан объектиге жеке салым кошкон, аны менен ал объектин мындан ары иштешине жана жакшы сакталышына кызыкдар болгон.

Жакырчылыкты жоюуда эң башкы өбөлгө болуп экономиканын негизги тармактарын өнүктүрүү эсептелинет. Район бир тараптуу айыл чарба району болгондуктан агрардык секторду өнүктүрүү зарыл. Жакырчылыктан чыгуу багытында экономикалык өсүштү улантуу жана тездетүү эң маанилүү, анткени айыл чарбасы бир жагынан Кыргызстандын экономикасынын эң ири, башка тармактарды өзүнүн артынан ээрчиткен сектору болуп саналат, экинчи жагынан, жакыр калктын көпчүлүгү иштеген сфера болуп эсептелет. Айыл чарбасынын туруктуу өсүшүн камсыз кылуу үчүн айыл чарба өндүрүүчүлөрүн өздөрүнүн даяр продукцияларын сатуу үчүн рынок менен, финансылык жана өндүрүштүк ресурстар менен камсыз кылууну жеңилдетүүчү

[1] Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын учурдагы архиви.

жигердүү реформаларды улантуу талап кылынат. Ошондой эле айыл тургундарына үй чарбасын, көмөкчү чарбаларды, дыйкан жана фермердик чарбаларды уюштурууга жана өнүктүрүүгө мамлекеттик ар тараптуу колдоо көрсөтүлүшү керек. Бул жакырчылыктан чыгуунун жана агрардык-жер реформасын улантуунун чараларына да туура келет[1].

Райондо айыл чарба тармагында өндүрүлгөн продукциялардын 80%ы айыл чарба кооперативдерине, фермердик жана дыйкан чарбаларына туура келет. Кийинки жылдары фермердик жана дыйкан чарбаларында айыл чарба азыктарын өндүрүү бир топ калыптанып калды. Ал тургай көк пияз, помидор, калемпир ж.б. татымалдардын өзүн гана өндүрбөстөн, алардын көчөттөрүн парниктерде өстүрүү да колго алына баштады. Дыйканчылык, мал чарбасы менен эмгектенген үй-бүлөлөрдүн кирешеси жогорулап, алар начар жашаган үй-бүлөлөргө жардам берип, башка кайрымдуулук жумуштарды да жасай башташкан.

Акыркы он жылдык тажрыйба көрсөткөндөй, айыл чарба азык-түлүктөрүн кайра иштетүүчү өнөр жайын кеңири уюштурмайынча жакырчылыкты жоюуга кудуретибиз жетпейт. Жогорудагы бөлүмдө белгилегендей дыйкан, фермер чарбалары өздөрү өндүргөн азык-түлүктөрдүн 5%ын гана кайра иштетишкен. Райондо кайра иштетүү тармагы начар өнүккөндүктөн, дыйкан-фермерлер азык-түлүктөрдү ашыкча өндүрүүдөн чочулашат, же өтө арзан наркта сатууга аргасыз болушат. Ошондой эле өндүрүлгөн товарларды сатып өткөрүү өзүнчө проблемаларды жаратып жаткандыгына байланыштуу кайсы тармакты албайлы, импортту азайтып, экспортту көбөйтүү райондун экономикасын чыңдоого алып келмек.

Жакырчылыкты жоюуда эң маанилүү фактор орто жана кичи бизнести өнүктүрүү болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 6-июлундагы токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кичи жана орто бизнести өнүктүрүүнүн концепциясында "Кичи жана орто ишканалар калкты жумуш менен камсыз кылууга, аз камсыз болгон катмарлардын кирешелерин көбөйтүүгө жана жакырчылыкты кыскартууга тийиш", - деп бекеринен айтылган эмес[2].

1999-жылы райондо өнөр жай азык-түлүктөрүн чыгаруунун 90%ы калктын жеке ишмердиги, б.а. айыл-кыштактардагы 156 тегирмен, 19 май жубаз, 18 шалы актоочу ак жубаз, 9 набайканалар аркылуу ишке ашкан. Ошол эле мезгилде өнөр жайындагы негизги ишканалар Төрт-

---

[1] Комплексная основа развития Кыргызской Республики до 2010 года. – Б., 2000. – С. 45.
[2] Законодательная база КР «Токтом».

Гүл жоопкерчилиги чектелген вино чыгаруучу завод, Тамак-аш комбинаты, май заводу, "Базар-Башы МАК" ишканасы, этти кайра иштетүүчү завод рынок шартына туруштук бере албай калган. Төрт-Гүл жоопкерчилиги чектелген вино чыгаруучу завод 1999-жылы пландагы 2579,0 мин сомдун ордуна, бар болгону 601 миң сомдук (23,3%) продукция, Райондук тамак-аш комбинаты пландагы 15 тоннанын ордуна 11 т. (73,3%) нан, 2500 деколитр минералдык суунун ордуна 570 деколитр (2,3%) суу чыгарган[1].

Өнөр жайындагы мындай кудуретсиздик биринчиден, финансылык жактан начарлоого түздөн-түз себеп болсо, экинчиден, жумушсуздукту пайда кылып, жакырчылыкка түрткөн. Ал эми өнөр жайын чийки зат менен камсыздоо, аны ташып жеткирүү да үзгүлтүккө учурай баштаган. 1999-жылы Төрт-Гүл, Дара айыл өкмөттөрүнүн аймагындагы жүзүм аянттарынан Төрт-Гүл жоопкерчилиги чектелген вино чыгаруучу заводко пландагы 1500 т. ордуна 73 т. гана (4,9%) жүзүм тапшырылган. Мына ушундай жагдайлардан улам ири мекеме-ишканалардын ордуна чакан, орто жеке ишканаларды түзүү зарылдыгы келип чыккан.

Ошондуктан Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн комплекстүү негиздеринде "кичи жана орто ишканалардын санын шаарда да, айыл жергесинде да түзүү жана өнүгүшүн камсыз кылуу[2]" жогорку приоритеттүү милдет катары кала берет.

2009-жылдын 1-декабрына карата райондук статистикалык комитеттен 10 280 чарбалык субъектилер каттоодон өткөн. Алардын 10 049 (98,7%) кичи, 173 (1,7%) орто, 58 (0,6%) ири мекемелер[3].

Цифралар далилдеп тургандай райондогу чарбалык мекемелердин 99 пайызы төмөнкү звенодо. Мында чарбалык мекемелердин негизги тобу башталгыч стадияда болуп, аны өнүктүрүүгө колдоо жана убакыт керек болгон.

Бул мекемелер тармактар боюнча: айыл чарбасы, токойчулук жана мергенчилик 7881 (76,6%), соода 1166 (11,3%), транспорт жана байланыш 326 (3,7%), коммуналдык, социалдык жана жеке тейлөө 344 (3,3%), кайра иштетүү өнөр жайы 175 (1,7%), курулуш 63 (0,6%), мейманкана жана ресторан 44 (0,4%) ж.б. болуп бөлүнөт[4]. Бул көрсөткүчтөр райондун аймагында кичи жана орто ишкерчилик багытында шугурланышкан жеке ишкерлердин аракеттерин көрсөтөт. Мындан райондун негизги тармагы мурдатан эле айыл чарбасы

---

[1] Баткен областтык мамлекеттик архиви. – 119-фонд, 1-тизим, 749-сактоо бирдиги, 139-барак.
[2] Комплексная основа развития Кыргызской Республики до 2010 года. – Б., 2000. – С. 24.
[3] Райондук статистика комитетинин учурдагы архиви
[4] Ошондо.

болгондуктан, дагы эле айыл чарбасы – тармактардын төрттөн үч бөлүгүнө барабар келет.

Ал мекемелер ишкердүүлүктүн түрү боюнча: 6312 (61,4%) дыйкан (фермер) чарбалары, 3075 (29,9%) жеке ишкерлер (өз эмгеги менен), 144 (1,4%) бирөөлөрдү жалдап иштетүүчү жеке ишкерлер, калган ишкердүүлүктүн түрлөрү өтө аз санда. Бул көрсөткүчтөр да негизги бөлүк дыйкан жана фермер чарбаларында экендигин тастыктоодо.

Ошондуктан, райондо айыл чарба тармагы акыркы жылдарда бир топ проблемалары бар экендигине карабастан, жакшы көрсөткүчтөрдү жаратууда. Райондо 2008-жылда 1 млрд 989 миң сомдук айыл чарба продукциясы өндүрүлгөн болсо, 2009-жыл ичинде 2 млрд 20 млн сомдук айыл чарба продукциясы өндүрүлүп, өткөн жылга салыштырмалуу 31 млн сомго көп болгон, же болбосо өсүү темпи 101, 5% түзгөн[1].

Мамлекеттин социалдык саясаты биринчи кезекте мүлктүк теңсиздикти азайтууга багытталган. Мында даректүү социалдык колдоону күчөтүү жана социалдык колдоонун пассивдүү түрүнөн анын активдүү методдоруна багыт алууга басым жасалган.

Райондо социалдык кызматкерлердин, айыл өкмөттөрүнүн күчү менен атайын комиссия түзүлүп, райондогу бардык үй-бүлөлөргө социалдык паспорттор толтурулган. Алар жарым жыл сайын жаңыртылып, толукталып турат. 2006-жылдын 1-январына карата район боюнча 14416 үй-бүлө социалдык паспорттон өткөн. Натыйжада орточо жан башына туура келүүчү кирешеси 140 сомго чейинки 6797 (47,1%) үй-бүлө, кирешеси 476 сомго чейинки 5601 (38,8%) үй-бүлө, кирешеси 757 сомго чейинки 2018 (19,5%) үй-бүлө, бардыгы 14416 үй-бүлө жакыр экендиги аныкталган.

2004-жылы райондогу 12482 үй-бүлө (71,9%) жакыр үй-бүлөлөрдүн катарына кирген. Ал эми жыл аягында бул көрсөткүч 0,4%га кыскарган, же 49 үй-бүлө жакырчылыктан чыккан. Ал эми 2005-жылы 63 (0,5%) үй-бүлө, 2006-жылы 52 үй-бүлө жакырчылыктан кутулуп, ал 0,3%га кыскарган. Бирок дагы эле калктын негизги катмары б.а. 14416 үй-бүлө, же 67,% калк жакырчылыкта болгон[2]. Ар бир үй-бүлөнүн жашоо шарты, үй-бүлө мүчөлөрүнүн саны, жалпы кирешеси, кимдер жардам берери, жакырчылыктын себептери аныкталып, мындан чыгуу боюнча программалар түзүлгөн.

Райондук социалдык жактан коргоо бөлүмү тарабынан 2005-жылы 7855 үй-бүлөгө мамлекеттик жөлөк пул дайындылып, 2004-жылга

---

[1] Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын учурдагы архиви.

[2] Баткен областтык мамлекеттик архиви. – 119-фонд, 1-тизим, 934-сактоо бирдиги, 55-барак.

салыштырмалуу 100,8% аткарылган, же жалпы 38698,0 мин сом берилген. 2005-жылы ай сайын берилүүчү жөлөк пул 6866 үй-бүлөгө дайындалып, жалпы 30138,7 миң сом болгон. Ал эми 989 жаранга социалдык жөлөк пул дайындалып, жалпы 4143,3 миң сом болгон, 7855 үй-бүлөгө ай сайын берилүүчү бирдиктүү жөлөк пул дайындалып жалпы каражат 34967,6 миң сом болгон. Бирок, 2006-жылдын 1-январына карата жалпы жөлөк пул алуучуларга берилүүчү карыз 2070, 8 миң сомду түзгөн[1].

Калктын жакыр катмарына жөлөк пулдарды берүү менен гана чектелбестен аларга материалдык жана акчалай колдоо да көрсөтүлгөн. Баткен шаар башкармалыгы 85 турмуш шарты оор үй-бүлөлөрдүн балдарына 2,3 миң сомдук окуу куралдарын тапшырган, район боюнча 558 балага 26,3 миң сомдук жардам берилген. Улуу Ата Мекендик согуштун майыптарына, катышуучуларына, ооруктагыларга, Чернобыль АЭСинин, Ооган согушунун катышуучуларына берилүүчү жеңилдиктер менен кошо пенсионерлерге, майыптарга ж.б. түрдүү категориядагы 5821 жаранга 2005-жыл ичинде 1314,1 миң сомдук жардамдар көрсөтүлгөн[2].

Баткен районунун аймагына **инвестицияларды тартуу** боюнча шаар башкармалыгынын, айыл өкмөттөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө зор таасирин тийгизген чет элдик уюмдардын инвестиция жана микрокредиттөө финансылык булактарын тартуу боюнча бир топ уюштуруучулук иши жүргүзүлгөн. 2005-жыл ичинде чет элдик уюмдар аркылуу 5629,7 миң сомдук инвестиция тартылган. Ачык айтканда коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенствосу тарабынан (АРИС) 3151,1 миң, МерсиКо уюму тарабынан 1006,8 миң сом, АКТЕД уюму тарабынан 536,4 миң сом, ПРООНдон 588,1 миң сом, ГТЦден 347,2 миң сомдук инвестиция айыл чарба, социалдык жана башка объектилерине тартылган[3].

Экономикалык өнүгүү жакырчылык проблемасын чечүүнүн ачкычы болуп эсептелет. Бирок, анын өзү эле жакырчылыктын масштабдарына олуттуу таасир тийгизе албайт. Экономикалык көрсөткүчтөрдүн жакшырышы өндүрүүчү эмгекке жана атуулдун материалдык жыргалчылык үчүн жекече жоопкерчилигине стимул берүүчү социалдык саясаттын активдүү чаралары менен коштолууга тийиш. Ошондуктан, Баткен районунда жакырчылык менен күрөшүүнүн натыйжалуу программасы иш-чаралардын үч блогун камтууга тийиш:

---

[1] Баткен областтык мамлекеттик архиви. – 119-фонд, 1-тизим, 934-сактоо бирдиги, 56-57-барактар.
[2] Ошондо, 58-барак
[3] Ошондо, 59-барак.

-райондун экономикасын көтөрүү боюнча иш-чаралардын комплексин кабыл алуу;

-калктын турмуш деңгээлинин жалпы республикалык деңгээлине туура келген турмуш шартын камсыз кылуу;

-калктын социалдык коргоого муктаж болгон категорияларына даректүү социалдык жардам көрсөтүүгө байланышкан төмөнкү звенолордогу иштерди өнүктүрүү.

Экономикалык кризис, жумушсуздуктун өсүшү, инфляциянын жогорулашы, айлык акынын төмөндүгү, мүлктүк айырманын чоңдугу, татаал климаттык шартта жашаган калктын турмуш деңгээлинин начардашына алып келип, райондун социалдык-экономикалык абалын көтөрүү үчүн мындан ары да кардиналдуу чараларды көрүүнү талап кылат.

## 3.18. Экономикалык кайра куруулардын жана өнүгүүнүн перспективалары

Баткен аймагынын жетишкендиктери, көптөгөн көйгөйлүү маселелери менен кошо өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүгө чоң салым кошо турган мүмкүнчүлүктөрү да бар. Районду экономикалык жактан өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарынын бири – андагы жаратылыш ресурстары болуп саналат. Анткени бул аймакта байыркы доорлордон тарта кен байлыктарынын мол экендиги маалым. Тарыхый малыматтар боюнча Баткен жергесинде б.з. I-IV к. кен казуу өндүрүшү кеңири өнүгүп, андан алтын, күмүш, сурьма, цинк, нашатырь, асбест, бирюза, темир, жез, коргошун, нефть, чайыр, көмүр, казылып алынып турган.

Райондун аймагында б.з. 1 к. таандык болгон Кан-и-Гут кени болгон. Адистердин изилдөөлөрү боюнча мурдагы СССРдин аймагында кен байлыгынын көлөмү, иштетүү мезгили, рудасынын баалуулугу жана байыркы мезгили боюнча буга теңдеш тарыхый кен болгон эмес. Мында негизинен күмүш, сурьма, цинк, коргошун казылып алынып турган. Адистердин божомолу боюнча, ал дээрлик 500 жыл бою үзгүлтүксүз иштеп турган, Кокон хандыгынын, СССРдин тушунда да иштетилген.

Мындан тышкары Зардалы аймагында 5 млрд. тоннадан ашык алюминийдин, 7 миң тонна танталдын, Алтын-Жылгада 70 тонна алтындын кору бар экендигин адистер аныктап чыгышкан. Мына ушул кен байлыктарын иштетүү жандандырылса, ал өлкөнү экономикалык кризистен алып чыгууга, тышкы карыздардан кутулууга жана экономикалык жактан күчтүү мамлекетке айландырууга шарт түзмөк.

Ал боюнча областтык деңгээлде 2005-жылдан 2035-жылга чейинки аралыкты камтыган атайын программа кабыл алынган. Бул программада каралгандай 30 жылдын аралыгында Баткен областынын аймагында агрардык өнөр жайы, тоо кен өнөр жайы, транспорттук тейлөөнү жакшыртуу, энергетика жана курулуш тармагын өнүктүрүү боюнча мүмкүнчүлүктөр каралган. Бул тармактар боюнча чоң, орто жана чакан долбоорлор даярдалган. Бул долбоорлорго жалпысынан 8 млрд. доллар каражат керектелет.

Алардын бири "Теке-Секирик" долбоору: анда биринчиден, Сох дарыясы тосулуп, тоннель аркылуу суу Баткен районунун аймагына чыгарылып, Кара-Булак өрөөнүндөгү 50 миң гектар жаңы жер өздөштүрүлөт. Экинчиден, ал жерге ГЭС курулса, ал Баткен областын толук электр энергиясы менен камсыз кылат. Үчүнчүдөн, инфрастүзүм жакшырат: жолдор салынат, социалдык мекемелер, тейлөө мекемелери, жумушчулардын шаарлары курулат. Эгерде инфрастүзүм өнүксө, алтынды, алюминийди казып алууга инвесторлор арбын болот.

Кызыл-Кыядагы цемент заводунун толук кубаттуулукта иштеши үчүн жылына 350 миң тонна көмүр керек. Ал эми алюминий заводу дагы жылына 1 млн. тонна көмүрдү пайдалануусу мүмкүн. Ошентип, эки заводко эле жылына 1 млн. 350 миң тонна көмүр керек болот. Сүлүктүдө 1 млрд. тонна көмүрдүн кору бар, аны иштетүүгө инвесторлор чыгат. 200 чакырым аралыктан мынча тонналаган көмүрдү ташууга автоунаалардын мүмкүнчүлүгү жетишпейт, ошондуктан Сүлүктү-Айдаркен-Кызыл-Кыя темир жолун куруу каралган.

Ошентип жаңы жерлер өздөштүрүлүп, он миңдеген жаш үй-бүлөлөр жерге ээ болушат, ГЭС, темир жол курууга, көмүр өндүрүүгө он миңдеген жумушчу тартылып, жогорку айлык акы алган жумушчу орундары түзүлүп, негизгиси миграция маселеси оң жагына чечилет. Жумушчуларды тамак-аш менен камсыздоо үчүн агрардык тармак өнүгөт.

Рабат өрөөнүндө 70 миң гектардан ашуун дың жерлер бар, аны өздөштүрүү үчүн Геревшин дарыясын тоннель аркылуу Андиген капчыгайына алып өтүү боюнча долбоорлор даярдалууда.

Баткен району Түркстан жана Алай тоо кыркаларынын этегинде жайгашкан. Мына ушул тоо кыркаларынан башталган Сох жана Исфара дарыялары райондун аймагынан агып өтөт. Сох дарыясынын узундугу 124 км. дебити 42,1 $м^3$/сек. Исфара дарыясынын узундугу 130 км. дебити 14,7 $м^3$/сек. Бул дарыяларга орто жана чакан кубаттуулуктагы гидростанцияларды курууга мүмкүнчүлүк бар.

Райондун аймагында 5000 гектардан ашык аянтты бак-дарактар ээлейт, анын ичинен 90%ы мөмөлүү бактар. Бирок, мөмө-жемиштерди кургатуучу же кайра иштетүүчү заманбап технологиялар жок. Ошондуктан, мөмө-жемиштерди кургатуучу, кайра иштетүүчү, өрүк, шабдалы, гилас, алча, жүзүм, алма, кайналы ж.б. мөмө-жемиштерден кыям, шире ж.б. суусундуктарды чыгаруучу ишканалар уюштурулса, бул продукцияларга кардарлар четтен табылмак. Райондун казынасына бир топ акча каражаты түшмөк, дыйкандардын эмгеги жеңилдемек жана кошумча жумушчу орундар түзүлмөк .

Ошондой эле райондун аймагындагы тарыхый жерлерди (Кан-и-Гут үңкүрү, Кудаяр кандын чеби), СССРдин Кызыл китебине катталып, дүйнөнүн үч гана өлкөсүндө өсүүчү айгүл гүлү бар Айгүл-Таш тоосун корукка айландыруу, миңдеген гектарлардагы өрүкзарларды эске алуу менен туризмди өнүктүрүүгө шарт түзүү зарыл. Зардалы аймагындагы табигый +80С Жылуу-Суу, +40С Жоо-Пая минералдык суулары бар, жаратылышы кооз, тоолуу, табигый аймакты келечекте ден соолукту чыңдоочу курорт-санаторияларга айландыруу керек. Анткени туризм тармагы да мамлекетти өнүктүрүүнүн башкы багыттарынын бири болуп саналат.

Бул долбоорлорду ишке ашыруу үчүн чет өлкөлөрдөн инвесторлорду тартуу керек. Азыркы учурда көптөгөн өлкөлөр чет өлкөлүк инвестициянын жардамы менен өнүгүп жаткандыгын эске алуу зарыл.

Байыртадан тарта тогуз жолдун тоомунда жайгашып, географиялык жана тарыхый жактан стратегиялык маанилүү бул аймак өнүккөн адамзат коомун далай ирет башынан өткөрүп келген болсо, келечекте да өнүккөн аймакка айланарына шек жок. Анткени ал үчүн бардык табигый-ресурстук, коомдук ж.б. шарттар толук жетиштүү.

Баткен районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жогорулатуунун приоритеттүү багыттарынын бири **билим берүү** болуп эсептелет. Райондогу жалпы билим берүүчү мекемелерде 52 мектеп, 2 балдар бакчасы, 1 спорт мектеби жана 1 балдардын билим берүү борбору бар. Аларда 1500 дөн ашуун мугалимдер жана тарбиячылар эмгектенишип, 23 миңге жакын окуучуга терең билим, татыктуу тарбия беришүүдө. Мугалимдердин сегизи Кыргыз Республикасынын мектептерине эмгек сиңирген мугалим, 100 дөн ашууну билим берүүнүн мыктылары[1].

Райондун билим берүү тармагы Кеңеш бийлигинин доорунда стабилдүү өнүккөн тармактардын бири катары белгилүү.

[1] Райондук билим берүү бөлүмүнүн учурдагы архиви.

Сабатсыздыкты жоюу мезгилинен баштап, жалпыга милдеттүү орто билим берүүгө чейин, билим берүү мекемелеринин окуу-материалдык базасы жакшырып, анда иштеген педагогикалык кадрлардын сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү улам жогору карай өстү. Калктуу конуштарда стандарттуу типтеги мектептердин имараттары салынып, алар заманбап үлгүдөгү окуу-техникалык каражаттары, окуу-лабораториялык приборлор менен жабдылды. Жалпы билим берүүчү мектептерде жалпы орто билимге ээ болуу менен Ата мекен үчүн, эл үчүн абийирдүүлүк менен кызмат кыла турган мекенчил, эмгекчил жаңы муун тарбияланып, өсүп чыкты.

Райондук билим берүү бөлүмүн 1965-1980-жж. Нуруев Аттокур жетектеп турган учурда райондун жалпы билим берүү мекемелеринин окуу материалдык базасы бир топ чыңдалып, жаңы ондогон мектептердин курулуштары курулуп, ишке берилген болсо, 1982-1993-жж. Абдиева Раат жетекчилик кылган мезгилде, алдыңкы инновациялык ыкмаларды кийирүүгө жана алдыңкы тажрыйбаларды педагогикалык жамааттарга жайылтууга олуттуу маани берилип, аны менен педагогикалык кадрлардын потенциалын, чыгармачылыгын жогорулатууга, окутуу-тарбиялоо жараянынын сапатын арттырууга чоң өбөлгө түзүлгөн.

2009-2010-окуу жылынан баштап, Баткен облусунун жалпы билим берүү мекемелерине жан башына каржылоо ыкмасы киргизилген. Бул жаңы ыкманын негизги максаты: мектептерди финансылык автономияга ээ кылуу, окуучулардын окуу жүктөмдөрүн азайтуу, бир окуучуга эсептелген бирдиктүү норма түзүү, акы төлөнүүчү жана акы төлөнбөөчү кызматтарды жөнгө салуу, мектеп кызматкерлеринин материалдык кызыкчылыктарын жогорулатуу, окуу-тарбия процессин жакшыртуу, алардын кызматтык милдеттерин жоопкерчилик менен аткаруу болуп саналат.

Бул ыкма киргизилгенден бери педагогикалык жамааттагы кызматкерлер ортосунда ички атаандаштык жаралып, ишке болгон активдүүлүк жана жоопкерчилик жогорулаган. Анын натыйжасында эмгегине жараша кошумча акы төлөнүп, мугалимдер ар бир чейрек сайын сабактан тышкары аткарган кызматына жараша кошумча эмгек акы алышкан. Бул ыкма мугалимдерди дагы да чыгармачылык менен иштөөгө шыктандырды.

Баткен районунда билим берүү тармагынын негизги проблемаларынын бири – райондо педагогикалык кадрлардын жетишсиздиги. Бул көйгөй райондун тарыхында район түзүлгөндөн бери кошо келе жатат. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында да

райондун мектептеринде орус тили, чет тилдери, физика, химия мугалимдери жетишсиз болгон. Кийинки мезгилдерде да бул проблема толук чечилген эмес. Азыркы учурда райондун мектептеринде 300 дөн ашуун мугалимдер жетишсиз. Алардын негизги себеби, мектептерде эмгек акынын аздыгы. Мына ушул себептен көптөгөн адистер башка тармактарга кетип калышкан.

Бул көйгөй райондогу башка тармактарга да тиешелүү. Райондун тарыхында да айыл чарба, өнөр жайы, курулуш, медицина, маданият ж.б. тармактарда кадрлардын жетишсиздиги такай орун алып келген. Анын негизги себептеринин бири Кеңеш доорунда жогорку жана атайын орто окуу жайларынын Бишкек, Ош шаарларында жайгашкандыгына байланыштуу анын алыстыгы болгон, экинчиден, калктын көпчүлүк бөлүгү каражаттын жетишсиздигинен уул-кыздарын борбор шаарлардан окута алышкан эмес. Мына ушул себептертен улам жергиликтүү кадрлардын жетишсиздигинен, башка жактан келген кадрлар убактылуу гана иштешип, кайра кетишкен. Себеби алар үчүн бардык ыңгайлуулуктагы шарты бар турак-жайлар дээрлик жок болгон.

Кадр маселесине тиешелүү көйгөйлөрдү чечүү максатында 2000-жылы Баткен Мамлекеттик Университети уюштурулган. Баткен мамлекеттик университетинин окуу корпустары үч жерде: Баткенде, Кызылкыяда жана Сүлүктү шаарында жайгашкан. Анда 11 миңден ашуун студентке 700гө жакын профессордук окутуучулар курамы билим берип жатат. Анда иштеп жаткан окутуучулардын арасында 15 профессор, 10 илимдин доктору, 58 илимдин кандидаты, 51 доцент, 149 улуу окутуучунун бул окуу жайы үчүн эмгеги өзгөчө орунда турат[1].

Баткен Мамлекеттик Университети өзүнүн уюшулгандан кийинки он жыл аралыгында окуу жайынын окуу-материалдык базасын түзүү, профессордук-окутуучулар курамынын сапаттык деңгээлин жогорулатуу, жергиликтүү кадрларды даярдоо боюнча бир топ алгылыктуу иштерди аткара алды. Бирок, муну менен эле кадр маселесиндеги көйгөйлөр чечилип калды дегендикке жатпайт. Себеби бул окуу жайынын окуу-материалдык базасы, профессордук-окутуучулардын сапаттык курамы, илимий-окуу адабияттар ж.б. тиешелүү шарттары бүгүнкү рынок заманындагы атаандаштыктын талабына шайкеш келбейт. Экинчиден, бул окуу жайынын Баткен шаарында жайгашкан Башкы мекемесинде окутуунун негизги багыты жалаң педагогикалык кадрларды даярдоо менен гана чектелген. Азыркы учурда райондун эл чарбасынын бардык тармактарына керектүү

[1] Баткен мамлекеттик университетинин учурдагы архиви

жергиликтүү кадрларды даярдоо маселеси дагы эле курч бойдон калууда.

Билим берүү тармагы – бул райондун келечеги. Бул тармакты өнүктүрүү менен келечекте коомду алга сүрөөчү инсандарды жаратууга жана тарбиялоого болот. Ошондуктан кайсы мезгилде, кандай шартта болбосун, билим берүүгө олуттуу маани берилүүгө тийиш.

Райондун социалдык жактан өнүгүүсүнүн бир көрсөткүчү **маданият жана искусство тармагы** болуп саналат.

Райондук маданият бөлүмүнүн алдында 1 маданият үйү, 1 балдар музыкалык мектеби, 1 борборлоштурулган китепканалар тармагы, 10 айылдык маданият үйлөрү, 20 айылдык китепканалар, 1 балдар китепканасы, 1 борбордук китепкана, 1 элдик театр иштеп келүүдө.

Баткен областы уюшулгандан кийин Баткен шаарында областык музыкалык драм театрдын уюштурулушу менен бул аймакта маданият тарыхынын жаңы барагы ачылды. Анын алдындагы ар кандай чыгармачылык топтор ар кандай жанрдагы маданий иш чараларды өткөрүп, элдин рухий байлыгын жогорулатууга жакшы салым кошуп жатышат. Элдик театрдын чыгармачыл жамааты эл аралык кароо-сынактарда байгелүү орундарга жетишип, улуттук маданияттын жетишкендиктерин чет өлкөлөргө чейин даңазалашууда.

Баткен районунда маданият жана искусство тармагы тиешелүү деңгээлде өсүп-өнүгүп, бул тармакта эмгектенип, атагы алыска чыккан, жалпы кыргыз журтуна таанымал болгон маданий ишмерлер, көркөм, чыгармачыл инсандар бар.

Орто кылымдарда Баткен аймагын мекендеген Токтогул аттуу ырчы жашап өткөн. Анын атасы Баткендин Бужум айылынан Сейдали деген адам болгон. Ал болжол менен 1320-жылы туулган, атактуу кол башчы Амир Темирдин доорунда жашаган. Амир Темирдин күч-кубаттуу мамлекетинин борбору Самарканд шаары болгондуктан, ырчыны самарканддык Токтогул деп аташкан. Анын мүрзөсү Баткен шаарына жакын жерде. Ал өз доорунун атактуу ырчыларынан болгондуктан, эл арасында анын айрым олуялык касиеттери менен кошо көптөгөн ырлары алиге дейре айтылып келе жатат. “Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол”, - деген сөз да ушул инсанга тиешелүү. Анын “Өлтүрсөң өлөөрүм бар, өлбөөчү өнөрүм бар” дегениндей, азыр да чыгармачылык өлбөөчү өнөрдү аздектеп келе жаткан чыгармачыл инсандардан бул аймактын уучу куру эмес.

Мындай чыгармачыл инсандардын көч башында Кыргыз Республикасынын Баатыры, Социалисттик Эмгектин Баатыры ж.б. бир канча мамлекеттик сыйлыктардын ээси кыргыздардан чыккан тунгуч айкелчи Тургунбай Садыков турат. (Анын өмүр жолу жана чыгармачылыгы менен кийинки бөлүмдөн тааныша аласыз).



Ал эми дагы бир өнөр инсаны – Кыргыз Республикасынын эл артисти, Казак Республикасынын эмгек сиңирген артисти Саламат Садыкова болсо, экинчиси, Кыргыз Республикасынын эл артисти Апаз Жайнаков. Акын Т.Байзаковдун сөзүнө Апаз Жайнаков жазган, Саламат Садykованын аткаруусундагы «Кыргыз жери» чыгармасын укпаган, аны уккандан кийин, кыргыз жеринин улуулугуна, сулуулугуна сыймыктанбаган жан жоктур. Саламат Садыкова Кыргыз мамлекеттик филармониясынын «Камбаркан» этнографиялык-фольклордук тобунун солисткасы катары көпчүлүк дүйнө элдерине кыргыз ырларын жана обондорун тартуулап, кыргыз улуттук маданиятынын баалуу мурастарын көптөгөн өлкөлөргө тааныта алды.

Апаз Жайнаков Баткен райондук маданият бөлүмүнүн башчысы, жаңыдан уюшулган областык музыкалык драм театрдын жетекчиси кызматтарында иштөө менен райондо маданият тармагын өнүктүрүүгө, мындагы өнөр инсандарын тарбиялоого чоң салым кошту. Баткенде мындай чыгармачыл өнөр инсандарынын катарын обончу жана



аткаруучулар Султанов Заирбек, Козубаев Мамажан, сүрөтчү Маткайымов Жапар жана башкалар толуктап турат.
Баткен областы түзүлгөндөн кийин уюшулган областтык жазуучулар уюму бул аймактагы чыгармачыл инсандардын башын бириктирип, алардын чыгармачылыгына дем берип, айрым көйгөйлөрүн ортого салып, алардын чыгармаларын жарыялоого жакшы жардамдарды көрсөтүп келе жатат. Мындай чыгармачыл инсандардын

катарына Абдрахманов Гыламидин, Айдаров Жусуп, Даабеков Абдинаби, Жумаев Тургунбай, Кочкоров Апызали, Мурзапар Үсөн, Султанмуратов Сайдимар, Турдуев Даабек, Ражабалиев Аскар ж.б. кошууга болот. Алар жараткан чыгармалар жаштардын дүйнө таанымына, ички рухий байлыгынын калыптанышына таасир берип, алардын мекенчилдикке, улуттук нарк-насилдерди барктай, сактай билүүгө үйрөтөт.

Баткен районунун социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсү жана келечекте өнүккөн аймакка айлануусу үчүн, бардык табигый-материалдык, маданий ресурстар жана мүмкүнчүлүктөр жетиштүү.

# IV бап. БАТКЕНДИН ТАБИГЫЙ-МАДАНИЙ МУРАСТАРЫ

Баткен жергесинин табигый жаратылышы бир көз караш менен караган адамга комсоо көрүнүп, бозоргон адырлары, талаалары, X кылымдагы окумуштуу, саякатчы Ал-Истахри белгилегендей: “жарымы кызыл, жарымы сары, жашыл жана ак таштары бар тоолору”, бул чөлкөмдүн табийгаты Кыргызстандын башка аймактары менен салыштырып караган адамга кунарсыз сезилет. Ал-Истахри орто кылымдарда эле бул аймакта жемиштердин жана тоо-кен байлыктарынын көп экендигин баса белгилеген. Жакшылап назар салып карасаңыз табийгаттын керемет коздуктары жана байлыктары мына ушул кунарсыз талааларда, жылаңач тоолордун арасында жайгашкан экен. Дүйнө жүзүнүн үч гана жеринен кездешүүчү Айгүл гүлү мына ушул жылаңач тоодо, таштардын арасында ажайып болуп гүл ачат. Ал эми бозоргон талаалардагы өрүкзарлар өрүк гүлдөгөн мезгилде апаппак булуттардай болуп көз жоосун алса, күзүндө жер жайнаган мөмө-жемиштери асыл байлыктын мекени экендигин далилдейт. Мында дыйканчылык менен бакчылыктын, мал чарбачылыгынын бардык түрүн өстүрүүгө болот. Ал эми тоолордун арасына алтын, күмүштөн тарта бир канча баалуу кен байлыктар катылган.

Адамзаттын колу менен жаралган Төрт-Күл көлүнөн каналдар, ноолор аркылуу агып чыккан суулар миңдеген гектар талаалардагы эгиндердин, бак-дарактардын түшүмдүүлүгүн арттырып, элге-жерге байлык жаратууда. Канчалаган тарыхый доорлорду баштарынан өткөрүшкөн мээнэткеч калкы, пешене тери, таман акы менен күн кечиришип, өмүр сүрүшүүдө, алардын арасында жалпы жумурай журтка аттын кашкасындай таанымал болгон атактуу инсандары да жок эмес. Алардын эл-жерге кылган кызматтары унутулбай, муундан-муунга уланып келе жаткан болсо, табийгат тартуулаган асыл баалуулуктар да тумардай аздектелип, көз карегиндей сакталууда.

## 4.19. Айгүл гүлү

Баткенге табийгат тартуулаган кооз кереметтердин бири – Айгүл гүлү. Анын илимий аталышы – "рябчик-эдуарло". Айгүл гүлү дүйнөдөгү өтө сейрек өсүмдүктөрүн катарына кирет. Учурунда СССРдин Кызыл китебине катталып, дүйнөнүн үч жеринде: Баткенде, Ооганстандын жана Пакистандын тоолорунда гана өсөт. Айгүлдүн сабагы бир метр бийиктикке чейин өсөт: сабагын туташ узун-узун жапжашыл жалбырактар каптап, сабактын учуна кызгылт-саргыч, кызыл-сары коңгуроодой болуп ачылган бир нече гүл баштыкчалары болот. Коңгуроодой болуп ачылган гүл баштыкчалары канча болсо, гүлдүн жашы ошончо жылдык болот. Анын дагы бир өзгөчөлүгү – тоолордун тескей бетинде өскөндүгү жана башка гүлдөргө окшобогондугу. Ал апрель айында гүлдөй баштап, гүлдөө мезгили 10-15 күнгө созулат. Бул мезгилде аны көрүүгө кызыккандардын саны жыл сайын көбөйүүдө. Апрель айында Баткен жергесинде өрүктүн да гүл мезгили болот. Ошондуктан жыл сайын апрель айында "Гүл майрамын" өткөрүү салтка айланып, гүлгө кызыгуучулар менен кошо ал майрамга кошуна өлкөлөрдөн келүүчүлөрдүн саны да жылдан-жылга арбып бара жатат. Ошондуктан, Баткендин символу катары Айгүл менен өрүк гүлүнүн аталышы да бекеринен эместир.

Айгүл гүлү өскөн тоо – Айгүл-Тоо аталып, ал атайын корукка алынган. Келечекте ал туристтер кызыккан жана көптөгөн элдердин эс алуучу жайына айланарына шек жок.



## 4.20. Баткен өрүгү

Орто кылымдардагы араб-парс булактарында, тагыраак айтканда Ал-Истахринин "Китаб масалик ал-мамалик" аттуу эмгегинде Фергана аймагында мөмө-жемиштери башка өлкөлөргө караганда ушунчалык



көп болгондуктан аны малга беришет[1],- деп белгилеген. Бул жөнүндө Захириддин Мухаммед Бабур да өзүнүн атактуу "Бабур-намэсинде" баяндаган. Ал эми 1871-жылы июнь айында бул аймакка атайын ат арытып келген орус саякатчысы А.П.Федченко: "Варух өрөөнүндө биз токтогон бакты чоң өрүк дарактары курчап турат. Варух бактарынан мен грек жаңгагы, тыт, шабдалы, жийде, алча, бийи, тал, терек дарактарын жолуктурдум. ...Сохто биз бак-дарактардын жоон тобуна туш келдик. Сегиз күндүк тынымсыз жол жүрүүдөн кийин Сох биз үчүн эс ала турган эң мыкты жай боло тургандыгы 29-июнга аныкталды[2]", - деп жазган. Ал кезде аймактык чек аралар жок болгондуктан, калктуу конуштар белгилүү шаарлардын аты менен аталган. Мисалы, 1871-жылы Кокон хандыгына каршы көтөрүлүш "Сох кыргыздарынын көтөрүлүшү" деген ат менен тарыхта калган.

---

[1] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары. – Б., 2002. 49-б.
[2] *Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан. – М., 1950. – С. 267.

Мындан биз Баткен аймагындагы калктуу конуштарда мурдатан эле бак-дарактардын, айрыкча өрүк бактарынын болгондугунан кабардар болобуз. Бул жөнүндө 90 жаштагы карыя Баткен районундагы Кара-Бак айылынын тургуну Умаров Камил аксакал минтип айтат: "Биз Зардалы кыштагында туулуп өскөнбүз, уруубуз нойгут, менин алтынчы бабам Нияздин учурунда алар Зардалыга көчүп келишкен экен. Азыр Зардалыдагы бир түп чоң өрүк, бир түп алмурут ошондо болгон экен. Андан кийинки бактарды, өрүктөрдү биздин ата-бабалар тигишкен". Зардалы деген иран-парс тилинен которгондо "Өрүктүү" дегенди билдирет, балким мурда да чоң бак болгондур. Ал жалгыз түп өрүк ошондон бери эле эсептегенде 250-300 жыл жашап жатат, сорту кадимки эле жергиликтүү "касек".

Мындай көп жылдык өрүк дарактары Самаркандек, Кара-Бак, Дара аймактарындагы кыштактарда да көп болгон. Бирок кийинки мезгилдерде жаңы өрүк сортторунун жайылышы менен мурдагы өрүк дарактарын көпчүлүк адамдар кыйып салышып, жаңы сортторго алмаштырышкан.

Өрүктүн Баткен жергесинде даңазаланышынын негизги себеби – анын жер шартынын өрүк өстүрүүгө ыңгайлуулугу. Анткени Баткен жергеси ысык, климаты кургакчыл, жери шагылдуу, суусу аз. Өрүк дарагы канчалык сууну аз керектесе анын мөмөсү канттуу, ширин болот. Жайдын ысык аптабында өрүк шире байлап, эзилип жакшы бышат, аны кагып алышып, шагыл таштардын үстүнө жайып кургатышат. Күндүн аптабын, энергиясын өзүнө алган өрүк мөмөсү оозго салсаң эрий турган абалда болот.

Азыркы учурда райондо 5048 гектар аянтты бак-дарактар ээлейт, анын ичинен 4573 (90%) гектары мөмөлүү, айрыкча өрүк бактары[1]. Агротехникалык эреже боюнча ар бир гектарда 200 түптөн болгондо 914600 түп өрүк бар. Бул деген сөз 100 миңге чамалаш калкы бар Баткен районунун ар бир тургунуна орточо 10 түптөн өрүк дарагы туура келет дегендик. Демек, "Баткен жергеси – өрүкзардын мекени" деген сөздө калет жок. Жер реформасынын мезгилинде бак-дарактарды үлүшкө бөлүштүрүүдө бардык жарандарга бак-дарактар а.и. өрүк бактары да тепе-тең бөлүштүрүлгөн, ал эми жарандардын өздүк чарбаларында да негизги дарак өрүк болуп саналат. Ошондуктан баткендик ар бир үй-бүлө өрүктү өтө урматтап, ага сый мамиле жасашат. Ал-ахыбал сурашканда да: – Быйыл өрүк кандай болду? Өрүктү жакшы жыйнап алдыңарбы? Же базардан келгендерден да: Өрүктүн баасы канча

[1] Баткенская область. Итоги первой сельскохозяйственной переписи КР 2002 год. Кн. IV. ч. 1, – Б., 2005. – С. 47.

болуптур? - деген суроолорду үзбөй сурап турушат. – Өрүктүн түшүмү жакшы болду! – дегендерге: – Кудай берекесин берсин, жалпы элде болсун! – деп алкашат.

Япондор сакура гүлүн кандай урматташса, баткендиктер да өрүк гүлүн чыдамсыздык менен күтүшөт. Анткени өрүктүн гүл ачкан мезгили жаз менен кошо кут-берекенин келишин далилдесе, өрүктүн бышкан мезгили бышыкчылыктын башталышын билдирет. Баткендиктер өрүк гүлү гүлүн жакшы төксө, быйыл жыл берекелүү болот деп ишенишет. Өрүктүн түшүмүн толук жыйнап алган соң, жыл бою өздөрүн ток пейил сезишет. Ошондуктан айрым окуяларды сыймыктануу менен "өрүк гүлдөгөндө" же "өрүк бышкан маалда" деп эскеришет, же айрым маарекелерин, аш-тойлорун, иш-чараларын ошол мезгилдерге болжошот. Сыягы, "өлбөгөн өрүк жейт" деген сөз да ушундан улам калса керек.

Баткен жергесинде өрүктүн – абрикос, ак өрүк. ак кандек, кандек, исфарак, касек, курмайы, мурсанжали, субхани сыяктуу сорттору кеңири кездешет.

Өрүк – баалуу дарак. Мөмөсү аш болумдуу жана диетикалык касиеттерге ээ. Өрүктүн мөмөсүндө сортуна жана топурак-климаттык шартына жараша 4,69-25% чейин кант, 0,46-5% органикалык кычкылдар, 0,05-2,32% пектин заттары, 4,4-2,76% клетчатка камтылган. Мөмөнүн курамына калий, натрий, фосфор, кальций, магний. темир элементтери, ошондой эле А жана С витаминдери кирет. Өрүктүн жаңы бышкан мөмөсү дарылык касиетке ээ. Кээ бир маалыматтар боюнча, өрүктүн жаңы бышкан мөмөсү кандын гемоглобинин калыбына келтирет.

Өрүктүн баалуулугун төмөндөгүдөй фактылар тастыктайт. Гималай жергесинде орточо жашоо курагы 80-90 жашты түзгөн чакан эл кездешет. Алар карыганча чейин ооруу дегенди билишпейт жана жогорку эмгекчилдиги, чыдамдуулугу, шамдагайлыгы, күчтүүлүгү менен айырмаланышат. Бул урууну изилдөөдө, тамактануунун режимин туура сактоодон тышкары, алардын тамак-аш азыктарынын ичинде негизги орун өрүккө таандык экендиги аныкталган. Алар жаңы бышкан жана кургатылган өрүктүн мөмөсүн, өрүк унун, ширесин, пастила, павидлосун колдонушкан.

Өрүктүн мөмөсүнүн баалуулугу жалпыга маалым. Анын ичинен маанилүү орунду витаминдик жана минералдык курамы ээлейт. Мөмөсүндө каротин, калий, магний жана темир көп өлчөмдө камтылат. Өрүктүн мөмөсүн ден соолуктун жана узак жашоонун мөмөсү деп аташат. Аларды колдонуу ден соолукту чың сактайт жана кээ бир

ооруулардын алдын алууга көмөк көрсөтөт. Өрүктүн данегинде 50% чейин май жана 25% белок камтылган. Алар кондитер өндүрүшүндө, тамак-аш жана техникалык майларды даярдоодо чийки зат катары колдонулат. Өрүктүн данеги сортуна жараша ачуу жана ширин болот. Ширин данектен – тамак-аш, ачуусунан техникалык май өндүрүлөт. Сөөгү көз боёк (тушь) жана активдүү көмүрдү өндүрүүдө колдонулат.

Кайра иштетилген мөмөлөрүндө витаминдер, аш болумдуулугу жана жыты сакталат. Мөмөсүнөн компот, кыям, повидло, желе, пастила, шире, мармелад ж.б. даярдалат.

Баткендик ар бир үй-бүлөнүн дасторкону албетте өрүксүз болбойт. Анткени өздөрү үчүн атайын кургатылган өрүк кагын жыл бою үзбөй сакташып, тамак-аш катары пайдаланышат. Кургатылган өрүктүн тамак-аш баалуулугу жогору, ошондой эле даамы жана дарылык касиети менен өзгөчөлөнүп турат. Азыркы убакытка чейин баткендиктер өрүктөн чүлү жана өрүк курут даярдашат. Чүлү даярдаш үчүн өрүктүн кагы сууга кайнатылат, суусундугу ичилип, жибип калган мөмөсү желет. Чүлү эң оңой даярдалат, организмге бат сиңет, дарылык касиети күчтүү, адамды ток кармайт, кары-картаңдар үчүн да баалуу тамак-аш. Өрүк куруту даярдаш үчүн өрүк сүзмөгө кошулуп эзилет. Өрүк курут өтө даамдуу, күчтүү жана аш болумдуу.

Өрүк кагы ар бир үй-бүлөнүн байлыгы, ал бир нече жыл бою да сактала берет жана жылдын кайсы мезгили болгондугуна карабастан өтүмдүү товар, базардагы көп мөмө-жемиштерге караганда баасы жогору жана өтүмдүүлүгү менен кескин айырмаланат.

Ал эми өрүк жыгачынан не деген асыл буюмдар жасалган. Мурдатан өрүктөн комуз, кыл кыяк сыяктуу музыкалык аспаптар, ыспар, моюнтурук: (кош айдоодогу абзалдар) токмок, кылыч (токуучу куралдар) сыяктуу эмгек куралдары: соку, чөмүч, кашык, кесе, табак ж.б. идиш-аяктар жасалып келген. Өрүк жыгачы башка жыгачтарга салыштырмалуу катуулугу менен айырмаланган, бирок иштетүүгө ийкемдүү болгон, ошондуктан аны кыргыч, ойгуч куралдар менен оңой эле иштетишкен, экинчиден, ал колдонулган сайын же ар кандай эле май менен майлап койгондон кийин кызыл-күрөң түскө ээ болуп, аябай кооз көрүнөт. Үчүнчүдөн, абдан бекем болуп, ошол бекемдиги үчүн андан өгүз кошко ыспар, моюнтурук, эмгек куралдарынан соку, токмок ж.б. жасашкан, төртүнчүдөн, абдан катуу болгон, ошол катуулугунан музыкалык аспаптардан жакшы үн чыккан. Дагы бир өзгөчө касиети ал нымдуулукта же сууда калса да эч кандай калыбын бузбайт, ошондуктан ал бузулбастан, чирибестен көпкө сакталат. Мына ушундай

сапаттары үчүн андан бешик жасашкан, себеби бешик үй-бүлө, бала үчүн эң бир баалуу, таберик буюм болуп саналган.

Баткендик белгилүү жазуучу, драматург жана кол өнөрчү Мурзапар Үсөн өз чеберчилиги менен өрүк жыгачынан жасалган Манастын, Алмамбеттин айкелдери менен 1995-жылы Манастын 1000 жылдык маарекесине катышкан. Анын бул чыгармалары азыркы учурда өзү уюштурган "Муз-Булак" маданий коругуна коюлган. Анын мындан башка да өрүк жыгачынан жасаган ашкана буюмдары, идиш-аяктар ж.б. бир канча экспонаттары бар.

Ушул баалуу касиеттерин эске алуу менен келечекте Баткен өрүгүн илимий негизде изилдеп, аны өндүрүштүк негизде кайра иштетүү аркылуу өрүктөн жасалуучу тамак-аш азык-түлүктөрүн жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө экспортко чыгаруу иши колго алынууга тийиш.

## 4.21. Баткен күрүчү

Шалы – бул байыркы дан өсүмдүктөр тукумундагы бир жана көп жылдык өсүмдүк. Адам баласы шалыны 7-8 миң жыл мурда өстүрө баштаган. Адаттагыдай эле шалынын мекени – Азия болуп саналат. Баткендин климаттык шарты да шалы өстүрүүгө ыңгайлуу. Шалы өсүмдүгү сууну көп талап кылгандыктан, дарыя бойлорунда, суулуу жерлерде жашаган дыйкандар негизинен шалы өндүрүү менен шугурланышат. Анткени дыйканчылык тармагындагы башка тамак-аш өсүмдүктөрүнө караганда шалычылык бир топ түшүмдүү да, кирешелүү да болуп саналат. Орто эсеп менен гектарынан 40 центнерден түшүм алынат. Ошондой эле шалыны сактоо, тамак-аш катары пайдалануу жана аны актап (кайра иштетип) сатуу жумушу да бир топ жөнөкөй жана жеңил болуп эсептелет. Археологиялык казууларда байыртадан эле шалынын ороолордо көп мезгилдерге чейин сакталгандыгы далилденген. Азыр деле шалыны бир нече жыл сактап, пайдаланган дыйкандар арбын. Канчалык көп сакталган шалынын даны даамдуу болот деген пикирлер бар. Шалыны ак жувааздарда (суунун жардамы менен кыймылга келүүчү чакан цех) актагандан (сырткы кабыгынан арылткандан) кийин күрүч катары пайдаланылат.

Күрүч адам организми үчүн пайдалуу заттарга өтө бай, аш болумдуулугу да абдан жогору. Анын курамында: 80-90% крахмал, 7-8% белок заттары, 0,5% май 0,5% кант, B2 витамини, булалар, күл, холин, рибофлавин бар. Күрүч даны 7-8% белоктон турат. Ал дээрлик туз кармабайт, ошондуктан диетикалык тамак катары да сунушталат. Күрүч эң керектүү нерв системасын чыңдайт жана теринин, чачтын, тырнактардын абалына жагымдуу таасир көрсөтүүчү B витаминдер

группасынын булагы болуп саналат. Күрүчтөн жасалган тамактар организмге женил сиңирилет. Окумуштуу-диетологдор күрүчтөн жасалган тамактардын сиңимдүүлүк коэффициенти 98% экендигин далилдешкен. Элдик медицинада күрүчтүн дарылык касиетин жогору баалашат жана диетикалык тамак-аш катары да сунушташат.

Күрүчтөн палоо жасоо көпчүлүк үй-бүлөлөрдүн көп керектелүүчү, сыйлуу жана сүйүктүү тамактарынан болуп саналат. Кой майына демделген палоо адам организмине күч-кубат берет. Мурдатан келе жаткан элдик салт боюнча түштүк жергесиндеги ар кандай маарекелерде күрүчтөн палоо демделет. Мындан башка да ар түрдүү тамактар даярдалат.

Ошондуктан күрүч ар кандай мезгилдерге карабастан өтүмдүү жана баасы да башка дан өсүмдүктөрүнө караганда бир топ жогору болот. Түштүк жергесинде мурдатан Өзгөн күрүчү кеңири таанымал болуп келген болсо, Баткен аймагында Ак-Турпактын, Бүргөндүнүн күрүчү кеңири таанымал жана ал азыркы учурда бүткүл өлкө аймагына тарай баштады. Мында күрүчтүн "дөө зире", "кылтыр", "кара кылкан", "взрос", "аланга", "лазерь" деген сорттору өстүрүлөт. Азыркы учурда күрүчтү тазалап, атайын баштыкчыларгы салып, ички жана тышкы рынокко чыгаруу иши айрым жеке ишкерлер тарабынан колго алынууда.

## 4.22. Баткендиктердин турак жайлары

Кыргыздар байыркы доорлордон тарта айрым көчмөн элдер сыяктуу боз үйлөрдө жашап келгендиги маалым. Кийинки учурларда көчмөн элдердин отурукташуусунун натыйжасында боз үйлөрдүн ордун жер тамдар ээлей баштаган.

Баткендиктерде үй куруу маданиятынын өнүккөндүгү мындагы жашоочулардын бир топ жыл мурун эле отурукташкандыгын айгинелейт. Ар бир адам үй куруу үчүн алдын ала даярдык көрөт, курулуш материалдарын, ага сарпталуучу каражаттарды даярдайт. Үйдүн ордун жана өлчөмүн пландаштырат. Алгач пайдубалды абдан бекем кылып түптөөгө аракеттенишет. Анткени пайдубал бекем болбосо, үй ар кандай кырсыктарга туруштук бере албайт эмеспи. Үйдүн пайдубалын таш менен түптөшкөндөн кийин, ага сынч тартышат. Мындагы үйлөр негизинен сынч менен курулат. Бул аймак сейсмикалык жактан бир топ активдүү болгондуктан, сынч үйлөр ар кандай жаратылыш кырсыктарына бир топ чыдамдуу болот. Ошондуктан эл арасында "сынч үйүм – тынч үйүм" деген кеп бар. Сынч: жеке сынч жана кош сынч болуп экиге бөлүнөт. Устундардын

учунан мургек жасашып, аны жогорку сынчтын атайын көзөнөгүнө мыксыз бекитишет. Сынчтын бурчтарына жыгачтардан тирөөч коюлат, ар бир устундун аралыгына экиден гувалак бата турган абалда устундар жыш кагылат. Сынчка, устундарга жана тирөөчтөргө теректин жана талдын жоон жана ичке ар кандай жыгачтары пайдаланылат. Бул материалдарды көпчүлүк үй куруучулар өзү өндүргөндүктөн, бул ыкма жыгач материалдарын сатып алгандан бир топ арзан болот. Сынчтын арасын гувалак же пакса менен уруп, дубалын тургузат. Дубалдын үстүнө торсун коюлуп, андан уваста коюлат. Уваста тал, теректин жумуру кадаларын тең жарышып, жарым айлана тарабын тарткы менен атайын жылмалап коюшат. Увастанын үстүнө шыпаа деп, карагандын же шилбинин бутасын басышат, ал мында атайын аба боштугун пайда кылып, үйдү сууктан жана ысыктан жакшы коргогон. Уваса үйдүн ичин ашыкча бууланyудан сактаган, б.а. ашыкча бууну өткөрүп турат. Андан кийин кас (чөп) басылып, андан соң топурак салынат. Жогорку сынчтан торсунга чейин үйдүн ички тарабына жыгачтан сарап коюшуп, аны чыгыш маданиятынын үлгүсүндө ар кандай оюулар жана боектор менен коздошот, айрым учурларда сарапти кабат-кабат коюшкандыктан андай үйлөрдү кош сарап деп аташат. Жыгач сарап коюлбаган үйлөр ылай сарап деп аталат. Пайдубалдын үстүндөгү сынчтан баштап, үйдүн чатырына чейинки аралык эки катар жалаң жыгач менен ширелип, бири-бирине бекем бекитилгендиктен мындай үйлөр ар кандай кырсыктарга, айрыкча жер титирөөгө бекем болгон. 1977-жылы январда Баткенде болгон 7-8 баллдык жер титирөөдө мындай үйлөр эч жабыркаган эмес. Дубалдын ич жана сырт тарабын саман аралаштырылган ылай менен эки жолу: алгач кара шыбак, кийинкисин ак шыбак деп шыбап чыгышат. Бул ыкма дубалды дагы бир ирет бекемдейт жана ысык-суукtан жакшы сактайт.

Баткенде үй курууда ашар ыкмасы кенен жайылтылган. Ашарга айылдагы аксакалдар жана жаштар келишип, эртеден-кечке иштешет. Алгачкы ашарды пайдубал курууда өткөрүшөт. Пайдубал ашарын баштоодон мурда куран окутуп, дуба кылышып, аксакалдардан бата алышат. Экинчи ашар дубал сокпондо, кийинкиси зардубал сокпондо өткөрүлөт. Бул ыкма менен уста жыгач иштерин бүткөндөн кийин, бир эле күндө дубалын бүтүрүп, же үстүн жаап коюуга толук шарт түзүлөт. Мындан убакыт аябай үнөмдөлөт жана үй куруучуга абдан чоң жардам болот.


XX к. 50-60-жж. үйлөр пешайвандуу болуп, дализден жана ички үйдөн турган. Үйлөрдүн пешайваны түндүккө же түштүккө гана карап салынган, анткени суук жерлерде пешайваны күнгө бет болуп жылуу

болгон. Ал эми ысык жерлерде анын тескерисинче, жайында салкын болгон. Экинчиден, үйлөрдүн жайгашуусу жана төр тарабы Кааба тарапка оң болуп, эч кимден Кааба тарапты сурабастан эле ар кандай үйдө намаз окууга ыңгайлуу болгон. Пешайванга коюлган сөрүдө жайдын ысык күндөрүндө эс алышып, бут кийимдерди жана ашыкча буюмдарды мында калтырышкан. Пешайвандан кийинки бөлмө дализ деп аталат, анда очок орнотулуп, тамак-аш бышырылган. Эшик менен очоктун ортосу капшыт деп аталып, ага отун, ал эми очоктун төр жагындагы текчеге идиш-аяк, тамак-аш коюлат. Адатта үйлөргө торсунду так иретинде коюшат, дализдерге беш, жети торсун, ички үйлөргө жети, тогуз, он бир, он үч торсун коюшкан. Ар бир торсундун аралыгы орто эсеп менен алтымыш сантиметрден болот. Көпчүлүк үйлөр тогуз, он бир торсундуу болуп, мисалы: он бир торсундуу үйдүн узундугу алты метр ж.б.у.с. Мурдагы учурларда торсундарды арча жыгачтардан даярдашкан болсо, кийин анын ордуна терек же карагай пайдаланылган. Ал үйлөрдүн үч тарабына дубалдын ортосунан текче жасалган. Төр тарабындагы текче мерап деп аталып, анын эки четкисине сандык же жабан коюлуп, үстүнө төшөк жыйылган. Ал эми ортосундагы мераптын астына атайын куту коюлуп, анын үстүнө балыш жыйылган. Мындай үч мераптуу үйдүн туурасы стандарттуу түрдө 3,6-3,7 м. болгон. Ал эми узундугу торсундун санына жараша болгон. Башка эки тарабындагы текчелерге идиш-аяк, кийим-кече, буюм-тайым коюлган. Айрым учурларда дализден эки тарапка кире турган үч бөлмөлүү үйлөр да болгон. Ал кезде үйлөрдүн шифери болбогондуктан алардын тамбашын (үстүн) ылай менен шыбашып, жамгырдын суусу агып түшө турган жөлөңкө кылып, ага кичинекей ноо коюшкан. Азыркы кезде үйлөрдүн үстү чатырлангандыктан мындай ыкма шифери жок короо-сарайларды курууда пайдаланылат. Үйлөрдү жылытуу үчүн мурда сандал коюлган. Сандалдын үстүнө көрпө жаап, астына жерди бир аз оюп, ага чок салып койгон, сандалга буттарын салып олтуруп жылынышкан, тамак ичишкен, укташкан. Бул абдан үнөмдүү жана жөнөкөй ыкма болгон. Андан кийин темир мештер менен жылытылган. Ал эми азыркы учурда көп бөлмөлүү үйлөр салынып, аны жылытууга ар кандай жаңы ыкмалар колдонулууда.

Үйдүн айланасы тосулуп, тамарка катары өздөштүрүлүп, бак-дарактар тигилип, жашылча-жемиштер өстүрүлөт. Тамаркадан ар бир үй-бүлө өзүнө керектүү жашылча-жемиштерди өндүрүп алууга толук шарт бар.

## 4.23. Баткен килеми

Баткендиктердин үйлөрүнүн ички жасалгасын жана кооздугун килемсиз элестетүү мүмкүн эмес. Анткени, Баткенде килем токуу өнөрү илгертен бери белгилүү болгон. Баткен килеми негизинен Баткен, Лейлек райондорунун уздарына гана таандык. Дүйнөдө персия, түркмөн, белгия килемдеринин атагы чыккан болсо, Борбордук Азияда Баткен килеми даңазалуу болгон. Анткени, Баткен килеми – жалаң гана натуралдык кой жүнүнөн жасалып, жанга жагымдуулугу, жылуулугу жана экологиялык жактан эң тазалыгы



менен өзгөчөлөнүп, санитардык-гигиеналык жактан адамдын, айрыкча жаш балдардын, кары-картаңдардын организмине эң жакшы таасир берет.

Баткендик үй-бүлөлөрдө ата-энелеринен мурас катары жүз жылдан ашык мезгилдерден бери карай сакталып келе жаткан килемдер арбын. Ошондуктан мындагы ар бир үй-бүлө кызын турмушка чыгарганда септин курамына килемдерди кошуп берүү салт катары сакталып калган.

Баткендиктер килемди жалаң койдун жүнүнөн даярдашат, анткени мында кылчык жүндүү жергиликтүү породадагы койлор багылат. Жүндү алгач жууп, тытып, сабап алышкандан кийин атайын килем үчүн эриш, түр жана аркак катары ийрип даярдашат. Айрыкча эриш үчүн ийрилүүчү жүндү кылчыктуу жүндөн даярдашат же ага жергиликтүү эчкинин жүнүнөн кошуп

ийрип, аны эки кабаттап кайрадан чыйралтып чыгышат, анткени килемдин эриши бекем болуу керек. Килемдин аркагы да жоонураак ийрилип, ал да кайрадан чыйралтылат. Ал эми түр бир гана ирет ийрилет. Даярдалган түрлөр жарашыгына карата керектүү түстөргө боёлот. Ачык түстөгү түрлөр ачык түстөргө, ал эми кара түстөгү түрлөр кара боёкторго боёлот. Боёкторду өлчөмүнө жараша салгандан кийин чоң казандарга отту улуу жагышып, аны бир нече саат кайнатышат, ошондон кийин анын түсү бекем, оңбос жана жукпас болуп биротоло калыптанат. Мурда килемдерге ак, кызыл, кара, көк түстөр басымдуулук кылып келген болсо, акыркы мезгилдерде кызыл жана кара түстөр кеңири колдонула баштаган. Ал эми азыркы учурларда жалаң гана натуралдык түстөр – ак, кара жана күрөң түстөр, натуралдык боёктор (жаңгактын, анардын, пияздык кабыктары, өсүмдүктөрдүн тамыры ж.б.) менен боёшуп, эч бир химиялык кошулмасыз, экологиялык жактан таза, нукура натуралдык ыкма менен даярдалууда.

Килем эки түрдүү даярдалып, түктүүсү "жүл килем", ал эми түксүзү "араби" деп аталат. Жүл килемдер калын, жумшак болуп, үйдү жылуу кармайт, айрыкча балдардын, кары-картаңдардын ден соолугуна абдан пайдалуу, ал эми араби килемдер жеңилирээк, колдонууга ыңгайлуу болот.

Килемди согуу ыкмасы да үй-бүлөлүк шартта, кененирээк үйдүн ичинде же сырткары өздөрү даярдаган жөнөкөй гана станоктордо аткарылат. Жүл килемди төрт келин-кыз 15-20, арабини 7-8 күндө согуп даярдашат. Килемдерге түшүрүлгөн орнаменттер "көчөт" деп аталып, алар кыргыз кыз-келиндеринин байыркы кол өнөрчүлүгүнүн, чеберчилигинин маданий мурасы катары сакталып келүүдө. Ашкана көчөт, казан кулак, кереге баш, омуртка, тайлак таман, тай туяк, чагыртмак, чөмүч баш сыяктуу килем көчөттөрү мурдатан бери сакталып келген. Аларда кыргыздын улуттук колоритинин байыркы үлгүлөрү сакталган. Ал эми азыркы чеберлер тарабынан заманбап жаңы көчөттөр токула баштаган. Азыркы учурда дивандарга, олтургучтарга, дубалдарга ылайыктап, атайын буюртма менен даярдоо ыкмалары да орун алган. Мындай килем токуу ыкмасы, үлгүсү жана өзгөчөлүгү Борбордук Азия элдеринин арасынан баткендик чеберлерге гана таандык экендигин баса белгилеп кетүү керек.

Килемди даярдап сатуу да үй-бүлөгө бир топ арбын киреше алып келет. Анткени ага керектелүүчү жүн продукциялары ар бир малдуу адамдын өз чарбасынан өндүрүлөт. Аны даярдоого жана согууга кыз-келиндердин гана эмгеги пайдаланылат. Ошондуктан, Баткен килемдерин өндүрүштүк негизде даярдоо жана аны ички жана тышкы рынокко алып чыгуу ишке ашырылса, улуттук маданий мурастарды сактоого, өркүндөтүүгө жана ички мүмкүнчүлүктөрдөн бир канча киреше табууга, кыз-келиндер үчүн жумушчу орундарын түзүүгө, жакырчылыкты кыскартууга болор эле.

## V бап. БАТКЕНДИН БЕЛГИЛҮҮ ИНСАНДАРЫ

Тарыхты эл жаратып, анын ар кандай кырдаалдарын тескеп, оң-солун ажыратып, аны менен келечек жолун аныктап, муундан-муунга улап, сактап келген болсо, кээ бир инсандар тарыхый айрым окуяларга түздөн-түз себепкер болуп, коомдун өнүгүүсүнө өзүнүн жеке салымын кошуп, анын ысмы тарыхтын барактары менен жуурулушуп калган учурлар боло келген жана боло бермекчи. Тарыхка из калтырган мындай инсандардын катарынан Баткендин аймагы да куру кол эмес. Мындай белгилүү инсандардын өмүр таржымалын, ишмердүүлүгүн, элге, Ата Мекенге кылган ак кызматтарынын акыбетин үйрөнүү, алардын асыл, инсандык сапаттарынын үлгүсүндө келечек муундардын аң сезимин эмгекчилдикке, мекенчилдикке, адилеттүүлүккө калыптандыруу менен жаңы муунду тарбиялоого өбөлгө болот деген ойдобуз.

### 5.24. Абдибалиева Галбүбү
(1908-1976)



Эл арасында "Галбүбү райис" же "Галбүбү депутат" деген наам менен кеңири таанымал болгон бул инсандын өмүр таржымалы жана ишмердүүлүгү жөнүндө тарыхый маалыматтар, басма сөз материалдары жана анын замандаштары тарабынан бир канча эскерүүлөр жазылып, айтылып келүүдө. Анткени жаңыдан түптөлүп жаткан коммунисттик коомду, колхоздук түзүлүштү жалпы караламан калк тургай, айрым аттуу-баштуу айрым адамдар да толук

түшүнө албай, коомдук менчик деген кандай болот деп эстери эңгиденги болуп жаткан өткөөл заманда, ошол кезде аялзатынан, кедей-дыйкан үй-бүлөдөн, болгондо да райондогу тоолуу айылдардын бири болгон Кара-Булак айылынан чыккан карапайым бул инсандын жаңы коомдук түзүлүштүн башында болуп, эл башкарып турганы бир жагынан таң каларлык болсо, экинчи жагынан мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон. Анткени, андай коом алмашкан, мезгилине жараша бардык нерсе кайра өзгөрүп жаткан кыйын учурда, анын келечегине толук көзү жеткен, кыйынчылыктарга чыдай билген, өзүнө ишенген адам гана мындай жоопту ишке бел байлай алат болчу.

Абдибалиева Галбүбүнүн 1940-жылдын февраль айында Кыргызстан большевиктер партиясынын катарына кабыл алынып жаткан учурда латын ариби менен толтурулган өздүк делосунда: "Абдибалиева Галбүбү 1908-жылы туулган, улуту кыргыз, социалдык абалы колхозчу, кызматы колхозчу, эмгек стажы 3 жыл, Баткен райкомунун 1940-жылдын 14-февралындагы № 54-протоколу менен ВКП(б)нын мүчөлүгүнө кабыл алынды[1]"– деп жазылган.

Ал эми ушул эле өздүк делонун дагы бир барагында латын арибинде өз колу менен "Өмүр таржымалы" жазылган: "Мен Абдибалиева Галбүбү 1908-жылы Баткен району, Каңсык кыштагында кедей-дыйкан үй-бүлөсүндө туулгамын, 1 жашымдан 13 жашыма чейин энемдин колунда тарбияланып келдим. Атам болсо 6 жашка чыкканымда өлдү, 13 жашымда мени турмушка берди. Ушундан, 1921-жылдан тартып 1937-жылга чейин үй кызматында кедей-дыйкан турмушта жашап келдим. 1937-жылы "Кара-Булак" колхозуна мүчө болуп өттүм. 1937-38-жылдары колхоз жумушунда иштедим, ударник болуп жакшы иштегендигим үчүн колхозчулар мени сыйлап, 1938-жылы бригадирликке көрсөтүштү, 6 бригада боюнча менин бригадам алдыга чыкты. Менин бригадама колхоз жакшы сыйлык берди. Менин билимимди көтөрүү үчүн 1939-жылы Ош шаарындагы колхоз кызматчыларынын билимин көтөрүү мектебине жиберди, аны 1940-жылы февраль айында бүтүрдүм. Жергиликтүү советтердин шайлоосунда мени райондук советтин депутаттыгына талапкердикке көрсотүштү. 1938-жылдан бери партиянын мүчөлүгүнө кандидатмын", - деп, кол тамгасын койгон.

Мына ушул өмүр таржымалында баяндалгандай жана ошол мезгилдердеги жалпы карапайым калктын социалдык абалы, жашоо шарты бир топ кыйын болгон өткөөл учурда Абдибалиева Калбүбүнүн

---

[1] Саясий документтердин Ош областтык мамлекеттик архиви. – 17-фонд, 1-тизим, 75-сактоо бирдиги, 24-барак.

да балалык мезгили, алгачкы турмуш жолу бир топ кыйынчылыктар менен коштолуп турган. Кыйынчылыктарга моюн сунуп олтуруп калбаган өжөр инсан, баралы жеткен учурда колхозго мүчө болуп кирүү менен өзүнүн ишмердүүлүгүн көрсөтө алган. Колхоз жумушунда алдыңкылардан болгондугу жана иштин көзүн таба билгендиги үчүн аны бригадирликке көрсөтүшсө, алардын ишенимин актап, кыска эле убакыттын ичинде ал жетектеген бригада колхоз боюнча 6 бригаданын ичинен алдыңкы орунга чыга алган. Галбүбү апанын уюштуруучулук жөндөмүн баалай билген колхоз жетекчилиги аны кыска мөөнөттүү курска жиберген. Өз билимин көтөрүү боюнча курсту бүтүрүп келгенден кийин, анын ишмердүүлүгү жана аброю эл арасында дагы да арта баштап, жергиликтүү советтердин шайлоосунда райондук советтин депутаттыгына талапкердикке көрсөтүшсө, 1940-жылы башкаруучу коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө кабыл алынат.

Архивдик маалыматтар боюнча Галбүбү апа 1940-жылы коммунист болгондон кийин колхоз башкармалыгынын башчысынын орун басары болуп иштей баштайт. Ал эми 1941-жылдын 6-мартында өткөн “Кара-Булак” колхозунун колхозчуларынын жалпы чогулушунда колхоз башкармалыгынын курамы жаңыртылып, колхоз башкармалыгынын төрагасы болуп Нуралиев Балтабай, текшерүү комиссиясынын башчылыгына Абдибалиева Галбүбү шайланат. Мына ушул мезгилдерден баштап, Галбүбү апанын күндөлүк турмушу, жан дүйнөсү, бардык жашоосу колхоз турмушу менен тыгыз ьайланышта өтө баштайт. Анткени колхоздук түзүлүштүн Уставына ылайык колхоздун бардык киреше-чыгашалары колхоз башкармалыгынын мүчөлөрүнүн чечиминин негизинде гана жүргүзүлгөн жана текшерүү комиссиясынын башчысынын милдеттүү түрдө катышуусусуз киреше-чыгаша маселелери каралган эмес. Ошондуктан, үрөндүн өлчөмүн аныктоо жана ажыратуу, эгиндин түшүмүн кириштөө, мамлекеттик фондго эгин тапшыруу, МТСтеги трактористтердин акысын берүү, карыздарды эсептешүү, кийинки жылга үрөн калтыруу, калган түшүмдү колхозчуларга эмгек күнүнө карата бөлүштүрүү, мал чарбасынан алынуучу кирешелерди (төл, сүт, жүн, эт ж.б.) кириштөө, өлгөн малдарды чыгыштоо, малчыларга эмгек акы берүү, короо-сарайларды куруу, оңдоо, керектүү курулуш материалдарын, буюм-тайымдарды сатып алуу үчүн малдан же эгинден сатуу, ал үчүн комиссия түзүү сыяктуу толгон-токой жана майда-барат иштердин баарына Галбүбү апанын катышкандыгын жана ал боюнча чечимдердин баарына ал кишинин кол тамгасы коюлгандыгын архив документтери тастыктоодо.

Колхоздук түзүлүш жеке кожолук чарбалардын жалпы коллективдүү чарбага биригүүсү менен болгон. Анда бардык мүлк ортолук болуп, аны башкаруу жана сарптоо эл тарабынан шайланган колхоз башкармалыгына жүктөлгөн. Ал эми олуттуу маселелер жалпы колхозчулардын чогулушунда талкууланып турган. Колхоз өзү өндүргөн айыл чарба продукцияларын (план боюнча) мамлекетке милдеттүү түрдө тапшырып, андан калганын эмгек акы катары (иштеген күнүнө карата) колхозчуларга жылдын акырында бөлүп берип турган. Ал эми колхозчулардын өздүк көмөкчү чарбаларынан өндүргөн айыл чарба продукцияларын да мамлекетке милдеттүү түрдө тапшырышкан. Тапшырган продукциясы үчүн мамлекет колхозго мамлекеттик наркта гана акы төлөп берген жана аны аткарууга баары милдеттүү болушкан.

Колхоз турмушунун ушундай ары татаал, ары кыйын, ары жоопту турмушуна терең аралашуусу Галбүбү апаны бир жагынан такшалтса, бир жагынан чоң жоопкерчиликке үйрөткөн. Анткени ал мезгил ушунчалык кыйын, ушунчалык оор Улуу Ата Мекендик согуш мезгили болчу: эркектердин баары фронтко кетип, жокчулук, ачарчылык, кыйынчылык дээрлик ар бир үйдүн эшигин сагалап турду. Мына ушундай катаал учурда Галбүбү апанын пешенесине колхозду жетектөө жана жалпы элдин жоопкерчилигин моюнга алуу милдети жүктөлөт. Бул 1943-жыл эле. Ары оор, ары жоопкерчиликтүү милдетти ушундай кыйын учурда моюнга алуу айрым эркектердин да колунун келчү эмес учур болчу. Анткени алдыда жалпы элдин жоопкерчилигин моюнга алуу, кары-картаңдарга, жетим-жесирлерге, майыптарга каралашуу, ошол эле мезгилде эгинди өз мезгилинде себүү, коромжулукка учуратпай оруп жыйноо, мамлекетке тапшырылуучу эгинди күн сайын Исфарадагы темир жол бекетине жеткирип туруу, мал кыштатуу, мал чарба продукцияларын мамлекетке тапшыруу, эл чарба пландарын аткаруу, согушка жана согуш фонддоруна жардамдарды жөнөтүү сыяктуу иштерди бүгүнкүдөн эртеңкиге калтырбай бүтүрүү милдети турду. Ал мезгилде бул жумуштардын баары кол күчү менен гана аткарылып, эркектердин баары согуш майданына кетип, жумушчу күчү абдан жетишсиз болчу. Ошондуктан аялдарды, жаш балдарды, кары-картаңдарды айыл чарба жумуштарына тартуу, аны мөөнөтүндө бүтүрүү жана көзөмөлдөө колхоз райисинин жоопкерчилигинде болгон.

Улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун "Саманчынын жолу" повестиндеги Толгонайга окшоп Галбүбү апа да үрөндүн жетишсиздигинен кээ бир үй-бүлөлөрдүн нараазы болгондугуна, ыйлап-сыктаганына карабастан, ар бир үйдөн кочуштап, табактап чогулткан үрөнүн септирип, ошол жылы эгинден мол түшүм алып, уучтап

чогултган үрөндүн ордуна кап-кап буудай берген экен. Бул бир жагынан эженин иш билермандыгы болсо, экинчиден, Кара-Булактын шартында жаздык, күздүк эгиндерден мол түшүм алуу чоң эмгекти жана тажрыйбаны талап кылган.

"Кара-Булак" колхозунда эгиндин түшүмдүү болушунун бир себеби – агротехникалык эрежелердин туура сакталгандыгында болуп саналат. Анткени колхоз башкармалыгынын отурумдарында күздүк, жаздык айдоолорго даярдык көрүү, которуштуруп айдоо, шаймандарды, үрөндү даярдоо, анын өлчөмүн аныктоо сыяктуу маселелер байма-бай каралып, ал боюнча тиешелүү чечимдер чыгарылып турган. Ошондой эле Галбүбү апа айылдагы айрым келин-кыздарды трактористтик курска окутуп, трактор айдоого үйрөтүп, алардын иштерин такай көзөмөлдөп турган. Анын замандаштары: Ал айдоого аябай көңүл бурчу, биз кай жерде кош айдап жүрсөк да келип кабар алып, алгач ал-абалыбызды, тамак-ашыбызды сурап, анан айдаган жерлерибизди текшерчү. Айдоонун чуңкурлугу 25 сантиметрден кем болбосун деп талап койчу, кокус кем же ала айдалып калган жерлер болсо, албетте, кайрадан айдатчу. Биринчи кезекте эгиндин түшүмдүүлүгү жердин айдалышына жана үрөнгө байланыштуу деп көп айтчу", – деп эскеришет.

Кара-Булактык тракторист эжелер бир гана колхоздун эгин талааларын айдап тим болушпастан, райондогу башка чарбалардын жерлерин айдоого, оруп жыйноого да катышып, мамлекеттик пландарды аткарууга жана райондун калкын азык-түлүк менен камсыздоого чоң салым кошушкан.

Ал кездеги колхоз жетекчилери азыркыдай кызматтык унаа, жайлуу кеңсе, тиешелүү бюджеттик каражат, ар бир тармакты тейлеген мыкты адис дегендерден кабары жок, баарын өзү тейлеп, баарын өзү көзөмөлдөп, өзүн-өзү камсыздаган чыныгы чарбакер инсандар болгон. Чарбага тиешелүү бардык тармактарды тескеп турушкан. "Кара-Кулак" колхозу согуш мезгилиндеги бир топ кыйынчылыктарга карабастан, мамлекеттик пландарды ашыгы менен аткарышып, өздөрүнөн арткан эгинди башка колхоздорго да берип турган. Мында айрыкча мыкты үрөндүк эгиндер өстүрүлүп, райондогу башка чарбаларга таратылып тургандыктан, ошол кезде Кара-Булак айылы эл оозунда "данкана", "нанкана" катары айтылып турган. Анткени ал учурда эгиндин баркы да наркы да абдан жогору болгон. Эл арасында нан, дан ушунчалык тартыш болгондуктан: – Кардыбыз нанга тоёр күн болор бекен? – деп арман кылышкан. Бир нан үчүн бирөөнү бирөө өлтүргөн учурлар болгон. Мамлекетке дан тапшыруу планы да абдан катаал болуп, аны аткарбай калуу колхоз жетекчилери үчүн кылмыш жоопкерчилигине

тете болуп, кандайдыр себептер менен мамлекетке тапшырылбай калган эгиндин планын кийинки жылы да тапшырууга милдеттүү болушкан.

Дан эгиндерин оруп-жыйноо өнөктүгүндө да аябай кыйын, оор учурлар көп болгон. Ар бир эгин оргон адамга эмгегине жараша кызмат акысына нан берилип турган. Ошол мезгилде райондо "гектарчы" деген наамга жетишкен инсандар болгон, алар бир күндө бир гектарга чейинки аянттагы эгинди кол орок менен орушкан. Бир гектар оргондугу үчүн кызмат акысына 12 нан эсептелген жана күн сайын оргон аянтына жараша нан берилип турган.

"Кара-Булак" колхозунун колхозчулары райондун бардык эмгекчилериндей согушка жана согуш фонддоруна өздөрүнүн жардамдарын берип турушкан. 1941-жылы Кызыл Армияга 2 ат, 10 ц. арпа, 3 ц. буудай, 1 араба беришкен болсо, 1942-жылдын 1-2-май майрам күндөрүн демейдегинен 3-4 эсе ашыкча иштеп, эмгек акыларын Ата Мекен үчүн согушуп жаткан Кызыл Аскерлерге жардамга жөнөтүү жөнүндө токтом кабыл алышкан. Мындан башка да бир канча жардамдарды жөнөтүшүп, согуштук заёмдорду сатып алууну уюштурушкан.

Абдибалиева Галбүбүнүн коллективдештирүүгө, айыл чарбасын өнүктүрүүгө кошкон салымы, колхоз башкармасынын башчысы катары мамлекеттик пландарды дайыма аткаргандыгы, партиянын саясатын колдогондугу жана ишке ашырууга чоң салым кошкондугу, колхоздун экономикасын жогорулатуу менен бирге анын материалдык абалын жакшырткандыгы жана колхозчулардын социалдык абалын жакшыртууда жараткан ийгиликтери, эл арасындагы кадыр-баркы жана аброю үчүн аны райондун коомчулугу жана жердештери 1947-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2-чакырылышына (1947-1951-жж.) депутат кылып шайлашат.

Бул Абдибалиева Галбүбү үчүн эле эмес, райондун калкы, жалпы кыргыз аялзаты үчүн чоң сыймык болчу. Анткени ал мезгилде аялдардан чыккан активисттер, жетекчилер колдун беш манжасындай өтө сейрек болчу. Ал эми депутаттык мандат абдан чоң кадыр-барк, ардактуу наам жана кол тийбестик укук болчу.

Буга чейин Абдибалиева Галбүбү бир гана чарбанын иши менен алектенип келген болсо, эми чарбанын иши менен бирге республиканын деңгээлинде ой жүгүртүүгө жана аракеттенүүгө туура келди. Анткени республиканын бардык аймактарында Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки абал Баткен районунун чарбаларындай эле окшош болчу. Депутаттык мандат Галбүбү апага бир жагынан чоң жоопкерчиликти жүктөсө, экинчи жагынан Кыргызстандын булуң-бурчтарынан барган

кесиптештери менен ой бөлүшүп, тажрыйба алмашып, дагы да белди бекем бууп, жаныча ой жүгүртүп, демине дем кошуп, чымыркана иштөөгө бел байлатты.

Колхоз жетечисинин вазийпасында Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки бүлүнгөн эл чарбасын кайра калыбына келтирүү, коомдук малдын санын көбөйтүү, малсыз кожолуктарга колхоздун эсебинен мал берүү, малдын асыл тукумдуулугун жакшыртуу, андан алынуучу продукцияларды көбөйтүү, короо-сарайларды жаңылоо, жаңы жерлерди өздөштүрүү менен агротехникалык эрежелердин негизинде түшүмдүүлүктү жогорулатуу, социалдык муктаждыктагы мекемелерди куруу, элдин турмуш-тиричилигин жакшыртуу сыяктуу иштер арбын болчу.

Райондун аймагында жаңы жолдорду курууга, жаңы жерлерди өздөштүрүүгө жана жаңы каналдарды чыгарууга иш пландар бекитилип, райондук жетекчилик аларды аткарууну колхоздорго, мекеме-ишканаларга бекитип, алардын аткарылышын такай көзөмөлгө алып турган. Райондун аймагындагы мына ушундай маанилүү обьектилердин бири Каракол каналын куруу болгон. Себеби аны менен бир канча гектар жерлерди суу менен камсыздоого өбөлгө түзүлмөк. Албетте, мындай ири курулуштарга райондун жалпы коомчулугу жапа тырмак жардам берген. Мына ушундай коомчулук үчүн маанилүү жумуштардын башында Галбүбү райис баш болгон кара-булактыктар жегердүүлүк менен аракет кылышкан.

1955-жылы күзүндө колхоздун жалпы чогулушунун негизинде малчылар күнү 30-октябрда белгиленип, ага чогулуштун токтому менен 100 кг буудай уну, 2 баш кой, сабиз, пияз, отун бөлүнөт, нан жабууга аялдар дайындалат жана аны аткарууга комиссия мүчөлөрү шайланат. Чабандарга 1 тай, 1 торпок, 1 кой, 1 улак, 1 радио, башкарманын мал чарба боюнча орун басары Бердешкого 1 торопой, саанчыларга 5 метрден кездеме, жалпы 31 малчыга сыйлык берилет. Бул болсо колхоздун кирешесинин арта баштаганын далилдесе, экинчиден, колхоз жетекчилеринин мал чарба кызматкерлерине көрсөткөн материалдык жана моралдык колдоосу болгон.

1955-жылы колхоздун карамагында жалпы 1020 га айдоо аянты болуп, ага негизинен дан эгиндери: буудай, арпа, жүгөрү, тоют өсүмдүктөрү: беде, көп жылдык чөп, кызылча; мындан тышкары картошка, жашылча жана коон-дарбыз өстүрүлгөн.

Ал кезде колхоздогу 158 үй-бүлөдө 818 жан болуп, анын ичинен эмгекке жарамдуу 196 эркек, 190 аял, мындан тышкары эмгекке жарамсыз 368 карыя жана 64 өспүрүм болгон. Мында көрүнүп

тургандай эмгекке жарактуулар 47,3 %, анын ичинен эркектер тең жарымын түзүп, жалпы жумушчу күчүнүн эмгегинин натыйжасында мамлекеттик план-тапшырмаларды аткарып, чарбада жашагандардын баарын тиешелүү тамак-аш менен камсыздап турууга тийиш болчу.

Ошол жылдары жогорку уюмдардан келген тапшырмаларды өз мөөнөтүндө жана так аткаруу, ар кандай саясий жана чарбалык билдирүүлөрдү, отчетторду убагында тапшыруу талабы өтө катуу болгон жана бул милдеттердин аткарылышы менен райондук жетекчилик чарба, мекеме-ишканалардын жетекчилеринин аткаруучулук тартибине, жөндөмүнө да баа берип турган.

Галбүбү апа айыл арасында жетекчилик менен кошо камкор эне жана акылман кеңешчи катары да таанымал болгон. Анткени ким эмнеге муктаж, ким-ким менен араздашып, же чырлашып калган болсо, аларды элдештирип жана туура кеп-кеңешин берип турган.

Айыл чарбасын өнүктүрүүгө кошкон үлкөн салымы, мамлекеттик пландарды дайыма ашыкча аткаргандыгы, чарбанын экономикалык көрсөткүчтөрүн жогорулаткандыгы жана элдин социалдык турмушун жакшыртуу боюнча алгылыктуу жумуштарды аткаргандыгы жана чарбаны жетектөөдөгү идеалдуулугу үчүн Абдибалиева Галбүбү экинчи ирет 1955-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин 4-чакырылышына (1955-1959-жж.) депутат болуп шайланат.

Кеңеш доорунда Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайлануу азыркы эгемендүүлүк учурундагыдай бир топ акча каражатын чачып, той берип, тууган-урукту, тааныш-билишти жыйнап, же партиялаштар уруу, уруктар, жек-жааттар болуп бөлүнүп, добуш берүү салты таптакыр жок болгон. Ал кездеги партиялык номенклатура боюнча кандидаттын бардык өмүр жолу, ишмердүүлүгү, мамлекеттик план-тапшырмаларды аткаруу боюнча беш жылдык көрсөткүчтөрү, моралдык абалы жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн ишмердүүлүгү да өтө кылдат жана так иликтенип, райондук, областтык, республикалык баскычтардан иликтенип өткөндөн кийин гана уруксат берилип турган. Ошондуктан, ал кезде бийлик бутактарына кокустан, же тааныш-билиш аркылуу барып калуу фактылары дээрлик болгон эмес. Экинчиден, жогорку бийлик бутактарына төмөнкү бийлик тепкичтерин басып өтмөйүнчө мүмкүн эмес эле. Ал эми бийликтин, т.а. элдин жоопкерчилиги жеке же үй-бүлөлүк кызыкчылыктан да өтө жогору турган. Айрым катачылыктарга же кемчиликтерге жол берүү жетекчинин керт башы үчүн өтө опурталдуу болгон.

Баткен районунун тарыхында Кеңеш бийлигинин мезгилинде айрым партиялык-жетекчилик номенклатура боюнча шайланган

райондук жетекчилерди эске албаганда Кыргыз ССР Жогорку Советине эки жолу депутат болуп Абдибалиева Галбүбү менен Төлөбаев Амиракул гана шайланган. Мындай карапайым калк катмарынан чыгып, адилет иштеп, элине ак кызмат өтөп, эч ким жарата элек ийгиликтерди ак эмгеги менен гана жаратып, эки жолу депутат болуп шайлангандар өлкө боюнча да саналуу эле. Ошондуктан, алардын ысымдары Ата Мекен тарыхынын барактарында өз доорунун эмгек баатырлары катары өчпөс болуп жазылып калаары шексиз.

Галбүбү апа 1955-жылы Москвада өткөн Кыргызстандын айыл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө катышат. Бул анын чарбалык иш тажрыйбасын дагы да жаңы жетишкендиктер менен толуктоого, билгендерин бекемдөөгө жана жаныча ой жүгүртүп, жаңыча иштөөгө шыктандырат.

Ал "1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы каармандыгы үчүн", "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалдары, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Областтык советке эки жолу, айылдык советке бир нече жолу депутат болуп шайланып, партиянын райондук, областтык конференцияларына бир нече жолу делегат болуп катышкан.

1930-40-жж. Кыргызстандын булуң-бурчтарында тап күрөшүнүн айрым элементтери али толук жоюла элек болчу, жада калса согуш учурунда да мындай көрүнүштөр айрым жерлерде орун алып турган. Жаңы коомдук түзүлүшкө каршы болгон тап күрөшүнүн өкүлдөрү түштүк Кыргызстанда биринчилерден болуп колхозду уюштурууга катышкан Салиева Уркуяны күйөөсү менен өлтүрүп кетишкен. Ошол кездеги айрым көз караштар боюнча аял кишинин башчы болушуна каршы пикирлер да көп болгон. Мына ушундай кооптуу жагдай Абдибалиева Галбүбү апаны да кыйгап өткөн эмес, анын күйөөсү Абдибалиев Эрматты тоого отунга барган жеринен тап күрөшүнүн өкүлдөрү жан таслим кылышкан. 17 жеринен бычак жеген Эрматтын денесин эки күн бою издеп араң табышкан. Күйөөсүнө жасалган мындай каракчылык, алардын кектүү өчү муну менен эле бүтүп калбайт болчу. Ошондуктан Галбүбү апа мөгдөп олтуруп калбастан, белди бекем бууп, кайраттуулук менен элине дем берип, чечкиндүүлүк менен аракет кыла берген.

Абдибалиева Галбүбүгө берилген мүнөздөмөдө: "...Колхоз жумушуна аябагандай көп эмгек жумшаган, коомдук малдарга короо-сарайларды салдырган. Атап айтканда колхоз башкармалыгы үчүн 5 бөлмөлүү типтүү кеңсенин имараты, Суу-Башы участкасына 2 уйкана, дан сактоочу кампа, малчылар үчүн үй, Кара-Булак участкасына 2

уйкана, сыйымдуулугу 200 башка ылайыкташтырылган чочкокана. 300 башка эсептелген музоокана, 200 жылкы сыя турган аткана, дагы 2 мал сарай, 4 бөлмөлүү малдарды уруктандыруучу пункт, чабандар үчүн 17 турак үй, чабандар үчүн жайлоолорго 16 стандарттуу үйлөр, сүт тартуучу пункт, 3 музоокана, стандарттуу 3 сарай, машина-тракторлор үчүн гараж, 4 бөлмөлүү төрөт үйү, мугалимдер үчүн 5 бөлмөлүү үй салдырган. Иштеген мезгилинде эч кандай одоно кемчиликтерге жол койгон эмес. Мал чарба, жана мамлекетке сатуу пландарын жыл сайын ашыгы менен аткарып келген". - деп жазылып, ага колхоз активдеринен 6 адам, райондук жетекчиликтен райкомдун катчысы А.Айжигитов кол койгон.

Бул курулган курулуштар азыркы учурдагыдай мамлекеттин же долбоорлордун эсебинен эмес, колхоздун өзүнүн тапкан кирешесинен гана жасалган, ошондуктан мындай ири суммадагы курулуштардын курулушу колхоздун кирешесинин көбөйгөндүгүн далилдесе, экинчиден, аны менен колхоздун материалдык-техникалык абалын чыңдоого, тиешелүү шарттарды түзүүгө жана калктын социалдык абалын жакшыртууга чоң өбөлгө болгон.

Абдибалиева Галбүбү 1943-жылдан 1957-жылга чейин "Кара-Булак" колхозунда, 1958-59-жж. Фрунзе атындагы колхоздо жетекчи болуп, андан кийин да 1968-жылга чейин б.а. ардактуу эс алууга чыкканга чейин колхоздун иштерине активдүү катышып турган. 1976-жылы көз жумган.

Галбүбү апа азыркы кездегидей жогорку, атайын же жалпы орто билимге да ээ эмес болчу, же атайын адистиги да жок эле. Бирок өзүнүн акыл-эси, турмуштук тажрыйбасы, чарбачылдыгы, иш билермандыгы, өжөрлүгү менен эң оор, эң кыйын мезгилдерде жаңы коомдук түзүлүштөгү чарбаны, элди 17 жыл башкарды. Ар бир үй-бүлө өз жанын, өз курсагын тойгуза албай жаткан кыйын учурларда ал жалпы элдин курсагын тойгузуунун камын көрдү. Бей-бечарага, мунжу-карыпка энелик камкор мамиле жасады. Элди ачарчылыктан, жокчулуктан сактап калууда, алардын келечекте бардар турмушта жашоосуна өз салымын кошту. Ал элдин эң жогорку бийлик өкүлчүлүгүнө – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына эки мертебе шайланды. Депутат катары элдин суроо-талабын мамлекет башчыларына жеткирип турду жана шайлоочулардын бир топ тапшырмаларын аткартууга жетише алды. Бул бийиктикке турмуштун ары татаал, ары таштак чыйырлары, өйдө-ылдыйлары аркылуу чарчап-чаалыкпастан тынбай жүрүп олтуруп, таман акы, пешене тери, ак эмгеги менен гана жете алды. Азыркы айрым атка минер чиновниктерге

окшоп, мал-мүлк жыйнабады, кош кабаттап үй тургузбады, жеңил автоунаа да алган жок. Ардактуу эс алууга чыккандан кийин да карапайым калктын бири катары ийик ийрип, килем жасап, малын карап, неберелерин тарбиялап, демейдегидей жашоо өткөрдү. Анын артында элине өтөгөн ак кызматы жана ал жөнүндө замандаштарынын тамшана айткан асыл сөздөрү гана калды.

Галбүбү апа күйөөсүнөн калган бир уул, бир кызды эрезеге жеткирип, тарбиялап эл катарына кошкон. Уулу Эрматов Сейитказы райондо алгачкы жогорку билимдүүлөрдөн болуп, колхозду башкарган. Андан кийин көп жыл бою мектеп жетекчиси болуп, билим берүү ишине бүт өмүрүн арнады: 6 уул, 2 кызды тарбиялап өстүрүп, анын балдар-кыздары да ата жолун улантып, эл-журтка кызмат кылышууда.

## 5.25. Айбалаев Мамат



Кыргыз Республикасындагы тоо-кен өнөр жайынын тажрыйбалуу, мыкты адистеринин бири, өндүрүшчү жана белгилүү саясий ишмер Айбалаев Мамат Марипович Баткен районунун Ортобоз айылында туулган.

Айбалаев Мамат тоо-кен адистигине ээ болгондон кийин анын алгачкы эмгек жолу 1961-жылы Россия Федерациясынын Свердловск областындагы Дегтяр түстүү металлдарды иштетүүчү кен ишканасынан башталган. Дегтяр түстүү металлдарды иштетүүчү кен ишканасы ал кездеги союздук маанидеги ири, өнөр жай ишканаларынан болгон. Ошондуктан ага адистердин арасынан да өтө мыктылары иргелип жөнөтүлүп турган. Алгачкы эмгек жолун гүлдөгөн Кеңеш доорунда мына ушундай ири ишканадан баштаган Айбалаев Мамат ал жерден ар кандай улуттардын өкүлдөрү менен аралашып, алардын иш тажрыйбасын үйрөнүп, такшалып, теориялык алган билимин практика менен айкалыштырып, өндүрүш тармагындагы жумуштун ыргагы кандай экенин билип гана тим болбостон, анын бир топ сырларын тереӊ өздөштүрө алды. Андагы жети жыл аралыгында топтогон өндүрүштүк, турмуштук тажрыйбасы менен кошо Мамат Айбалаевдин билими, жигердүүлүгү жана жаштык күч-кубаты Айдаркен сымап комбинатына жумшалды. Айдаркен сымап комбинатындагы жыйырма жылдан ашуун мезгилдеги жетекчилик

жумушунда ал комбинаттын эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, ички мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу, ишти илимий негизде уюштуруу, инновациялык жаңы ыкмаларды жана заманбап технологияны пайдалануу менен комбинаттын өндүрүштүк, пландык көрсөткүчтөрүн кескин түрдө жогорулатууга жетише алды. Мамат Айбалаевдин жетекчилик мезгилинде Айдаркен сымап комбинаты сымап өндүрүү боюнча Советтер Союзунда экинчи орунга чыгып, жылына мындан өндүрүлгөн 600 тонна сымап мамлекеттик резервке, 2000 тонна сурма концентраты Кадамжайдагы сурьма комбинатына, ал эми 10-12 тонна плавико-шпат концентраты Россиянын Оренбург областына жеткирилип турган. Мындан өлкөнүн капчыгына жана жергиликтүү бюджетке да олуттуу акча каражаты түшүп, сымап комбинаты менен кошо Айдаркен шаарчасынын да ооматы келип турган.

Андан кийин Айбалаев Мамат мамлекеттик пландоо комитетинин төрагасынын биринчи орун басары болуп, беш жыл иштеди. Ал мезгилдеги пландуу экономиканын ички сырларын ийне-жибине чейин өздөштүрүп, анын маңызын чаккан Айбалаев Мамат кийинки жетекчилик кызматтарында пландуу экономиканын көрсөткүчтөрүн, анын алгылыктуу жактарын базар экономикасынын шартына ыңгайлаштырып, индикативдик пландарды кабыл алуу, өндүрүштүк чыгымдарды азайтуу, ишкананын рентабелдүүлүгүн арттыруу менен кирешени көбөйтүүдө бир топ тажрыйба арттыргандыгын мезгил көрсөттү. Ошол учурдагы саясий туруксуздуктун айынан бир топ жабыркаган Айбалаев Мамат СССР түстүү металлургия министрлигине, Москвага жумушка кетип калат. Ал кезде Кадамжай сурьма комбинаты СССР түстүү металлургия министрлигине караштуу болгондуктан жана анын мурдагы директору пенсияга чыккандыгына байланыштуу союздук маанидеги министрлик Айбалаев Маматты Кадамжайдагы сурьма комбинатына директор кылып жөнөтөт. Бул ири өнөр жай ишканасына кыргызстандыктардын, кыргыздардын арасынан дайындалган биринчи жетекчи болчу. Кадамжайдагы сурьма комбинатынын абалы да ал кездеги өлкөдөгү бардык өнөр жай ишканаларындай эле токтоп калуу, жоюлуу баскычында турган болчу. Өндүрүш тармагынын абалын ийне-жибине чейин билип, анын ички механизмдерин терең өздөштүргөн, чыныгы өндүрүшчү Айбалаев Мамат ишке белсене киришет. Анын жигердүү аракетинин натыйжасында Якутия, Тажикстан жана Казакстан менен өнөр жай байланышы түзүлүп, комбинат дээрлик кайрадан тикеленип, кайрадан продукция бере баштайт. Комбинат Айбалаев Мамат келгенден кийинки алгачкы 1991-жылы 17 млн. долларлык продукция өндүргөн болсо,

1995-жылы эки эседен ашык, 35 млн. долларлык продукция өндүрүүгө жетишип, Ата мекендик өнөр жайдын гиганты катары эсептелген ишканада 3,5 миң адам эмгектенип, мамлекеттик казынага миллиондогон акчалар түшө баштайт. Токсонунчу жылдардагы оор экономикалык кризистин учурунда, мындай ири өнөр жай ишканасын бутуна тургузуу жана анын продукцияларын Европага чейин сатуу, анча-мынча профессионал-менеджер адистин да колунан келчү жумуш эмес болчу.

Өлкө жетекчилеринин саясий курмандыгына кайрадан кабылган Айбалаев Маматты болор-болбос шылтоолор менен кызматынан дагы алышты. Ошол мезгилде Кадамжай шаарчасынын жалпы эли Мамат Айбалаевди колдоп, күн сайын митингге чыгышып, өздөрүнүн үнүн борборго жеткирүүгө аябай аракет кылышты. Бирок алардын үнүн бийлик укпады, алардын ой-пикири менен да эсептешкен жок.

Ошентип Айбалаев Мамат үч жылдай убакыт бош жүрүп калат. Кадамжай сурма комбинаты таланып жок болоордо, кийинки жетекчинин колунан эч нерсе келбей калганда, 1999-жылдын башында өлкө бийлиги Айбалаев Маматты комбинаттын директорлугуна кайрадан чакырууга аргасыз болушат. Кызматынан кетерде резервде калган 1000 тонна сурьма, 600 килограмм алтындан эч нерсе калбай, өндүрүш тармагы токтоп калган. Мына эми ишти кайрадан баштоого туура келип, ишти жандантып, өндүрүш тармагы эми кайра калыбына келе баштаганда, Айбалаев Маматты өлкө бийлиги чакырып, жаңыдан түзүлүп жаткан Баткен областын жетектөөгө жөнөтүшөт.

Ошентип, Айбалаев Мамат 1999-жылы октябрь айында жаңыдан түзүлгөн Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы – губернатору болуп дайындалат. Ал кезде Баткен аймагында абал оор болчу. Анткени райондун аймагына эл аралык исламдык террорчулардын басып кирүүсүнүн натыйжасында куралдуу кагылышуу болуп жаткан учур эле. Жаш эгемендүү мамлекеттин жетекчилиги жана анын аскер бөлүктөрү күтүлбөгөн куралдуу кагылышууларга туруштук бере албай, аскердик жоготууларга учурап, чек араларды коргоого да алы жетпей, өлкө мөгдөп турган учур болчу.

Мына ушундай шартта оор абалдан чыгуу үчүн ишти уюштура билген, аймактын бардык өзгөчөлүктөрүн терең талдай алган, элдин, коомчулуктун пикирин эске алуу менен алардын суроо-талаптарын орундата алган, абройлуу, ички дүйнөсү таза, иштерман инсан керек болгон. Мына ушундай уюштуруучулук, асыл адамгерчилик сапаттардын Мамат Айбалаевде бар экендиги анын төрт жылдай убакытта губернатор болуп иштеген мезгилинде айкын болду.

Анткени, өлкөнүн түштүк аймагында куралдуу кагылышуулар болуп, согуштук аймактагы сегиз айылдын 6 миңден ашуун калкы качкын катары райондун борборунун айланасына жайгаштырылып, Зардалы аймагында согуштук аракеттер жүрүп жаткан учур болчу. Мындан тышкары да областын аймагына жаңыдан көчүрүлүп келинген аскердик күчтөрдү жайгаштыруу, чек араларды чыңдоо, чек ара, бажы бекеттерин уюштуруу, алар үчүн тиешелүү шарттарды (имарат, турак жай, электр энергиясы, суу, ж.б.) камсыздоо, областык структурадагы ишкана-мекемелерди түзүү, алардын кадрдык, финансылык ж.б. маселелерин чечүү сыяктуу маселелер арбын эле. Жаңыдан түзүлө турган областык 70 тен ашык мекеме-ишканаларды Баткенде мамлекеттик имараттар эсептелүү гана болгондуктан, жайгаштыруу да негизги көйгөйлөрдөн болгон. Жада калса областык мамлекеттик администрация үчүн да имарат болбогондуктан, райондук мамлекеттик администрациянын имаратына жайгаштырылды.

Эми Мамат Айбалаев үчүн кайрадан билек түрө, шымалана иштеп, Ата Мекендин аймактык бүтүндүгүн, анын көз карандысыздыгын сактап калуу керек болчу. Чынында эле Айбалаев Мамат күндү-күн, түндү-түн дебей катуу иштеди. Эл аралык террористтердин тобу менен удаа эки жыл салгылашууга туура келди. Алардын жолун биротоло жаап салуу үчүн чек араларга аскердик бөлүктөр жайгаштырылып, ички жана тышкы коопсуздукту камсыз кылуу үчүн аскердик күчтөр областтын аймагынын тиешелүү жерлерине жайгаштырыла баштады. Кошуна өлкөлөрдүн жарандары тарабынан да биздин тоолордогу жаратылыш байлыктарын, айрыкча арча, карагайларды тоноп кетүү, жайыттарды каалагандарындай пайдалануу фактылары арбын болчу. Чек ара аскер бөлүктөрү мына ушундай жерлерге орнотулуп, тосоттор коюлуп, бул аймактын сырын абдан жакшы билген Мамат Айбалаев "элдик губернаторго" айланды. Кошуна өлкөлөрдүн жарандары тарабынан бизге тиешелүү аймактар өз алдынча өздөштүрүлүп, алардын жетекчилиги тарабынан биздин жарандар каттоочу жолдорго бажы, чек ара тосоттору бир жактуу орнотулуп, биздин жарандарга эч негизсиз эле өтө көп тоскоолдуктарды жаратып, аябай кыйнаган болчу. Алардын жетекчилери менен Мамат Айбалаев тең ата сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Алар буга чейин биздин райондук жетекчилер менен мындай сүйлөшүүлөргө барышкан эмес болчу. Ал эми мурда Ош областынын курамында болуп, бул аймак бир топ алыс жайгашкандыктан, ал жетекчилер мындай иштерге анчалык көңүл да бурушпаган. Кошуна өлкөлөрдүн жетекчилери менен Мамат Айбалаев бир канча жолугушууларды өткөрүп, бир канча маселелерди мамлекеттин, элдин

кызыкчылыгы үчүн оң жагына чечүүгө жетише алды. Ал мезгилде областын дээрлик көпчүлүк бөлүгү энергетика, суу, жол боюнча Өзбекстанга, Тажикстанга толук көз каранды болчу. Кошуна өлкөлөрдүн жетекчилери Мамат Айбалаевдин дипломатиялык мамилеси аркылуу кыргыз бийлигин таанууга, аны менен эсептешүүгө аргасыз болушту. Мисалы: Кадамжай шаарчасынын Ошко карай чыга бериш жерине жайгашкан Өзбекстандын чек ара, бажы тосоттору биздин жарандардын сумкаларынан тарта чөнтөктөрүнө чейин тинтип, документтерин текшерип, канчалаган убарагерчиликти жаратып, айрым жарандарды болбогон шылтоолор менен өткөрбөй койгон фактылар улам кайталанып турган. Мындай бир жактуу тосоттор областтын аймагында бир топ болчу. Алардын ар бири үчүн адекваттуу чараларды колдонуп, маселени мыйзам чегинде чечүүгө жетише алды. Азыр Кадамжай шаарчасынын чек ара тосотунан өтүп бара жаткан ар бир жаран Мамат Айбалаевке ыраазы болбой койбойт. Мындай иштер менен биздин өлкөнүн аймактык бүтүндүгү жана көз карандысыздыгы сакталып калды. Ал эми Тажикстандын Исфара районунун Варух айыл өкмөтү Баткен районунун Ак-Сай айылына секундасына төрт жүз литр суу бериш керек болсо, алар сууну бербей коюшкан. Мурдагы жетекчилер бул маселени чече албай келишкен. Губернатор өз талабын катуу коюп, маселени оң жагына чечкен. Айта берсе мындай мисалдар арбын.

Баткен областынын тунгуч губернатору катары Мамат Айбалаев областтын пайдубалын түптөөгө, анын экономикасын жогорулатууга, өнөр жай ишканаларын, айыл чарбасын, тейлөө тармагын, шаарлардын инфраструктурасын жакшыртууга олуттуу салым кошту. Дасыккан өнөр жай ишмери катары бир канча иштебей жаткан көмүр шахталарын, комбинаттарды, чакан ишканаларды ишке киргизди. Кышында ат менен бир топ айыл чарба жерлерин кыдырып чыгып, кышкы сугатты ишке ашырды. Кароосуз калып, кыйылып жок болуп бара жаткан бактарды сактоо үчүн кооперативдер, дыйкандарды колдоо үчүн сервистик ишканалар түзүлдү. Жүзүм өстүрүү кайрадан колго алынып, жергиликтүү винзаводдор ишке киришти. 1993-жылы Кыргыз Өкмөтүнүн токтому менен латок, суу насостору айыл өкмөттөрүнүн балансасына өткөрүлүп берилген болчу. Бирок жергиликтүү бийликтин акча каражатынын жетишсиздигинен, электроэнергияга миллиондогон сом карыздар болуп, аны иштетүү айыл өкмөттөрүнүн колунан келбей калган. Бул маселени губернатор өкмөттүк деңгээлге көтөрүп чыгып, латок, суу насосторун айыл чарба жана кайра иштетүү министрлигинин алдындагы суу чарба департаментине өткөрүп бергенден кийин,

дыйкандардын маселеси оң жагына чечилген. Ар бир айылдын тургундары менен жолугушууларды өткөрүп, алардын көйгөйлөрүн чечип, жеке турмуш-тиричиликти жакшыртуу боюнча баалуу кеп-кеңештерин берди. Областта бир топ долбоорлорду даярдатып, инвесторлорду алып келип, бардык көңүлдү экономиканы жогорулатууга бура баштады. М.Айбалаевдин: "Экономика жогоруламайынча, биз эч качан жакшы жашай албайбыз. Жакшы жашоо үчүн жакшы иштөө керек", – деген сөзү ар бир үй-бүлөнүн, ар бир мекеме-ишкананын девизине айлана баштады. Ал өзү менен бирге иштегендерге талапты абдан катуу коюп, анын аткарылышын дайыма көзөмөлгө алып турган. Жада калса бирөө жеген нанын айрым учурда коңшу өлкөдөн алып келип турарын айтканда, Мамат Айбалаев: "Биринчи кезекте өзүбүздүн ишкерлердин товарын алуу керек. Аны менен ишкерлерди колдойсуң. Ишкерлер салык төлөп, өлкөнүн бюджетине салым кошот. Мамлекеттин казынасы байыса, мекеме-ишканада иштегендердин, мугалимдердин, врачтардын эмгек акысы, пенсия, пособия көбөйөт" – деп, эң жөнөкөй жана жеткиликтүү түшүндүргөн.

Бирок, область түптөлүп, ички, тышкы коргонуу чаралары бекемделип, экономикалык байланыштар жанданып, социалдык маселелер чечилип, иш эми өз ыргагына келе баштаганда, өлкө бийлигинин "эски ооруусу" дагы кармап, Мамат Айбалаевди эч негизсиз эле дагы кызматынан алышты. Губернаторлук кызматынын төрт жыл аралыгында Мамат Айбалаев Баткан областы үчүн опол тоодой кызмат аткарды. Бирок ал бийликке эмне үчүн жакпай калды деген суроого карапайым калк жооп таппай бир нече жолу өлкө бийлигине кайрылды. Өлкөдөгү эки жолку төңкөрүштөн кийин да бул маселе кайра-кайра коюлду, бирок элдин үнүн уккан жан болбоду. Жада калса өлкөнү экономикалык каатчылыктан алып чыгуунун негизги жолдорунун бири катары нвестиция тартууга аябай басым жасаган Мамат Айбалаев тоо-кен өнөр жайын иштетүү боюнча долбоор даярдап, ага чет өлкөдөн инвесторлорду чакырган болчу. Өлкө бийлиги ал кызматтан кеткенден кийин ага да жол берген жок.

Мамат Айбалаевди тааныган ар бир инсандын жүрөгүнүн түпкүрүндө: "Ата журтка Айбалаевдей күйөө бил!", "Жетекчи болсоң – Айбалаевдей бол!" – деген учкул сөздөр уюп калды.

Айбалаев Мамат өлкөнүн саясий иштерине да активдүү катышты, 20 жыл Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп, өлкөнүн ички жана тышкы саясаты, анын өнүгүүсүнүн

приоритеттүү багыттары боюнча бир канча мыйзамдарды жазышты жана мыйзам актыларын кабыл алууга катышты.

Мамат Айбалаев Россия Федерациясынын Эл аралык инженер академиясынын мүчө-корреспонденти, Кыргыз Республикасынын инженер Академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын техника жана технология боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын өндүрүшүнө эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын II класстагы мамлекеттик кеңешчиси. Аскердик наамы полковник.

### 5.26. Ачылова Рахат



Кыргыз кыздарынын арасынан чыккан алгачкы илимпоз, философия илимдеринин доктору, профессор Рахат Ачылова 1941-жылдын 30-майында Баткен районунун Орто-Боз айылында жарык дүйнөгө келген. Атасы Ачыл Эргеш уулу ошол мезгилде айылда мугалим болуп иштеген, ал да көпчүлүк жоокерлердей өз мекенин коргоо үчүн Улуу Ата Мекендик согушка аттанган, бирок апааттуу согуштан кайтпай калган.

Ачылова Рахат толук эмес орто мектепти аяктагандан кийин Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайына кирген. Аны аяктагандан кийин Кыргыз мамлекеттик университетине тапшырып, 1963-жылы аталган окуу жайынын тарых факультетин бүтүргөн. 1966-жылы Ленинград мамлекеттик университетинин аспирантурасын аяктаган. 1968-жылы Ленинград мамлекеттик университетинде "СССРдеги улуттар аралык нике жана үй-бүлө (социологиялык анализ)" деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон. 1988-жылы "Улут жана үй-бүлө, алардын өз ара аракеттенишинин усулдук көйгөйлөрү" деген темада докторлук диссертациясын Ленинград мамлекеттик университетинде ийгиликтүү коргоп, кыргыз окумуштууларынын арасынан алгачкылардан болуп философия, социология илимдерине чыйыр салган. 1972-жылы доцент, 1989-жылы профессор, Кыргыз Республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери деген наамдар ыйгарылган. 15 тен ашуун илимий эмгектин, 3 монографиянын автору. Анын "Кыргызстандагы аялдарды окутуунун азыркы абалы" аттуу китеби англис, француз тилдерине которулган.

Ачылова Рахат борбордогу жогорку окуу жайларында Кыргыз мамлекеттик университетинде окутуучу, кафедра башчысы, Кыргыз мамлекеттик кыз-келиндер педагогикалык институтунда ректор, Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинде профессор, Кыргыз айыл чарба институтунда философия кафедрасынын башчысы болуп иштеп окумуштууларды, квалификациялуу кадрларды даярдоого олуттуу салым кошкон.

Ачылова Рахат 1995-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу палатасына депутат болуп шайланган. Ал Баткен, Лейлек райондорунун жашоочуларына шарты катаал аймактардын катарында айрым жеңилдиктерди берүү мыйзамын, Кыргыз Республикасынын билим берүү концепсиясынын альтернативдүү вариантын жана башка билим берүү, социалдык, маданий маселелер боюнча бир канча мыйзамдарды иштеп чыгууга катышкан.

Ачылова Рахаттын долбоору менен 1990-жылдарда Баткен, Лейлек райондорунда калкка кичи насыя берүүчү компания ачылып, ал базар экономикасынын шартында калкка кызмат көрсөткөн жана калктын жалпы катмарын базар экономикасынын шартында насыя жолу менен иштөөгө үйрөткөн.

Ачылова Рахат Ардак белгиси орденинин, "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалынын ээси.

## 5.27. Садыков Тургунбай



Баткен районунан чыккан биринчи Социалисттик Эмгектин Баатыры, Кыргыз Республикасынын Баатыры Тургунбай Садыков 1935-жылы Баткен районуна караштуу Орто-Боз айылында туулган. Анын балалык чагы да ушул эле айылда өтүп, ушул жердеги айылдык мектептен окуп билим алган. Атактуу сүрөткер өз өмүр баянында эскергендей, анын сүрөт өнөрүнө болгон ышкы балалык кезинде эле ойгонгон жана аны окуткан биринчи мугалими Ачыл агай да: "Сен сүрөттү жакшы тартасың, келечекте чоң сүрөтчү болосуң" – деп, демине дем кошуп турган. Анын сүрөт тартууга, чыгармачылыкка болгон кызыгуусу барган сайын арта берген. Ошентип улуу чыгармачыл инсан Тургунбай Садыковдун чоң талантынын башаты жана чыгармачылык

деми алгач туулган айылынан, анын кереметтүү таасирлеринен башталып, аны чыгармачылыктын туу чокусуна карай жетелеп жүрүп олтурган. Ал өз чыгармачылыгын, билимин өркүндөтүү максатында Москвадагы жогорку сүрөт окуу жайына караштуу атайын жогорку курста окуп, сүрөтчүлүк боюнча атайын адистикке ээ болгон. 1959-жылы СССР Сүрөтчүлөр Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынып, 1968-жылы Кыргызстан сүрөтчүлөрүнүн IV съездинде Кыргызстан Сүрөтчүлөр Союзунун башкармасынын төрагалыгына, СССР Сүрөтчүлөр Союзунун катчылыгына дайындалган. Бул анын кызматтык тепкичтери болсо, анын чыгармачылыгындагы «Баланын башы», «Жылкычы жана карышкыр» деген эмгектери аны көркөм сүрөткер катары алгач ирет жалпы коомчулукка тааныткан. Ал 1957-жылы Кыргызстан жаштарынын Республикалык фестивалына катышып, анын лауреаттык наамына жана 1967-жылы «Жылкычы» аттуу айкели үчүн Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаттыгына ээ болгон.

Тургунбай Садыков 20 жыл (1968-1988-жж.) Кыргызстан Сүрөтчүлөр жамаатын жетектөө менен бирге улуттук кыргыз сүрөтчүлүгүнүн жана советтик көркөм сүрөт искусствосунун чыңдалышына өзүнүн жетекчилик, жеке чыгармачылык жана уюштуруучулук ишмердиги менен чоң салым кошкон. Ал Кыргыз ССР Жогорку Советинин 8-11-чакырылышынын депутаты жана 1985-жылы анын төрагасы, 1987-жылдан бери Кыргыз маданият фонду башкармалыгынын төрагасы, СССР көркөм сүрөт Академиясынын, Кыргызстан Улуттук илимдер Академиясынын анык мүчөсү – академиги, СССР Министрлер Советинин алдындагы Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктарды ыйгаруу боюнча комитеттин мүчөсү, Москвадан жарык көрүүчү "Юный художник", "Декоративное искусство СССР", "Наше наследие" журналдарынын редколлегия мүчөсү катары бир канча жооптуу кызматтарды аткарган. Тургунбай Садыковдун жетекчилиги менен кыргыз көркөм сүрөт искусствосу жөнүндө фундаменталдык жана автордук бир нече эмгектер жазылган.

Тургунбай Садыков – кыргыздан чыккан туңгуч айкелчи. Ал өз эл-жерин, улуттук мүнөзүн өзүнүн таң каларлык композициялары менен бүткүл дүйнөгө таанытты. Ал Даркүл Күйүкованын, Омор Султановдун, Уркуя Салиеванын, СССРдин эл артисти Муратбек Рыскуловдун, академик Муса Адышевдин, Чыңгыз Айтматовдун, профессор М.Миррахимовдун, философ Азиз Салиевдин портреттик мүнөздөрүн терең ачып бере алган. Бул эмгектеринде улуттук колоритке маани берип, улуттук мүнөздөрдү эркин жаратып, монументалдык

искусстводо өзүнүн жогорку профессионалдык чеберчилик дараметин көрсөткөн.

Ал кыргыз улуттук айкелчилик өнөрүнө чыйыр салып эле тим болбостон, кыргыз айкелчилигинин улуттук колориттеги баалуу мурастарын жаратып, аны бүткүл дүйнө коомчулугуна тааныта алды.

Тургунбай Садыковдун дасыккан сүрөткер, айкелчи жана дасыккан өнөрлүү инсан экендигин анын борбор калаага коюлган бир канча эмгектери далилдейт. Алар "Манас" комплекси, "Достук", "Эл кутy", "Эркиндик" монументтери, «Революциянын каармандары» ж.б. Чебер




сүрөткердин бул эмгектеринде тарыхый инсандардын жана замандаштарынын бейнесинде жалпы элдин өткөн тарыхынан бүгүнкү күнгө чейинки турмушунун элестери камтылып, алар улуттук колоритте чагылдырылган. «Революциянын каармандары» композициясы үчүн 1978-жылы Лениндик сыйлыктын лауреаты, СССР Сүрөтчүлөр Академиясынын алтын медалы, «Ардак белгиси» ордени менен сыйланган.

Жаш чыгармачыл инсандарды көркөм искусствого, кесиптик чеберчиликке, сүрөткерликке үйрөтүү жана тарбиялоо максатында Тургунбай Садыков борбор калаада 1991-жылы Мамлекеттик көркөм сүрөт жогорку колледжин уюштурат. 1995-жылы ал окуу жайы Көркөм

сүрөт академиясына айландырылат жана ага 2003-жылы "Улуттук" макамы берилип, 2004-жылы академик Тургунбай Садыковдун ысмы ыйгарылып, "Академик Тургунбай Садыков атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм сүрөт академиясы" деп аталып калды.

Академик Тургунбай Садыков атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм сүрөт академиясынын түзүмүнө: көркөм сүрөт мектептери, атайын көркөм сүрөт окуу жайы, көркөм сүрөт жогорку окуу жайы, искусство аспирантурасы, Улуттук көркөм сүрөт академиясы, илим-изилдөө бөлүмү жана илимий-усулдук музей, өлкөнүн сегиз жериндеги ачык асман алдындагы мамлекеттик скульптура музейлери кирген. Ал эми көркөм сүрөт мектептери Бишкек, Ош шаарларында, Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Талас, Чүй, Ысык-Көл областарында ачылган. Анын тарбиялануучулары жана бүтүрүүчүлөрү чыгармачыл өнөр жолунда өздөрүнүн дараметтерин сынашып, келечекте кыргыздын улуттук көркөм сүрөт өнөрүнө салым кошуу менен, аны бүткүл дүйнөгө таанытуу үчүн жигердүү аракет жасашууда.

Кыргызстанда Көркөм сүрөт академиясынын уюштурулушу эл аралык кеңири резонансты жаратып, эл аралык көркөм сүрөт жогорку окуу жайлары жана илимий мекемелер менен чыгармачылык жана окуу-усулдук байланыштар түзүлө баштайт. Алар: Россия көркөм сүрөт академиясы, В.И.Суриков атындагы Москва көркөм сүрөт институту, Санкт-Петербургдагы И.Е.Репин атындагы живопись скульптура жана архитектура институту, Пакистандагы жогорку мамлекеттик колледж, Стамбул мамлекеттик университети жана коңшулаш Борбордук Азиядагы мамлекеттердин көркөм сүрөт академиялары жана жогорку окуу жайлары.

Академия түптөлгөн биринчи жылынан баштап эле анын эшиги мында окууну каалоочулар, анын ичинде чет өлкөлүк жарандар үчүн да анын улутуна, расасына же башка белгилерине карабастан ачык болуп мындан Кытай, Турция, Казакстан, Өзбекстан ж.б. өлкөлөрдөн келген бир топ келечектин өнөр инсандары билим жана тарбия алышууда. Жыл сайын Европа, Азия өлкөлөрүнөн көптөгөн сүрөткерлер, искусство адамдары келишип, улуттук кыргыз маданияты жана искусствосу менен таанышышып, алардын айрымдары чыгармачылык-педагогикалык практикасын өтөп кетишет.

Кыргыз Республикасынын көркөм сүрөт Академиясынын мүчөлөрү – академиктери да Россия, Белоруссия, Украина, Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Тажикстан, Армения, Турция, Пакистан сыяктуу

өлкөлөрдүн ири искусство чеберлеринен шайланышы анын эл аралык деңгээлде аброюнун бир канча жогору экендигин далилдейт жана анын ишмердүүлүгү да эл аралык стандарттын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

Академик Тургунбай Садыков атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм сүрөт академиясынын дагы бир өзгөчөлүгү – ааламдашуу доорунда, ар бир аймактардын уникалдуу маданий өзгөчөлүктөрү менен кошо улуттук маданий баалуулуктарын сактоо боюнча кыргыз мамлекетинин маданий саясатын ишке ашыруу болуп саналат.

Академик Тургунбай Садыковдун жетекчилиги менен бул мекеме тарабынан 1984-жылдан бери бир канча эл аралык симпозумдар борбор калаада, Ош, Жалал-Абад шаарларында, Талас жергесинде, Баткен, Токтогул райондорунда өткөрүлүп, ага Испания, Куба, Коста-Рика, Румыния, Венгрия, Чехословакия, Польша, Германия, Голландия, Вьетнам, КЭР өлкөлөрүнөн, КМШ мамлекеттеринен жана Москва, Санкт-Петербург шаарларынан белгилүү скульпторлор катышышкан.

Тургунбай Садыков өзүнүн, шакирттеринин скульптуралык эмгектерин борбор калаага жана өлкөнүн бир канча аймактарына жайгаштырып, аны "Ачык асман алдындагы музейге" айландырууга жетише алды. 1993-жылы ЮНЕСКОнун Дели шаарындагы көчмө отурумунда Кыргызстандагы бул ачык асман алдындагы скульптура музейине бардык филиалдары менен кошо "эл аралык" макамы берилген. Ал эми 2000-жылы ушул "Бишкек шаарындагы жана республиканын башка региондорундагы ачык асман алдындагы эл аралык музей" үчүн Тургунбай Садыков баш болгон чыгармачыл топко Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча Мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган.

Көркөм сүрөт Академиясы өзүнүн уюшулган он жылдыгында Кыргызстандагы талаптарга эле эмес, эл аралык талаптарга ылайык иш аткаргандыгын анын катышуучулары баса белгилешкен. Мында айрым чет өлкөлүк таанымал чыгармачыл инсандардын чыгармаларынын жеке көргөзмөлөрү да байма-бай болуп турат.

Улуттук көркөм сүрөт академиясы көркөм сүрөт өнөр багытындагы окуу-тарбия жараянын жогорку деңгээлде уюштуруу жана камсыздоо үчүн окуу кааналарын заманбап техникалык жабдуулар менен толуктаган. Скульптуралык чыгармалардын бай экспозициясына ээ болгон илимий-усулдук музейге да баалуу орун таандык. Имараттын короосундагы скульптуралык, декоративдик, улуттук өзгөчөлүктөрдү

камтуу менен аткарылган көрктөндүрүү жумуштары да көргөн адамды суктандырбай койбойт.

Тургунбай Садыков көркөм сүрөт өнөрүндөгү жана инновациялык чыгармачылдыгындагы жетишкендиктери үчүн 2004-жылы Женевалагы Интелектуалдык менчиктин Бүткүл дүйнөлүк уюмунун Алтын медалы жана сертификаты менен сыйланган.

Манастын эстелиги кырк чоросу менен Баткен шаарынын түндүк дарбазасына орнотулуп, "Манас" маданий коругуна жана эс алуучу жайга айланды. Ар бир баш кошкон жубайлардын алгач ушул жерге келип, зыярат кылышы мыйзам ченемдүү көрүнүшкө айланып калды. Мындан сырткары да жылдын кайсы мезгилине карабастан, бул жерге келүүчүлөрдүн аягы үзүлбөйт. Баткен шаарынын чок ортосуна орнотулган "Эркиндик" монументи да шаарыбыздын көркүнө көрк кошуп, маданият сарайынын алдындагы ачык скульптуралык музей – маданий эс алуучу борборго айланып, мындагы таштан жасалган көркөм өнөр чыгармалары ар кандай адамды кайдыгер калтырбайт.

Тургунбай Садыков – Улуттук көркөм сүрөт Академиясынын президенти, Кыргыз Республикасынын Баатыры, Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССР Сүрөтчүлөр Академиясынын академиги, Лениндик сыйлыктын, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын, Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча Мамлекеттик сыйлыгынын, Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз ССРинин Искусствосуна эмгек сиңирген ишмер, СССРдин эл сүрөтчүсү, Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү, Ардак белгиси орденинин, СССР ВДНХсынын алтын, күмүш медалдарынын, СССРдин М.Б.Грекова атындагы алтын медалынын ээси, жана ардактуу профессор. Мына ушул эң жогорку наамдар жана сыйлыктар анын элге, Ата журтка кылган ак кызматынын акыбети, мээнетинин үзүрү экендигин толук тастыктап турат. Өткөөл доордо, коом алмашып, канча оош-кыйыштар болгондугуна карабастан, ал киши эч кандай саясатка да бийликке да аралашкан жок. Жеке өзүнүн же бирөөнүн керт башынын кызыкчылыгы үчүн ар кандай саясий, ыплас иштерге да аралашпады. Ал чыгармачыл өнөр адамы катары өзүнүн кесиптик чеберчилиги менен гана өмүр бою шугурланып келди жана азыр да ал калыбынан жазган жок. Мындай инсандык баалуулук анын улуулугун жана жөнөкөйлүгүн далилдесе, анын чебер колу менен жаралган чыгармалар байыркы доорлордо Греция, Рим, Мисир өлкөлөрүндө жаралган айкелдер эчен доорлорду карытып, бирок баштапкы калабынан жазбай, барган сайын баалуулугу артып, дале жашап келе жаткан сыяктуу дагы канчалаган кылымдарга

чейин өлбөс-өчпөс болуп жашай берет. Мындай асыл, чыгармачыл өнөрдүн улуулугу да, түбөлүктүүлүгү да мына ушунда.

## 5.28. Сайитмуратов Султанмурат
(1879-1942)



Падышачылык Россиянын жана Кеңеш өкмөтүнүн учурунда ошол кездеги миңбашылык кызматты ээлеп, ага жан-дили жана абийирдүүлүк менен кызмат кылган баткендик атактуу инсандардын бири Сайитмуратов Султанмурат миңбашы болгон. Ал эми анын атасы, чоң атасы, миңбашы болгондугун эске алганда, алар Кокон хандыгынан бери династия катары мамлекетке жана элге абийирдүүлүк менен кызмат өтөп келишкен.

Султанмурат миңбашы Кудайберди миңбашынын небереси, Сайитмурат миңбашынын уулу болгондугун эске алганда, бул атадан балага калган мурас болгон. Мындай мураскерликти аталар өзүнүн татыктуу, иш билги, элдин жүгүн көтөрүп, мураскерликти уланта алган гана баласына калтырган. Мына ушул өңүттөн алып караганда, биринчиден, Султанмурат миңбашыга миңбашылык кызмат мурас катары калтырылган болсо, экинчиден, ал аталар жолун татыктуу уланткан. Үчүнчүдөн, миңбашылык кызмат мураскерлик катары гана калбастан, ал шайлоо тартиби менен да бекемделген.

1910-жылы Нойгут-Кыпчак волостуна Сайитмуратов Султанмурат ошол убактагы шайлоо усулу боюнча миң башы болуп шайланат. Ал миңбашы болуп шайланган мезгилде 31 жаш курагында болгон. Волостукка азыркы райондун аймагы жана Тажик Республикасынын Исфара районуна караштуу Кулькент, Чилгези кыштактары да кирген. Ал миң башы болуп шайланары менен элдин тынчтыгын, ынтымагын көздөп, тажик, өзбек элдери менен коңшулук, достук салттарын бекем сактаган. Анын калыстыгы, акыйкаттуулугу, ыймандуулугу жөнүндө эл арасында алиге дейре бир канча жакшы сөздөр айтылып калган. Мына ушундай калыстыгы, адилеттүүлүгү жана өз ишине берилгендиги үчүн

аны өзбек. тажик элдери, Кокон уездиндеги орус башкаруучулары да урматтаган. 1917-жылы Октябрь революциясы жеңип, Кеңеш бийлиги орногондон кийин, көпчүлүк мурдагы жетекчилер бул бийликке каршы чыгышып, ар кандай каршылык кыймылдарды уюштурушкан. Бирок, Султанмурат миңбашы элдин кызыкчылыгы үчүн жаңы Кеңеш бийлигин коргоп чыккан. Ага Кеңеш бийлигинин жетекчилери да ишеним көрсөтүшкөн. Социалисттик түзүлүшкө каршы тап душмандары тарабынан коркунуч күчөгөн убакта Кокон уездинин шаардык милиция башкармасы тарабынан Султанмурат миңбашыга Нойгут-Кыпчак волостунун "Өзүн-өзү коргоо боюнча начальниги" деген күбөлүк менен наган револьвери берилген.

Ош округдук революциялык комитети 1924-жылдын 29-декабрындагы заседаниесинде Ош округун административдык райондоштуруу жөнүндө маселе карап, анда округдун аймагында 6 волост жана 5 милициялык районду бекиткен. Бул чечимге ылайык Нойгут-Кыпчак жана Жалайден бириккен волосттору Нойгут-Кыпчак волосту аталып, борбору – Баткен-Бужум айылы болгон. Ал эми милициялык райондун аймагына Жоокесек-Бостон, Нойгут-Кыпчак, Лейлек волостору кирген. Бул аймакка азыркы Баткен областынын аймагы караган. Бул абдан чоң аймак болгон жана ага кошо ошончо жоопкерчилик да жүктөлгөн. Ал кезде жол катнаш, кабар байланышынын начардыгын эске алганда бул ишти аркалоо бир топ кыйынчылыктарды жараткан.

Кара-Кыргыз автономиялык областынын Жалал-Абад революциялык комитети тарабынан 1924-жылдын 4-декабрында Сайитмуратов Султанмуратка Нойгут-Кыпчак, Лейлек, Жоокесек-Бостон волосторунун революциялык комитетинин председатели деген күбөлүк берилген.

Ал кызматын абийирдүүлүк менен аткарып, басмачылардын изине түшүп, алар менен өз ара сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, кан төгүүсүз максатына жеткен. Баткен, Исфара, Кожент, Кызыл-Кыя, Ноокат аймактарында Мадаминбек, Бекташ, Муса, Мадали сыяктуу корбашылар менен жарашуу жолун таап, аларды куралсыздандырып, 500 дөн ашык беш атар мылтык, бир канча пулемёт, көптөгөн ок-дарыларды Коконго алып барып тапшырган. Өзүн-өзү коргоо отряддарын жергиликтүү жигиттерден түзгөн. Алардын катарында Ботогозуев Нурмат, Кожоназаров Мадияр сыяктуу мыкты жигиттер болгон.

Сайитмуратов Султанмуратка 1928-жылдын 4-июлунда ОГПУнун (бириктирилген мамлекеттик саясий башкармалык) Орто Азиядагы

толук ыйгарымдуу өкүлү Цетва тарабынан күбөлүк берилип, анда: "Султанмурат Сайитмуратов Кожент, Кокон жана Ош кантондорунда басмачыларды жоюу боюнча активдүү иш жүргүзгөн жана анын аракети жакшы жыйынтык берген, т.а. Пакырдын шайкасы жок кылынган", – деп жазылган. Күбөлүк кол тамга жана мөөр менен тастыкталган.

ОГПУнун жетекчилери ал кезде мындай күбөлүктү саналуу гана адамдарга бергендигин эске алганыбызда, Сайитмуратов Султанмурат да алардын ишенимин актап, Кеңеш бийлигине татыктуу кызмат аткарган.

С.Сайитмуратов Түркстан АССРинин Фергана областынын Кокон уездинин Нойгут-Кыпчак волостун басмачылардан тазалоого жана тап күрөшүн жоюуга активдүү катышкандыгы үчүн 1924-жылдын 12-июнунда ВЦИКтин Президиумунун – Бүткүл Россиялык Борбордук аткаруу комитетинин председатели М.И.Калининдин Алкыш катын алган. ВЦИКтин Катчылыгынын токтому менен Түркстан фронтунун революциялык кеңешинин сунушуна ылайык РСФСРдин "Кызыл Туу" ордени менен сыйланган. Бул орден ошол кездеги мамлекеттик сыйлыктардын эң ардактуусу болуп саналган жана ага татыктуу болгондор Орто Азиядагы улуттардын арасынан өтө сейрек болгон.

Сайитмуратов Султанмурат мамлекеттин саясий иштерине да активдүү катышкан. Ал 1924-жылдын 2-январында Фергана областынан Советтердин Бүткүл Түркстан сьездине чечүүчү добуш менен делегат болуп катышкан.

1930-жылдарда Сайитмуратов Султанмуратка бийлик тарабынан бир топ кысымчылыктар да жасалган. Анын 1939-жылы СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели М.И.Калининге жазган арызында: ал "Кызыл Жылдыз" орденинин ээси катары анын жеңилдиктеринен жана артыкчылыктарынан пайдалана албай жаткандыгын, ал боюнча бир канча кайрылууларына алиге дейре жооп ала албагандыгын көрсөткөн. Ал эми бул катка СССР Жогорку Советинин Президиумунун иш башкармалыгы тарабынан берилген жоопто: Сайитмуратов Султанмураттын "Кызыл Жылдыз" ордени менен сыйлангандыгын тастыктаган. Анын балдарынын айтуулары боюнча ага берилген "Кызыл Жылдыз" ордени, наган револьвери белгисиз аскер адамдары тарабынан алынып кеткен. Ал эми Сайитмуратов Султанмуратка тиешелүү баалуу документтер анын балдары, неберелери тарабынан аздектелип, сакталып келинген.

Сайитмуратов Султанмурат 63 жаш пайгамбар курaганда каза болгон. Анын эки кыргыз, бир өзбек аялынан 11 уулу, 4 кызы болгон. Улуу Ата мекендик согуш башталганда анын беш уулу: Сайидганы,

Алихан, Абдиманнап, Бабахан, Камал согушка аттанышып, Сайидганы менен Алихан согуш талаасында курман болушкан. Ал эми калгандары жеңиш менен эл-жерине кайтып келишкен.

Султанмурат миңбашынын балдары, неберелери эл-жерине абийирдүүлүк менен кызмат кылышкан инсандар катары жалпы коомчулукка маалым. Уулу Сайитмурат "Ата доктур" деген ысым менен белгилүү болгон. Миңбашынын неберелери Саидибрагим Баткен шаарынын мэри, Ысмайыл ата жолун жолдоп медицина тармагында, Сайдимар менен Малик билим берүү тармагында жетекчилик кызматтарда элдин жүгүн аркалап, абийирдүүлүк менен кызмат кылышууда.

## 5.29. Салихов Мурат
(1905-1938)



Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын пайдубалын түптөөчүлөрдүн жана анын башындагы алгачкы жетекчилердин бири Мурат Салихов өзүнүн өмүр баянында жазгандай: 1905-жылы Кыргыз АССРинин Ош кантонунун Баткен-Бужум волостунун Кара-Тоо кыштагында төрөлгөн. Менин ата-энем дыйкан, айыл чарба жумушунда иштеген, кээде Кара-Тоо кыштагына жакын САНТО нефть өндүрүшүндө кара жумуш да аткарган. Атамда сугат жери болгон эмес, болгону 15-20 майда малы болгон. 1914-жылы мени таштап коюп, Андижан тарапка мардикерликке кетип, анда бир байдын коюн багып, 1916-жылга чейин иштеген. Өз жерине кайтып келгенден кийин атам өлүп, мен тоголок жетим калдым. 1919-жылы мектепте окуй баштап, ошол эле мезгилде нефть өндүрүшүндө иштей баштадым. Нефть өндүрүштүк бирикмеси мени Кокон шаарындагы балдар үйүнө жөнөттү, аны 1921-жылы бүтүп, педагогикалык техникумга кирдим[1].

Ал 1923-жылы педтехникумду бүтүрөт жана ВЛКСМдын Фергана обкому аркылуу Ташкенттеги коммунистик агартуу институтуна жиберилет. 1925-жылы институтту ийгиликтүү аяктагандан кийин ал Ош округдук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы катары ишин

[1] М.Салиховдун өздүк делосу. Саясий документтердин борбордук мамлекеттик архиви. – 10-фонд, 15-тизим, 2269-сактоо бирдиги, 4-барак.

баштайт. Ошол учурда араб алфавитинен латын алфавитине өтүү жараянына байланыштуу ага калкты кайрадан окутууга туура келет.

Өмүр баянында Мурат Салихов мындай деп жазат: «Иштөөгө болгон ынтызарлыгымды көрсөтүү үчүн төмөнкүлөрдү атамакчымын. Мен советтик, элдик агартуу жана партагитпропаганда багытында иштейм. Азыркы учурда менин кесибим мугалим[1]».

1927-жылы партиянын Ош округдук комитетинде үгүт бөлүмүн башкарат. Андан сон Өзгөн райаткомуна төрага болуп которулат, ал эми 1930-31-жылдары Кыргызстан К(б)П Кызыл-Кыя райкомунда катчы, ошол эле мезгилде Кыргызстан агартуу министирлигинде парткомдун орун басары болуп иштеп, партиялык-советтик ишмердиктин мектебинен өтөт.

1931-жылы М.Салихов Ташкенттеги марксизм-ленинизм инистутуна жөнөтүлөт. Окуусун аяктагандан кийин 1933-жылы Ысык-Көл областындагы №54-жылкы заводунун саясий бөлүмүн башкарат.

1934-жылы кыргыз партиялык уюмунан ВКП(б)нын XVII съездине делегат болуп шайланат. Бул М.Салихов үчүн ошол убактагы эң маанилүү окуя болуп калат. Бул съездин натыйжасы өтө кайгылуу аяктайт, съездге барган бардык катышуучулар 1937-жылы кандуу куюнга кабылышат.

1935-жылдан 1937-жылга чейин ал Түп райком партиясынын катчысы болуп иштейт.

1936-жылдын жазы абдан суук болуп, улам-улам үшүк жүргөндүгүнө байланыштуу, күздүк эгиндин бир бөлүгү үшүп кетет. М.Салихов Кыргызстан ЭКСине мындай мазмундагы кат жолдойт: «Аба ырайынын шартына жараша түшүмдүн бир бөлүгү үшүп кетти. Түп районунун жашоочулары үчүн буудайдын мамлекеттик планын кайрадан азайтууңуздарды өтүнөм». Өтүнүч канааттандырылат. Бирок суракта ВКП(б)нын Түп райкомунун катчысы болуп иштеп жүргөндө, 1936-жылкы мамлекеттик дан даярдоо планын бузгандыгын эске алып, М.Салиховдун иш аракети «диверсиондук-бузукулук» деп айыпталат. Айып кийинчерээк коюлат, азырынча М.Салиховдун жаңы милдеттери көбөйө баштайт. Анын адамгерчилиги, партияга берилгендиги ошол учурдагы Кыргызстандын жетекчилигине байкалбай койбойт. Ал гана эмес, 1937-жылы январдын башында, партиянын обкомунан БКнын редакциясына «Кыргыз партиялык уюмунун тарыхы» аттуу жыйнак үчүн өзүнүн эскермелерин жана сүрөттөрүн алып келүүсүн өтүнгөн

---

[1]М.Салиховдун өздүк делосу. Саясий документтердин борбордук мамлекеттик архиви. – 10-фонд, 15-тизим, 2269-сактоо бирдиги, 6-барак.

официалдуу кат алат. Жыйнактын редакциясында Белоцкий, Жээнбаев, Б.Исакеев, Стамблер, Лайт, Касымов жана Курбановдор бар эле[1].

Бирок жыйнак жарыкка чыкпай калат, бир жылдан соң бардык редакция курамы репрессияланат.

М.Салиховко Кыргызстан К(б)П БК айыл-чарба бөлүмүнүн башчысы кызматына берилген мүнөздөмөдө: жол. Салихов 1933-жылдан бери жалаң партиялык кызматта иштеп келе жатат, партиялык-теориялык даярдыгы жетишерлик, туруктуу, уюштургуч сапаттарга ээ. Саясий бөлүмдүн башчысы жана райкомдун катчысы кызматтарында өзүн уюштуруучу, мыкты жетекчи катары көрсөтө алды. Партиялык иштерди билет, Кыргыз партуюмдарынын арасында кадыр-баркка ээ.

Кыргызстан К(б)Пнын I съездинде БКнын мүчөсү жана Кыргызстан К(б)П БКнын бюро мүчөсү болуп шайланган. Кыргызстандын айыл чарбасын анын түштүгүндө жана түндүгүндө иштөө менен абдан жакшы билет. Кыргызстан К(б)П БК айыл-чарба бөлүмүнүн башчысы кызматын сөзсүз аткарып кете алат[2] – деп, ага Кыргызстан К(б)П БКнын катчысы Джиенбаев кол койгон.

1937-жылдын ортосунда республиканын жогорку звеносундагы партиялык, советтик кызматкерлерди жапырт камакка алуу башталат. 1937-жылы 5-сентябрда Кыргыз ССРинин ЭКСинин председатели Б.Исакеев камакка алынат, 8-сентябрда, үч күндөн кийин БАКтын Президиуму М.Салиховду Кыргыз ССРинин ЭКСнин төрагалыгына дайындайт.

М.Салиховдун республикабыздын бардык сфераларын терен түшүнүү менен иштей баштайт. Анын көзөмөлдөөсү астында кубаттуулугу 40-50 квт. болгон колхоздук 30 электростанциянын объектилери курулат. «Ленжолдолбоордон» келген топ иштеп чыккан Фрунзе-Рыбачье темир жолунун техникалык долбоорун ишке ашырууда анын сиңирген эмгеги зор. Ошондой эле шаардын жашоочулары үчүн үйлөрдүн, музыкалык-балет окуу жайы жана жатаканасы, универмаг, мончонун курулушу башталат.

Борбордук көчөлөр жана тротуарлар курулат; автопаркка эки автобус алынып келинет, басмакана менен пионерлер үйүнүн долбоорлору даярдалат. Саламаттыкты сактоо жагына да олуттуу көңүл бурулат. СССРдин Саламаттыкты сактоо комисссариатына жиберилген Салиховдун ишенимдүү катынан кийин Кыргызстанга 25

---

[1] *Салихова А.* Буюккан жылдыз. – Алмата, 2004. 72-б.

[2] М.Салиховдун өздүк делосу. Саясий документтердин борбордук мамлекеттик архиви. – 10-фонд, 15-тизим, 2269-сактоо бирдиги, 5-барак.

квалификациялуу врачтар жиберилет. Педагогикалык институту жана тил институтуна да квалификациялуу мугалимдер келишмек[1].

1937-жылдын 12-декабрында СССР Жогорку Советине биринчи шайлоо болот. М.Салихов Ош шайлоо округуна өзүнүн талапкерлигин коёт. Митингде ал өзүнүн шайлоочуларынын алдында мындай деп сүйлөйт: «Мен шайлоочулардын мага көргөзгөн ишеничине ыраазычылыгымды билдирем жана өз ишимде ишеничиңиздерди актаймын. Биздин мамлекет таанылгыс болуп өзгөрдү. Кубаттуу индустрия өсүп чыкты. Миңдеген колхоз-совхоз, МТСтер түзүлдү. Кыргыз эли революция аркылуу кайра жаралды. Кыргыздар арасында да врач, инженер, учкуч, мугалим, агрономдор аз эмес. Бул жеңиштер менен биз Сталинге милдеттүүбүз»[2].

1937-жылы 12-декабрда СССР Жогорку Советине биринчи тарыхый шайлоолор болгон. Союздар Советинин жана Улуттар Советинин 1938-жылдын 17-январындагы биргелешкен заседаниесинде СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы болуп М.И.Калинин шайланат. Анын орун басарлары болуп он бир республиканын Борбордук Аткаруу Комитеттеринин төрагалары дагы шайланышы керек эле. Кыргыз Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы Б.Исакеев «саясий айып» менен камалгандына байланыштуу, анын ордуна СССР Жогорку Советинин депутаты М.Салиховдун орун басар болуп шайланышы бир жагынан күтүлбөстүк болсо, бир жагынан мыйзам ченемдүүдөй сезилет.

СССР Жогорку Кеңешинин төрагасынын орун басарына шайлангандыгына байланыштуу 1938-жылы 26-февралда Кыргызстан К(б)П БК бюросу Мурат Салиховду Эл Комиссарлар Советинин төрагалык милдетинен бошотуп, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин төрагасынын милдетин аткаруучу кылып шайлайт.

Мурат Салихов Жогорку Кеңештин төрагасы болуп, Орозбеков Абдыкадыр (1927-1937), Шамурзин Султанкулдан кийин үчүнчү болуп 1938-жылдын февралынан май айына чейин иштеген[3].

1938-жылы 15-апрелде Салиховду күтүүсүздөн Москвага чакыртат. 12-майда аны Социал-туран партиясына байланышы бар деп айыптап, камакка алышат. «Тройканын» жабык түрдөгү соттук кеңешмеси 1938-жылдын 5-ноябрында болуп өтөт. Сот мындай өкүм чыгарат: М.Салихов 1930-жылдан баштап, улутчул, көтөрүшчүл, террордук, диверсиондук-бүлүндүрүүчү уюмдун активдүү катышуучусу. Кыргыз

---

[1] *Салихова А.* Буюккан жылдыз. – Алмата, 2004. 74-б.
[2] Советтик Кыргызстан 2.12.1937.
[3] Интернет сайт: Биринчилер.

ССРинин территориясында иш жүргүзгөн Социал-туран партиясынын алдына койгон максаты – Совет бийлигин кулатып, Кыргызстанды СССРдин курамынан куралдуу күчтөр аркылуу зордоп бөлүп кетүү болуп эсептелет. Салихов чек арага жакын райондордо көтөрүлүшчүл топторду түзгөн жана бир нече жоопкерчиликтүү кызматтарда туруп, элдик чарба жана эл агартуу жаатында бир топ зыяндуу иштерди жүргүзгөн. Кылмыш иши үчүн М.Салиховду күнөөлүү деп таап (РСФСР КК 58.2, 58.4, 58.11, ст.) СССР Жогорку Сотунун Аскердик комиссиясы РСФСРдин КПКсынын 319, 370-беренелерин жетекчиликке алуу менен мындай деп чечим чыгарат:

М.Салиховду өз мүлкүн конфискациялоо менен, жазалоонун эң жогорку чеги – атууга кетсин.

СССРдин БАКынын 1937-жылдын 1-декабрындагы токтомунун негизинде, бул чечим токтоосуз түрдө ишке ашырылсын.

Төрагалык кылуучу: Алексеев[1].

Үч күндөн кийин 1938-жылдын 8-ноябрында М.Салиховду, Кыргыз ССР ЭКСнын төрагасы Б.Исакеевди жана республиканын эл агартуу комиссары К.Камбаровду КГБнын караңгы жер төлөсүндө атып өлтүрүшөт.

Алардын сөөгү коммунистик партиянын 137 ишенимдүү уул-кыздары менен кошо Чоң-Таштын ээн капталына көмүлөт.

Мурат Салиховдун өздүк делосун изилдеп олтуруп, «өзгөчө жашыруун», жарыя кылууга болбойт деген грифтер менен Ички иштер эл комиссариатынын Баткен райондук бөлүмүнүн начальниги, мамлекеттик коопсуздуктун кенже лейтенанты Дехкановдун Кыргызстан К(б)П Баткен райкомунун катчысы С.Чибутовдун жеке өзүнө жолдогон 1937-жылдын 11-ноябрындагы №722 билдирүүсү менен тааныштык. Анда: Салихов Мураттын өздүк фамилиясы, аты – Масалыхов Мардан экендиги, анын туугандары Отбазаров Сыдык, Сыдыков Тажибай, Сыдыков Сатар, Сыдыков Мансур бай-манаптардын өкүлдөрү, туугандары Худаяров Молдо Жоро, Молдо Гапур молдо-имамдар, эзүүчү байлар, кайын атасы Молдо Нурмат мурдагы волостук башкарууда 20 жыл миң башы болгон, Ажар мурдагы волос башчысынын кызы экендигин билип туруп, ага үйлөнгөн. Салихов Мурат 1926-27-жж. Ош округдук аткаруу комитетинин төрагасы болуп туруп, социалдык жат элементтер менен тыгыз байланышта болгон, атап айтканда: 1927-жылы Ош шаарындагы техникумга мурдагы казы, эзүүчү бай, уруунун аксакалы Сыдыков Мансурдун уулун жана анын

[1] М.Салиховдун өздүк делосу. Саясий документтердин борбордук мамлекеттик архиви. – 10-фонд, 15-тизим, 2269-сактоо бирдиги, 22-барак.

аялынын бир тууганы кулактын уулу Абдулланы орноштурган. Ал 1926-жылы жергиликтүү улутчул, кийин соттолуп, эркинен 10 жылга ажыратылган Рахматов Гапарды волостук аткаруу комитетинин төрагалыгына дайындаган. Баткен райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, жергиликтүү буржуазиялык улутчул Сыдыков Самат менен тыгыз байланышта болгондугу жөнүндө сизге билдиребиз[1], - деп, эки барак билдирүү жөнөткөн.

Бул дооматтардын канчалык маанилүү экендигин ар бир окурман өзү баалап алар, бирок ошол кездеги кандуу саясаттын өңүтүнөн алып караганда балким «өтө маанилүү» болгондур.

Ушул билдирүүгө удаа эле Кыргызстан К(б)П БКга, Борбордук Комитеттин бюросунун тапшыруусу боюнча жеринде т.а. Баткен районунда текшерилип, даярдалган докладдык билдирүүнү 1937-жылдын 22-ноябрында Николаев жөнөткөн. Билдирүү үч барактан туруп, негизинен төмөнкүлөр баяндалган: Салиховдун фамилиясынын, атынын өзгөртүлүшү эч кандай социалдык тегин жаап-жашырууга же кылмыштуулукка жатпайт. Салихов 10-12 жашында Кокон шаарындагы интернатта окуп жүргөн мезгилде андагы мугалимдин демилгеси менен Мухаммед-Салихов же Масалихов деген эки аталышты кыскартып Салихов деп, а Мардан деген атты Мурат деп аташкан. М.Салиховдун социалдык тегин аныктоо боюнча текшерүүчү партиянын Баткен райкомунун биринчи катчысы С.Чибутовдун, үчүнчү катчынын жана партиянын 5 мүчөсүнүн катышуусунда Рабат айылдык кеңешинин Карл Маркс атындагы колхозунун колхозчулары менен сурамжылоо жүргүзүшүп, анда төмөнкүлөрдү аныкташкан: Салиховдун атасы Отбазаров Масалы кедей болгон. Ал өзүнүн бир тууган агасы, ошол кездеги казы (судья) Отбазаров Сыдыктын колунда 10 жылга жакын иштеген. Колхозчулардын айтуусу боюнча ал агасынын жигити – сот аткаруучу болгон дешсе, айрымдары агасынын чарбалык ар кандай иштерин аткарып жүргөн дешет. Салиховдун аталары 4 бир тууган болгон: 1.Маманталы. 2.Сыдык (казы). 3.Масалы. 4.Садык. Алар Сыдык казыдан башкасы орто-кедей болушкан, алардын эч кимиси тап катары кулакка тартылган эмес, колхоздо иштешет. Атасы Салихов Масалы 1914-1915-жж. мурдагы Андижан уездинин Туды-Чинабад айылында бир байдын колунда жалчы болуп иштеп жүрүп өлгөн. Мурат Салиховдун энеси 1910-1911-жж. өлгөн. Атасы Туды-Чинабадка жалданып кеткенде М.Салихов атасынын бир тууганы Садыктыкында калган. Садык да көп балалуу болгондуктан, Муратты Шерматов деген

[1] М.Салиховдун өздүк делосу. Саясий документтердин борбордук мамлекеттик архиви. – 10-фонд, 15-тизим, 2269-сактоо бирдиги, 15-16-барак.

байга иштөөгө берген. Мурат Салиховдун бир тууган агасы Салихов Дастан да Андижан шаарында бир врачка жалданып иштеген, кийин нефть өндүрүшүндө 1924-жылга чейин иштеген. Акыркы учурда Тажик ССРинин юстиция эл комиссариаты болуп иштеп жатат.

М.Салиховдун атасы менен бир тууган Сыдык казынын балдары чындыгында кулак катары репрессияланган, бирок Салихов алар менен эч кандай байланышта болгон эмес. Салиховдун кайын атасы волостун башчысы да, молдо да болгон эмес, кедей-дыйкан болуп жүрүп 1917-жылы өлгөн. Анда Салиховдун аялы Ажар жашы жете элек өспүрүм болгон. Колхозчулардын айтуусу боюнча Ажардын чоң атасы Меккеге барып, ажы наамын алган.

Билдирүүдө Салихов Ош шаарындагы техникумга 1927-жылы Сыдык казынын уулу Мансурду орноштурган деп жазылган, бирок, Салихов бул техникумда бир нече ай болгон Мансурга техникумду калтырып кетүү сунушун айткан.

Салиховдун буржуазиялык улутчул, Баткен райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары Сыдыков Самат менен кат алышып байланышып турат дегени эч кандай далилденбейт. Анткени ал мезгилде Салихов Түп районунда иштеп турган. Салихов Сыдыковду мурдагы мугалим, күчтүү кызматкер катары гана билген. Анын кызматка келүүсү боюнча эч кандай таасири болбогон жана аны буржуазиялык улутчул катары билген эмес.

1926-жылы Рахматов Гапардын волаткомдун төрагалыгына шайлануусу Салиховдун демилгеси менен болбогон, анткени ал ошол кезде партиянын мүчөсү жана таасирдүү кызматкер болгон эмес.

Жыйынтык:

Салихов боюнча түшкөн каралоочу материалдар далилденбейт.

Бул материалдар боюнча БКнын бюросунун чечими Баткен РКга билдирилсин.

БКнын бюросунун тапшыруусу боюнча материалдарды текшерген (Николаев) 22/XI-1937-жыл[1].

Бул эки билдирүүдөгү ак-кара материалдарды ар бир окурман өзү талдап, өзү таразалап алар. Бирок кандай болгон учурда да ата-бабасы бай, бардар болуп жашаган болсо, ал үчүн балдары, неберелери, тууган-уруктары азап тартып, окууга, иштөөгө болгон укуктарынан ажырап, аларды куугунтуктоого эмне себеп болгон деген суроо баш катырбай койбойт, же "бөрк ал десе, баш алган" жасакерлердин кылганыбы? Андай десең бул шордуу азаптан миңдеген жарандар жыйырма жыл

[1] М.Салиховдун өздүк делосу. Саясий документтердин борбордук мамлекеттик архиви. – 10-фонд, 15-тизим, 2269-сактоо бирдиги, 14-барак.

бою жабыркашты го. "Бай-манаптын, кулактын тукуму", же "эл душманынын баласы" деген жарлыктан канча жерден көчүп, канча жерге барып да кутула алышбады. Бай-манап болуп, кулак болуп, же эл душманы болуп кылмыш иш кылганбы десең, аларга мамлекеттик ички иштер органдарынын койгон доосу жогорудагыдай имиш-имиштер. Экинчиден, Ички иштер эл комиссариатынын билдирүүсүндөгү дооматтарды Кыргызстан К(б)П Борбордук Комитетинин бюросу жеринде текшерип, далилденбейт деп билдирсе да, дагы кандай күнөөсү үчүн жазалоонун эң жогорку чегинин курмандыгы болду? Үчүнчүдөн, мамлекеттик бийликтин башынан ашып түшкөн төмөнкү бийликтин кесепети бизге эмне берди? Анын кесепетинен Кыргыз ССРи боюнча 40 миң адам репрессияга дуушар болгон, кийинки учурда бул маалыматты эки эсе көп деп айтып жүрүшөт. Болгондо да жалаң мыкты жетекчилерден, чыгаан инсандардан, кыргыз элинин башчыларынан өлкө бир нече жылга куру калды. Бул жалпы кыргыз элинин башына түшкөн оор трагедия болчу.

Чоң-Таштагы Ата-Бейитке барган адамга анда курман болгондорго тургузулган эстелик андагы чексиз кыйноолордон, азап-тозоктордон кабар берип турса, андан ары музейге кирсең, алардын буюм-теримдери, кийим-кечектери, сүрөттөр ж.б. материалдардан 1937-38-жылдардагы кандуу репрессиянын каардуу ызгаары согуп, жүрөктү титиретип турат. Мындан Мурат Салиховко арнап кызы Атыргүл Салихова тарабынан жазылган "Буюккан жылдыз" аттуу китебин ж.б. ага тиешелүү материалдарды көрүүгө болот. Эң кейиштүүсү алардын сөөктөрү жашырылган кирпич бышыруучу мештин ордун көргөндө биринчиден, адамзаттын ушунчалык таш боордугуна кейийсиң. Экинчиден, бул инсандар тирүү өмүрүнүн акырында ак эмгектери каралanып, тергөө учурунда жумалап, айлап, караңгы жер төлөлөрдө адам эмес айбан чыдагыс канчалык кыйноолорду баштарынан өткөргөндүгү аз келгенсип, алардын өлүү денелерине да жер астынан кененирээк орун беришпептир го деп ээниң кейийт. Тирүүлүктө адам менен карама-каршы болуу боло жүргөн адат дейли, ал эми өлгөндөн кийин аны менен каршылашуу шариатта да, мыйзамда да жок эмеспи? Жок дегенде алар өлтүрүлгөндөн кийин да сөөктөрүн туугандарына берип койгондо, алардын сөөктөрүн аруулап жууп, ак кепиндеп көмүп, өлүү-тирүүсүн билбей канчалаган жылдар азап чегип, күтүп жүрүшкөндөн көрө бир аз болсо да көңүлдөрү бир жаңсыл болбойт беле?

Чоң-Ташта көмүлгөндөрдүн сөөктөрү бир топ мезгил өтсө да табылып, алардын кимдигин аныктап, кепиндеп, жаназа окуп, аруулап

комүп, алардын ордун Ата-Бейит деп атап, алардын арбактарынын алдындагы пенделик парзыбыздан кутулдук. Ал эми бул каардуу капсалаңга кабылган 40 миңден ашуун (мындан эки эсе көп деп жүрүшөт) маркумдардын сөөктөрүнүн кай жерге жашырылганы алиге дейре дайынсыз. Алардын өлүү-тирүүлөрүн биле алышпай канчалаган ата-энелери, жубайлары, балдар-кыздары, тууган-уруктары бул дүйнөдөн арман менен көз жумушту.

Бул кандуу репрессиянын каардуу кесепети көпчүлүк совет элдериндей эле кыргыз элинин башына да оор жоготуу алып келди. Анткени, кыргыздын ошол кездеги жетекчиликтеги аттуу-баштуулары, алдыңкы интеллигенция өкүлдөрү, интелектуалдык деңгээли жогору, ак эмгеги менен адал иштеген, кыргыз элин, кыргыз мамлекетин алдыга жетелей турган инсандар ошолор эмес беле? Аларды жок кылганы аз келгенсип, алардын балдарын, тууган-уруктарын, жоро-жолдошторун, санаалаштарын да "эл душманынын" куйругу дешип канчалаган жылдар куугунтукка алышты. Жада калса аларды бир канча жарандык укуктарынан да ажыратышып, иштөөгө, окууга, эл катары жашоого да жол коюшпады. Муну менен кыргыз эли өзүнүн акыл-эстүү, идиректүү уул-кыздарынан бир нече ондогон жылдарга куру калды.

Мына ушул каардуу замандын капсалаңынан Салихов Мураттын бир тууган агасы Салихов Дастан да кур калган эмес. Ал жогоруда белгиленгендей Тажикстанда юстиция эл комиссары болуп туруп, белгисиз себептен эле кызматтан бошотулган, ага да Салихов Мураттын бир тууганы деген саясий айып тагылган.

Кантсе да мындай каардуу замандын ызгаары кетип, жылуулуктун шапатасы сокту.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин 1957-жылдын 10-октябрындагы №56/4 токтому менен Салихов Мурат – Кыргызстан КП БКнын мүчөсү, 1905-жылы туулган, 1927-жылдан бери КПССтин мүчөсү, партбилет №1349067 партиялуулугу (өлгөндөн кийин) кайра калыбына келтирилген. Бул токтомго Кыргызстан КП БКнын катчысы И.Раззаков кол койгон.

Мурат Салиховдун өздүк делосундагы: №30 формадагы СССР Жогорку Сотунун аскердик коллегиясынын 1956-жылдын 19-декабрындагы №4н-022200/56

### Справкасынан көчүрмө

Салихов Мураттын күнөөсү боюнча иши СССР Жогорку Сотунун аскердик коллегиясында 1956-жылдын 17-ноябрында кайра каралды.

Аскер Коллегиясынын М.Салиховко тиешелүү 1938-жылдын 5-ноябрындагы өкүмү жаңыдан пайда болгон жагдайга байланыштуу күчүн жоготту жана кылмыштуулук жок болгондуктан иш токтотулду.

Салихов Мурат өлгөндөн кийин акталды.

СССР Жогорку Сотунун аскердик коллегиясынын соттук курамына төрагалык кылуучу, юстициянын генерал-майору Степанов[1].

Мурат Салихов Баткен районунан чыккан кеңеш доорундагы алгачкы республикалык жетекчилердин бири болгон, ал социализмди куруу ишине баш оту менен берилип иштеген. Өзүнүн жаштыгына, ошол кездеги кыйынчылык жана мезгилдин опурталдуулугуна карабастан, ал Ошто, же Ысык-Көлдө, Чүйдө же башка жакта болобу ар кандай кызматтарды абийирдүүлүк менен аткарган. Ал өзүнүн чечкиндүүлүгү жана иш билермандыгы менен көп маселелерди аткарууга үлгүргөн. Анын натыйжасында республиканын аймагында, борбор калаада бир канча стратегиялык маанидеги курулуштар, долбоорлор ишке ашкан.

Айыл чарбасы, өнөр жайы менен бирге социалдык тармакка, билим берүүгө, саламаттыкты сактоого, маданият тармагына олуттуу көңүл бурган.

Мурат Салихов 32 жашында Кыргыз Республикасындагы эң жогорку кызматтар: Эл Комиссарлар Советинин төрагасы, Жогорку Кеңештин төрагасы болуп дайындалган. Бирок, ал бул кызматтарда аз убакыт иштегенине карабастан өлкөнүн өнүгүүсүнө көп салым кошкон.

Мурат Салиховдун Кыргыз Республикасынын телчигишине, экономикасынын өсүшүнө, маданиятынын өркүндөшүнө чоң салым кошкондугу талашсыз. Ата журтунун келечеги үчүн күчүн арнап, иштеп жүргөн күндөрүндө да өзүнүн эне тилинин тагдырын унутпай, тоолуу аймактын алыскы айыл кыштактарынын социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнө такай көңүл буруп, ошону менен бирге кичи мекени болгон Баткен чөлкөмүн да эсинен чыгарбай жүргөн. 1938-жылы Кыргыз ССРинин Эл комиссарлар Советинин төрагасы болуп иштеп жүрүп, Баткен районунда «Сталиндик жеңиш» азыркы «Кызыл Туу» гезитин чыгаруу боюнча демилге көтөрүп, ишке ашыргандыгы мунун бир далили болуп эсептелет[2].

А.Орозбеков, М.Салихов, Т.Айтматов, Ю.Абдрахманов Б.Исакеев ж.б. сыяктуу ошол кездеги республикалык маанидеги чыгаан жетекчилер кандуу репрессиянын курмандыгына кабылбаганда

---

[1] М.Салиховдун өздүк делосу. Саясий документтердин борбордук мамлекеттик архиви. – 10-фонд, 15-тизим, 2269-сактоо бирдиги, 27-барак.

[2] *Жума Т.* Эл адамы. – Ош, 2005. 16-б.

өлкөбүздүн өнүгүшү башкача нукта болуп, бир топ алдыга чыкмак. Мындай иш билги, акылман жетекчилердин өзүн гана курмандыкка чалышпастан, ошол кездеги кандуу саясат алардын идеяларына, бала-чакаларына, туугандарына, жада калса бирге иштешкендерине, тааныштарына чейин таасир эткен. Алардын баарынын бала-чакалары, туугандары, идеялаштары куугунтукка алынып, саясий режимдин кысымына кабылышып, "эл душманынын баласы, же тууганы" деген саясий жарлык тагылган. Көпчүлүк адамдар алардын атын атоодон да чочуп калышкан. Анткени алар менен байланышы бар деген "шектүү" адамдардын баары суракка алынып, алардын көбү кур дооматтын курмандыгы болушкан.

Качан гана "кандуу саясаттын" режими кулап, тарыхый чындык өз ордуна келип, алардын баары акталгандан кийин гана алардын эмгектерин изилдөө, баалоо, баарын өз ордуна коюу жараяны башталбадыбы. Бирок, төгүлгөн нерсе кайра толбогондой, алардын көргөн кордуктарын, жашабай калган өмүрлөрүн, эч нерсе менен толтурууга жана эмгектерин баалоого мүмкүн эместигин бүгүнкү тарых далилдөөдө.

## Корутунду

Тарыхый булактардан алынган айрым бир маалыматтардан улам биз Баткен аймагында болуп өткөн тарыхый окуяларды талдоого мүмкүнчүлүк алдык. Ошол тарыхый булактар биз изилдеп жаткан темага байланыштуу көйгөйлүү маселелердин негизинде өз пикирибизди айтууга, ой жүгүртүүгө жана тыянак чыгарууга өбөлгө болду. Бул материалдарга таянуу менен биз Баткен аймагынын байыркы, орто, жаңы жана соңку жаңы кылымдардагы тарыхын, Баткен районунун Кеңеш доорундагы (1934-2010-жж.) социалдык-экономикалык өнүгүүсүн анализдөөгө аракеттендик.

Баткен аймагы б.з. I кылымдарында эле кен иштетүү боюнча атагы чыгып, дүйнөнүн бир канча өлкөлөрүнө темир буюмдарын чыгаруу боюнча таанылып турган. Улуу жибек жолунун бир бөлүгү катары Кытай – Ош тараптан Кожент – Самарканд – Бухара тарапка кетүүчү жолдун боюна жайгашкандыктан, мында кол өнөрчүлүк, соода, социалдык-маданий тармактар да өнүгүп өскөн.

Фергана өрөөнүнүн бир бөлүгүндө жайгашып, бул өрөөндө жашаган элдердин турмуш-тиричилигине, каада-салтына, тилине ж.б. араб, түрк, кытай, монгол, иран сыяктуу элдердин баскынчылык жортуулдары менен кошо алардын дини, тили, салты, маданияты, экономикалык-чарбалык кызыкчылыктары өз таасирин тийгизген.

Натыйжада, ушул аймактагы бир канча этностор ортосунда жалпы орто азиялык маданият калыптанып, бул өрөөн ошол мезгилде гүлдөп-өнүккөн аймакка айганган.

Баткен аймагы эки кылымга жакын өмүр сүргөн Кокон хандыгынын курамында болуп, мамлекеттүүлүк доорду башынан өткөргөн. Баткендик инсандар хандыктын ар кандай саясий, аскердик, чарбалык ж.б. иштерине активдүү катышып, алардын айрымдары, анын ысымдары Кокон хандыгынын тарыхы менен бекем байланышкан.

Россия падышачылыгынын, андан кийин Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдарында бул өрөөн Түркстандын курамында болуу менен, кыргыз, өзбек, тажик, сарт, курама ж.б. этностор бир мамлекеттин чегинде жашап келишкен.

Кеңеш бийлигинин орношу менен ар бир улут өз алдынча мамлекеттик түзүлүшкө ээ болгон. Бул союздук республикалар үчүн тарыхый зор жетишкендик эле. Бирок 1924-1927-жж. Фергана өрөөнүндөгү улуттук-аймактык маселени чечүүдө орчундуу жаңылыштыкка жол берилген. Анткени Фергана өрөөнүн улуттук-аймактык жиктештирүүдө кээ бир улуттардын, этностордун кызыкчылыктары эске алынбаган. Чек аралардын туура эмес бөлүнгөндүгүнөн кээ бир аймактарга жол, суу маселелери боюнча тоскоолдуктар жаралган, бир өлкөнүн аймагында экинчи мамлекеттин мыйзамсыз анклавдары жайгашкан. Көпчүлүк аймактардын чеги (анын ичинде Баткен аймагынын) толук такталбагандыктан, ал маселе бүгүнкү күнгө чейин улуттук чыр-чатактардын очогуна айланып келүүдө. Биз бул илимий ишибизде мына ушул жагдайлардын келип чыгуу себептерин, анын бүгүнкү натыйжаларын жана келечектеги абалын иликтеп, бул маселени мамлекеттик деңгээлде кечиктирбей чечүүнүн зарылдыгын белгиледик.

Мына ушундай стратегиялык жактан маанилүү аймакта Баткен районун уюштуруунун зарылдыктары, анын түзүлүшү жана райондун жетекчилигинин алгачкы жана келечектеги иштери тууралу анализ жасалды.

Баткен районунун Улуу Ата мекендик согуш мезгилиндеги абалы, эр-азаматтарынын фронттогу эрдиктери жана анда курман болгондордун, дайынсыз жоголуп кеткендердин саны, улуттук курамы, аскердик чини ж.б. боюнча анализ жүргүзүлдү.

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде ооруктагы кыйынчылык турмушка, жетишпестикке карабай, райондун эмгекчилери фронттук алкактарда блокадада калгандарга, согуштук фонддорго, заёмдорго, Кызыл Аскерлердин үй-бүлөлөрүнө жардамдарын аяшкан эмес.

Ошондой эле, каардуу согуштун айыл жана мал чарбасына, коомдук турмуштун башка тармактарына, үй-бүлөлөргө тийгизген таасирлери иликтөөгө алынды.

Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүү, айыл чарба экономикасын жогорулатуу, кадрлардын ишмердүүлүгү жана кадр саясаты, дүйнөдөгү уникалдуу Төрт-Күл суу сактагычынын курулушу, анын Баткен жергесинин келечеги үчүн мааниси, пландуу экономиканын ийгиликтери жана жетишкендиктери талдоого алынды.

Баткен району мал чарбалуу район болгондуктан, социалисттик коомдун акыркы жылдарында өзүн-өзү актабай, чарбалардын мамлекеттик карыздары көбөйүп, чарбасыздыктарга жол берилгендигине экономикалык талдоо жасоого аракеттендик.

Баткен району Кеңеш доорунан бери эле республикалык, областтык борборлордон алыста жайгашкандыктан, жол катнашында, жүк ташууда бир топ кыйынчылыктар жана тоскоолдуктар болгон. Атап айтканда тике темир жолу жок болгон. Ош шаарына да автомобиль жолунун жоктугунан Тажикстан, Өзбекстан аркылуу, Бишкек шаарына Тажикстан, Өзбекстан, Казакстан аркылуу каттоого туура келген. Райондун аймагында бир да өнөр жай, тоо-кен өндүрүш ишканалары жок болгондуктан, айыл-кыштактардын социалдык инфратүзүмүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк болбогон. Натыйжада социалдык-экономикалык жактан башка чөлкөмдөргө салыштырмалуу артта калгандыгына анализ жасалды.

Мына ушундай жол катнашынын кыйынчылыгынан улам ар бир мамлекет өз алдынча эгемендүүлүккө ээ болуп, алар өздөрүнүн көз карандысыз чек ара, бажы постторун орноткондон кийин, коңшулаштык карым-катнаш татаалдаша баштады. Базар экономикасынын шартында жеке ишкерлер соода-сатык менен алектене баштаган учурда дыйкандар базарларга өздөрү өндүргөн азык-түлүктөрдү чек ара, бажы постторунан алып өтүүдө абдан кыйналышкан. Чек ара аймактарында жашаган тургундарга кошуна өлкөлөрдүн жарандары, укук коргоо уюмдары тарабынан ар кандай кысымдар көрсөтүлгөн. Айрым тургундарыбыз мамлекет тарабынан кепилдиктин, артыкчылыктын жоктугунан чек ара аймактарына жакын жайгашкан үй-жайларын сатып, көчүп кетишкен.

Биздин илимий изилдөөбүздө кошуна республикалар менен жер, суу, чек ара ж.б. талаш маселелерди чечүүдө райондук, областтык түзүлүштүн ролун ачып көрсөтүүгө аракеттенип, мына ушундай талаш-тартыштардын чыгуу себептерин талдоо менен, аны жоюунун жолдорун сунуштадык.

Район финансылык жактан 80% борборго көз каранды болгондуктан, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы экономикалык кризис учурунда эмгек акы, пенсия, жөлөк пул кечигип, акча инфляцияга учурап, акчанын ордуна ар кандай товарларды бере баштагандыктан калктын калың катмары социалдык жактан жакырдана баштаган.

Район негизинен айыл чарбалуу болгондуктан жер жана агрардык реформанын жүргүзүлүшү калктын социалдык турмушуна түздөн-түз таасир эткен. Бирок жан башына берилген үлүш жердин аздыгы (жан башына суулуу жер орто эсеп менен 0,057 га.) көп жерлердин айыл чарбасына жараксыздыгынан (суусуз, таштак, шор баскан, алыс ж.б.), техникалардын, минералдык азыктардын, үрөндүн, күйүүчү майлардын кымбаттыгынан дыйкандардын эмгеги акталган эмес. Натыйжада жумушсуздук күч алган.

Райондогу айыл чарба өндүрүшүнүн кризисине байланыштуу жакырчылыктын деңгээли бир топ жогорулаган. Жакырчылыктын өсүшү бир гана айыл чарба өндүрүшүнүн кризисине байланыштуу эмес бул айылдарда көмүскө жумушсуздуктун күч алышы, баалардын өсүшү, социалдык камсыздоонун төмөндүгү өңдүү себептер менен тыгыз байланыштуу болгон. Натыйжада калктын калың катмары (70%) жакырчылыкка кабылган. Жакырчылыктын кесепетинен ички жана тышкы миграция күчөгөн. Миграциянын натыйжасында район бир канча мыкты адистерден жана жумушчу күчүнөн кол жууган.

Борбордук Азия өлкөлөрүн дүрбөлөңгө салган Баткен окуясынын (1999-2000-жж.) сабактары жана кесепеттери, Баткен областын түзүүнүн зарылдыгы, объективдүү жана субъективдүү себептери иликтенди.

1999-жылы Баткен областы түзүлгөндөн кийин, бул аймакта ички жана тышкы коопсуздук маселелери чечилип, социалдык-экономикалык жактан өнүгүүгө кеңири мүмкүнчүлүк түзүлдү. Областтык мекеме-уюмдар, ишканалар уюштурулуп, эл аралык уюмдардын, өкмөттүк эмес, финансылык уюмдардын өкүлчүлүктөрү ачылып, долбоорлор, инвестициялар тартыла баштады. Натыйжада социалдык-экономикалык багытта жылыштыр пайда болуп, тейлөө тармактары өнүгө баштады.

Баткен аймагынын табигый-маданий баалуу мурастары болгон айгүл гүлү, өрүк, күрүч сыяктуу жаратылыш байлыктарын менен кошо ички мүмкүнчүлүктөрдү жана резервдерди колдонуу менен райондогу экономикалык өнүгүүнүн перспективаларын чагылдырууга аракеттендик. Ошондой эле Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн

калыптанышына өздөрүнүн жеке салымдарын кошкон белгилүү инсандардын ишмердүүлүктөрүнө да учкай токтолдук.

Биздин бул эмгегибиз ар бир окурманга, жаш муундарга өз аймагынын тарыхы менен кошо Ата Мекендин тарыхын терең үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк жаратат деп ойлойбуз. Анткени өзү туулуп өскөн аймагынын тарыхы, жетишкендиктери менен кошо анын айрым көйгөйлөрүн билбей туруп, аны чечүүнүн жолун аныктоого жана келечекке карай багыт алууга мүмкүн эмес. Ата журтунун тарыхын билбеген жарандарды, жаш муундарды мекенчилдикке, Ата Мекенди сүйүүгө жана коргоого тарбиялоо кыйын. Бул көйгөйдү чечүү үчүн, колуңуздагы китеп негизги окуу куралы боло алат деп ойлойбуз.

Бул эмгекте тарыхый булактардан, мамлекеттик архивдерден, статистикалык жыйнактардан ж.б. алынган материалдар иликтенип, алар алгачкы жолу илимий айлампага киргизилди.

Жыйынтыктап айтканда, тарыхый, статистикалык жана архив булактарына таянуу менен биз Баткен аймагынын байыркы, орто, жаңы жана соңку жаңы кылымдардагы абалы жана Баткен районунун 1934-2010-жылдардагы социалдык-экономикалык өнүгүүсү тууралуу урунттуу учурларды, тарыхый окуяларды, хронологиялык тартипте далил, факты, негиздерге таянуу менен баяндоого аракеттендик деп ойлойбуз.

Албетте, биздин бул иликтөөбүз акыркы эмес экендигин эсиңиздерге сала кетмекчибиз. Анткени Баткен районунун бардык тармактарын изилдеп, бир китепке берүү мүмкүн эмес, экинчиден, күн сайын жашоо уланып, коом өнүгүп, тарыхтын жаңы барактары улам ачылып турат. Үчүнчүдөн, Баткен аймагынын тарыхын комплекстүү изилдөөгө алсак, өрөөндүн дагы да көп сырлары ачылмак.

# 1.Пайдаланылган адабияттар

1.1.*Абрамзон С.М.* Кыргыз жана Кыргызстан боюнча тандалма эмгектер. – Б., 1999. 510-б.

1.2. *Акаев А.* Ойдон кетпес он жыл. – Б., 2003. 412-б.

1.3.*Андреев М.С.* Местности Туркестана интересные в археологическом отношении. "Среднеазиатский вестник", май 1896., Малицкий Н.Г. Рудник гибели (Пещера "Кан-и-Гут"), ПТКЛА, т. 11. – Т., 1897.

1.4.*Бабур З.М.* Бабурнаме. – Т., 1989. – С. 7.

1.5.*Бартольд В.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. – Б., 1996, – С. 204, 355-359.

1.6.*Баруздин.Ю.Д.* Археологические памятники Баткена и Ляйляка. – Ф., 1962. – С. 127.

1.7.*Баруздин Ю.Д., Брыкина Г.А.* Археологические памятники Баткена и Ляйляка. –Ф., 1962. – С. 127.

1.8.*Баруздин Ю.Д.* Кара-Булакский могильник (Раскопки 1955 г.) ТИИ АН Кирг. ССР, вып. 2-3, 1957.

1.9.*Бернштам А.Н.* Кенькольский могильник. – ЛБ., 1940. – С. 190-193.

1.10.*Бернштам А.Н.* Очерк истории гуннов. – Л., 1951. – С. 35-39.

1.11.*Бернштам А.Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. т. 1-2. – Б., 1997. – С. 257-261, 406-512.

1.12.*Брыкина Г.А.* Юго-Западная Фергана в первой половины I тысячилетия нашей эры. – М., 1982. – С.10.

1.13.*Давидович Е.А., Литвинский Б.А.* Археологический очерк Исфаринского района. – Д., 1958.

1.14.*Жороев К., Ражабалиев А.* Баткен областына 5 жыл. – Б., 2004, 24, 65-б.

1.15.*Жумаев Т., Орозбаев М.* Байыркы бабалар жеринде. – Б., 2004.

1.16.*Жума Т.* Эл адамы. – Ош, 2005. 16-б.

1.17.*Загиров А.Р.* Социально-экономическое состояние села Кыргызстана в 90-е годы XX века. – Каракол, 2006. – С. 104-118.

1.18.*Заднепровский Ю.А.* Земледельческие поселения Ферганы и южной Киргизии (период позней бронзы и железо).Материалы второго

совещания археологов и этнографов Средней Азии. – МЛ., 1950. – С. 150-157.

1.19.*Заднепровский Ю.* Археологические памятники южных районов Ошской области. – Ф., 1960. – С. 159-169.

1.20.*Зимин Л.А.* Краткая историческая справка о древнем Сохе. ПТКЛА, вып. 18, –Т.. 1914. – С. 21-23.

1.21.*Зиябидин Максым.* Фаргана хандарынын тарыхы. – Б., 2007.

1.22.*Исаев Д.* Жер-суу аттарынын сыры. – Ф., 1977. 76-б.

1.23.К вопросу государственного строительства Советского Киргизстана (1924-1937 гг.) Сб. документов. – Ф., 1974. – С. 26-47.

1.24.*Кененсариев Т.* Кыргызстандын Орусияга каратылышы. – Б., 1997. 196-291-б.

1.25.*Койчиев А.* Национально-территориальное размежевание в Ферганской долине (1924-1927 гг). – Б., 2001. – С. 79.

1.26.*Конокбаева Д.К.* Проблемы повышения уровня жизни сельских жителей. Социально-экономические и правовые проблемы на современном этапе. – Ч. 1. – Б., 1997. – С. 56.

1.27.*Кунь А.* Очерк Кокандского ханства. Изв. РГО. – Т.12. Отд.2. СПб., 1876. – С. 7,123.

1.28.Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары. – Б., 2002, 28-329-б.

1.29.*Латынин Б.А., Оболдуева Т.Г.* Исфаринские курганы (к вопросу о системе хозяйства древней Ферганы). КСИИМК, 76, 1959.

1.30.*Наливкин В.* Краткая история Кокандского ханства. – Т.,1973. – С. 6.

1.31.*Обельченко О.В.* Кую-Мазарский и Лявандакские могольники-памятники древней культуры Бухарского оазиса. – Т., 1954. – С.16.

1.32.*Осмонов Ө., Асанканов А.* Кыргызстан тарыхы. – Б,. 2003. 54-384-б.

1.33.*Радкевич В.А.* Великий шелковый путь. – М., 1990. – С. 74.

1.34.Республикалык "Эскерүү китеби" (1941-1945) Баткен облусу. – Б., 2009.

1.35.*Салихова А.* Буюккан жылдыз. – Алмата, 2004. 72-74-б.

1.36.*Терентьев М.А.* История завоевания Средней Азии. – Т. 1-3. – СПб., 1906.

1.37.*Троицкая А.Л.* Каталог архива Кокандских ханов. XIX в. – М., 1968. – С.7-12.

1.38.*Урстанбеков Б. Чороев Т.* Кыргыз тарыхы: Кыскача энциклопедиялык сөздүк. –Ф., 1990. 72-б.

1.39.*Федченко А.П.* Путешествие в Туркестан. – М., 1950. – С. 267-392.

1.40.*Хорошкин А.П.* Очерки Кокана. Отрывки из дневника в Кокане. Сборник статьей касаюшихся Туркестанского края. Отд. Оттиск. – СПб., 1876. – С. 43.

1.41.*Чоротегин Т.К., Өмүрбеков Т.Н.* Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы. –Б., 2000. 21-б.

1.42.*Яворский И.* Опыт медицинской географии и статистики Туркестана. ч.1, – СПб., 1889, – С. 320.

**2. Интернет сайт**

2.43.*Баринова Е.Б.* Китайское влияние материальную культуры земледельческих государств Средней Азии II в д.н.э. нач. XIII в.н.э. Интернет сайт: www hymanites. ru/db 44568.

2.44.*Дудашвили С.* Пешера Кан-и-Гут. Интернет сайт: http:// kani-gut.narod. ru/

2.45.*Максимов Г.М.* Кан-и-Гут-Миф и реальность. Интернет сайт: http:// kani-gut.narod. ru/

2.46.*Массон М.Е.* Рудник погибели. Интернет сайт: http:// kani-gut.narod. ru/

2.47.Отчет об экспедиции в Западный Тянь-Шань под руководством В.Галактионова. Москва-1965. Интернет сайт: http:// kani-gut.narod. ru/

2.48.*Плоских В.М.* Пояснительная записка к паспорту памятнике всесоюзного значения "Рудник Кан-и-Гут". Интернет сайт: http:// kani-gut.narod.ru/

2.49.Путь шелковой ткани. Интернет сайт: copyright 2008

2.50.*Соседко А.С.* Кон-и-Гут. Интернет сайт: http:// kani-gut.narod. ru/

2.51.*Цибанов В.* Вспоминания Кан-и-Гут. Интернет сайт: http:// kani-gut.narod. ru

2.52.*Цибанов В.* "Рудник погибели" ждёт исследователей. Интернет сайт: http:// kani- gut.narod. ru/

**3.Статистикалык жыйнактар**

3.53.Баткен району цифраларда жана фактыларда. – Баткен, 1988. 19-20-б.

3.54.Биринчи эл каттоонун жыйынтыктары. 1999-ж. III Китеп. – Б., 2001. 92-б.

3.55.Итоги Первой Национальной переписи населения КР 1999. «Домохозяйства и семьи Кыргызстана». Книга IV. НСК КР. – Б., 2001. – С. 164.

3.56.Итоги первой сельско-хозяйственной переписи КР 2003 год. Кн. IV. ч.1, – Б., 2005. – С. 9-48.

3.57.Комплексная основа развития Кыргызской Республики до 2010 года. – Б., 2000. – С. 12-45.

3.58.Материалы семинара «сокращения бедности и социальная зашита» 15-16 февраля 2000. – Б., 2000. – С. 9.

3.59.Национальная стратегия устойчивого человеческого развития в Кыргызской Республике. – Б.,1998. – С. 102-114.

3.60.Национальный отчет Кыргызской Республики по человеческому развитию за 2000. – Б., 2002. – С. 58.

3.61. Проблемы комплексного развития села. Мотонторинг. Вып.5. – ЦЭ и СР при МФ КР. – Б., 2001. – С. 21-22.

3.62.Социальные тенденции Кыргызской Республики. Стат. сб. Вып. 3. – Б., 2008. – С. 73.

3.63.Улуттук отчет. Кыргызстандын тоолуу региондорунда адамдын өнүгүшү. – Б., 2002. 52-60-б.

# Мазмуну


Баш сөз........................................................................................................ 3
Киришүү....................................................................................................... 4
I бап. **Баткен аймагы байыркы, орто жана жаңы кылымдарда..........................................** 14
1.1. Археологиялык жана тарыхый эстеликтер........................................ 14
1.2. Баткен аймагы байыркы жана орто кылымдарда.............................. 44
1.3. Баткен аймагы Кокон хандыгынын жана падышачылык Россиянын тушунда.................................................................................... 54
II бап. **Баткен району Кеңеш доорунда..........................................** 67
2.4. Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдары жана Баткен аймагындагы саясий кырдаал (1924-1934-жж.) .......................................... 67
2.5. Чечилбеген чек ара маселелери......................................................... 77
2.6. Кеңеш бийлигине каршы басмачылык кыймылдар........................... 91
2.7. Баткен районунун түзүлүшү жана анын алгачкы мезгилиндеги социалдык-экономикалык өнүгүү абалы (1934-1940-жж.) 94
2.8. Баткен району Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында (1941-1945-жж.)...................................................................................... 77
2.9. Согуштан кийинки эл чарбасын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү (1946-1962-жж.) ...................................................... 120
2.10. Төрт-Күл суу сактагычынын курулушу ........................ 132
2.11. Баткен району өнүккөн социализм доорунда. Социалдык-экономикалык турмуштагы терең өзгөрүүлөр (1965-1990-жж.) 144
2.12. Баткен районунун жетекчилери.......................................... 153
2.13. Чек ара чыр-чатактары................................................................ 160
III бап. **Эгемендүүлүк мезгилиндеги Баткен районунун социалдык экономикалык өнүгүүсү (1991-2010-жж.)................** 165
3.14. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы экономикадагы жана айыл чарбасындагы реформалар жана алардын жыйынтыктары................................................................................ 165
3.15. Баткен окуясы (1999-2000-жж.) жана анын натыйжалары 176
3.16. Баткен областынын түзүлүшү жана анын аймакка тийгизген таасирлери........................................................................... 185
3.17. Райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсү. (1991-2010-жж)................................................................ 192
3.18. Экономикалык кайра куруулардын жана өнүгүүнүн перспективалары…………………………………………… 208
IV бап. **Баткендин табигый беренелери жана маданий мурастары...................................................................................** 216

4.19. Айгүл гүлү........................................................................................ 217
4.20. Баткен өрүгү..................................................................................... 218
4.21. Баткен күрүчү.................................................................................... 222
4.22. Баткендиктердин турак жайлары............................................................ 223
4.23. Баткен килеми.................................................................................... 226
V бап. **Баткендин белгилүү инсандары**...................................................... 228
5.24. Абдибалиева Галбүбү .......................................................................... 228
5.25. Айбалаев Мамат.................................................................................. 238
5.26. Ачылова Рахат.................................................................................... 244
5.26. Садыков Тургунбай............................................................................. 245
5.27. Сайитмуратов Султанмурат ................................................................. 251
5.28. Салихов Мурат................................................................................... 254
Корутунду................................................................................................ 264
Адабияттар .............................................................................................. 269

# Өзгөчө белгилер үчүн

Авдинаби Кадыров

**Баткен тарыхы**


Редакторлору : О. Каратаев
М. Тайиров
Тех.редактору : М.Маматалиев
Корректор : Акжол Кадыров
Комп жасалгалаган : Э. Шерматов

Басууга 15.03.2014-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 1/16
Көлөмү 6 басма табак.
Нускасы 200. Буюртма №247
"Ошбасмакана" АК
Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-209